КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

УДК 811.512.15(043.3)

АЛТАЕВА ДИНАРА ИСАКОВНА

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОР ЖАНА АЛАРДЫН ЛИНГВИСТИКАЛЫК ПАРАДИГМАСЫ

10.02.01 – кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчиси -

ф. и. к., доцент А. Т. Карымшакова

Бишкек - 2019

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ.....5-10

I БАП. ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОРДУ ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ.....11

1.1. Жардамчы атоочтордун түрк тилдеринде изилдениш тарыхы.....11-37

1.2.Жардамчы атоочтордун кыргыз тил илиминде изилдениш тарыхы.....37-47

1.3. Парадигма түшүнүгү тил илиминде 47-49

I бап боюнча жыйынтык.....50

II БАП. ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОРДУН ЖАЛПЫ КУРАМЫ ЖАНА АЛАРДЫ ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ..... 51

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору.....51-53

2.2. Жардамчы атоочтордун өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары калыптанышы.....53-65

2.3. Жардамчы атоочтордун жалпы мүнөздөмөсү.....65-70

2.4.Жардамчы атоочтор менен жандоочтордун жалпылыктары жана айырмачылыктары 71-79

II бап боюнча жыйынтык.....80-81

III БАП. ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОРДУ ГРАММАТИКАЛЫК ӨҢҮТТӨ СЫПАТТООНУН ЖАҢЫ НАТЫЙЖАЛАРЫ (ЖЕКЕЧЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ).....82

3.1. Жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык топтору.....82-85

3.2 Мейкиндик жана мезгил, орун аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтор.....85

3.2.1.Заттын үстү жагын туюнткан жардамчы атооч: үст(ү).....85-91

3.2.2 Заттын асты жагын туюнткан жардамчы атоочтор: аст(ы), түп.....91-97

3.2.3 Заттын алды жагын туюнткан жардамчы атооч: алд(ы).....97-100

3.2.4 Заттын арка жагын туюнткан жардамчы атоочтор: арт(ы), арка.....100-102

3.2.5 Заттын жан-жагын туюнткан жардамчы атооч: жан (ы).....102-104

3.2.6 Заттын айлана-тегерегин туюнткан жардамчы атоочтор: айлана, тегерек.....104-105
3.2.7 Заттын сырт жагын туюнткан жардамчы атооч: сырт.....105-107
3.2.8 Заттын чет жагын же нерсенин бүткөн жерин туюнткан жардамчы атооч: чет.....107-108
3.2.9 Заттын карама-каршы жагын туюнткан жардамчы атооч: туш.....108-109
3.2.10 Заттын ортосун же ошого жакын борборун туюнткан жардамчы атооч: орто.....109-111
3.2.11 Заттын ич-аралыгын туюнткан жардамчы атооч: ара.....111-113
3.2.12 Заттын жан-жак тарабын туюнткан жардамчы атоочтор: жээк, каптал.....113-114
3.3. Адамдын дене мүчөлөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтор.....115
3.3.1 Заттын эң жогорку жагын туюнткан жардамчы атоочтор: баш, төбө.....115-117
3.3.2 Заттын үстүнкү бетин туюнткан жардамчы атооч: бет.....117-118
3.3.3 Заттын ич тарабын туюнткан жардамчы атооч: ич.....118-120
3.3.4 Заттын каптал жагын туюнткан жардамчы атооч: бой.....120-121
3.3.5 Заттын бет маңдай жагын туюнткан жардамчы атоочтор: маңдай, каш.....121-123
3.4 Жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөр.....123-126
3.3.1 Заттын кире беришин туюнткан жардамчы атоочтор: ооз, алкым.....126-127
3.3.2 Заттын асты жагын туюнткан жардамчы атоочтор: таман, этек..... 127-129
3.3.3 Заттын эң жогорку жагын туюнткан жардамчы атоочтор: чоку, төр.....129-131
3.3.4 Заттын чет жагын, бүткөн жерин туюнткан жардамчы атоочтор: уч, кыр..... 131-132
3.3.5 Заттын ортосун же ошого жакын борборун туюнткан жардамчы атооч: бел.....132-133
3.3.6 Заттын арка тарабын туюнткан жардамчы атооч: желке.....133-134

3.3.7 Заттын каптал жагын туюнткан жардамчы атоочтор: боор, соору, жака.....134-136
III Бап боюнча жыйынтык.....137-138
КОРУТУНДУ.....139-142
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР.....143-159
КӨРКӨМ АДАБИЯТТАР…….....159
ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР.....160
ТИРКЕМЕ (Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун түшүндүрмө сөздүгү).....161-191

КИРИШҮҮ

Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Жалпы түркологияда жардамчы атоочтор тууралуу маалымат И. Гиганов, А. Троянский, М. Казем-Бек, П. М. Мелиоранскийлердин эмгектеринен бери карай айтылып келди. Ал эми советтик түркологияда биринчи жолу жардамчы атоочторду жандоочтордон бөлүп “жандооч-атооч” деп, В. А. Гордлевский атаса, бул эки категорияны салыштырып, алгач ирет “жардамчы атооч” терминин колдонгон окумуштуу Н. К. Дмитриев болду. Түрк тилдеринде жардамчы атоочторду окумуштуулардын бир тобу жеке категория катары таанып, өз алдынча кароо керек десе (Н. К. Дмитриев, А. Ыскаков, Ш. Шоабдурахманов, Н. П. Дыренкова, А. А. Коклянова, В. А. Исенгалиева) экинчи бир топтогу окумуштуулар жардамчы атоочторду жандоочтордун курамында карап келишкен, бирок жардамчы атоочтук маани таанылган (А. Н. Кононов, Н. А. Баскаков, М. Балакаев). Жардамчы атоочторду өз алдынча категория катары атайын илимий изилдөөнүн обьектисине алган (кандидаттык диссертация жазган) окумуштуулар да жок эмес (Н. Е. Петров, М. Оразов, Т. М. Тощакова, Т. Е. Орсулова, К. Молгаждаров).

Жардамчы атоочтордун лексикалык, грамматикалык маанилери, семантикалык жактан топторго бөлүнүшү, синтаксисттик функциялары, тарыхый өнүгүшү сыяктуу маселелер башка тектеш түрк тилдеринде изилденгени менен, кыргыз тилинин материалдарынын негизинде азыркы мезгилде дагы тереңирээк иликтөөнү талап кылган маселелердин бири катары калууда. Себеби мезгил өтүү менен тилдик категориялар, кубулуштар кайрадан жаңы ыкмалар, принциптер аркылуу иликтөө зарылдыгын көрсөтүп отурат.

Жалпы түркологияда жардамчы атоочтордун семантикалык жактан топторго бөлүнүшү, антонимдик, синонимдик түгөйлөрүнүн болушу, жандоочтор менен жалпылык жана айырмачылык жактары, өзүнчө категория катары каралышы такталган маселелердин катарын толуктаса, ал эми кыргыз тилинде бул маселе атайын илимий-изилдөөнүн предмети катары карала элек. Ошондуктан бул эмгекте кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторду семантика – грамматикалык жактан топторго бөлүштүрүү менен алардын жандоочтор менен

айырмачылык, окшоштук жактарын системалуу түрдө сыпаттап иликтөөгө басым жасайбыз. Ошону менен бирге жардамчы атоочтордун 1) пайда болушу, 2) өнүгүшү, 3) калыптанышы, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилинде атайын илимий–изилдөөнүн объектиси боло электиги теманын **актуалдуулугун** аныктайт.

Андан калса, бүгүнкү күнгө чейин жардамчы атоочтордун кызматчы сөз түркүмдөрүнүн ичинде алган ордун, алардын өзгөчөлүгүн аныктоо иши колго алына элек. Бул багытта кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор биздин ишибизде биринчи жолу терең изилдөөгө алынып жатат.

Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык иштин темасы К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын илимий-изилдөө багыты менен тыгыз байланышта каралып, изденүүчүнүн жеке демилгеси менен тандалып, аткарылды. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил мыйзамынын жүзөгө ашырылышына да кошумча курал катары колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Илимий иштин максаты кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторду учурдагы грамматикалык теориянын жетишкендиктеринин негизинде комлекстик түрдө сыпаттоо. Мына ушул максатка ылайык төмөнкүдөй **милдеттер** келип чыгат:

1) түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун изилдениш тарыхына сереп салуу ;

2) кыргыз тилиндеги жардамчы жардамчы атоочтордун изилдениш абалына токтолуу;

3) жардамчы атоочтор менен жандоочтордун өзгөчөлүгүнө токтолуп, жалпылыктарын жана айырмачылыктарын аныктоо;

4) жардамчы атоочтордун семантикалык жактан топторго бөлүнүшүн белгилөө;

5) жардамчы атоочторго толук негизде өтө элек айрым сөздөргө анализ жүргүзүү.

Изилдөөнүн объектиси жана предмети. Кыргыз жана түрк тилдериндеги жардамчы атоочтор изилдөөнүн объектиси катары каралса, жардамчы атоочтордун пайда болушу, өнүгүшү, калыптанышы жана семантикалык жактан топторго бөлүнүшү изилдөөнүн предмети деп табылат.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси. Изилдөөнүн илимий–теориялык жана методологиялык базасы катары көрүнүктүү түрколог илимпоздордун кызматчы сөздөргө, анын ичинен жардамчы атоочторго арналган эмгектери пайдаланылды.

Изилдөөнүн натыйжасында түрколог окумуштуулардын жардамчы атоочтор тууралуу айтылган айрым бир илимий пикирлери, жеке көз караштары түркология илиминдеги жардамчы атоочтордун лексикалык, грамматикалык жана семантикалык жактан иликтенишинде, алардын эмгектери илимий-теориялык изилдөөлөргө кошкон чоң салым катары белгиленет.

Изилдөөнүн материалдары кыргыз тилинин морфологиясы, түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы боюнча өтүлүүчү курстарда кеңири колдонсо болот. Ошондой эле ЖОЖдордо кыргыз тилинин морфологиясы боюнча лекция курсун окууда, семинардык сабактарды өтүүдө жана бул багыттагы мындан аркы илимий изилдөөлөр үчүн өбөлгө болуп бериши мүмкүн.

Иштин илимий жаңылыгы:

1) түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун изилдениш тарыхына талдоо жүргүзүлгөндүгү;

2) түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун лингвистикалык парадигмасы алгачкы жолу реалдуу факты-материалдар аркылуу көрсөтүлгөндүгү;

3) жардамчы атоочтордун жандоочтор менен жалпылык жана айырмачылык жактарын ачып берилгендиги;

4) жардамчы атоочтордун семантикалык топторунун бөлүнүшүн сунуштоосу;

5) жардамчы атоочтук маниге толук өтө элек сөздөрдүн тобун белгилөө.

Коргоого коюлуучу жоболор:

1) кыргыз тилинин морфологиясында жардамчы атоочтор менен жандоочтор даана жиктелбейт, алар кээде чатыш каралып жүрөт. Буларды айкын ажыратуунун критерийлери бар;

2) тилде зат атооч менен жардамчы атоочтордун аралыгындагы б.а., жаңыдан калыптана баштаган жардамчы атоочтор түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде да учурайт. Муну факты-материалдар тастыктады;

3) жардамчы атоочтордун семантика–грамматикалык өзгөчөлүктөрүн, синтаксистик белгилерин, касиеттерин аныктоодо түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун изилдениш тарыхын эске алуу;

4) жардамчы атоочтор менен жандоочторду өз алдынча эки башка категория катары кароо жөндүү.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. Диссертациялык иштин илимий натыйжалары, алардын терең изилдениши, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун жалпылык жана айырмачылык жактарынын аныкталышы, коргоого коюлган теориялык негизги жоболор, чыгарылган бүтүмдөр (корутундулар) изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

Изилдөөдө колдонулган методдор: Изилдөөдө сыпаттама, салыштырма, баяндоо, байкоо жүргүзүү жана талдоо сыяктуу методдор колдонулду.

Иштин апробациясы. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору боюнча эл аралык жана илимий – практикалык конференцияларда төмөнкүдөй баяндамалар жасалды: 1). “Түрк тилдериндеги жана кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор” “Türk Dünyasında muhtemel işbirliği alanları” konulu 8 Uluslararası Türk Dünyası Sosyal Bilimler Kongresi 09-13 Haziran 2011; 2). “Жардамчы атоочтор” БГУ жарчысы, 2012, №3 (23); 3). “Жардамчы атоочтордун изилдениш абалынан” Кыргыз тили жана адабияты журналы, 2012, №21; 4). “Жардамчы атоочтор жана жандоочтор: жалпылыктары, айырмачылыктары” БГУ жарчысы, 2015, №2; 5). “Жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык топтору жана алардын сүйлөм ичинде берген маанилери” БГУ жарчысы, 2015, №2; 6). “Исследование вспомогательных имен

в тюркском языке” Путь науки, Международный научный журнал (РИНЦ), 2016, №9; 7). “Түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун изилдениш абалы” “Түрк дүйнөсүндө илимий изилдөөлөр” аттуу Эл аралык илимий–практикалык конференциясы, 29-30 –май, 2016; 8). “Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун изилдениш абалы” “Билим берүү, тарых жана маданият - өлкөнүн өнүгүүсүнө өбөлгө” аттуу Эл аралык илимий – практикалык конференциясы 2016-жыл Нарын шаары; 9). “Researcnes of preposıtlons ın Kırgız language” Scientific Edition Published bu: RS Clobal, 3(10), March 2018. vol.7; 10). “Жардамчы атоочтук мааниге толук өтө элек сөздөрдүн тобу”, 11). “Жардамчы атоочтордун лексика-грамматикалык категория катары калыптанышы” “Аймактык илим – аймактык экономика” аттуу (75-летию КирФАН НАН КР) илимий-практикалык конференциясы 2018-жыл 26-октябрь Жалал-Абад шаары; 12). “Лексико-грамматические категории служебных имен” Мир современной науки, Москва.- 2019. №2; (РИНЦ) 13). “Некоторые особенности служебных имен в тюркском языке” Мир современной науки, Москва. – 2019. №2.(РИНЦ). Иштин негизги жоболору боюнча ЖАКтын расмий каттоосунан өткөн журналдардан аталган макалалар жарыяланды.

Иштин талкууланышы. Диссертациянын толук тексти Бишкек мамлекеттик университетинде филология факультетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын жыйынында талкууланып, коргоого сунуш кылынды.

Иштин түзүлүшү. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду бөлүмдөн, шарттуу кыскартуулардан, колдонулган адабияттардын жана көркөм адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу жоболор, апробацияланышы, илимий–теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, иштин түзүлүшү боюнча кыскача маалыматтар камтылган.

Биринчи бапта жардамчы атоочторду түрк тилдеринде изилдөөнүн теориялык өбөлгөлөрү талдоого алынды. Мында жардамчы атоочтордун түрк тилдеринде жана кыргыз тил илиминде изилдениш тарыхына кеңири токтолдук.

Экинчи бапта жардамчы атоочтордун (өз алдынча) лексика–грамматикалык категория катары калыптанышы изилдөөгө алынып, жардамчы атоочтордун этимологиясына да көңүл бурулду.

Үчүнчү бапта жардамчы атоочтордун семантикалык жактан топторго бөлүнүшү берилди.

Корутунду бөлүмдө изилдөөнүн жыйынтыктары чыгарылды.

I БАП

Жардамчы атоочторду түрк тилдеринде изилдөөнүн теориялык өбөлгөлөрү

1.1. Жардамчы атоочтордун түрк тилдеринде изилдениш тарыхы

Жалпы түркологияда, жардамчы атоочтор тууралуу маалымат И. Гиганов, М. Казем-Бек, П. М. Мелиоранский сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде айтылганы маалым. Тилдин башка категориялары сыяктуу эле жардамчы атоочтор да сүйлөм тизмегинде белгилүү даражада кызмат аткарат. Ошондуктан түрк тилдеринин грамматикаларын изилдеген окумуштуулар жардамчы атоочторго токтолбой койгон эмес. Жардамчы атоочтордун түбү Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен башталып, анда кызматчы сөздөр, ошондой эле жардамчы атоочтор айтайын деген ойду даана жеткирүү үчүн, сүйлөмдөгү сөздөрдү байланыштыруу үчүн кызмат аткарганын окумуштуулар тастыктайт. VII-X к. баштап эле жардамчы атоочтор (Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен тартып) белгилүү боло баштаган. Ошол мезгилде аз санда болсо да жардамчы атоочтор колдонулуп келгени бүгүнкү илимий изилдөөлөрдө айкын болуп отурат. Алсак, *ташра* кырг. *тышы, сырты*; *кесре/кисре* кырг. *арт(ы)*; *өңре* кырг. *алд(ы)*; *өңден* кырг. *алд(ы)*; *үзе* (кырг. *үст(ү)*; *кери* (кырг. *арт(ы)*; *асра алд(ы)* деген жардамчы атоочторду кезиктирүүгө болот [Сыдыков, 2001:180]. Казак окумуштуусу К. Молгаждаров да Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги кызматчы сөздөр менен катар жардамчы атоочторго атайын илимий иликтөө жүргүзүп, эстеликтерде колдонулган жардамчы атоочтордун казак тилине формасы жана мааниси жактан шайкеш келет деген оюн билдирет. Бул бир эле казак тилине эмес, жалпы түрк тилдерине да тиешелүү көрүнүш. Байыркы жазма эстеликтердеги кээ бир жардамчы атоочтор бүгүнкү күндө такыр колдонулбай калган учурлары кездешет, бирок анын ордуна синоними колдонулат. Алсак ***коды*** сөзү Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде өтө сейрек колдонулуп, азыркы күндөгү ***бою(на)*** жардамчы атоочунун маанисине дал келет, б.а., анын синоними.

Мисалы, …үкүси Селеңе коды барды (…көпчүлүгү Селеңгенин боюна барды) [Сыдыков, 2001: 132]. Эстеликтердеги көпчүлүк жардамчы атоочтор фонетикалык жактан өзгөрүүлөргө учураган - бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мисалы, ***Үзе*** *теңри басмасар,* ***асра*** *йир тилинмесер, түрк будун, илиңин төрүңин келе артаты. (Үстүдөгү теңри баспаса,* ***астыда*** *жер тилинбесе түрк журту бийлигиңди ким арытат* [Сыдыков, 2001: 178]. Мындагы *асра*, *ас* – уңгу, -ра байыркы багыт жөндөмөсүнүн мүчөсү, *астыда*, аст–уңгу, -ы - таандык мүчө, -да - жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү. Эстеликтерде *аст(ы)* жардамчы атоочу *асра* формасында кездешкен. *Эчим каган олуртукда, өзим тардуш будун үзе шад эртим. (Агам кандыкта отурганда, өзүм тардуш калкына (тардуш үстүнө) шад элем*) *Үзе, үз–е, үз*–уңгу, -е - барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү. Эстеликтерде барыш жөндөмөсүн – *га//-ка, -ге//-ке* мүчөлөрү түзөт. Аягы каткалаң үнсүз же үндүүлөр менен бүткөн сөздөрдө жөндөмөнүн *–ка//-ке, -а//-е* формалары мүнөздүү экенин окумуштуулар белгилейт [Сыдыков, 2001: 179]. *Ол ай бис йигирмике Кейре* ***башы*** *Үч-Биркүде татар бирле каты токудум. (Ал айдын он бешинде Кейре* ***башында*** *(Кейре суусунун* ***башында****), элдин жарымы бизге кошулду*). Эстеликтеги *башы* жардамчы атоочунун уңгусу *-баш, -ы*-үчүнчү жактын таандык мүчөсү (3-жактын жекелик түрүндө*: -ы, -и, -у, -ү; -сы, -си, -су, -сү: огл+ы, эш+и, теңри+си, сү+си*) [Сыдыков, 2001 :177].

Жардамчы атооч категориясы кыргыз тилинде гана эмес, башка түрк элдеринин тилдеринде да кеңири кездешет. Бул – тилдин өсүшү менен байланыштуу кубулуш. Алар да мезгилдин өтүшү менен бир калыпта турбастан сан жагынан улам көбөйүп отурат.

Бардык түрк тилдеринде жардамчы атоочтор грамматикалык касиеттери жагынан бир түрдүү болгону менен, сан жагынан, кээ бир сөздөрдүн мааниси жагынан, колдонулуу жагынан бири-биринен айырмасы болушу толук мүмкүн. Бул айырмачылык, албетте, ар бир тилдин өзүнүн ички мыйзамдарынын натыйжасында болору талашсыз.

Жардамчы атоочторду изилдөө маселеси түрк тилдеринин грамматикалык түзүлүшүн изилдөө мезгилинен бери башталып, грамматиканын ичиндеги бир кичине тармагы катарында калыптана баштады. Эң алгачкы эмгектерде жардамчы атоочтор жеке бир изилдөөнүн объектиси болгон эмес. Грамматиканын тутумундагы эң бир кичине бөлүмчөсү катарында гана каралган.

Бизге белгилүү болгондой, эң алгачкы эмгектердин бири болгон И. Гигановдун «Грамматика татарского языка» деген эмгегинде жардамчы атоочторго (жардамчы атоочторду жардамчы сөз деп түшүнгөн – А. Д.) бир бөлүм арнап, ар бир жардамчы атоочко жеке-жеке токтолгон. Жардамчы атоочторду жөнөкөй жана татаал деп экиге бөлгөн. Татаал жардамчы атоочторго *алды, арты, жаны, кашы* сыяктуу сөздөрдү киргизип, алар жөндөмө мүчөлөрүн кабыл аларын белгилейт. Ал эми жөнөкөйүнө жөндөмө мүчөлөрүн, *-сыз* сыяктуу сын атоочту жасоочу мүчөлөрдү топтоштурган [Гиганов, 1801: 176-186].

Ал эми А. Троянскийдин эмгегинде аталган категорияга жогоркудан да ачык аныктама берилет: «…послеположения суть частицы несклоняемые, поставляющие позади имен, местоимений и причастий, и управляющие их падежам» [Троянский, 1824: 31]. А.Троянский жардамчы атоочторду «послеположения» деген термин менен атаган. Аталган терминге жөндөмө мүчөлөрүн, сөз жасоо мүчөлөрүн, жандоочторду топтоштурган: *дейин, гьёре, эввел, сонра, чин/учун* ж.б.

Андан ары окумуштуу О. Сенковский өз эмгегинде жардамчы атоочторду «предлог» термини менен атап, «Бардык түрк тилдериндеги предлогдор атоочтордон кийин коюлат» [Сенковский, 1828: 74] деген оюн айтып, аларды жөнөкөй жана татаал деп, И. Гигановдун ыкмасы менен жогорудагыдай бөлүштүргөн. Татаал жардамчы атоочтордун курамына азыркы биздин учурда да жардамчы атооч катары белгиленип жүргөн сөздөр киргизилген: *узере, узерине, узеринде, устюне, устюнде, устюнден, алтына, алтында, алтындан*. Бул топтогу сөздөргө аныктама берип, ал татаал жардамчы атоочтор жөндөмө

мүчөлөрүн (барыш, жатыш, чыгыш) кабыл алып, дайыма алдындагы сөздүн илик жөндөмөсүндө келерин белгилейт. (Автор предлог деп азыркы жардамчы атоочторду түшүнгөн – А. Д.). О. Сенковский өзүнөн мурдагы тилчилер сыяктуу жардамчы атоочторду жөнөкөй жана татаал деп бөлүп, татаал жардамчы атоочтордун уңгусу мүчөлөрдү кабыл ала турганын башкы далил катары көрсөткөн [Сенковский,1828: 76 - 80].

Профессор Мирза Казем-Бектин «Общая грамматика турецко – татарского языка» аттуу эмгегинде буга чейинки айтылган пикирлер анализденип жыйынтыкталган, мааниси жактан жогорку деңгээлдеги эмгек болгон. Негизинен грамматика түрк, татар, азербейжан тилдеринин материалдарынын негизинде салыштырма планда жазылган. Автор эмгегинде «послелог» деген терминдин өзүнө түшүндүрмө берүүдөн баштап, түрк тилдеринде предлог жок, предлог заттарды бири-бири менен гана байланыштырат-деп, түрктөрдө сөздөн соң келет: ошон үчүн биз аны послелог, послеположение деп атайбыз деген түшүндүрмө берет [Казембек, 1846: 356].

Жардамчы атоочторду ал (жардамчы атоочторду жандооч деп тааныган – А. Д.) «мүчө кабыл алган жана мүчө кабыл албаган» деп экиге бөлүп караган. Мүчө кабыл албагандарга «Бул жандоочтор жөндөлүшкө ээ эмес ошондуктан нагыз жандоочтор дейбиз. Алар: *ичин–для, дже, до, иле, биле, дегин, гюре» (кырг: үчүн, же, чейин, менен, дейин, көрө)* [Казем-Бек, 1846: 358-359] десе, мүчө кабыл алгандарга *«ашре, узра*, ичре (кырг: аст(ы), үст(ү), ич(и) сөздөрү дайыма жөндөмө мүчөлөрүн кабыл аларын белгилеп: *башь узре*-на голову, *халык ичре*-между народами»-деп түшүндүрмө берет [Казем-Бек, 1846: 361]. Негизинен жардамчы атоочтор аздыр-көптүр берген маанилерине карай таанылганы байкалып турат.

Алтай тилинин грамматикасын түзгөн авторлор түрк тилин жогорудагы эмгектерге салыштырмалуу дагы да тереңирээк билгени байкалат. Анткени бул эмгекте сөздөрдүн маанилерине көңүл бөлүнгөн. Ошентсе да жандоочтор (азыркы жардамчы атоочтор – А. Д.) деп берилген бөлүмдүн ичинде -ча сыяктуу мүчө киргизилип кеткен [ГАЯ, 1869: 103].

Азыркы күндөгү «жардамчы атооч» деп таанылган сөздөр бул китепте «особое имя» (өзгөчө атооч) деген термин менен аталган. «Нерсенин абалын даана, так көрсөтүп берүү үчүн өзгөчө атооч сөздөрдү колдонууга болот: *іч–внутренность, тыш-внешность, ўст-верх, алт-низ, алын-перед, кійін-зад, јан–бок, сторона ж. б*. Бул өзгөчө атоочтор жөндөмө мүчөлөрүн (барыш, жатыш, чыгыш) жана таандык мүчөнү кабыл аларын айтып, мисалдарды келтирген: ўй ічінде-*в дом (внутри дома), ўй јанында-у дома, остолдын ўстўнде-на столе, төжөк алдында-под постелью* [ГАЯ,1869:105-106]. Буларды өзгөчө касиетке ээ болгон зат атоочтор деп белгилеп, жакталышын, жөндөлүшүн да сыпаттап көрсөткөн.

Түрк тилдериндеги салыштырма грамматиканын катарынан орун алган дагы бир эмгек А. Старчевскийдин эмгеги десек болот. Автор казак, өзбек жана татар тилдерин салыштырып караган. Ал аталган тилдердин тектештик жакындыгынан да территориялык жакындыгына басым жасагандай. Жогорку эмгекте жардамчы атоочтор, булар дагы «өзгөчө зат атоочтор» деп аталып, төмөнкүдөй мисалдар келтирилет: аст, уст, ич, тыш ж. б. [Старчевский, 1878: 15]. Булардан сырткары сын атоочту жасоочу мүчөлөрдү да киргизип, мындан мурдагы окумуштуулардын кемчилиги кайталанган.

Автордун пикиринде жардамчы атоочтор илик же атооч жөндөмөлөрдөгү сөздөргө жалгашып, өздөрү болсо III жактын таандык мүчөсүндө туруп, жөндөмө мүчөсүнүн бири менен тизмектелип келет деген ойду айтат [Старчевский, 1878: 15].

Түрколог окумуштуу П. М. Мелиоранский да «Краткая грамматика казак–киргизского языка» аттуу эмгегинде кызматчы сөздөргө бир бөлүм арнап, азыркы түшүнүктөгү жардамчы атоочторду эки топко бөлүп карайт. Биринчи топко лексикалык маанилеринен алыстай элек деп, *алд–перед, арка-спина, арт –зад ж. б*. сыяктуу тилдин азыркы учурундагы жардамчы атоочторун киргизет. Ал эми экинчи топко лексикалык маанилеринен алда канча алыстап, жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрбөгөн деп азыркы жандоочторду киргизет [Мелиоранский, 1894: 68]. Ушул эле автордун катышуусу менен 1906–жылы

«Грамматика киргизского языка» аттуу эмгек жарык көрдү. Мында да жардамчы атоочторго токтолуп, мындай аныктама берет: орус тилиндеги предогго дал келген бөлүкчөлөр, кыргыз тилинде өздөрү тиешелүү болгон атооч сөздөн кийин келет, ошондуктан аны жандоочтор деп атасак туура болчудай- деп, мейкиндик жөндөмөлөрүнүн биринин (барыш, жатыш, чыгыш) мүчөсүн кабыл алып, алдындагы сөз илик жөндөмөсүндө турушун талап кылган сөздөр б. а. жандоочтор (жардамчы атоочторду жандооч деп атаган – А. Д.) «өзгөчө атоочтор» (особое имя) экендигин баса белгилейт да, мисалдарды келтирет*: ич –внутренность*, *уст–верх, тыш–внешность, жак–бог ж. б*. [Мелиоранский, 1906: 123]. Бул эмгекте авторлор жардамчы атоочторду «особое имя» деп атаганы менен, анын жеке касиеттерин ачып, талдап бербеген.

Алгачкы эмгектерди байкап отурсак, ошол кездеги түрк тилдерин изилдеген окумуштуулардын алдына койгон максаты али сабаты жоюла элек элдин, улуттун грамматикасын жазуу болуп, көбүнчө практикалык максатты көздөгөнү көрүнүп турат. Мындай грамматикалар орус тилинин грамматикалык түзүлүштөрүнө таянуу менен жазылгандыктан, түрк тилдеринин грамматикалык түзүлүштөрү эске алынбай, орус тилиндеги тилдик өзгөчөлүктөр гана назарга алынып жазылып калган. Изилденип жаткан тилдердин ички мыйзамдарына көңүл бурулбастан, орус тилинин үлгүсү өзгөртүүсүз пайдаланылып, мүчөлөрдүн (маани берүүчү) сөз эместигине карабай, жардамчы атоочтордун (бирок ал жардамчы атоочторду жардамчы сөз–деп берген А. Д.) катарына кошулганын жогоруда көрө алдык. Бул мезгилдерде түрк тилдери жаңыдан изилдене башталган учур болгон, ошондуктан түрк тилдерин изилдеген окумуштуулар да илимдин деңгээлине жараша өз пикирин билдирүүгө аракет кылышкан. Бул мезгилде жандоочтордон жардамчы атоочторду ажырата баштаган окумуштуулар да болгон (П. М. Мелиоранский, М. А. Казем–Бек, алтай тилинин грамматикасынын авторлору). Анда жардамчы атооч деген термин колдонулбаганы менен, «особое имя», «особые имена существительные» деген терминдер колдонулган.

Ошондой болсо да жогорудагы окумуштуулар түрк тилдеринин грамматикасынын алгачкы үлгүлөрүн иштеп кетишкен. Андыктан ошол кездеги түркологдордон бүгүнкү күндүн талабына ылайык келген тилдик мыйзамдарды талап этүү мүмкүн эмес эле.

Заман өтүү менен тилдин ички мыйзамдары да улам жаңы изилдөөлөрдү тил илиминде зарылдыгына жараша ишке ашырып отурат. Бул - закон ченемдүү көрүнүш. Андан бери карай изилденген эмгектерге назар салсак, советтик мезгилде, тактап айтанда, 1925-жылы А. С. Самойловичтин «Краткая учебная грамматика современного османско-турецкого языка» аттуу эмгеги жарык көрүп, мында жандоочторго аз болсо да токтолуп, алардын жасалуу жолуна, маанисине талдоо жүргүзгөн. Азыркы күндөгү грамматикаларда жардамчы атоочтор деп эсептелген *ич*, *тыш, сырт* сыяктуу сөздөрдү ал жандоочтордун тутумунда караган [Самойлович, 1925: 95 - 96].

Советтик түркологияда биринчи жолу жардамчы атоочторду «послелоги-имена» деп атаган окумуштуу профессор В. А. Гордлевский болгон. Ал өз эмгегинде түрк тилиндеги жандооч сөздөрдү «послелоги–частицы», ал эми жардамчы атоочторду «послелоги-имена» деп атап, экөөнүн айырмачылыгын берген. «Послелоги–имена» III жактын таандык мүчөсүн кабыл алып, жөндөмө мүчөлөр менен жөндөлөт, ал эми «послелоги частицы дегенде» мындай өзгөчөлүк жок. Биринчи топтогулар (послелоги–имена) өздөрү бөлүнүп чыккан зат атоочтон обочолонуп турат, кайсы сөздөн бөлүнүп чыкканын билүүгө болот. Экинчи топтогулар (послелоги–частицы) болсо өздөрүнүн баштапкы маанисинен таптакыр ажыраган сөздөр деген оюн айтат [Гордлевский, 1928: 82].

1930-жылдардан баштап түрк тилдеринин грамматикаларын терең изилдөө аракеттери кеңири кулачын жайды. Алсак, А. Боровковдун макаласында (1936-ж) сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү принциптери тууралуу сөз болот. Анын ичинде жардамчы атооч тууралуу атайын сөз болбосо да, кээ бир *алды* сыяктуу (азыркы учурдагы жардамчы атоочтор- А. Д.) сөздөр тактоочтор катары каралат [Боровков,1936: 95-97].

С. В. Ястремский жандоочтордун курамында жардамчы атоочторду карап, бул топтогу сөздөрдү жандооч кызматында колдонулган зат атоочтор деп, аларга: *ілін, урут, төс* (кырг. *ал(ы), үст(ү), төш)* ж. б. сөздөрдү киргизген [Ястремский,1938: 211-212].

Түркологиянын тарыхында биринчи жолу жардамчы атоочторду жандоочтордон бөлүп, бул эки категорияны бири-бири менен салыштырып изилдеген, алгач ирет «жардамчы атооч» терминин колдонгон окумуштуу Н. К. Дмитриев болгон. Ал өзүнүн 1937-жылы чыккан «Служебные имена в турецком языке» деген макаласында жардамчы атооч менен жандоочтун эки категория экендигин далилдеген.

Жардамчы атоочтор бир кездерде толук маанилүү сөз болгонун билдирип, ошол сөздөрдүн лексикалык маанисинин солгундашынын натыйжасында жардамчы атоочтор пайда болгонун көрсөтүп, андан ары ал жардамчы атоочторго талдоо жасап, алардын сүйлөм тизмегинде келүү тартибине көңүл бөлөт. Жардамчы атоочторго таандык мүчө, андан кийин жөндөмө мүчөлөрүнүн бири менен (барыш, жатыш, чыгыш) жөндөлүп, өзүнүн алдындагы сөз менен кыйышуу жолу аркылуу байланышып, көбүнчө мейкиндик мааниде колдонулат деген оюн айтып, жардамчы атоочторду геометриялык кеңдүүлүк боюнча топтоштурган: 1) вертикалдык пландагы жардамчы атоочтор: *үст, аст* ж. б; 2) горизонталдык пландагы жардамчы атоочтор: *алд, арка, ич, орто* ж. б. [Дмитриев, 1962: 120 - 121].

Макаланын көпчүлүк бөлүгү жардамчы атоочтордун маанисин талдоого багытталып, керектүү жеринде тарыхына да анализ жасалып отурат. Мисалы, *үст*-сөзүнө талдоо жүргүзүп, түрк тилинде (турец. яз) кездешкен *üzeri* сөзү менен салыштырат Дмитриев, 1962: 122].

Н. К. Дмитриевдин бул эмгеги жардамчы атоочторду жандоочтордон ажырата билип изилдөө керектигин көрсөттү. Ошентип, жардамчы атоочторду алгач ирет жандоочтордон бөлүп караган эки окумуштуунун (В. А. Гордлевский, Н. К. Дмитриев) түркологиянын тарыхында салымы зор десек болот.

Профессор И. А. Батманов - кыргыз тилинин грамматикасынын түптөлүшүнө өз салымын кошкон окумуштуулардын бири. Ал өзүнүн «Кыргыз тилинин грамматикасы» аттуу орус тилинде жарык көргөн эмгегинин II бөлүмүндө жардамчы атоочторду жандоочтун составында карап, мындай ойду айтат: Мындан сырткары мейкиндик мамилелерди же мейкиндик абалды чагылдыра алган зат атоочтор-жандоочтор катары колдонулат, деп мындай мисалдар берет: *үст–верх, поверхность, стол үстүндө-на столе, поверхность стола; аст–низ, стол астында-под столом* ж. б. [Батманов, 1940: 39]. Бирок автор ушул эле эмгегинде жогоруда айтылган пикирин толук карманбай, жогорудагы сөздөрдү кайра мезгил тактоочко кошот. Тактоочтун маанисинде келип, таандык мүчөнү кабыл алып, толук жөндөлүшкө ээ болбогон сөздөрдүн тобу – жандоочтор деген пикир айтат.

Автор азыркы күндө биз жардамчы атооч деп тааныган сөздөр мейкиндик жөндөмөлөрдө колдонула турганын айтып, башка жөндөмөлөрдө (атооч жөндөмө) келгенде толук маанилүү сөздөрдүн кызматында колдонулушу мүмкүн деген жыйынтык ойду айтат. Ал мезгилде кыргыз тил илиминде жардамчы атооч деген термин да, түшүнүк да болгон эмес.

Түрк тилдерин изилдөөгө алган окумуштуу Н. П. Дыренкова 40-жылдагы эмгегинде сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүдө жардамчы атоочторду зат атооч бөлүмүнөн кийин берип, аларды толук өзгөрбөгөн атоочтор «имена неполного изменения» (служебные имена) деген термин менен атап, жандоочторду өзгөрбөгөн (неизменяемые) сөз түркүмү катары өзүнчө бөлүп көрсөткөн. Тактап айтканда, сөз түркүмдөрүн үч топко бөлүп: атооч сөздөр (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, жардамчы атооч); этиш; өгөрбөгөн сөз түркүмүнө тактооч, жандооч, байламта, бөлүкчө, тууранды сөздөрдү киргизет. Жардамчы атоочтордун колдонулуш жыштыгына карап, эң көп колдонулган толук өзгөрбөгөн атоочтор (наиболее часто встречающиеся имена неполного изменения) деп, аларга: *алын-перед, ўст-верх, алт-низ, ич-внутренность, тыш-наружность, дьан-бок, баш-голова, ара-промежуток, орто-середина* ж. б.

сөздөрдү, т. а., жардамчы атоочторду берип, алардын ар биринин мейкиндик жөндөмөлөрдөгү кызматына токтолгон [Дыренкова, 1940: 114-120].

Окумуштуу Н. П. Дыренкова кийинки эмгегинде профессор Н. К. Дмитриевдин жолун жолдоп, жардамчы атоочторго атайын бир бөлүм арнаган. Автор жардамчы атоочторду толук өзгөрбөгөн атоочтор (имена неполного изменения) деген термин менен атап, төмөнкүдөй аныктама берет: «Толук өзгөрбөгөн атоочтор (т. а., жардамчы атоочтор–А. Д.) зат атоочтун семантикасынын солгундашынан улам пайда болуп, жандоочтор менен жалпылык, айырмачылык жактары да бар»-деп белгилейт [Дыренкова, 1941: 113].

Андан ары жардамчы атоочтордун мейкиндик жөндөмөлөрдө жөндөлүп, таандык мүчөнү кабыл аларын айтып өтөт. Ал ар бир жардамчы атоочтун жеке маанисине токтолгон. Эки тилде (ойрот тили, шор тилинде) тең жардамчы атоочтун накта маанисин ачып берүүгө аракет кылганы байкалат.

Буга удаалаш эле профессор Н. К. Дмитриев кумык тилинин грамматикасында жардамчы атоочту (служебные имена) накта өз маанисинде изилдеп, анын грамматикалык, мейкиндик жөндөмөлөрдө келгенде кандай функцияны аткарат, ушуларга токтолуп, мисалдар менен ачык далилдеп берген. Мисалы: *тыш-ы йыртыллай, ич-и къартыллай* (кырг. тышы жылтырак, ичи калтырак) деген мисалда *тышы* сөзү атооч жөндөмөдө келип, ээлик милдетти аткарса, ушул эле сөз мейкиндик жөндөмөлөрдө накта жардамчы атоочтук мааниде келерин баса белгилейт [Дмитриев, 1940: 185].

Түркиялык түрк тилинин грамматикасында жардамчы атоочтор атайын өзүнчө бөлүмдө каралып, мисалдар менен кошо көнүгүүлөр берилет. Анда: «Кээ бир зат атооч сөздөр таандык мүчөнү жана жөндөмө мүчөлөрүн (барыш, жатыш, чыгыш) кабыл алып, жардамчы атооч катары, б. а., реалдуу маанисинен алыстап мейкиндик маанини туюндуруп калат»-деп белгилейт. Ошону менен бирге теги араб жана фарсы тилдеринен кирген сөздөрдүн жардамчы атоочтук мааниде колдонулганын бөлүп көрсөтөт: *taraf-сторона–(кырг. тарап), zarf-промежуток времени–(кырг. мезгил аралыгы, ичи), dahil-внутренний–(кырг.*

ичи), hariç-внешность–(кырг. тышы, сырты), aleyh-против него–(кырг. каршысы), saye-тень, сень–(кырг. аркасында, көлөкөсүндө) [Алекберли, 1941: 257].

Казак окумуштуусу М. Балакаев жардамчы атоочторду жандоочтун составында иликтесе да, ошол кездеги жардамчы атоочтордун көпчүлүгү адамдын дене мүчөлөрүн атоо аркылуу пайда болгон деп билдирген: қол, аяк, көз, бас сыяктуу мисалдары чындыкка шайкеш келет [Балакаев, 1941: 4]. Муну кийин Н. Е. Петров да ырастаган. Чындыгында эле жардамчы атоочтордун көбү адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөрдөн пайда болгон: *баш, ич, коюн, колтук, ооз, бет, таман, арка, желке, бой, боор, соорун, маңдай, каш* ж. б. Автордун бул оюна толук кошулууга болот. Буга биз кийинчерээк кеңири токтолобуз.

Якут тилинин морфологиясын изилдөөгө алган Л. Н. Харитонов да жардамчы атоочторго атайын токтолуп, «Кээ бир зат атоочтор сүйлөм ичинде өзүнүн конкреттүү маанисинен алыстап, айкашып келген сөз менен бирдикте туруп гана бир маанини билдирип калат»-деп, экинчи бир жеринде «Зат атооч сөздөр жардамчы атоочтук мааниде келгенде нерсенин жан-жагын, туш тарабын, же бөлүгүн мейкиндик, аралык маанилерин туюндурат»,-деп көрсөтөт [Харитонов, 1947: 128-129].

Автор жардамчы атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүнүн бардыгын кабыл ала турганын, көбүнчө мейкиндик жөндөмөлөрдө колдонулуп, мейкиндик жана мезгилдик мааниде келерин айтат [Харитонов,1947:129]. Негизинен ал жардамчы атооч менен жандоочтордун (жандоочту-частицы деп берген–А. Д.) өз ара катышын ачык бере алган [Харитонов, 1947: 272-273].

Н. К. Дмитриев башкыр тилине арналган «Грамматика башкирского языка» деген олуттуу эмгегинде жардамчы атоочторго токтолуп, жардамчы атоочтор бирде атооч сөз, бирде жардамчы сөз кызматында колдонулган сөздөр экенин алардын айрым жөндөмөлөрдө (мейкиндик жөндөмөдө) келиши менен далилдеген. Окумуштуу жардамчы атооч боло турган сөздөр мейкиндик жөндөмөлөрүндө б. а., барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө жардамчы атоочтук милдет аткарат деген пикирин айтып, жардамчы атоочторду өзүнүн

ыкмасын колдонуу менен геометриялык кеңдиктер боюнча топтоштуруп, маанисине жеке-жеке токтолот.

Казак адабий тилинде жардамчы атооч тууралуу алгачкы макала А. Ыскаковго таандык. Ал өзүнүн изилдөөсүндө профессор Н. К. Дмитриевдин пикирин толугу менен кубаттап, казак тилиндеги жардамчы атоочторду ошол ыкма менен талдайт. Автор атооч сөздөрдүн (зат атооч) жардамчы атоочтун катарына өтүү процессин төмөнкүдөй аныктайт. «Тилдеги кездешкен толук маанилүү сөздөр бара-бара маанисин солгундатып, толук маанисинен алыстап жардамчы атоочтук мааниге өтөт. Бул - тилдин жалпы өнүгүү процессинде боло турган кубулуш» [Ыскаков, 1948: 39].

А. Н. Кононовдун түрк тилдерин изилдөөдөгү эмгектерине назар салсак, жардамчы атоочторду жандоочтордун курамында изилдеп, орус тилиндеги котормосу менен кошо, ар бир сөздүн этимологиясына басым жасайт. Жардамчы атоочторду «послелоги–имена» (кырг. жандооч–атоочтор) деп атап, алардын негизги мааниси мейкиндик маани болот дейт да, анын ичине хак, хакида, тўгри-тўгрисида (кырг. жөнүндө, тууралуу) сыяктуу (азыр жандооч деп таанылган сөздөр) сөздөрдү киргизгени тактоону талап кылат. Себеби бул сөздөр накта жандоочтор экени көрүнүп турат. Ал ар бир жардамчы атоочко токтолуп, (*орқа, ён, ўрта, ич, таг, ост, уст, тепа, қарши* ж. б.) алардын синонимдик сыңарларын көрсөтүп, этимологиясына да токтолуп өткөн. [Кононов, 1951: 31 - 33].

Улам барган сайын түрк тилдеринин изилдөө тарыхында тилди ар тараптуу изилдөө иши кулач жая берет. Алардын ичинде жардамчы атоочторду да тутумуна камтыган эмгектер, макалалар, окуу китептери, салыштырма пландагы илимий эмгектер жаралып, түрдүү пикирлер айтылганын жогоруда белгиледик.

Кызматчы сөздөр боюнча алгачкы диссертациялык эмгек 1949-жылы Х. Бердияров тарабынан жазылган. Ал «Послелоги в современном узбекском литературном языке» аттуу илимий ишинде жардамчы атоочторду жандоочтордун тутумунда караган.

Ал эми Т. М.Тощакованын 1950-жылы жазылган «Служебные слова в алтайском языке» аттуу кандидаттык диссертациясында жардамчы атоочтор жандоочтордон бөлүнүп каралып, алар көбүнчө мейкиндик, мезгилдик максатта колдонулат деп: жөндөмө аффикстеринин маанисин тактоо жана толуктоо менен жандоочтор аныкталгыч позицияда келип, атооч сөздөр менен белгилүү бир жөндөмөлөр аркылуу айкалышат-деген ойду билдирет [Тощакова, 1950: 6]. Анын жандоочтор (туурасы: сөз жардамчы атоочтор жөнүндө болуп жатат–А. Д.) маани берүүчү сөздөн келип чыккан, мезгил өтүү менен семантикалык мааниси күңүрттөнүп негизги маанисинен алыстайт деген пикирине кошулууга болот. Себеби бул процесс - бардык түрк тилдеринде болуп келген жана боло берүүчү кубулуш.

Е. И. Убрятова болсо жардамчы атооч терминин колдонбой анын ордуна «послелоги именного происхождения» (атоочтон пайда болгон жандоочтор) деген терминди колдонуп, жардамчы атоочтордун морфологиялык табиятына караганда синтаксистик касиетин белгилеген [Убрятова, 1950: 150].

Түрк тилдериндеги орчундуу эмгектердин бири катары профессор Н. А. Баскаковдун эмгегин белгилөөгө болот. Ал өз эмгегинде жардамчы атоочторду жандоочтордун ичинде карап, аларды (жандоочторду) маанисине карай эки топко бөлөт:

1) чыныгы жандоочтор (собственно послелоги);

2) маани берүүчү сөз түркүмүнөн обочолонгон жандоочтор (послелоги–изолированные формы знаменательных частей речи).

Н. А. Баскаков «чыныгы жандоочтор» деп бөлгөн сөздөрдүн тобун өзгөчө кызматчы сөз катары көрсөтөт. Ал эми экинчи топко кошкондорун маани берүүчү сөздөрдөн обочолонгон жандоочтор деп (послелоги-изолированные формы знаменательных частей речи), аларды ич ара үч майда топторго (подгруппага) бөлүштүрөт:

а) зат атоочтон обочолонгон жандоочтор (послелоги-изолированные формы имен существительных); Эскертүү: чыгыш теги зат атоочтон обочолонуунун

натыйжасында пайда болгон сөздөрдү - мындан ары обочолонгон жандоочтор деп беребиз. Себеби окумуштуу жардамчы атоочторду жандоочтор деп берген;

б) сын атоочтон, тактоочтон, сан атоочтон жана ат атоочтон обочолонгон жандоочтор (послелоги-изолированные формы имен прилагательных, наречий, числительных и местоимени);

в) этиштен обочолонгон жандоочтор (послелоги-изолированные формы гдагола).

Азыркы грамматикаларда жардамчы атоочтор деп берилип жүргөн сөздөрдү биринчи топко киргизип, «бул подгруппага кирген зат атоочтон обочолонгон жандоочтор сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү кабыл алып, мейкиндик жөндөмөлөрүндө келет» деген оюн айтат [Баскаков, 1952: 483].

Автор зат атоочтон обочолонгон жандоочторду топтоштуруунун өзүнчө ыкмасын колдонгон. Алсак:

1) мейкиндик пространственные (линейно-плоскостные и объемные);
2) мезгилдик (временные);
3) убакыт – аралык (во времени и пространстве);
4) салыштырма (сопоставления);
5) инструменталдык (инструментальные);
6) окшоштук (сравнения и уподобления);
7) себеп жана максат (причины и цели);
8) сан жана өлчөм (количества и меры).

Ушул күндөгү жардамы атооч деп тааныган сөздөрүбүз, негизинен, мейкиндик, мезгилдик, убакыт-аралык деп бөлүнгөн топтогу сөздөрдүн ичинде гана камтылган. Калган топтордо сын атоочтон, сан атоочтон, ат атоочтон, тактоочтон жана этиштен обочолонгон азыркы түшүнүктөгү жандоочтор каралган.

Корутундулап айтканда, жардамчы атоочтор өзүнчө бөлүнүп каралбастан, жандоочтордун курамында изилденген. Окумуштуу өзү изилдөөгө алган сөздөрдүн маанисине токтолгону менен, алардын атооч сөздөрдөн келип

чыкканы жөнүндө сөз кылбайт, жөн гана үч жөндөмөдөгү жардамчы кызматын эскерип өтөт.

Кыргыз тил илиминде алгачкылардан болуп (1958) кызматчы сөз түркүмүнүн ичинен жандоочторго арналган атайын илимий иликтөө Ж. Мураталиева тарабынан жазылган. Автор жардамчы атоочторду жандоочтордон бөлүп алууну колдоп, алардын өзгөчөлүктөрүнө токтолот: «Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жандоочтордон айырмаланып, өз алдынча сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алат»-деген. Мисалы, *Ал жалгыз эмес,* ***жанында*** *бир жолдошу да бар эле*. Жардамчы атоочтор сөз өзгөртүүчү, сөз жасоочу мүчөлөрдү кабыл алат, жандоочтордо мындай мүмкүнчүлүк жок деп, мисал катары *жанында* жардамчы атоочун алат: үйдүн жанындагылардан (мындай учур сейрек кездешерин автор баса белгилейт) [Мураталиева, 1958: 4].

Өзбек тилиндеги жардамчы атоочторду Ш. Ш. Шоабдрахманов жандоочтордон бөлүп кароо жөндүү экенин белгилеп, кээ бир жардамчы атоочтордун *баш, кощ* (кырг. *каш*), ѐн (кырг. *жан), ич, уст* (кырг. *үст), тепа* (кырг. *төбө*) ж. б. маанисине анализ жасаган. Өзбек тилинде биринчи жолу Ш. Шоабдрахманов тарабынан жардамчы атооч (кўмакчи от) термини колдонулган [Шоабдрахманов, 1953: 14].

Казак тилиндеги жардамчы атоочту В. А. Исенгалиева өзүнүн эмгегинде толук талдоого алууга аракет кылган. Ал: «Жардамчы атоочтор морфологиялык жактан зат атоочтон бөлүнүп, жөндөмө мүчөлөрү жетиштүү бере албаган маани жардамчы атоочтор аркылуу толукталып, мейкиндик аралыкты, мейкиндик жөндөмөлөрдө (барыш, жатыш, чыгыш) туруп аныктайт»-дейт [Исенгалиева, 1957: 18]. Ошондой эле жардамчы атоочторду өз алдынча сөз түркүмү катары кароо максатка ылайыктуу эмес дейт В. А. Исенгалиева. [Исенгалиева, 1957: 19].

Ал жардамчы атоочторду топтоштурууда профессор Н. К. Дмитриевдин пикирин колдоп, горизонталдык, вертикалдык деген терминдерин кабыл алат жана үчүнчү топту аралаш пландагы топ (служебные имена смешанного плана) деп өзү кошот. Негизинен бул изилдөөчү эмгегинде жандооч менен жардамчы

атоочтун окшоштук жана айырмачылык жактарына кеңири токтолуп, ар бир жардамчы атоочту (горизонталдык, вертикалдык, аралаш) үч планда карап маанисин терең изилдөөгө алган.

Окумуштуу А. А. Коклянова да жардамчы атоочторду изилдөөдө профессор Н. К. Дмитриевдин пикирин толук колдоп, өзбек тилинин грамматикасындагы жардамчы атоочторду да вертикалдык, горизонталдык планда караган. Жардамчы атоочтордун ар биринин маанисине жана антонимдик, синонимдик түгөйлөрүнө назар салып изилдеп, ошону менен бирге жандоочтор менен жардамчы атоочтордун айырмачылыктарына да токтолуп өтөт [Коклянова, 1952: 205-211].

Түрк тилиндеги жардамчы атоочторду белгилүү түрколог А. Н. Кононов жандоочтордун тутумунда карап, аларды «послелоги–частицы» (жандооч бөлүкчөлөр), «послелоги-имена» (жандооч-атоочтор) деп маанилик жактан экиге бөлүп изилдейт. Азыркы тил илиминин изилдениш деңгээлинен алып караганда, биринчи топтогусу-нагыз жандоочтор, экинчи топтогусу-жардамчы атоочтук маанидеги сөздөр. Түрк тилиндеги «жандооч-атоочтор» (послелоги–имена) деп аталган түрү лексика-семантикалык жактан автор тарабынан бөлүнбөй, жалпы жонунан гана ар бирине мүнөздөмө берилип отурат [Кононов, 1956: 328-345]. Автор буга удаалаш эле өзбек тилине арналган дагы бир эмгегинде жардамчы атоочторду жандоочтун ичинде карап, «жандооч-атооч» (послелоги- имена) деген термин менен атаган [Кононов, 1960: 314].

Кызматчы сөз түркүмдөрү боюнча белгилүү адис эсептелген якут окумуштуусу Н. Е. Петров жардамчы атоочторду өзүнүн эмгегинин бир бөлүмүндө карап, алардын тарыхый жактан келип чыгышына омоктуу ой айтат. «Тарыхый жактан алып караганда көпчүлүк жардамчы атоочтордун алгачкы лексикалык мааниси жаныбарлардын дене бөлүктөрүн жана анатомиялык жактан адамдын дене түзүлүшүн атаган сөздөрдөн улам пайда болгон»-дейт [Петров, 1963: 8]. Тактап айтканда, анын пикири боюнча мурда конкреттүү мааниде колдонулуп келген *баш, ич, боор, бет* ж. б. өңдүү зат атоочтордун семантикасы күңүрттөнүп, абстракцияланып отуруп жардамчы атоочтук

маниге ээ болот. Автор бул эмгегинде элүүгө жакын жардамчы атоочту семантикалык маанисине карай сегиз топко бөлүп караган: 1) нерсенин үстүнкү бетин билдирген жардамчы атоочтор; 2) нерсенин астын билдирген жардамчы атоочтор; 3) нерсенин алды жагын билдирген жардамчы атоочтор; 4) нерсенин арка тарабын билдирген жардамчы атоочтор; 5) нерсенин жанын билдирген жардамчы атоочтор; 6) нерсенин мейкиндик аралыгын билдирген жардамчы атоочтор; 7) нерсенин бүткөн жерин же аягын билдирген жардамчы атоочтор; 8) нерсенин ичин, ортосун, аралыгын билдирген жардамчы атоочтор [Петров, 1963: 107].

Ал эми «СССР элдеринин тили» [Языки народов СССР, 1966] аттуу эмгекте башка тилдер менен катар эле түрк тилдериндеги (азерб, башкыр, гагаус, кумык, крым.татар, чуваш, якут ж.б.тилдеринде) жардамчы атоочтор тууралуу маалымат орун алат. Аталган түрк тилдериндеги жардамчы атоочторго (кээ бирлерине) кыскача токтолуп өтүүнү туура көрдүк. Анткени аталган тилдерде жардамчы атоочтор бирде накта өз маанисинде келсе, бирде жандоочтордун курамында каралып, бирок жардамчы атоочтук маани таанылганын байкоого болот.

Алсак, азербайджан тилинде жардамчы атоочтор кызматчы сөз түркүмүнүн ичинде б.а., «жардамчы сөз» деген аталышта берилип, мейкиндик катышты мейкиндик жөндөмөлөрүндө туруп билдирет деп, төмөнкүдөй мисалдарды келтирет: *үст «верх»-стол үстүнде китаб вар (стол үстүндө китеп бар); алт «низ»-даг алтында (тоо алдында); арха «задняя часть»-даг архасындан (тоо аркасынан).* Азербайджан тилинде да жардамчы атоочтук маани таанылат да, азыркы күндө түрк тилдеринде активдүү колдонулган жардамчы атоочтордун көпчүлүгү (*ич, орта кырг. орто; јан кырг. жан; ара,* баш ж.б.) кездешет [ЯН СССР, 1966:83]. Аталган эмгекте башкыр тилиндеги жардамчы атоочторду “маанилик жактан жандоочторго жакын атооч сөздөр” (по назначению с послелогами сближаются имена) деп, *өç “верх” , аç “низ”, эс “нутро”, ян “бог”, арт “задняя сторона”, урта “середина”, арка “спина*” ж.б.

сыяктуу азыркы күндө биз колдонгон жардамчы атоочторду кездештирүүгө болот [ЯН СССР, 1966: 187].

Кумык тилиндеги жардамчы атоочтор да жандоочтордун курамынан орун алып, А. Г. Могамедов тарабынан иштелип чыгат. Мында кумык тилиндеги жандоочтордун саны 41экени белгиленет да, алардын берген маанилерине карап, нака жандоочтор (собственно-послелоги); атоочтон обочолонгон жандоочтор, этиш жана тактооч (послелоги-изолированные формы имен, глагол и наречий) деп эки чоң топко бөлүп көрсөткөн. Экинчи топтогу атоочтон обочолонгон жандоочторго төмөнкүлөрдү киргизет: *тюбинде (түбүндө), ичине, уьстюнде (үстүндө), алдында, баш, кыырый (кыры), орта (орто), бой* ж.б. Аталган сөздөр жандоочтордун составында каралса да накта жардамчы атоочтук маани таанылып отурат [ЯН СССР, 1966: 205].

Гагауз тилиндеги жардамчы атоочтор дагы жандоочтордун катарында каралып, мейкиндик маанини туюндурган кээ бир зат атоочтор жандоочтук кызмат аткарат да, изафеттик айкашта келип, таандык мүчөнү жана мейкиндик жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсүн кабыл алат деген ой айтылат. Мисалы: *маса устунда (стол үстүндө), ер алтына (жер алдына), евин аардындан (үйдүн артынан).* Мында да жардамчы атоочтор жандоочтук мааниде эмес накта жардамчы атоочтук маанисинде келгенин анын аткарган кызматынан эле байкасак болот [ЯН СССР, 1966:129].

Белгилүү түрколог Б. М. Юнусалиев “Языки народов СССР” аттуу эмгектеги түрк тилдеринин ичиндеги кыргыз тилинин грамматикасын иштеп чыгып, анда кызматчы сөздөргө кеңири токтолуп алардын бөлүнүшүн төмөнкүдөй берген: кызматчы сөздөр аткарган кызматына карай жандооч, байламта, бөлүкчө, модалдык сөз – деп бөлүнөт [ЯН СССР, 1966: 498-499]. Мында жардамчы атоочтор дээрлик айтылган эмес. Башка түрк тилдеринде жандоочтун тутумунда болсо да жардамчы атоочтук маани даана таанылганын кезиктирүүгө болот.

Жардамчы атоочтор жөнүндө 70-жылдары салыштырма пландагы (казак, өзбек, түркмөн) илимий эмгек М. Оразов тарабынан жазылды. Анын эмгеги

буга чейинки эмгектерден алдыга коюлган проблеманы, т. а., жардамчы атоочторду кыйла терең изилдегендиги менен айырмаланат. Ал жардамчы атоочторду жандоочтордон бөлүп, өзүнчө грамматикалык категория катары иликтөөгө алган. Маселен, автор бул эмгегинде жардамчы атоочтордун изилдениш тарыхына анализ жасап, аны хронологиялык тартип менен берген. Ошону менен катар, атооч сөздөрдүн жардамчы атоочторго өтүү процессин ишинде чагылдырган. Алардын жандоочтон айырмалуу жана окшоштук жактарын кароо менен бирге семантикалык, грамматикалык маанилерин терең анализге алган. Жардамчы атоочтордун маанисинин күңүрттөнүүсүн, «Көмекші есімдер, жалпы көмекші сөздердің барлыгы да, о баста, толык мағыналы сөз болгондугу аяң. Бирак сол атауш сөздердің мағынасы замандар өтуімен байланысты, дарексізденип, накталык дэрежеден ажыраган» - деп так көрсөтөт. М.: ағаштарда ешкандай «бас» жок. Бірак адамның басы ең жогаргы, мағынасы жагынан эмес, түрган орнынан, мүшө болғандыктан ағаштың, шөптің, талдын т. б. жоғаргы жағын «бас» деп өздеріне бас сөзін теліп алган [Оразов, 1970: 49-51].

М. Оразов андан ары түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун изилдениш тарыхын тереңдетип, алардын чыгуу тегине, колдонулуштарына байланыштуу ойлорун ортого салып, байыркы түрк тилинде жардамчы атоочтордун аз кездешкенин айтып, төмөнкүдөй эки маселеге көңүл бурган: «Биринчиден, Орхон-Енисей жазма эстелиги VI-IX к. жашаган түрк тайпаларынын тил байлыгын толук камтыган эмес. Ал этнографиялык эстелик катары ошол доордун белгилүү бир стили менен байланыштуу сөздөрдү камтыган. Экинчиден, жардамчы атоочтор айтылуучу ойду конкреттүү, так жеткизүү кажети болгондо гана колдонулган. Андай тактык болбой калса түрк элдери башка грамматикалык формаларды пайдаланган. Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги жардамчы атоочтордун аз колдонулушунун сыры ушунда»,- деп айтат М. Оразов. [Оразов, 1970: 154-162]. Бул доордо пайда болуп, колдонула баштаган жардамчы атоочтор, X-XIII к. жазма эстеликтеринде грамматикалык категория катарында калыптанып, ал эми XIV-XV к. жазма

эстеликтерде алардын колдонулуу жыштыгы өскөнүн ал казак, өзбек, түркмен тилдериндеги мисалдар менен далилдейт.

М. Оразов жардамчы атоочторду лексика-семантикалык жактан топтоштурууда профессор Н. К. Дмитриевдин (2 топко), В. А. Исенгалиеванын (3 топко), Н. К. Петровдун (8 топко) бөлүштүрүүлөрүн, А. Ыскаковдун антонимдик, синонимдик түгөйлөрү боюнча талдоосун эске алып, активдүү колдонулган жардамчы атоочтордун мейкиндик маанилерин (аст(ы), үст(ү), бети, арасы, ортосу, ич(и), алд(ы) ж. б.) топторго бөлүүнү сунуштайт [Оразов, 1970: 159-209].

Ал эми профессор Н. А. Баскаков мурдагы 1952–жылы жарыяланган эмгегинен айырмалуу кылып, ногой тилинин грамматикасында: 1) нака жандоочтор (собственно послелоги); 2) маани берүүчү сөз түркүмүнөн обочолонгон жандоочтор (послелоги-изолированные формы знаменательных частей речи) деп экиге бөлүп карайт. Экинчи топтогу жандоочтор деп эсептелгендерди (азыркы түшүнүктөгү жардамчы атоочторду –А. Д.) профессор Н. К. Дмитриевдин ыкмасы менен вертикалдык пландагы жандоочтор (послелоги вертикального плана), горизонталдык пландагы жандоочтор (послелоги горизонтального плана) деп экиге бөлүп карайт [Баскаков,1973:280]. Ушул эле автор хакас тилинин грамматикасында жогорудагы сөздөрдү «изафеттик жандоочтор» (изафетные послелоги) деп атап, (бул иштеги жандоочтор деген термин жардамчы атоочторду билдирет – А. Д.) ага мындай аныктама берет: «Хакас тилиндеги изафеттик жандоочтор таандык мүчөдөн кийин барыш, жатыш, чыгыш жана багыт жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсүн кабыл алып, (мындан сырткары *-ча/-че* мүчөлөрүн да кабыл алат) мейкиндик маанини билдирет». Мисалы: алнына, алнында, алнынаң, алныңзар, алныңча. [Баскаков,1975, 262]. Бул иште алгачкы эмгектердеги кемчиликтер кайталанган сыяктуу. Анткени алтай тилинин грамматикасында (1869, 103), П. М. Мелиоранскийдин эмгегинде (1906, 122) -ча мүчөсүн жандоочтордун (т. а., жардамчы атоочтордун – А. Д.) курамына натуура киргизгенин башта айтып өткөнбүз.

Ал эми карайым тилинде жардамчы атооч нагыз өз маанисинде изилденген. Анда жардамчы атоочтун табияты эки жактуу (двойственный) экени айтылат:

1) өз алдынча турганда, конкреттүү маниге ээ болот деп, мисалдарды келтирет: *ич, баш*;

2) кызматчы мааниде келгенде лексика-семантикалык жактан күңүрттөнүп, мейкиндик маанини туюндуруп, мейкиндик жөндөмөлөрүнүн (барыш, жатыш, чыгыш) мүчөсүн кабыл алат деп *үстүндө, астында* деген мисалдар менен тастыктайт. Бул тилде жардамчы атооочтор сан жагынан өтө чектелүү берилген. Болгону *уьст, аша, тип, ич, арт/сырт, алт, орта* жардамчы атоочтору (кырг. үст, аст, түп, сырт, алд, орто) мисалдар катары берилүү менен чектелет. Ошондой эле алардын жөндөмөлөрдөгү берген маанилерине көңүл да бурулбаган [Прик, 1976: 154 - 155].

Көрүнүктүү түрколог Э. Р. Тенишев «Строй саларского языка» аттуу эмгегинде жардамчы атоочторду жандоочтордун ичинде карап, А. Н. Кононовдун (1960) бөлүштүрүүсүндөй, «жандооч-атоочтор» (послелоги-имена), «жандооч-бөлүкчөлөр» (послелоги-частицы) деп атаган [Тенишев, 1976: 188-192]. В. И. Рассадин болсо тофалар тилиндеги жардамчы атоочторду нагыз өз маанисинде карап, бирок накта кызматчы сөз түркүмүнүн ичинде берген [Рассадин, 1978: 262-263]. Ал эми Б. А. Серебренников, Н. З. Гаджиевалардын эмгегинде «жардамчы сөз» деген термин менен жардамчы атоочтор таанылган. Бирок жандоочтор деп түшүндүрүлгөн. Алар жандоочторду (туурасы: жардамчы атоочторду – А. Д.) экиге бөлөт:

1) нака жандоочтор (собственно послелоги);
2) жардамчы сөздөр (служебные слова).

Бул экөөнүн айырмасын «жандоочтордун курамындагы жардамчы атоочтор биринчиден, негизги материлдык мааниси, т. а., маани берүүчү сөз түркүмүнөн келип чыккан, экинчиден, жандооч катары түрдүү мейкиндик, мезгил-аралык маанилерди туюндурат»-деп белгилеп, жардамчы атоочтордун аткарган

функциясы нака жандоочторго караганда жогору экендигин моюнга алышат [Серебренников, 1986: 242 – 246].

Бул эмгекте түрк тилдеринде өтө көп колдонулган жардамчы атоочтордун он экиси берилген (*алд, ара, арка, аст, бой, ич, жан, үст, орто* ж. б.). Алардын ар кайсы тилде фонетикалык жактан өзгөрүп колдонулушуна көңүл бурулган. Жогорудагы жардамчы атоочтордун ичине, азыркы күндө биз жандооч деп тааныган соң сөзү кошулган. Көптөгөн түрк тилдеринде *соң* жандоочу *кийин* жандоочу менен синонимдик катышта колдонулат. [Серебренников, 1986: 245].

А. М. Щербактын эмгегинде жардамчы атоочтор жандоочтордун тутумунда каралып «атоочтук жандооч» (именные послелоги) деген термин менен берилген. Автор тарабынан белгиленген атоочтук жандоочтор негизинен жардамчы атоочтук маанидеги эле сөздөр. Атоочтук жандоочтордун (именные послелоги) алгачкы конкреттүү мааниси адамдын дене бөлүгүн атоочу сөздөр менен тыгыз байланышта болуп, ошол сөздөрдүн базасында калыптанган болуу керек деген оюн окумуштуу билдирип, Н. Е. Петровдун пикирин толугу менен колдойт. «Конреттүү мааниден абстракттуу маниге өтүү механизмдерин Н. Е. Петров терең жана так ачып берген»-деп, анын аныктамасын мындайча келтирет: «Байыркы адамдардын ой жүгүртүүсү акырындык менен кеңейип, курчап турган айлана–чөйрөсүн окшоштуруп атоо үчүн адамдын дене мүчөлөрүн атаган конкреттүү сөздөрдү колдонушкан: жанында, алдында, аркасында, үйдүн ичинде». Айтылган ойду А. М. Щербак мындай мисалдар менен далилдейт. Мисалы, байыркы түрк тилинде, *баш-голова* (~жогорку разряддагы предметтер, нерселер) > *баш-вершина*; *абак-азак*-нога (~ алдыңкы разряддагы предметтер) > *адак*-ајак подножие, основание; іч нутро, внутренности (~ нерсенин ички тарабы) > *іч* находящееся внутри; акіз-рот (~ нерсенин кире бериш жери, оозу) > *акїз* ~ авїз отверстие, вход; *боб-бод* тело, рост (~узун, сүйрү нерсе, предмет) > *бој* протяженность; *јўз* (узб. бэт) лицо > поверхность (кырг. бети) *јан* бок > сторона ж. б. Бул мисалдардагы экинчи мааниси биринчи маанисине караганда абстракттуу келип, ар кандай нерсенин,

кубулуштун абалын мейкиндик, мезгилдик мааниде көрсөтөрүн айтат: **і*чінде*** *внутри; јол* ***башінд****а у дороги; от* ***ічіда*** *в огоне; кіш* ***ічінд****а зимой* ж. б. [Щербак, 1987: 59].

Ошентип А. М. Щербак тарабынан атоочтук жандоочтор (именные послелоги) деп аталган сөздөрдү - азыркы күндөгү жардамчы атооч деп кабыл алуу туура. Анткени айрым окумуштуулар тарабынан жардамчы атоочтордун жандоочтордон айырмачылык, окшотук жактарынын критерийлери түрк тилдеринде жогорку эмгектен кыйла мурда эле иштелип чыкканы илимде белгилүү (Караңыз: Н. К. Дмитриев, В. А. Исенгалиева, М. Оразов, Н. Е. Петров ж. б. эмгектерин).

Түрк тилдеринин салыштырма-тарыхый грамматикасында [1988] жардамчы атоочтор жандоочтун ичинде «мейкиндик-мезгилдик маанидеги кыйла кеңири тараган атоочтор» (наиболее распространенные имена с пространственно-временным значением) деген түшүндүрмө менен берилип, ал төмөнкүдөй сыпатталып берилет: «Трансформациянын жеңилдиги жагынан эң эле кыймылдуу болуп, атооч жандоочтор катары «жардамчы атоочтор» эсептелет. Башкача айтканда, буларды кыйла абстракттуу мейкиндик–мезгилдик маанидеги атоочтор деп эсептөөгө болот». Мындай сөздөргө негизинен байыркы түрк тилинен баштап азыркы күндөгү көпчүлүк түрк тилдеринде колдонулуп келе жаткан жардамчы атоочтук маанидеги: бас (каз, ног.), *дере/дене* (туркм***),*** *тере-тенä* (узб), *tőbe-төбө* (каз), *őн-өн* (байыркы түрк т.) ж. б. у. с. айрым сөздөрдү мисал катары берүү менен чектелип, булардан башка өзгөчөлүктөрүнө токтолгон эмес [СИГТЯ, 1988: 501].

Татар тилинин грамматикасында [1993] башка түрк тилдеринен айырмаланып, жардамчы атоочтор «послеложные слова» (кыргызча: жандоочтук сөздөр) деп аталып, жандоочтор менен бирдикте каралат (Салыштыр: А. Троянский, 1824-жылдагы эмгегинде «послеположения» деп атаган). Канчалаган атайын илимий изилдөөлөрдө «жардамчы атооч» деген термин такталып айкындалса да, али күнгө дейре айрым изилдөөлөрдө жандоочтордон жардамчы атоочтор бөлүнбөй келиши илимий изилдөөнүн али

да жетишсиздигин айгинелейт. Бул эмгекте жандоочтук сөздөр-деп эсептелген сөздөр маанилерине карай төрт топко бөлүнөт:

1) башка сөз түркүмдөрүнөн биротоло обочолонуп бөлүнүп чыккан жандоочтор. Булардын маани берүүчү сөз түркүмдөрү менен болгон байланышы күнүрттөлгөн же биротоло жоголгон: *өчен*-для, ради, кадер;
2) тактоочтук реалитивдер: соң – после, каршы – против;
3) этиштен пайда болгон жандоочтор жана сөз соңунан келген сөздөр: *күрэ* – поэтому, *карап* – по, *булып* – как;
4) эң эле көптөгөн сандагы жандоочтор жана жандоочтук сөздөр – булар атоочтордон пайда болгондор: *себеппе–из–за, буенча – по, аркасында–из –за, хакында-о, про, арасына–между, астына–под, эченэ–внутри, кырына, янына–у, около* ж. б. [ГТЯ, 1993: 232].

Төртүнчү топтогу сөздөргө башка кызматчы сөздөр менен катар аз сандагы жардамчы атоочтор «послеложные слова» (кыргызча: жандоочтук сөздөр) деген түшүнүк менен кирип калган. (Мисалдардардын астын сызган биз – А. Д.). Аталган грамматикада бул сөздөр абстракттуу маани берүү менен бирге, маани берүүчү сөз түркүмүнүн синтаксистик жактан ар түрдүү милдетин арттырат деген ой айтылган. Ошентип, жогорудагы эмгектерге назар салып отурсак, ал эмгектерде оош–кыйыштар жолукканы менен, жардамчы атоочтордун өз алдынча категория катары калыптанып калганын баамдоого болот. Дагы бир тактап өтсөк жардамчы атоочторду өз алдынча жеке категория катары тааныган окумуштуулар Н. К. Дмитриев, Н. П. Дыренкова, Н. Е. Петров, М. Оразовдор болсо, Н. А. Баскаков, А. Н. Кононов, Е. И. Убрятова сыяктуу окумуштуулардын тобу аларды жандоочтордун катарында карашкан. Ал эми казак тилинде жардамчы атоочтор 1950–ж. баштап эле жолго коюлганын К. Молгаждаров өз эмгегинде белгилеп өтөт. «Азыркы күндө жардамчы атоочтор зат атооч сөздөрдүн тобуна киргизилип, анын ичинде семантикасына карай жардамчы атоочтор деп жеке каралып жүрөт»,-дейт автор [Молгаждаров, 2012: 181].

Түрк тилдериндеги улам кийинки чыккан илимий эмгектерде жардамчы атоочтор проблемасы туура багытта изилденип баратканын байкасак болот. Себеби жардамчы атоочтордун жандоочтордон айырмачылыгы, жалпылыктары айрым түрк тилдеринде жеке планда да, ошону менен бирге башка тилдер менен салыштырма планда да изилдениши буга далил боло алат.

Алтай тилинин грамматикасын изилдеген окумуштуу Т. Е. Орсулова «Послелоги и служебные имена в алтайском языки» аттуу эмгегинде жардамчы атоочторду жандоочтордон ажыратып, окшоштуктарын жана жалпылыктарын ачык, так көрсөтүп берген десек болот. Ошону менен бирге ал түркологияда биринчи ирет «серия» деген терминди колдонгон Ж. А. Шаминаны белгилеп көрсөтүп, «Алтай тилиндеги жардамчы атоочторду жалпы негизинен серия деп атайбыз. Анын негизги ядросу мейкиндик маанини, мейкиндик жөндөмөлөрүндө (*-да, -на, -нан, -ла*) туруп көрсөтөт»,-деп төрт жөндөмөнү көрсөтөт (буларда да казак тилиндегидей жетинчи жөндөмө - курал жөндөмө бар). Ал жардамчы атоочтордун берген маанилерин мисалдар аркылуу далилдейт. М: *Айылдын* ***јанында*** *балдар ойнойт*. (кырг. *Айылдын* ***жанында*** *балдар ойнойт*). *Мен туранын* ***ўстине*** *чыктым*. (кырг. *Мен чатырдын* ***үстүнө*** *чыктым*). *Туранын* ***ичинен*** *чыгып келдим*. (кырг. *Чатырдын* ***ичинен*** *чыгып келдим*). *Јолдын* ***орозыла*** *јўгўрдим* (кыр. *Жолдун* ***ортосуна*** *жүгүрдүм*).

Жардамчы атоочторду Т. Е. Орсулова семантикалык жактан мейкиндик, мезгилдик, делиберативдик (керек-дело, нужда), себеп (шылтуу-шылтак-повод, причина), перифериялык (*кыры, төс*) деп бөлүштүрөт. Перифериялык (чет-жака деген маанини туюндурат – А. Д.) деген топтогу жардамчы атоочторго (*кыр–край*, *төс-основа, түп-дно, эдек-подол*, *колтык-подмышка, оос-рот*, *јака–ворот*) мындай түшүндүрмө берет: «Бул сөздөр жардамчы атоочтор деген статусту али ала элек. Алар жардамчы атоочтор катары калыптануу абалында болуу менен бирге, лексикалык маанилерин дагы деле жоготпой сактап келет» [Орсулова, 2001: 97]. Бул сөздөрдүн тобу кыргыз тилинде да кездешет (*алкым, таман, каш, ооз, бел, соору, жака, төш, боор, төр* ж. б.). Жогорудагы сөздөр (*ооз, колтук, этек* ж. б.) биздин оюбузча, мезгилдик мааниде дээрлик

колдонулбайт. Булар жардамчы атоочтун маанисинде келгенде мейкиндик мааниде колдонулуп калат. Мезгилдик мааниси сейрек кездешет. Ал эми *боор, таман, ооз, желке* ж. б. сыяктуу жардамчы атоочтордун заттык мааниси басымдуу, ошондуктан жардамчы атоочтун курамын толуктаганы менен, өзүнүн накта лексикалык маанисин толук сактап турат. ***Таман*** сөзүн алсак, өз алдынча турганда лексикалык маанисин сактап, адамдын, жаныбарлардын органынын бир бөлүкчөсүн көрсөтүп турат. Ал жардамчы атоочтук мааниде келгенде барыш жөндөмөдө туруп, кыймыл - аракеттин кандайдыр бир заттын төмөнкү жагына багытталганын көрсөтөт. Мисалы: *Коктунун* ***таманына*** *түшүп, суудан сүйрөтүп өтүш керек* [Ч. А]. (Эскертүү: Бул маселелерге дагы тиешелүү главада кеңири токтолобуз).

Тилдин өнүгүүсү узак убакыттарды талап кылат. Мезгил өтүү менен жардамчы атоочтордун катары (саны) улам көбөйүп баратканын илимий изилдөөлөр тастыктайт. Мурда колдонулуп жүргөн маани берүүчү сөздөрдүн акырындап кызматчы сөздүк мааниге өтүшү - мезгилдин талабы. Ошолор сыңары азыркы күндөгү кээ бир зат атооч сөздөр да акырындык менен жардамчы атоочтук мааниге өтүп баратканын айтып өтүү зарыл. Маселен, жардамчы атоочторду англис тили менен салыштырма планда изилдеген А. Абдукахаров да бул эки категориянын (жандооч, жардамчы атоочтун) айырмачылык жана окшоштук жактарына токтолбой койгон эмес. Жардамчы атоочтордун морфологиялык, синтаксистик, семантикалык (ономосиологиялык) маанилерине токтолуп, герман-түрк тилдеринин ичинен англис тилиндеги предлог менен кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун, жандоочтордун маанилик жактан дал келүүсүн ачып берүүгө аракет жасайт.

Индоевропалык тилдерде «предлог» этиш менен атоочтордун алдында да, андан кийин да келе берет. Морфологиялык жактан «предлогго» төмөнкүдөй аныктама берет: «Морфологиялык тутуму боюнча англис тилинин предлогдорунун негизги ядросун жөнөкөй, көп учурда бир муундуу, тутумдук бөлүктөргө ажырабаган сөздөр түзөт. Буларга мындай предлогдор кирет*: in, on, for, at, of, to, with, over* ж. б.» [Абдукахаров, 2007: 49]. Ошону менен бирге

жандоочтор менен жардамчы атоочтордун англис тилиндеги «предлогдор» менен түздөн-түз дал келген эквиваленттери бар экенин айтып өтөт. Ушул сыяктуу эле англис тили менен салыштырма пландагы эмгек Г. М. Айдыралиева тарабынан жазылган. Мында да англис тилиндеги «предлогдор» менен жардамчы атоочтор салыштырылып каралат. Бул иште жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык жактан (горизонталдык, вертикалдык) бөлүнүшүндөгү маанилери менен англис тилиндеги «предлогдордун» валенттүүлүгүнө басым жасалат [Айдыралиева, 2011: 110]. Ал эми А. Б. Хертек «Значения локальных падежей в тувинском и хакасском языках» деген диссертациялык эмгегинде жандооч менен жардамчы атоочтун мейкиндик жөндөмөлөрүндөгү абалына токтолгон [Хертек, 2008: 30]. Ю. У. Хочавова болсо «Выражение пространственных отношений в кумыкском языке» аттуу диссертациялык илимий эмгегинде жардамчы атоочтордун мейкиндик жөндөмөлөрдө келгенде аткарган маанилерин тактап көрсөтөт [Хочавова, 2011: 45].

Казак окумуштуусу К. Молгаждаров «Түрк тилдериндеги көмөкчү сөздөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү» [2012] аттуу монографиясында «көмөкчү сөздөр» деген терминди колдонуп, көмөкчү сөздөргө: жардамчы этиштерди, жардамчы атоочторду, модалдык сөздөрдү, кызматчы сөз түркүмдөрүнүн көмөкчүлүк касиети деп, жандооч, бөлүкчө, байламталарды киргизип, аларды өз-өзүнчө жиктеп, ар бир бөлүмгө кеңири токтолууга аракет кылган. Ошону менен бирге булардын өнүгүү, калыптануу жолун тээ байыркы рун жазма эстеликтеринен башталарын, орто кылымдагы жазма эстеликтерде алардын колдонулушу уланганын, андагы кезиккен өзгөчөлүктөргө токтолот.

1. 2. Жардамчы атоочтордун кыргыз тилинде изилдениши

Башка түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинде да жардамчы атоочтор алгачкы мектеп грамматикаларынан тарта кыйла мезгилдер өзүнүн накта маанисинде эмес, негизинен тактоочтун составында каралып келген. Ал эми башка түрк тилдеринде жандоочтун ичинде каралса да, жардамчы атоочтук

мааниси таанылган (казак, өзбек, түрк ж. б. тилдерде). Кээ бир учурда кыргыз тили боюнча алгачкы эмгектерден «жардамчы сөз» деп аталган бөлүмдөн жардамчы атооч менен бирге бөлүкчө менен жандоочту кезиктирүүгө болот.

Улуу Октябрь революциясынан кийин жарык көргөн алгачкы эмгектерде [К. Тыныстанов. Эне тилибиз Ф. 1929, Э. Арабаев. Жаңылык: (чоңдор үчүн алипе) Ф. 1928] жардамчы атоочторду кезиктирүүгө болбойт. Кийинки чыккан эмгектерде жардамчы атоочтор бирин-серин бериле баштаганы менен, жардамчы атоочтук мааниси да таанылган эмес, ошондуктан алардын бөлүнүшү баш–аламан, бирде тактоочтун, бирде жардамчы сөз деген бөлүмдүн ичинде берилген.

У. Бактыбаевдин морфологиясында [Бактыбаев,1939: 94-95] жардамчы атоочтор кездешпейт. «Жардамчы сөздөр» катары бөлүкчө, тангыч ат атоочтор жана жардамчы этиштер берилет. Мисалы, *Алыстан карарган бак* ***го*** *(бөлүкчө). Ал* ***эч качан*** *(тангыч ат атооч) сүйлөбөйт* ***экен*** *(жардамчы этиш).*

Буга удаалаш эле чыккан морфологиядагы [Бакеев, Бактыбаев, 1941] сөз түркүмдөрүнө назар салсак, алардын бөлүнүшү төмөнкүдөй тартипте орун алат: 1) зат атооч; 2) сан атооч; 3) сын атооч; 4) ат атооч; 5) этиш; 6) жардамчы сөз; 7) байламта; 8) сырдык сөз. Булардын ичинен бешөө сүйлөм мүчөлөрү болуп милдет аткарары айтылат. Жардамчы сөз, байламта жана сырдык сөз өз алдынча сүйлөм мүчөсү болуп милдет аткара албашы белгиленет. «Жардамчы сөздөр сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн маанисин күчөтүп же кемитип жандайт»-деп берилет [Бакеев, 1941: 46]. Бул эмгекте сөз түркүмдөрү тууралууу маалымат толук эмес экенин көрүүгө болот. Тактап айтканда, тактооч, жандооч, бөлүкчө, тууранды сөз сыяктуу сөздөрдүн түрлөрү кездешпейт. Бизди кызыктырган жардамчы атоочтор дээрлик жокко эсе. «Жардамчы сөз» деген бөлүмгө негизинен бөлүкчө, жардамчы этиш ж.б.у.с. сөздөрдүн тобу кирген. Бул авторлордун эмгектеринин кийинки чыккан басылыштарында да [1950] ушул эле көрүнүш кайталанган. Бирок тактооч сөз түркүмү кошулган. Ошол тактоочтун ичинде азыркы күндө биз жардамчы атооч деп тааныган сөздөрдүн кээ бирлери (саналуусу гана) жолугат: *алдында, артында* ж. б.

И. А. Батманов «Кыргыз тилинин грамматикасы» аттуу эмгекти 1939-1940 ж. аралыгында жазат. [I китеп 1939, II китеп 1940]. Автор бул эмгегинин II бөлүмүндө жардамчы атоочторго мындай түшүнүк берет: «Зат атооч сөздөрдүн арасынан кээ бир сөздөр мейкиндик маанилерин туюндуруп жардамчы сөз б. а., жандооч катары кызмат кылат: *уст*-верх, поверхность, стол үстүндө-на столе, поверхности стола, *аст*-низ, стол астында-под столом ж. б.»-деп азыркы түшүнүктөгү жардамчы атоочторду көрсөтөт [Батманов,1940: 39]. Бирок автор бул пикирди такай карманбастан, жогорудагы сөздөрдү кайра мезгил тактоочко кошот да, «Тактоочтук мааниде келип, таандык мүчөнү кабыл алып, толук жөндөлүшкө ээ болбогон жардамчы сөздөр булар-жандоочтор, алар: *алдында*-в переди, үстүндө-на верху, *аркасында*-позади, *жанында*-около, *астында*-внизу» -деп кайра эле жардамчы атоочторду тактоочко киргизип койгон. Буга кошумча дагы мындай сөздөрдүн мейкиндик жөндөмөлөрүндө кеңири колдонулуп, ал эми башка жөндөмөлөрдө келгенде толук маанилүү сөздөрдүн кызматында колдонуларын айтат [Батманов, 1940: 59-60]. Бирок жогорку ойлорун мисалдар менен далилдеген эмес.

К. Бакеев болсо 1950-жылкы эмгегинде жардамчы атоочторду тактооч деп эсептеп, анын тутумунда берген. Автор тактоочту экиге: түп жана туунду тактоочтор деп бөлүштүрүп,

1) түп тактоочтор: *акырын, тез, бат*, *төмөн, мурун, кийин, илгери* ж. б;

2) туунду тактоочтор: (куранды мүчөлөр улануу менен жасалат) *кыргызча*, *түштө*, *астында, үстүнөн, артынан* (Асты сызылган сөздөр - булар жардамчы атоочтор – А. Д.).

Тактоочтор төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнүп берилет:

1) мезгил тактооч;
2) орун тактооч: *алдында, артында*, *жогору, жанында, ары, бери* ж. б.; (Астын сызган биз – А. Д.)
3) сын-сыпат тактооч;
4) сан тактооч.

Мисалдардан көрүнүп тургандай, орун тактоочтун тутумуна жардамчы атоочтор да киргизилип калган. Негизинен жардамчы атоочтор синтаксистик жактан көбүнчө айкашып келген сөз менен бирдикте туруп орун, мезгил, тактоочтук милдет аткарат, ошондон улам тактоочторго кошулуп калышы мүмкүн. Ал эми жардамчы сөздөргө: «Сүйлөмгө мүчө боло албаган, толук маниге ээ болбогон, тийиштүү сөзгө жардамчы болуп колдонулган сөз түркүмүн айтабыз»-деген аныктама берет [Бакеев, 1950: 132]. Аларга*: го, чейин, дейре, көздөй, карай* ж. б. сөздөрдү киргизет. Булар азыркы күндөгү бөлүкчө менен жандоочтор.

Ы. Жакыповдун (авторлош) эмгегинде жардамчы атоочтор тактоочтун да, жардамчы сөздөрдүн да курамында каралган. Тактоочтор алты топко бөлүнүп берилген. Булардын ичинен орун тактооч катары берилген сөздөргө назар салсак: андан, жогору, *алдында, артта, төмөн, астында, ылдый, жанында*, *үстүндө, өйдө, артынан, четинде*, артка деген сөздөр мисал катары келтирилген. (Биз астын сызган сөздөр – жардамчы атоочтор – А. Д.) Демек, орун тактоочтордун ичине жардамчы атоочтор натуура киргизилгенин көрөбүз. Автор «жардамчы сөздөргө»: «Өз алдынча турганда айкын маниге ээ болбогон, сүйлөмдө башка сөздөр менен жанаша келип, грамматикалык маани киргизүүчү сөздөрдү айтабыз», - деген аныктама берет. Аларды ич ара беш топко бөлөт:

1) божомолдогуч*: го, бейм, сыяктуу;*
2) жоопчул: *ооба, албетте, арийне;*
3) тангыч: *такыр, түк, эч;*
4) бышыктагыч: *как эле, дал;*
5) башкаргыч: *карай, көздөй*, *үстүндө, дейре*, *астында, чейин, артында*, *кийин, алдында, жанында, мурун*.

Биринчи төрт тобунда бөлүкчөлөр, модалдык сөздөр жана *сыяктуу* деген жандооч орун алса, бешинчи башкаргыч деген топто жандоочтор менен жардамчы атоочтор орун алган. Булар жалпы жонунан кызматчылык милдет аткарган сөздөр болгону менен, азыркы грамматикалардагы классификацияларга туура келбейт. Себеби ал мезгилде азыркыдай сөздөрдү

сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү принциби иштелип чыга элек болгон. Андан ары автор башкаргычтар өзүнөн мурун келген атоочтордун илик, барыш, табыш, чыгыш жөндөмөлөрдө турушун талап кыларын билдирет. Илик жөндөмөсүндө турган атоочторду *жанында, астында, үстүндө*, *алдында, артында, түбүндө, төбөсүндө, ичинде, сыртында* деген башкаргычтар башкарышат,-дейт изилдөөчү. (Биз астын сызган сөздөр – жардамчы атоочтор – А. Д.) Ал эми барыш, табыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө турган атоочторду чейин, дейре, көздөй, карай, мурун, мурда, ары, бери деген бышыктагычтар башкарат деп, бул топторго жандоочтор менен тактоочторду киргизип койгон [Жакыпов,1954: 219 -220]. Ошентип, башкаргычтарга кызматчы сөздөр менен катар бир кыйла жардамчы атоочтор киргизилген. Себеби ал мезгилде кыргыз тилинде жардамчы атооч деген термин да, түшүнүк да болгон эмес.

Ал эми Д. Исаевдин [1953] эмгегинде жардамчы атоочтук маанидеги аз сандагы сөздөр тактоочтун бөлүнүшүндө, т. а., орун тактоочтордун *(алдыда*, *артта, четинде*, *жогору*, *төмөн, үстүрттөн, ары, бери, ылдый, жакындан* ж. б.) ичинде берилген [Исаев, 1953: 178]. Бирок жогорку эмгектерден айырмаланып, кызматчы сөз түркүмүнө: жандооч, байламта, бөлүкчөлөр киргизилген. (Асты сызылгандар – жардамчы атоочтор – А. Д.)

К. Дыйканов жардамчы атоочторго төмөнкүдөй мүнөздөмө берет: «Кыргыз тилинде орунду, мейкиндик аралыкты билдирүүчү зат атоочтор бар. Алар: *алд, арт, жак, орто, үст, аст, ич, баш, каршы, ара, орун, тыш, туш, кыр, аяк*. Бул зат атоочтор жандоочтордун ордуна колдонулуп, тактоочтун милдетин аткарат. Алар таандык мүчөнү жана мейкиндик жөндөмөлөрүнүн мүчөсүн кабыл алат. Сүйлөм ичинде толуктоочтук милдетти эмес, мезгил, орун бышыктоочтук милдетти аткарат»-деп билдирет да, үстүндө, артында, ортосуна деген сөздөргө мисалдар берет [Дыйканов, 1955: 13-14]. Негизинен автордун жардамчы атоочторду зат атоочтун ичинде сөз кылганы туура, бирок ал зат атооч сөздөрдүн мааниси күңүрттөлүп, жардамчы атоочтук маниге өтүшү мүмкүн экендигин көрө алган эмес. Ошентип жардамчы атоочтор ар кандай

мезгилдерде жандоочтордун, тактоочтордун тутумунда каралып келгенин жогорудагы эмгектерден байкай алабыз.

Кийинки жарык көргөн эмгектерде жардамчы атоочтор деген түшүнүк да, термин да жаралып, алар башка сөз түркүмдөрүнүн тутумунан бөлүнүп карала баштаганын көрүүгө болот. Атап айтсак, Ж. Мураталиеванын жандоочтор тууралуу илимий эмгегинин баш сөзүндө жардамчы атоочтор жөнүндө маалымат берилип, аларды жандоочтордон бөлүп кароодо профессор Н. К. Дмитриевдин төмөнкү пикирин колдоору айтылат: «Жардамчы атоочтор эки милдетти аткарат: 1) тике т. а., негизги материалдык маанисинде келет; 2) кызматчы т.а., негизги лексикалык мааниси абстракцияланып, мейкиндик мааниде келет» [Мураталиева, 1958: 3].

Автордун бул эмгеги жандоочтордун табиятын ачып берүүгө арналса да, жардамчы атоочтор маселеси тил илиминде жакшы тактала элек болгондуктан, өзүнүн пикирин билдирип коюуну туура көрөт. Ал жардамчы атоочтор жандоочтордон айырмаланып сөз өзгөртүүчү, сөз жасоочу мүчөлөрдү кабыл алат, жөндөмөлөрдүн маанисин толуктайт деген адилет оюн айтат.

1964–жылы чыккан коллективдүү эмгекте [Кыргыз тилинин грамматикасы, 1964] алгачкылардан болуп жардамчы атоочтор нагыз өз маанисинде «Жардамчы атоочтор» деген бөлүмдө, зат атоочтон кийин берилген: «Алгачкы реалдык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүк милдетти аткарып, жөндөмөнүн маанисин толуктап, тактап көрсөтүүчү сөздөр жардамчы атоочтор деп аталат. Жардамчы атоочтор өзүнчө сөз түркүмүнүн түзө албайт. Алар тилдин азыркы өсүү этабында толук маанилүү сөздөр менен кызматчы сөздөрдүн аралыгында турган сөздөр. Булар сүйлөмдө аткарган милдетине ылайык толук жана жардамчы маанилерге ээ сөздөр» - деп айтылат [КТГ, 1964: 107]. Мында жардамчы атоочтордун табияты так, ачык берилгенин көрүүгө болот. Чындыгында да, жардамчы атоочтор - зат атоочтон обочолонуп (мааниси күнүрттөлүп) грамматикализациялануунун негизинде пайда болгон сөздөрдүн тобу. Булар - кызматчы сөз түркүмдөрүнөн бир аз өзгөчөлөнгөн сөздөр. Себеби кызматчы сөздөрдүн бир кыйласы лексикалык маанисинен алда канча алыстап,

кээ бирлеринин мааниси (кайсы сөздөн чыкканы) билинбей калган болсо, жардамчы атоочтордун семантикасы даана болуп турат. Бул эмгекте кыргыз тилиндеги жардамы атоочтор лексика-семантикалык жактан төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүлгөн:

1) заттын асты-үстүн же алды жагын көрсөтүүчүлөр*: үст(ү), бет, төбө, баш, аст(ы), түп, алд(ы);*
2) заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчүлөр: *жан, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой;*
3) заттын ич-аралыгын билдирүүчүлөр: ич, ара, орто [КТГ, 1964: 109].

Жардамчы атоочторду зат атоочтон кийин «жардамчы атоочтор» деп өзүнчө берген дагы бир эмгек С. Давлетов, С. Кудайбергеновдорго таандык. Анда мындай деп айтылат: «Кыргыз тилиндеги, ошондой эле башка түрк тилдериндеги зат атоочтордун дээрлик бардыгы өзүнчө толук маанини билгизет. Алар кызматчы мааниде колдонулбайт. Ошондуктан зат атооч - негизги сөз түркүмдөрүнүн бири. Бирок аз сандагы (20-30 чамалуу) зат атооч ал өзгөчөлүккө толук багынбайт. Булар айтылуучу пикирге, башка сөздөр менен болгон мамилесине ылайык бирде толук мааниде, бирде кызматчы мааниде колдонула берет» [Давлетов, 1980: 47]. Андан ары бул маселеге кайрылган С. Давлетов: «толук мааниде келгенде, өз алдынча бир түшүнүктү билдирет, өзүнчө суроого жооп берип, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат. Бирок өзүнүн алдындагы илик жөндөмөсүндөгү сөз менен байланыштуу айтылбайт. Кызматчы мааниде колдонулса, лексикалык мааниси солгундап, илик жөндөмөдөгү сөз менен бирдикте туруп, бир суроого жооп берип, бир сүйлөмдүн мүчөсүнүн милдетин аткарып, өз алдынча турганда суроого жооп бербейт. Мында «жардамчы атоочторду кызматчы сөздөргө (байламта, жандооч, бөлүкчө) барабар, бирдей коюу мүмкүн эмес»-дейт автор, бул ойго кошулууга толук мүмкүн, анткени кызматчы сөздөр жардамчы атоочтордой болуп сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү кабыл алуу касиетине ээ эмес, лексикалык жактан да алардын маанилери алда канча басаңдаган, жардамчы атоочтордо болсо, лексикалык маанилер бир кыйла сакталып, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен

өзгөрүү касиети сакталган. Бул эмгекте жардамчы атоочтор лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүү орун алган эмес, анда жөн гана кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор саналып берилүү менен чектелген. Ал эми «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы» аттуу коллективдүү эмгекте жардамчы атоочтор атайын изилдөөгө алынып, семантикалык жактан топторго бөлүштүрүлүп ырааттуу түрдө берилген. Анда алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүк милдетти аткарып, жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтүүчү сөздөр жардамчы атоочтор-деп көрсөтүлөт [КАТГ, 1980: 207].

Андан ары эмгекте жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн милдетин аткарганда, таандык мүчөнү, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрүнүн (барыш, жатыш, чыгыш) биринин мүчөсүн кабыл алып, өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен байланышып, изафеттик айкашты түзөт. Жардамчы атоочтор мындай изафеттик айкаштын составында келгенде, өз алдынча түшүнүк бербей, маани жагынан алдындагы сөзгө багыныңкы абалда болот да, ошол сөз менен бирдиктүү алганда гана толук мааниге ээ болуп, аны менен бирге туруп, сүйлөмдүн татаал мүчөсүнүн милдетин аткарат деп сыпатталып, *Таабалды арабанын* **үстүндө** *жаткан* [К. Б] деген мисал менен бышыкталат.

Мындан сырткары жардамчы атоочтор кызматчы мааниде келгенде, мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтүп, жөндөмөлөр жеткиликтүү бере албай калган маанини толукталары белгиленип, төмөнкү мисалдар менен далилдер келтирилет: Керим сарайга келди (орду жалпы көрсөтүлүп турат). *Керим сарайдын* ***үстүнө*** *чыкты* (кыймыл-аракеттин орду такталып, конкреттүү көрсөтүлдү).

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор 1964–жылкы грамматикадагыдай эле, 1980-жылдагы эмгекте да лексика-семантикалык жактан үч топко бөлүнүп каралып, «жардамчы атоочтор жалпы эле кызматчы сөздөрдүн өзүнчө бир түрү болуп эсептелет»,-деген тыянак ой айтылат [КАТГ, 1980: 210].

Академиялык басылыштагы орус тилинде чыккан грамматикада жардамчы атоочтор кызматчы сөз түркүмдөрүнүн курамында берилген (жандооч, жардамчы атооч, байламта, бөлүкчө тартибинде болуп). Анда «Жардамчы атоочтор лексикалык маанисинен алыстап, грамматикализацияланууунун негизинде пайда болгон сөздордүн тобу»-деген аныктама берилет. Бул эмгекте жардамчы атоочтордун ар бирине токтолуп, мейкиндик жөндөмөлөрүндө (барыш, жатыш, чыгыш) келгенде аткарган кызматы мисалдар менен далилденген. Кээ бир жардамчы атоочтор өз алдынча турганда лексикалык маанисинен ажырап, ага таандык, жөндөмө мүчөлөрдүн бири уланып, бир лексикалык маниге ээ болору айтылат. Мисалы, *үст(ү), аст(ы), алд(ы).* Ал эми кээ бир жардамчы атоочтор уңгу түрүндө туруп эле (баш, бет) өз алдынча лексикалык маниге ээ болуп, алар бардык жөндөмөлөрдө туруп колдонулары белгиленет. Мисалы: *баш, бет, түп* ж. б. [366]. Ошону менен бирге бул эмгекте жардамы атоочтордун синонимдик түгөйлөрү кошо берилген. Мисалы: *Аст(ы)* жардамчы атоочунун синоними *алд(ы)* жардамчы атоочу. Колуна кармап келген мылтыгын Ысмайыл куурайдын астына сундуруп жиберди. [Ч. А.*]. Эл мектеп* ***алдына*** *чогулууда* [Т. С.]. [ГКЛЯ, 1987: 369]. Бул эмгекте жардамчы атоочтор лексика-семантикалык жактан топторго бөлүнгөн эмес.

Кыргыз тилинде жардамчы атоочтордун изилдениш тарыхын анализдегенибизде, [Маселен: Ж. Мураталиева 1958; Кыргыз тилинин грамматикасы 1964; Кыргыз адабий тилинин грамматикасы 1980; Азыркы кыргыз тили 1980; Грамматика киригизского литературного языка 1987;] жардамчы атоочтор тууралуу илимий негизде жогорку окуу жайлары үчүн түзүлгөн окуу китептеринде таанылып, ал эмес, лексика-семантикалык топтору белгиленип, жандооч менен окшош, айырмачылык жактарын ачык көрсөтүлгөн эмгектер жарык көрүп отурат.

Акыркы жылдары чыккан «Азыркы кыргыз адабий тили» аттуу коллективдүү эмгекте жардамчы атоочторду «жардамчы атоочтор-кызматчы сөздөрдүн өзгөчө бир түрү. Азыркы кыргыз тилинде мындай сөздөргө *асты,*

үстү, алды, ичи, арт, орто, жан сыяктуу мейкиндик маанидеги зат атоочтордун негизинде пайда болгон сөздөр кирет»-деген түшүнүк берилет. Бул эмгекте да 1980-жылкы коллективдүү грамматикадагыдай эле жардамчы атоочтор маанисине карай үч чоң топко бөлүнүп берилген [АКАТ, 2009: 308].

Кыргыз тилчиси А. Карымшакова жардамчы атоочторду бир макаланын чегинде тереңдетип изилдөөнү туура көрүп, ушул аталыштагы макаласында илимий негиздеги бир топ жаңы маалыматтарды берүү менен бирге, жардамчы атоочтордун жогоркудай лексика-семантикалык топторго бөлүнүшүн кубаттайт да, мейкиндик жана орун, аралык ж. б. маанилерди билдирген жардамчы атоочтор; адамдын дене бөлүктөрүн билдирген жардамчы атоочтор деген классификациясын сунуштаган.

Ал негизинен автор Н. К. Петровдун пикирин толук колдоп: «Тагыраак айтканда, мурда кыйла конкреттүү мааниде колдонулуп келген баш, бет, ич, боор, тегерек, айлана ж. б. өңдүү зат атоочтордун семантикасы абстракциялануу аркылуу грамматикализацияланат да, натыйжада жардамчы атоочторго өтөт»,- деген оюн айтат [Карымшакова, 2009: 49-57].

Жыйынтыктап айтканда, жардамчы атоочторду алгачкы мектеп грамматикаларында өз маанисинде эмес бирде тактоочтун, бирде жардамчы сөздөр деген аталыштагы теманын ичинде каралганын байкоого болот. Улам кийинки чыккан жогорку окуу жайларына арналган илимий мүнөздөгү эмгектерде жардамчы атоочтор накта өз маанисинде келип, бирде зат атооч бөлүмүнөн кийин, бирде кызматчы сөз түркүмүнүн курамында кадимки жардамчы атооч катары каралып келди. Негизинен алып караганда жалпы эле кызматчы сөздөрдүн анын ичинен жардамчы атоочтордун да лексикалык мааниси басаңдатылган, грамматикалык мааниси басымдуу болгон сөздөрдүн тобу катары окумуштуулар сыпаттап келишет [Молгаждаров, 2012: 40]. Мындай илимий көз караш, албетте аталган сөздөрдүн тобуна туура келгени менен, (жогорудагы эмгектерди эске албаганда) бүгүнкү күнгө чейин мектеп жана ЖОЖдор үчүн жарык көргөн жаңы окуу китептеринде, грамматикаларда

жардамчы атоочтор зат атооч бөлүмүнөн кийин да, кызматчы сөз түркүмүнүн курамынан да орун албай келет.

Жардамчы атоочтор боюнча ушундай тез арада оңдоону талап кылган олуттуу маселеден тышкары, көркөм чыгармалардан жыйналган көптөгөн факты-материалдарды анализдөөнүн натыйжасында, жардамчы атоочтордун сүйлөм тизмегинде аткарган милдети боюнча да кошумча маалыматтарды белгилөөгө болот. Тактап айтканда, жардамчы атоочтор сүйлөм курулушунда кадимки эле толук маанилүү сөз түркүмдөрү сыяктуу зарыл тилдик каражат катары кызмат кылып келерине күбө болдук. Башкача айтканда, сүйлөм курууда (албетте жардамчы атоочторду талап кылган сүйлөмдөрдө) зарыл учурда жардамчы атоочторду колдонбой койсок, курулуп жаткан сүйлөмдөр толук кандуу гана эмес, такыр эле түшүнүксүз, жеткиликсиз, маани-маңызсыз, уккулуксуз абалда жолуктурууга болот. Мунун негизги бир себеби катары жардамчы атоочтор өздөрүнүн этимону болгон зат атоочтон кыйла кийинки мезгилде бөлүнүп чыгып, алардан көп алыстай элегинде болсо керек деген ойдобуз.

1.3. Парадигма түшүнүгү тил илиминде

Парадигма (байыркы гр. paradeigma-мисал, модель, салыштыруу) белгилүү бир сөздүн сөз өзгөртүүчү бир категория боюнча баштан аяк өзгөрүүсүнүн жыйындысы; жөндөлүү, жакталыш ж. б. [ГТКОС].

Лингвистикада тарыхый-салыштырма парадигма (сравнительно-историческая) XVI кылымдан башталып XIX кылымдын аягына чейин колдонулуп келди. Тарыхый-салыштырма парадигманын алдына койгон негизги максаты тилдер кантип жана эмнеге өзгөрөт? Эмне үчүн кээ бир тилдер бири-бирине жакын, ошол эле тилдер канчалык деңгээлде бири-биринен айырмаланат? Алар кайсы тилдик топко кирет?-деген сыяктуу суроолорду алдыларына коюшкан.

Парадигманын негиздөөчүлөрүнүн бири Франц Бопп (1791-1867) индогерман тилдеринин салыштырма грамматикасын изилдеген. Ал эми Расмус

Раск (1787-1832) аттуу окумуштуу индоевропа тилдеринин чегинде герман тилдеринин ортосундагы үнсүз тыбыштарды салыштырып караган.

Тарыхый-салыштырма парадигмада окумуштуулар тилдин тарыхын, сөздүн этимологиясын ошону менен бирге тилдин салыштырма-тарыхый жагын кошо изилдешет.

Тил илиминин тарыхый-салыштырма (сравнительно-историческая) парадигмасынын тилдерди изилдөөдөгү багыты төмөнкүдөй: компаративистика (сравнение родственных языков/тектеш тилдерди салыштыруу); ареалогия (анализ взаимодействия соседных языков/коңшу тилдердин таасирине анализ); контрастивдик лингвистика (сравнения не похожих языков/тектеш эмес тилдерди салыштыруу). Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эки тилдүү сөздүктү түзүүдө, котрмонун теориясын жана чет тилин үйрөнүүдө кеңири колдонулат.

XX кылымдын башында тарыхый-салыштырма парадигмадан кийин экинчи, структуралык-системалык (системно-структурная) парадигма пайда болду. Мунун алдына койгон негизги суроосу башкача болду. Тил кантип түзүлөт? Мына ушул сыяктуу проблеммаларды чечүүдө, бул парадигманын негиздөөчүлөрү тилдин системасы менен структурасындагы парадигмага көңүл бурушту.

Лингвистикадагы системалык-структуралык (системно-структурная) парадигманын негиздөөчүсү Фердинанд де Соссюр (1857-1913) болду. Ал тил менен кептин айырмачылыгын белгилеген.

XXI башында пайда болгон функционалдык парадигма (функциональная парадигма) тилдин эки негизги милдетин карап келет: пикир алышуу (общения) жана маалыматты сактоо (хранение информации).

Парадигма термини бардык тармактарда колдонуу мүмкүнчүлүгү бар кеңири түшүнүк. Алсак, философияда социологиянын теориялык методологиялык негизги принциби катары каралат. Ошону менен бирге жаратылыштагы социалдык чындыкты түшүнүүгө, кабыл алууга жараша макросоциология жана микросоциология болуп эки багытка бөлүнөт. Негизинен лингвистикада, риторикада кездешет.

Тил илиминде – бир сөздүн өзүнө тиешелүү грамматикалык категориялар боюнча өзгөрүшүн чагылдырган формаларынын системасы. Мис., жакталуу же жөндөлүү үлгүсү. Парадигма түшүнүгү сөз жасоодо, лексикологияда жана синтаксисте да колдонулат [КУЭ,2014:45-46] .

Тил илиминдеги парадигмалык бирикмелерди жана алардын түзүлүшүн изилдеген бөлүм-парадигматика.

Парадигматика тилдин бири-бирине карама-каршы турган элементтерин изилдейт; түрдүү типтеги парадигмалардын түзүлүшүн жана бөлүнүшүн карайт.

Тил илиминин алкагынан алып карасак парадигма термини лингвистикада бир нече маанини, түшүнүктү камтый турганын белгилөөгө болот. Лингвистика илиминде парадигма тар жана кең мааниде колдонулат. Кең мааниде алып карасак, бир эле учурда бири-бирине карама-каршы коюлуп, ошол эле учурда кээ бир жалпылык белгилерди пайда кылган парадигматикалык карым-катышта турган тил бирдиктеринин жыйындысы; бирдиктин модели жана схемасы. Тар мааниде бир сөздүн формаларынын системасы (морфологиялык парадигма терминининин синоними).

Тил илиминде морфологиялык парадигма, синтаксистик парадигма, лексикалык парадигма жана сөз жасоонун парадигмасы деп бөлүнөт.

Парадигма – алгачкы грамматикаларда бир сөздүн варианттарын көрсөткөн сөз өзгөртүүнүн үлгүсүн белгилөө үчүн кабыл алынган [КТЭОК, 2004:298].

Биз, тил илиминдеги морфологиялык парадигмага токтолобуз. Морфологиялык парадигманын структурасы өзүнчө бир сөз түркүмүн мүнөздөгөн грамматикалык категориялардын жана алардын грамматикалык маанилеринин карым-катышы аркылуу аныкталат. Бир сөз түркүмүнө тиешелүү сөздөрдүн парадигмасы ички бирдей түзүлүшү, жөндөлүш жана жакталыш боюнча бирдей мүчөлөрдүн болушу, бирдей негиздери жана морфологиялык жалпылыктары менен бир бүтундүктү түзөт [КТЭОК, 2004:289].

I бап боюнча жыйынтык

Биринчи бапта жардамчы атоочтордун түрк тилдеринде изилдениш абалына иликтөө жүргүзүлдү. Жардамчы атоочтордун калыптаныш даражасы ар түрдүү болгондуктан, окумуштуулардын да түрдүү көз караштары ортого салынды. Ошентип, бир топ окумуштуулар (Н. К. Дмитриев, Н. П. Дыренкова, В. А. Исенгалиева, А. А. Коклянова, Н. Е. Петров, Л. Н. Харитонов М. Оразов, Т. Е. Орсулова ж. б.) жардамчы атоочторду өз алдынча категория катары тааныса, бир тобу (А. Н. Кононов, Н. А. Баскаков, М. Балакаев, Е. И. Убрятова ж. б.) жандоочтордун тутумунда карап келди, бирок жардамчы атоочтук маани таанылган. Негизинен жардамчы атоочтор баштапкы лексикалык маанисинен алыстай элек сөздөр, ошондуктан кызматчы сөздөрдөн айырмаланып, аларга таандык, жөндөмө, кээде көптүк мүчө жалгана берет.

Бул бапта жардамчы атоочтордун пайда болуу тарыхы Орхон–Енисей жазма эстеликтеринен башталып отурганы белгиленди. Ал мезгилде жардамчы атоочтордун колдонулуш жыштыгы активдүү болгон эмес. Ошентсе да жардамчы атоочтор айтылуучу ойду конкреттүү, так жеткирүү үчүн колдонулган. Андай зарылдык болбосо түрк элдери башка грамматикалык формаларды пайдаланган [Оразов, 1970: 154]. Ошентип, тилибиз узак динамикалык өнүгүүнүн негизинде тилдик кубулуштардын таасиринин натыйжасында калыптанып отурат. Мурда сан жагынан чектелүү болгон жардамчы атоочтор (эстеликтерде жардамчы атоочтордун саны 12 болсо) бүгүнкү күндө бардык эле түрк тилдеринде алардын саны өсүп отурганын байкоого болот. Алсак, кыргыз тилинде 80–жылдардагы эмгекте жардамчы атоочтордун саны 21 болсо, бүгүнкү күндө биздин иликтөөлөрүбүздүн натыйжасында алардын саны 40 ка жетти.

Кыргыз тилинде жардамчы атоочтор алгачкы мектеп грамматикаларында бирде тактоочтун, бирде жандоочтун, бирде жардамчы сөз деген аталыштагы сөздөрдүн тобунда аралаш каралып келди. Бирок жардамчы атоочтук маани таанылган эмес. Улам кийинки чыккан саналуу эмгектерден гана жардамчы атоочторду кезиктирүүгө болот (Ж. Мураталиева 1958; КТГ,1964; КАТГ, 1980; ГКЛЯ, 1987; АКАТ, 2009;). Ошентсе да, акыркы жылдары жарык көргөн окуу куралдарында жардамчы атоочтор тууралуу маалымат аздык кыларын баса белгилөөгө болот.

II БАП
ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОРДУН ЖАЛПЫ КУРАМЫ ЖАНА АЛАРДЫ ИЗИЛДӨӨ

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору

Ишибизде илимий изилдөө иштеринде кеңири колдонулган методдордун бир катары колдонулду.

Метод – бул таанып билүүдөгү принциптердин жана ыкмалардын системасы. Метод изилденип жаткан объекттинин табияты жана мыйзам ченемдүүлүктөрү менен ишмердүүлүктүн эрежелеринин, ыкмаларынын жыйындысы болуп саналат. Илимде эмприкалык жана теориялык изилдөөнүн методдору колдонулуп келет. Алсак, эмприкалык тажрыйбага негизделген материалдар: байкоо жүргүзүү; тажрыйбадан эксперменттен алынган фактылар; гипотеза; жалпылоо; концепция; теория; закондор ж. б. турат. Иште эмприкалык изилдөөнүн методдору боюнча сыпаттама, байкоо жүргүзүү, салыштырма, баяндоо методдору колдонулду. Ал эми теориялык изилдөөнүн методдору боюнча анализ жана синтез, жалпылаштыруу, индукция жана дедукция методдору колдонулду. Биздин изилдөөбүз үч негизги этапты өз ичине камтыйт:

1) фактыларды издөө, жыйноо, системага келтирүү;

2) факты-материалдарды тиешелүү топторго бөлүштүрүү;

3) топтолгон материалдардын маанисине түшүндүрмө берүү, материалдарды сыпаттап жазуу.

Бул этаптар иштин логикасын, мазмунун жана жыйынтыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

Сыпаттама метод аркылуу тандалып алынган темага анализ жүргүзүү менен, ага мүнөздөмө берилди. Изилденип жаткан предметтин аталышы такталып, алдыга коюлган изилдөөнүн максаты аныкталды. Башкача айтканда, кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторун лингвистикалык парадигмасы ишибизде изилдөөнүн объектиси катары каралды да, ал эми жардамчы

атоочтордун пайда болушу, өнүгүшү, калыптанышы ошону менен бирге өз алдынча категория катары каралышы ж. б. ушул сыяктуу маселелер кеңири талданды. Сыпаттоонун ырааттуулугун сактап, жардамчы атоочтордун түрк тилдеринде изилдениши, кыргыз тилинде изилдениши, жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык жактан топторго бөлүнүшү, жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн тобунун белгилениши иште сыпатталып берилди. **Байкоо жүргүзүү** аркылуу биз тилдик бирдиктердин ичинен ишибиздин темасына тиешелүү болгон фактыларды бөлүп алдык. Башкача айтканда, жардамчы атоочтордун парадигмасынын маңызы менен мазмунун ачып берүү үчүн тиешелүү тилдик материалдар тандалып алынды. **Салыштыруу** аркылуу тектеш тилдердеги жардамчы атоочтордун жалпылык жана айырмалуу белгилерин белгилеп, алардын теориялык, практикалык максатта колдонулушундагы мааниси терең экени белгиленди. Ал эми **анализ** (грек. analysis – талдоо, ажыратуу) бүтүн нерсени бөлүктөргө бөлүп кароо. Мында жардамчы атоочтордун түркологиядагы изилдениш тарыхына, алардын этимологиясына, жандоочтор менен жалпылык жана айырмачылык жактарына талдоо жүргүзүү менен кыргыз тил илиминде жардамчы атоочтордун изилдениш абалын, семантикалык жактан топторго бөлүнүшүн, тилде жаңыдан калыптана баштаган жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөрдүн тобу анализге алынды. **Синтез** (грек. synthesis–бириктирем) бөлүкчөлөрдү бир бүтүндүккө бириктирип кароо. Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор грамматикалык жактан сүйлөм тизмегинде келгенде өзүнүн алдындагы илик жөндөмөсүндө турган сөз менен бирдикте туруп гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып калат б. а., бир бүтүндүк катары келип, бир грамматикалык түшүнүктү берип калат. **Индукция** (лат. indictio-алып барып кошуу) жеке мүмкүнчүлүктөрдү ой жүгүртүүнүн негизинде жалпы корутунду чыгаруу. Бул анализде биз, жардамчы атоочторду кызматчы сөздөрдүн өзгөчө түрү катары карап, алар жандоочтордон айырмаланып, таандык, жөндөмө мүчөлөрүн кабыл аларын көрсөттүк. **Дедукция** (лат.deductio- алып чыгаруу, бөлүп чыгаруу) жалпы ой жүгүртүүдөн жеке мүмкүнчүлүктөрдөгү корутунду чыгаруу. Жардамчы

атоочтор менен жандоочторду эки башка категория катары кароо керек экендигин белгилөөгө болот. Алынган тыянактарды, корутундуларды факты-материалдар тастыктады.

Факты-материалдар көркөм чыгармалардан, газета-журналдардан чогултулду. Беш миңден ашык карточка топтолуп, биздин эмгектин картотекасын түздү. Ошону менен бирге изилдөөнүн илимий-теориялык жана методологиялык базасын түрколог окумуштуулардын жана кыргыз тил илиминдеги изилдөөчүлөрдүн, т. а., И. Гиганов, А. Троянский, М. Казем-Бек, П. М. Мелиоранский, В. А. Гордлевский, А. Н. Кононов, Н. П. Дыренкова, Н. А. Баскаков, А. А. Коклянова, А. Ыскаков, М. Балакаев, И. А. Батманов, Б. М. Юнусалив, Дж. Мураталиева, К. Дыйканов, К. Бакеев, Ы. Жакыпов, Ү. Бактыбаев ж.б.у.с. окумуштуулардын эмгектери түздү.

Илимий изилдөө ишине тиешелүү булактар катары Н. К. Дмитриевдин “Строй тюркских языков” (1960), В. А. Исенгалиеванын “Служебные имена и послелоги в казахском языке” (1957), Н. Е. Петровдун “Служебные имена и послелоги в якутском языке” (1962), М. Оразовдун “Служебные имена в тюркских языках (на основе материала современного казахского, узбекского и туркменского языков) (1970), Т. Е. Орсулованын “Послелоги и служебные имена в алтайском языке” (2001), К. К. Молгаждаровдун “Түрк тилдериндеги көмөкчү сөздөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү” (2012) аттуу бир катар эмгектери алынды.

2.2. Жардамчы атоочтордун өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары калыптанышы

Тил илиминде жардамчы атоочторго, жалпы эле кызматчы сөздөргө токтолгондо, эң алгач алардын пайда болуу жолуна, маанилик жактан колдонулушуна, чыгыш тегине (этимологиясына) кайрылганыбыз туура болчудай. Анткени сөздөрдү маанисине карай бөлгөндө, биз аларды атооч сөздөр, этиш сөздөр жана кызматчы сөздөр деп бөлөбүз. Мындай топтоштурууда эң башкысы сөздөрдүн лексикалык маанисине көңүл бурулат.1)

Атоочтор: зат, сын, сан, ат атооч; 2) этиш; 3) тактооч; 4) өзгөчө же кошумча сөз түркүмдөрү: тууранды, сырдык сөздөр; 5) кызматчы сөздөр: бөлүкчө, байламта, жандооч; 6) модалдык сөздөр.

Тилдин грамматикалык түзүлүшүнө назар салсак, зат, сын, сан, ат атоочтордун лексикалык маанилери бирдей эмес. Алсак, зат атооч заттын атын билдирсе, сын атооч заттын сын-сыпат белгисин, сан атооч заттын санын, иретин көрсөтсө , ат атооч башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулуп , ошол сөз түркүмдөрүнө тиешелүү бөтөнчөлүктөргө ээ болот, ж. б. у. с. Ал эми жардамчы атоочтордун лексикалык мааниси менен атооч сөздөрдүн лексикалык маанисин салыштырганда, эң биринчи алардын маанилик жагына көңүл бурулат. Себеби алардын бири-биринен эң башкы айырмачылыгы да ошол.

Атооч сөздүн, т. а., зат атоочтордун жардамчы атоочтордун катарына өтүүсүндөгү башкы кызматы лексикалык маанисинин солгундашы, күңүрттөнүүсү болуп эсептелет. Бул кубулуш - көп убакыт ичинде аз-аздап отуруп, акырындык менен ишке ашуучу тилдик кубулуш. Муну окумуштуулардын бир тобу: Н. К. Дмитриев, А. Н. Кононов, Ф. Г. Искаков, Н. А. Баскаков да өз эмгектеринде далилдешкен. Кээ бир зат атооч сөздөр өздөрүнүн нагыз лексикалык маанисинен алыстайт. Ал жөнүндө түрколог окумуштуу Ф. Р. Зейналов: «Түрк тилдериндеги жардамчы атоочтор тарыхый жактан конкреттүү лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр. Тилдин тарыхый өнүгүүсүндө аз-аздап, бара-бара толук маанисин жоготуп, кызматчы (кошумча) маанилерди туюндуруп калат» - деген [Зейналов, 1966: 28].

Бирок туш келген эле сөз мезгилдин өтүшү менен абстракттуу мааниге ээ болуп, атооч сөздөрдөн жардамчы атоочтук мааниге өтө бербейт. Бул процесс ар бир тилдин ички мыйзамдарына баш иет. Муну А. Ыскаков кызматчы сөздөрдүн мисалында мындай көрсөтөт: «Баса белгилеп айтканда, тилдеги бөлүкчө, жандооч, байламта тарыхый жактан алганда лексикалык мааниге ээ болгон уңгу сөздөрдөн келип чыккан. Мындай өнүгүү тилдеги негизги сөздүк кордо жана грамматикалык түзүлүштө, тилдин ички мыйзамдарынын негизинде,

тилдин морфологиялык жана синтаксисттик жолдору менен өз ара тыгыз байланышта өнүгүп отурат» [Ыскаков, 1952: 132]. Буга мисал катары «*из*» сөзүн алып, казак тилинде атооч сөз катары (т. а., зат атооч катары) колдонулса, каракалпак, түркмөн тилдеринде (*ыз* турпатында келип) жардамчы атооч кызматында болорун белгилеп, ал эми *«из»* сөзү казак, тилиндеги *арт, арка* сөздөрү менен маанилеш болот деген.

Ошентип кээде айрым бир тилдин курамындагы сөздөр лексикалык маанисинен алыстап, грамматикалык мааниси басымдуу болуу менен жардамчы атоочтук мааниге өтсө, кээ бир тилдерде башка тилден кирген сөздөр жардамчы атоочтун катарына өтүп колдонулуп жүргөнүн байкоого болот.

Араб-фарсы тилдеринен өздөштүрүлгөн жардамчы атоочтор кээ бир түрк тилдеринен кездешет. Муну түрколог Н. К. Дмитриев да араб тилинен кирген жардамчы атоочторду белгилеп, алар: *dahil, haric, aleyh, zarf* бул сөздөрдүн түркия түрк тилиндеги синонимдери *iç, diş, karşi,* (кырг. *ич, сырт, каршы*) ал эми *zarf, dahil* сөздөрү *ич* жардамчы атоочуна синоним экенин айтып, көбүнчө адабий стилде колдонуларын айтат [Дмитриев, 1962: 132].Мисалы: өзб. т. атроф, араб. *Тараф-тарабы, унинг атрофида-анын айлана тарабында, hükümet tarafindan-өкмөт тарабынан, saye (тень)-аркаңызда, сиздин аркаңыз менен* [Котормо – А. Д.] [Кононов, 1960: 325]. Бул сөздөр араб, фарсы тилдеринен өзбек, түрк тилдеринин курамына кирип кетишинин эки түрдүү себеби болушу мүмкүн, биринчиден, бул сөздөрдүн өзү башта жардамчы атоочтун маанисинде колдонулган болуу керек, экинчиден, бул сыяктуу сөздөр адабий тил аркылуу кирип, оозеки кепте колдонулбаган, колдонулса да сейрек колдонулган сөздөр болушу мүмкүн. А. Н. Кононов: *«хусусида* байламтасы өтө сейрек колдонулат, официалдуу стилде гана кездешет: планлаш хусусида-пландоого карата»-деген ою да жогоруда айтылгандарды бышыктайт. [Кононов, 1960: 327] К. Молгаждаров да өз эмгегинде ”Араб-фарсы тилдеринен өздөштүрүлгөн жардамчы атоочтор кээ бир түрк тилдеринен орун алат, бирок көөнө түрк рун жазмаларынан кездешпейт”-дейт [Молгаждаров, 2012: 191].

Кыргыз тилинде жогорудагы сөздөр колдонулбаганы менен өзбек, түрк тилдеринде колдонулуп келет. Анын себеби аталган сөздөрдүн синонимдери жоктугунан эмес, араб, фарсы тилдеринин таасиринен болуусу мүмкүн.

Б. А. Серебренников сөздүк кордогу сөздөрдүн кээ бирлери маанисинен алыстап, абстракцияланып, жардамчы атоочтук мааниде колдонула алат деп билдирет [Серебренников, 1962: 207]. Мындай сөздөр башта өтө конкреттүү заттык атоолор болуп келиши толук мүмкүн. Тилдин тарыхына назар салып, жардамчы атооч деп жүргөн сөздөрдүн этимологиялык төркүнүнө талдоо жасасак, алар даректүү зат атоочтордун маанисинин күңүрттөнүүсүнөн (абстракцияланышынан улам) пайда болгонун байкоого болот. Мисалы: *үст*-сөзүнүн уңгусу *үс* болгонун айтып, *үс*-морфемасы *жүз/юз (кырг бет/жүз)* сөзүнүн уңгусу экендигин белгилөөгө болот деген оюн казак окумуштуусу А. Ыскаков айтып өткөн. Ал эми жандоочтор өздөрүнүн баштапкы лексикалык маанисинен алда канча алыстаган же байланышын үзгөн: *үчүн*-жандоочу окумуштуулардын көз карашында бөлүнбөгөн уңгу түрүндөгү негизден же болбосо *уч*-нерсенин бүткөн жери, ал эми *-ун -үн -ын -ин*-III–жактын таандык мүчөсүнүн жана табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү деген ойду айтышат. Бирок кээ бир жандоочтордун этимологиясына назар салсак, түпкү маанисин аныктоого болот: *боюнча-бой* (зат атооч), *бойын*–III–жактын таандык мүчөсү, *-ча*-салыштырма мүчө. Ошентип жардамчы атоочтор жандоочтордон дегеле, кызматчы сөздөрдөн семантикасы жагынан бир кыйла анык, даана жогору турарын айтып өтүү абзел .

Жардамчы атоочтордун көпчүлүгү мурда адамдын дене мүчөлөрүн (дене бөлүктөрүн) атаган сөздөр болгон, анткени дене мүчөлөр - өтө конкреттүү зат. Муну якут окумуштуусу Н. Е. Петров жардамчы атоочтордун басымдуу көпчүлүгүнүн келип чыгышынын тарыхый өзөгү болуп, алардын алгачкы материалдык, лексикалык мааниси адамдардын ошондой эле жаныбарлардын дене мүчөлөрүн жана туш тарабын белгилөө зарылдыгынан улам пайда болгондугун таамай көрсөтөт [ГСЯЛЯ, 1982: 415]. Мисалы: *төбө, баш, чоку, каш, арка, каптал, жан, туш, каршы, арт(ы), үст(ү),* ж. б. Бул сөздөрдүн ар

бири алгачкы мезгилде адамдын жана жаныбарлардын гана дене бөлүктөрүн, туш-тарабын, айлана-тегерегин билдирген сөздөр болгон. Акырындап, аталган сөздөр бара-бара сырткы түрү ошолорго (адамдар менен түрдүү жандыктардын гана дене бөлүктөрүн, туш-тарабын көрсөтүү үчүн колдонулган) окшош, нерселерди атоо үчүн метафоралык жол менен колдонула баштайт. Тактап айтканда, мурда кыйла конкреттүү мааниде колдонулуп келген ич, баш, айлана, ж. б. сыяктуу зат атоочтордун семантикасы абстракциялануу аркылуу грамматикализацияланат да, жардамчы атоочтук маниге өтүп, мейкиндик жөндөмөлөрүндө келген зат атоочтор гана жардамчы атоочтук милдетти аткара алат.

Проф. Н. К. Дмитриев да жардамчы атоочторго төмөнкүдөй аныктама берет: “Жардамчы атоочтор эки функцияны (милдетти) аткарат: биринчиси, түз (тике) маанисинде б. а., негизги материалдык мааниде, экинчиси, кызматчы маанисинде б. а., абстрактуу мааниде келип, түрдүү мейкиндик маанилерди туюндурат”-дейт [Дмитриев, 1948: 229].

Көптөгөн түрк тилдеринде кездешкен *алд(ы), арт(ы), үст(ү), ич, тыш, баш, каптал, жан(ы), уч* ж. б. жардамчы атоочтор, кыргыз тилинде да арбын кездешет. Булардын ичинен *алды, арты, асты, үстү, жаны* ж. б. сыяктуу сөздөр мейкиндик маанини билдирсе, ал эми *ич, баш, төбө, каш* ж. б. сөздөр мейкиндик аралык маанилерден сырткары, конкреттүү анатомиялык түшүнүктөрдү да туюндурат. Жардамчы атоочтор лексикалык маанисиен алыстоо менен, өздөрүнүн алдында келген атооч (зат атооч сөздөр менен бирдикте) изафеттик айкашта келип, нерсенин (заттын) бөлүгүн, жагын, жанын, капталын, ортосун ж. б. көрсөтөт: *үйдүн жанында, үйдүн үстүндө, тамдын кырында, кээде мейкиндик мезгилдик мааниде да келет: жыл арасында, түн ортосунда ж. б.*

Жардамчы атоочтор өзү менен айкашып келген сөзгө кошумча маани да бере алат: *үйдүн* ***сырты****, үйдүн* ***ичи****, үйдүн* ***арты*** ж. б. Лексикалык мааниси басаңдап, грамматикалык мааниси басымдуу болуп келгендиктен жардамчы атоочтор конкреттүү маниге ээ эмес, качан гана өзүнүн алдындагы айкашып

келген сөз менен бирдикте колдонулганда конкреттүү маниге ээ боло алат (зат атооч+жардамчы атооч+таандык мүчө уланганда гана) . Мисалы, *баланын* ***ичи****, малдын* ***ичи*** десек мында адамдын жана айбанаттардын ичи (анатомиялык аталыш) конкреттүү мааниде келсе, ал эми *үйдүн ичи, токойдун* ***ичи*** дегенде бир нерсенин ички бөлүгүн, аянтын билдирет же *жыл* ***ичинде****, бир ай* ***ичинде*** десек мезгил жана мейкин аралык маанини билдирип калат. Ошентип, жардамчы атоочтор абстракттуу маниге өткөндө грамматикализацияланат, б. а., конкреттүү түшүнүктү эмес, жөн гана грамматикалык жактан сүйлөмгө боек (оттенок) берип калат. Мисалы, *Кыжылдаган калың топтун* ***ичинде*** *не деген гана сөздөр болуп жатпады... [Ч. А.]. Белгиленген делегациянын* ***ичинде*** *мыкты жол мастери катары Кулов Байтемир бар экен [Ч. А.]. Минтип жападан жалгыз шорлоп калганча атасы экөө мобу кайыктын* ***ичинде*** *ачкалык менен суусуздан бирге өлбөйт беле [Ч . А.]. Бала дароо чыкса каухар ошол эски уянын* ***ичинде*** *жатат [Т. К.]. Львов шаарынын күн чыгыш жагындагы кичинекей үйдүн* ***аркасынан*** *төрт кишинин карааны көрүндү да жок болду [А. Т.]. Үңкүрдүн* ***оозунан*** *Ташчайнар менен кептелише түшүп, ушунун баарына ошо күнөөлүдөй жаалданып уруп өттү [Ч. А.]. Дүйшөн эшиктин* ***оозуна*** *турган калыбында ордунан козголбоду [Ч. А.]. Жар башына чыгып бир кылчайып карады да, кайыңдын* ***арасын****а кирип кетти [Ч. А.].* Жогорудагы сүйлөмдөрдөгү анатомиялык атоолор аркылуу *(ич, ооз, арка, баш ж. б*) пайда болгон жардамчы атоочтор өздөрүнүн лексикалык маанисинен алыстап, мейкиндик, мезгил аралык маанилерде келип, накта жардамчы атоочтук маанилерди аткарып калды. Демек, адамдын дене бөлүктөрүн атаган сөздөр акырындап отуруп, жардамчы атоочтук маниге өтө ала турганын белгилөөгө болот. Ошону менен бирге эле Л. С. Бархударовдун “Кандай гана конкреттүү сөз болбосун, кызматчы милдет аткарыш үчүн, алгач ал абстракттуу маниге ээ болушу керек”-деген пикирине толук кошулууга болот. [Бархударов, 1952: 10]. Негизги (маанилүү) сөздүн маанисинин абстракттуу маниге өтүүсүндө сөздүн көп маанилүүлүгү да таасирин тийгизет. Бул сөздүн көп маанилүүлүгү тилдердин өсүп - өнүгүү процессинде да чоң роль ойнойт.

Окумуштуулардын көз карашында сөздөрдүн көп маанилүүлүгүнө метафора, метонимия, синекдоха сыяктуу лексикалык кубулуштар киргизилет [Калинин, 1966: 26–40]. Бул үч кубулуш (метафора, метонимия, синекдоха) адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөрдүн семантикасынын оошуусунда өз таасирин тийгизгендей: ***Башым*** *ооруп, дарыгерге кайрылдым. Добулгунун* ***башында*** *кир жайылып турат [Т. К.]. Капталдагы куу арчанын* ***башынан*** *жалгыз күкүк муңканып, чарчаңкы үн салууда [Т. К.]. Бала кол бочкени* ***бооруна*** *баса кучактап, кайыктын коңулуна бүктөлө жатты [Ч. А.]. Жылганын* ***боорундагы*** *тартайган сөксөөлгө Авдийди жабыла сүйрөп барышты [Ч. А.]. Ала-Дөбөттүн* ***боорунда*** *калган, кол жеткис жомок болгон мурдагы күндөрүн эстейт [Ч. А.].* Жогорудагы биринчи, төртүнчү сүйлөмдөрдөгү *баш, боор* сөздөрү зат атоочтук мааниде келсе, калган сүйлөмдөрдө метафоралык, синекдохалык жолдор аркылуу жардамчы атоочтук маанилерге өткөнүн байкасак болот.

Сөздөрдүн көп мааниде колдонулушу бардык тилдерде кездешет. Ошону менен катар түрк тилдеринде да кеңири колдонулат. Проф. А. И. Смирницкий «Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү тилдин системасынын таасиринен жана реалдуу аракеттин көп маанидеги чексиздиги»,-деп белгилейт [Смирницкий, 1956: 156]. Сөздөрдүн көп мааниде колдонула башташынын өзү - ошол сөздүн лексикалык мааниси күңүрттөнө баштаганынан кабар берерин илимпоздор белгилешкен. Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү адам баласы айлана-чөйрөнү терең өздөштүрүп, түрдүү касиеттерди ачууга таасирин тийгизди. Башкача айтканда, сөздөрдүн метафора жолу менен жаңы мааниге ээ болушу сырткы окшоштуктарга, жалпылыктарга негизделет жана ал окшоштуктар ар түрдүү болушу мүмкүн [ТИК, 1977: 219].

Убакыт өткөн сайын адамдар дүйнөнүн ар кандай сырларын ачып , акыл-эс жөндөмү өркүндөп отурушу - мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Чындыгында, күңүрттөнгөн (абстракцияланган) маани бардык жардамчы атоочтордо бирдей деп айтууга болбойт. Назар салып, карап көрсөк, жардамчы атоочтук мааниде активдүү колдонулган *«баш, ич, арка, үст, арт»* сыяктуу

сөздөргө салыштырмалуу кыйла кийин жардамчы атоочтук маниге өтө баштаган *таман, боор, бел, желке* ж. б. сөздөрдүн тилде (жардамчы атоочтук мааниде) зат атоочтук маанисинен алыстай электигинен кабар берет. Бул көз карашты жардамчы атоочторго атайын токтолуп, илимий эмгек жазган М. Оразов да белгилейт. Ал өз эмгегинде тилде кеңири колдонулган жардамчы атоочтор деп *ара, орто, ич, аст(ы), үст(ү)* ж. б. сөздөрдү киргизип, алардын жалпы мүнөздөмөсүнө токтолуп, маанилерине анализ берген. Зат атооч катары колдонулуп жүргөн кээ бир сөздөр белгилүү бир сөз айкашында жардамчы атоочтук мааниде колдонуларын да айтып өтөт. Мисал катары казак тилиндеги *ирге* (*кырг. иреге*) сөзүн алып, заттык маанисине караганда жардамчы атоочтук мааниси басымдуулугун белгилейт: *Карыянын үйүнүн* ***иргесинде*** *эккен жемиши мол болот* (каз.). Казак тилинде *маң, ирге* жардамчы атоочтору синоним катары келет [Оразов, 1970: 249]. Кыргыз тилинде да жогорку түшүнүктү туюнткан сөз *иреге* формасында колдонулат: *Боз үйдүн* ***ирегесинде*** *сандык турат* (кырг). Бирок бул сөздүн кыргыз тилинде жардамчы атоочтук мааниси жөнүндө бир жерде да сөз боло элек .

Жогоруда белгилеген *желке, таман, боор, каш, бел, жака, этек* ж. б. (булар жөнүндө кийинки бөлүмдө сөз болот) зат атооч сөздөр мейкиндик жөндөмөлөрүндө келгенде жардамчы атоочтук кызматты аткарып, өздөрүнүн негизги маанилеринен алыстап, мейкиндик гана мааниде колдонулат: *Балдардын чуусу коштоп, экөө сайдын* ***таманына*** *бир түшөт [Ч. А.]. Коктунун* ***таманындагы*** *суу гана жаагын баспай шаркырайт [Ч. А.]. Коктунун* ***таманына*** *түшүп суудан сүйрөтүп өтүш керек [Ч. А.]. Мүйүздүү Бугу-Эне машинени ашуунун* ***белине*** *түртүп барат [Ч. А.]. Тек катын - балдар Ала-Дөбөттүн* ***бооруна*** *улуу от жагып, ошону менен атасынын үмүтүн колдоп турушкандыр [Ч. А]. Суук түшкүчө дөбөнүн* ***этегинде*** *аккан таштак сууну кол кармашып кечип жүрдүк [Ч. А.]. Аксайдын* ***жакасына*** *кош түшкөнүнө үч күн болду [Ч. А.]. Эки карышкыр таң аткыча жарыша улуп, короонун* ***желкесинде*** *жүрдү [Ч. А.].* Жогорудагы мисалдарда белгиленген сөздөр жардамчы атоочтук мааниде колдонулганы менен, лексикалык

маанилеринен өтө алыстай элек десек болот. Мындай сөздөрдүн тобун түркологиядагы кийинки изилдөөлөрдөн да жолуктурууга болот: *төс (основа), эдек (подол), колтык (подмышка), оос (рот), жака (ворот)* ж. б. [Орсулова, 2001: 97]. Кыргыз тилиндеги *таман, жака, ооз, этек* ж. б. сыяктуу сөздөр өзүнүн накта лексикалык маанисинде да колдонулуу менен катар акырындап жардамчы атоочтун катарын толуктап келет. Ал эми мурдатан колдонулуп келе жаткан, б. а., активдүү колдонулган жардамчы атоочтор лексика-семантикалык жактан кээде мейкиндик гана мааниде келсе, кээде мезгилдик да, мейкиндик да мааниде кеңири колдонулат: *Бостон жараканын* ***четине*** *жетип карады - аңгыраган капкара жар… [Ч. А.] . Короонун* ***четинде*** *боз үй турат [Т. К]. Менин сенде жумушум бар,-деди Базарбай, зөөкүрлөнө Бостондун* ***маңдайына*** *отуруп ... [Ч. А.]. Кечинде баары – алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту; токойдун* ***четине,*** *үңкүргө жакын жерге оттон улуу жагышты [Ч. А.]. Тиги аңыздын* ***четинде*** *Балтек чуңкурдагы уюган канды буртулдата сугунуп жатат [Ч. А.].* Бул мисалдардагы ***четине***, ***маңдайына*** деген жардамчы атоочтор мейкиндик мааниде гана келди. *Билинбей түн* ***ичинде*** *жаап салган биринчи кар баарына күтүүсүз болду [Ч. А.]. Ушул өткөн жылдардын* ***ичинде*** *Асел өзгөрүп калыптыр, көздөрү да өзгөрүптүр [Ч. А.]. Атаганат, ушу түн* ***ичинде*** *капилет жел туруп, асман ачылып, жылдыз көрүнсө ээ! [Ч. А.] (мезгилдик мааниде келди). Маралдарга токой* ***ичине*** *чөп чачып койсо жакшы болбос беле [Ч. А.]. Ташчайнар үңкүрдүн* ***ичине*** *кирип, кайра да Акбараны булактын жээгинен кууп жетти [Ч. А.]. Там* ***ичине*** *караңгылык уюп алды [Ч. А.]* (мейкиндик мааниде келди). Ушинтип жардамчы атоочтордун табиятына талдоо жасап отуруп, семантикалык жактан берген маанилерине карата талдоо жүрөрү М. Оразовдун эмгегинде да белгиленет. Ал жардамчы атоочторду эки топко бөлөт: 1) мейкиндик мааниде гана колдонулган жардамчы атоочтор: *маңдай, жаны, кашы, чети, төбөсү* ж. б; 2) мейкиндик да, мезгилдик да мааниде колдонулган жардамчы атоочтор: *алды, башы, ичи,* ж. б. [Оразов, 1970: 155]. Бул көз карашка толугу менен кошулууга болот .

Жардамчы атоочтордун алгачкы калыптануу мезгилине назар салсак, алсак Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен башталып, бүгүнкү күнгө чейин өсүп-өнүгүп отурат. Убакыттын өтүшү менен кээ бир сөздөр заттык маанисинен алысташы - мыйзам ченемдүү көрүнүш. Жардамчы атоочтордун этимологиялык тарыхына талдоо жасаганда, алар зат атооч сөздөрдүн маанисинин солгундашынан улам пайда болгонун көптөгөн адис түрколог дор белгилеп келишет. Маселен, Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде *алд(ы)* сөзүнүн ордуна *өн(ү) / өң(ү)* сөзү колдонулганын айрым илимий эмгектерден жолуктурабыз*: **Өңден** кагангару сү йорылым, тимис, йорымасар бизни: каганы алп эрмис, айгучысы билге эрмис кач нең эрсер бизни өлүртечи күк, тиди* (***Алдыдан*** *каганга карай кол келет дейт, жортуул жасабаган бизди: каганы алп, кеңешчиси акылман болгон, канткен менен да бизди өлтүрөт го-деди*) [Сыдыков, 2001: 92]. *Сү йорыды, өзимин өңре быңа башы ыты. Кейреде **өңдин** йантачы (Кол менен жүрдү өзүмдү алдыга миң башы кылып жиберди. Кейренин **алдынан** түштүк-чыгышынан кайтмакчы элем*) [Сыдыков, 2001: 131].

Ал эми М. Кашкаринин сөздүгүндө *өн/өң, илк* сөздөрү жолугарын көрүүгө болот: *О бенден **өнже** гитти (ал менден мурда барды/ал менин алдымда барды). Илк сен баргыл (алды сен бар/алды сен кет)* [Кашкари, 2011 : 43].

Түрк тилинин грамматикасын изилдеген проф. Н. К. Дмитриев да түркиялык түрк тилинде ön сөзүнүн колдонулганын белгилеп, «алгач *өн* сөзүнүн алдыңкы бөлүк, алды экендигин белгилөө керек»-деген ой айтат: perde önünde - парда алдында [Дмитриев, 1962: 123]. А. Кононов да «*өнре-(өңре)-өн – уңгу (алды), -ра* мүчөсү байыркы багыт жөндөмөсүнүн мүчөсү»-деп белгилейт [Кононов, 1951: 29]. *Алд(ы)* сөзүнүн синонимдери катары жазма эстеликтерде *өн/өң, илк* сөздөрү кездешери байкалат.

Алд(ы) сөзү бардык түрк тилдеринде кездешет, бирок алардын бардыгында бирдей даражада колдонула бербейт. Кыргыз, өзбек, казак, татар, каракалпак ж. б. тилдеринде көп колдонулса, түркмен тилинде сейрек кездешип,

алд сөзүнүн ордуна байыркы формасы *өң* сөзү колдонулат.Азыркы күндө кыргыз, казак тилдеринде өң сөзү зат атоочтук мааниде гана колдонулуп келет: кездеменин **өңү** ачык түстүү, казак тилинде: матаның ***өңі нашар***.

Белгилүү түрколог А. Н. Кононов *алд(ы)* сөзүнүн этимологиясын мындай чечмелейт а*лд(ы*) сөзүнөн эки элементти көрүп турам: *ал -д: ал – уңгу, -д* таандык мүчө-деген [Кононов, 1951: 33]. Ал эми Ф. . Исхаков *алд* сөзүндөгү «д» тыбышын төмөнкүдөй көрсөтөт: *ал*–уңгу, *-д*-таандык мүчө; *ал*–уңгу, *алын/-ын*-байыркы эринсиз мүчөнүн *-ун* варианты; *алны/-н*-байыркы *–ун* мүчөнүн рудименти; *-ы*-III жактын таандык мүчөсү; *алды/ -д*-байыркы *–ун* мүчөсүнүн өзгөргөн рудименти; *-ы* III жактын таандык мүчөсү [Исхаков, 1953: 131].

Активдүү колдонулган жардамчы атоочтордун дагы бири–*үст(ү)* жардамчы атоочу. «*Үст* сөзүнүн уңгусу генетикалык жактан бир уңгудан чыгып, фонетикалык жактан өзгөрүлүп гана айтыларын(*үс/үз/үз; үст* (кырг. каз .), *ост* (өзб.) Ф. Г. Исхаков төмөнкүдөй көрсөтөт: «т» элементи таандык категориянын III жагынын байыркы *-ун* мүчөсүнүн өзгөргөн рудименти, *үст* сөзү морфологиялык жактан *үс* –деген уңгудан жана – ун байыркы өзгөргөн мүчөдөн туруп, үс +ын = үсүн формасына келип, *үс + үн + ү/үснү/үстү; үс + т + ү = үстү* түрүнө келген, *«н»* тыбышы каткалаң *«с»* тыбышы менен катар келип калгандыктан «т» тыбышына өтүп кеткен деген оюн айтат [Исхаков, 1953: 124-136]. Мындай илимий анализ кылынган сыпаттоолор жардамчы атоочтордун таандык мүчөнүн формасын кабыл алганда гана накта жардамчы атоочтук мааниде колдонуларын бышыктайт.

А. Н. Кононов морфологиялык жактан *үст* сөзүн эки уңгуга бөлүүгө болорун мындайча көрсөтөт: «түрк тилиндеги үст/үзери бул сөздөр бир эле уңгудан үс/үз - үстүңкү жак; үст/үс – тү, ал эми -тү III жактын таандык мүчөсү» -деп Ф. Г. Исхаковдун пикирине жакын ойду айтат [Кононов, 1956: 329]. Илимий эмгектерде жогоруда сөз жүргөн *«т»* элементи тууралуу түрдүү пикирлер айтылат. Алсак, проф. Н. К. Дмитриев *«т»* элементи эски уйгур-чагатай тилинин чыгыш жөндөмөсүнүн (-дын/-дин) калдыгы болуу керек деген .

Жардамчы атоочтор муун сандары боюнча да айырмаланат. Ошондуктан бүгүнкү күндө биз колдонулуп келе жаткан *алд, үст, аст, каш, жан*, ж. б. жардамчы атоочтор бир муундуу формада кезиксе, кээ бирлери: *арка, орто, каршы, ара* ж. б. эки муундуу сөздөр.

Негизинен түрк тилдеринде байыркы замандарда жана орто кылымдарда бир муундуу сөздөр көп кездешкен. Алар жөнүндө илимий эмгектерде да жазылган. Маселен, Б. М. Юнусалиевдин «Киргизская лексикология» аттуу уникалдуу эмгеги - буга күбө. Ошондой эле проф. А. Н. Баскаков «Каракалпак тилинин грамматикасына» таянып, мындай корутундуга келет: «каракалпак тилинде (башка түрк тилдеринде да) уңгу С–Г-С тибинде кездешет, бул уңгунун тиби байыркы уңгунун структурасынан калыптанып түзүлгөн» [Баскаков, 1940: 42].

Ошентип азыркы адабий тилде уңгу түрүндө деп эсептеп жүргөн жардамчы атоочтор алгач мындан да кыска түрдө экендигин тиешелүү эмгектер айгинелеп келет. Бирок жардамчы атоочтордун бул туунду уңгусун биз азыр тубаса уңгу катары кабыл алабыз. Буга мисал катары казак окумуштуусу А. Ыскаковдун *жан, жак* сөздөрүнүн негизги уңгусу *жа* болгондугун айткандыгын билдиребиз, бирок азыркы күндө ал уңгу маани билдирбегендиктен изилдөөчү *жан, жак* сөздөрүн туунду деп карабай, негизги уңгу деп карайбыз» - деген. [Ыскаков, 1964: 33].

Азыркы кезде колдонулуп жүргөн жардамчы атоочтордун тутумунда сөзсүз түрдө *т//д* тыбыштары (*аст, үст, алд* болуп) орун алып жөндөлүшкө ээ болот, мурунку тарыхыбызда «д» тыбышысыз эле жөндөлгөндүгүн байкоого болот. Мисалы: ***Үзе*** *көк теңри,* ***асра*** *йагыз йир кылын тукта, экин ара киси оглы кылынмыс.* ***Үстүдө*** *көк теңири,* ***астыда*** *кара жер жаралганда (бүткөндө) эки арада (экөөнүн ортосунда) киши уулу (адам) жаралган* [Сыдыков, 2001: 65]. ***Үзе*** *түрк теңриси түрк ыдук йири.* ***Үстүндөгү*** *(асмандагы) түрк теңири, түрк ыйык жери* [Сыдыков, 2001: 67]. Жогорудагы мисалдарда *үзе, асра* сөздөрү *д/т* тыбышсыз эле айтылып, *ас*–уңгу, *-ра* байыркы барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү катары колдонулду. Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде активдүү же көп

колдонулган жардамчы атоочтор *үст* сөзүнүн *үзе* формасы экени аныкталды. Бүгүнкү күндө да *үст(ү), аст(ы)* жардамчы атоочтору бардык түрк тилдеринде активдүү колдонулуп келет. Алсак: кырг. *үст(ү);* каз. *үсті*; алтай. *уст; як. үрүт*; өзб. *уст(и),* тат. *ост(е).*

М. Кашкаринин сөздүгүндө да *asra-alt*, *aşağı* (кырг. *алд, алдында*) түшүнүгүндө берилген [Кашкари, 1992 : 12]. Азыркы түркиялык түрк тилинде да *aşağı* (кырг. *алды*) сөзү колдонулат.

XIV к. эстеликтерде *алын, алны* сөздөрү *алды, алдына* сөздөрү менен маанилеш болгон [Фазылов, 1996: 44]. Азыркы хакас тилинде кыргыз тилиндегиден айырмаланган алн(ы) тыбыштык турпаттагы сөздү кездештирүүгө болот. Мисалы: *тура алны* (кырг: *үйдүн алды*), *алнында* (кырг: алдында бир нерсенин), *тань алнында* (кырг: *таң алдында*) . Бул сөздөрдөгү *алнында* сөзүнүн уңгусу *ал*, -да болсо жатыш жөндөмөнүн мүчөсү. Ошентип, азыркы хакас тилинде *алны* сөзү *алнына, алнында, алнынаң, алнынзар, алнынча* сыяктуу турпаттарда кезигет. Буларга салыштырмалуу кыргыз тилинде “д” тыбыштуу варианты жолугат: алдына, алдында, алдынан. Бул сөздөрдүн төркүнү хакас тилинде зат атоочтор экени айтылып, ал тилдин грамматикасында төмөнкүдөй мисалдар берилет*: Галя тізең көріндес* ***алнында*** *сарыг сазын таранып одырча (Галя күзгүнүн* ***алдында*** *сары чачын тарап отурду). Мын зынаң улуг прлыгбын пабамның* ***алнында*** *(Бул үчүн атамдын алдында_абдан күнөөлүүмүн)* [ГХЯ, 1975: 263].

2.3. Жардамчы атоочтордун жалпы мүнөздөмөсү

Түрк тилдеринде, анын ичинен кыргыз тилинде да негизги сөз түркүмүнүн бири болгон зат атоочтун курамында бир канча сөздөрдүн тобу (40 ка жакын – А. Д.) бирде өзүнүн толук маанисинде колдонулса, бирде лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүн башкача айтканда, жардамчы атоочтук мааниде колдонулуп калат. Ошентип, жардамчы атоочтор грамматикалык жөндөмөлөрдүн (атооч, илик, табыш) биринде турса, өзүнүн толук лексикалык маанисин сактап, заттык түшүнүктү билдирет. Бул учурда

алар өз алдынча сүйлөм мүчөсү боло алат; эгерде алар синтаксистик жактан ажырагыс сөз айкашынын тутумунда келсе, өзүнүн алдындагы айкашкан сөзү менен бирдикте сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат: *Бирок ал канчалык акылдуу, канчалык сезимтал болсо да Акбаранын* ***жанынын*** *кандай күйүп жатканын баары бир көз алдына толук элестете алган жок [Ч. А.]. Алды-артына күүлөнтүп, мотордун* ***жанын*** *чыгара бастым [Ч. А.]. Кабинанын* ***үстү*** *дабырап, айнектеринен чууруп жаан суусу салаа-салаа акты [Ч. А.]. Аялдар чай бергенге камынып , дасторкондун* ***үстүн*** *жыйнап жатат [Ч. А.]. Ошо суунун* ***үстү*** *менен кургак жерде баскандай баратат Кириск [Ч. А.]. Бадалдуу жерде кар* ***үстү,*** *бадал* ***асты*** *болуп жыбылжып, жыбытка киргенде кубаңдаган көлөкөдөй зыпылдап жүрүп баратты бөрүлөр. [Ч. А.]. Мындайда аргасыздан өтүктү чулгоосу менен кире беришке таштап, ала кийиз, шырдактын* ***үстү*** *менен байпакчан басып өтөт экенсиң да [Ч. А.]. Момун көзүнүн* ***үстү*** *менен бир карады да, эчтеме укпагандай, түшүнбөгөндөй унчукпады [Ч. А.]. Музга кошо тоңгон шагылдын* ***үстү*** *менен сойлош оңтойсуз эле, бирок антпесе болбойт, Кириск түшүндү [Ч. А.]. Тигине, столдун* ***астын*** *кара [Ч. А.]. Керегенин* ***астын*** *казып оюп жибергенимди көрсө да, ал мени эчтеке деген жок [Ч. А.].* Ал эми жардамчы атоочтор кызматчы сөз катары келгенде, ага таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрдүн (барыш, жатыш, чыгыш) биринин мүчөсү уланып, алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен изафеттик айкашта келип, грамматикалык жана маани жактан өз ара тыгыз байланышта айтылат. Ошондуктан мындай изафеттик айкаштын тутумундагы жардамчы атооч жеке турганда түшүнүк бербей, өзү менен айкашып айтылган илик жөндөмөдөгү сөз менен бирге бир маанини билдирип, мезгилдик жана мейкиндик катышты туюндурат: *Ат сарайда катар тизилген балдардын* ***алдынд****а Тыналиев ушинтип айтты [Ч. А]. Булуттардын* ***арасынан*** *ай көрүнгөндөн баштап деңиз бети бирде жалтылдап, кайра өчүп, жыбырап жан кирди [Ч. А]. Бадалдын* ***арасынан*** *учуп өткөн элес болуп көрүнгөнү, ошондо маңдайы жарыла кубанганы эсине келди [Ч. А]. Анткен менен дүйнө куруп кеткен жери жок, ошо ар кошкон элдин* ***ичинен*** *жакшылары да чыкты*

[Ч. А]. Жогорудагы сүйлөмдөрдүн тутумундагы *алдында, арасынан, ичинен* деген жардамчы атоочтордун аягына III жактын таандык мүчөсү, андан кийин жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсү жалганып келди.

Жардамчы атоочтордун мындай эки жактуу милдет аткарганы окумуштуулардын да түрдүү ой пикирлерин ортого салды. Алардын бир тобу жардамчы атоочторду өз алдынча жеке категория катары караса [Н. К. Дмитриев, Н. П. Дыренкова, В. А. Исенгалиева, М. Оразов ж. б.], кээ бирлери жандоочтордун курамында карашып, бирок жардамчы атоочтук маанисин таанышган [Н. А. Баскаков, А. М. Щербак, И. А. Батманов, Н. З. Гаджиева ж. б.].

Жардамчы атоочтордун табиятын ачып берүүдө көрүнүктүү түрколог, окумуштуу Н. К. Дмитриев мындай деген : «Жардамчы атоочтор эки функцияны аткарат: биринчиси түз (тике) маанисинде б. а. негизги материалдык мааниде, экинчиси кызматчы б. а. абстракттуу мааниде келип, мейкиндик, мезгилдик маанилерди туюндурат»-деп, аларды семантикалык жактан вертикалдык жана горизонталдык планда караган [Дмитриев, 1937: 229].

Н. П. Дыренкова өз эмгектеринде жардамчы атоочторго токтолуп, мындай деген: «Толук өзгөрбөгөн сөздөрдүн тобу (жардамчы атоочтор) кээде өзүнүн лексикалык маанисин сактап, зат атооч катары: баш-голова келсе, кээде лексикалык маанисинен алыстап, жардамчы атооч (бажында–кырг. башында- А. Д.) катары келет» [Дыренкова, 1940: 114]. А. Н. Кононов жардамчы атоочтор, мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтөрүн жана ал жөндөмөлөр жеткиликтүү бере албай калган маанини жардамчы атоочтор аркылуу толукталарын айткан [Кононов, 1960: 54].

Жардамчы атоочторду тарыхый жактан алып караганда алардын көпчүлүгү адамдын дене мүчөлөрүн атоо аркылуу пайда болгонун якут окумуштуусу Н. Е. Петров: “Мурда адамдын дене бөлүктөрүн атаган конкреттүү заттарды, адамдар акырындык менен айлана–тегерегиндеги заттарга окшоштуруп айта башташкан: жанында, аркасында, үйдүн ичинде ж.

б.”-деп белгилейт [Петров, 1963: 8-9]. Бул ойду башка түрк тилдеринде кездешкен адамдын дене бөлүктөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтор да тастыктайт. Алсак, кыргыз тилинде*: баш, ооз, каш, ич, арка, бел, таман* ; казак тилинде : *іш , каш , бас , ауыз* ; өзбек тилинде : *бош, буй, орка, бет*; алтай тилинде*: ич, баш, жан, колтык, оос* ж. б. Ошентип, жардамчы атоочтор өздөрүнүн лексикалык маанисин бирде сактап, зат атооч катары келсе, бирде лексикалык маанисинен алыстап, зат атоочтун жетегинде келип, кызматчы мааниде келет.

М. Оразов “Адамдын дене мүчөсү болгон *баш, бет, аяк* сыяктуу сөздөрдүн негизги мааниси менен бирге, башка сөздөр менен айкашып да келет. Салыштырып көрсөк, *башым ооруду* дегендеги баш сөзү менен *суунун башы, даректын башы* сыяктуу айкаштагы *баш* сөзүнүн билдирген маанилери бирдей эмес“-деп, бул эки маанинин айырмачылыгы, лексикалык маанилеринин бирде толук лексикалык мааниге ээ болуусунда же ал маанинин басаңдап келиши менен түшүндүрөт [Оразов, 1970: 115].

Жардамчы атоочтор толук мааниде, зат атооч катары келсе, өз алдынча белгилүү бир заттын атын билдирет: *Ал калчылдаган **башы**н эки колдоп мыкчып, мештин оозундагы жыгачка отурду [Ч. А.]. Адам **оозуна** тамчы суу албай да эки-үч күн жашай алат [Ч. А.]. Асел **башынан** жоолугун түшүрбөйт [Ч. А.]. Антсе кыз **оозун** толтура суу ууртап алып, баланын бетине бүркөт [Ч. А.]*. Бул мисалдагы ***баш, ооз*** сөздөрү жеке лексикалык маанисин сактап, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткара ала турган даражада келди. Ал эми *Үңкүрдүн **оозунан** чыга калганда көздөрү жазгана түштү [Ч. А.]. Эрте жааган кар жердин жылуу демине чыдай албай, кара жолдун **бетиндеги** кар чөгө баштады*. (Эскертүү: *бетиндеги* жардамчы атоочуна жалганган *–гы* мүчөсү тууралуу В. А. Исенгалиева мындай дейт: “Служебные имена в местном падеже могут принимать также определительный аффикс *–гы/ги*”-деп, бул учурда ал аныктоочтун милдетин аткарып каларын айтып өтөт [Исенгалиева, 1957: 19]. *Калың элдин **койнуна** сиңип, көптүн бириндей тым-тырс жоголот [О. К.]. Өргөө **жанында** оподой сары дөбөт жатат [О. К.]. Өңү-түшү экенине көзү*

жетпей чеп ***ичинде****, боз тамдын караңгы бурчуна жөлөнүп туруп калды [О. К.].* Бул сүйлөмдөрдөгү *баш, бет, ооз, коюн, жан(ы), ич(и)* сөздөрүнүн мааниси абстракцияланып*, «добулгунун, үңкүрдүн, жолдун, өргөөнүн, чептин, элдин»* сыяктуу сөздөр менен айкашып, заттык маанини дааналап көрсөтүү даражасына жетип, жардамчы атоочтук мааниде келди.

Жардамчы атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алуусунда да өзгөчөлүк байкалат. Н. К. Дмитриев аларды, көбүнчө мейкиндик жөндөмөлөрдө келгенде жардамчы атоочтук маани сакталат да, грамматикалык жөндөмөлөрдө келгенде жөн гана зат атооч катары колдонулат, б. а., кызматчы маанисинен алыстайт,-дейт [Дмитриев, 1962:175]. Экинчи бир топтогу окумуштуулар жардамчы атоочтор бардык жөндөмөлөрдө (грамматикалык жана мейкиндик) келгенде жардамчы атоочтук маанисин сактап, өзү менен айкашып келген сөз менен бирдикте туруп гана бир түшүнүккө ээ болот-деген көз карашта [Н. А. Баскаков, 1952: 163; А. Н. Кононов,1960: 65; Н. Е. Петров, 1963: 98].

Жогорудагы аныктамалардан жардамчы атоочтордун (зат атоочтордон, жандоочтордон) айырмачылыгын байкоого болот. Бул эмгектерде жардамчы атоочтордун толук маанилүү сөздөрдөн (зат атооч) башкы айырмачылыгы лексикалык маанисинин солгундашы, жеке турганда сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албаганы баса белгиленет.

Н. Е. Петров да якут тилиндеги жардамчы атоочторго изилдөө жүргүзүп, “Жардамчы атоочтор бардык жөндөмөлөр менен жөндөлөт, айрыкча, мейкиндик жөндөмөлөрүндө келип таандык мүчөнү кабыл алат”,-деп жардамчы атоочтордун мейкиндик барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө кеңири колдонуларын баса белгилеген [Петров, 1963: 64].

Л. Н. Харитонов якут тилинин грамматикасына таянып, «Жардамчы атоочтор орус тилиндеги предлогго жакындап, түрдүү мейкиндикти, кээде мезгилди туюндурат: *ис*-внутренность, *хос и игэр*-в комнате, алын-низ, остул анныгар-под столом. Мындай жардамчы атоочтор бардык жөндөмөлөрдө жөндөлүп, айрыкча мейкиндик жөндөмөлөрүндө көбүрөөк колдонулганын баса

белгилеп: “Жардамчы атоочтордо жөндөмө формаларынын эң көп колдонулгандары барыш, чыгыш, курал жөндөмөлөрү болуп эсептелет”,-деп билдирет [Харитонов, 1947: 128]. Жардамчы атоочтордун жөндөмө мүчөнү кабыл алышынын өзү - зат атооч сөздөрдүн курамынан алыстай электигинин далили катары карасак болот. Себеби жардамчы атоочтор накта кызматчылык милдетте келген жандооч, байламта, бөлүкчөлөрдөн айырмаланып, чыгыш теги жагынан кыйла кийинки мезгилде жаралган сөздөрдүн тобу болуп эсептелет. Ошондуктан, биринчиден, чыккан этимону даана, экинчиден, сөз өзгөртүүчү жана жөндөмө мүчөнү бардык башка зат атоочтордой эле кабыл алып турат .

Жогорудагы ойду казак окумуштуусу А. Ыскаков да казак тилиндеги жардамчы атоочтор толук жөндөлүшкө ээ болот деген көз карашы менен толуктайт: “Жардамчы атоочтор көлөмдүк катышты билдиргендиктен, көбүнчө барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө колдонулат. Ошону менен катар кажетине карай кээ бир жардамчы атоочтор бардык жөндөмөлөрдө жөндөлүшкө ээ боло берет”-дейт [Ыскаков, 1964: 202]. Ал эми Т. Е. Орсулова тарабынан жазылган илимий эмгекте: “Жардамчы атоочтор өз алдынча турганда конкреттүү маанини билдирбейт, изафеттик айкашта келип, барыш, жатыш, чыгыш, курал жөндөмөлөрдө келгенде мейкиндик маанини туюндурат“-деген ой айтылат [Орсулова, 2001: 27].

Жардамчы атоочтор алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүк милдетти аткарып, жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтүүчү сөздөр жардамчы атоочтор-деп аталат [КАТГ, 1980: 207]. Ошентип, жардамчы атоочторду – кызматчылык милдет аткарган сөздөрдүн өзгөчө бир тобу деп эсептөөгө болот.

Жардамчы атоочтор белгилүү бир заттын же заттык кубулуштун, мезгил–мейкиндиктин, окуянын, нерсенин ортосун, аралыгын, сыртын, төбөсүн, башын, ичин, айланасын ж. б. билдирип, негизги сөздөр менен айкашып гана сүйлөмдүн татаал мүчөсүнүн милдетин аткара алат. Негизинен алар алгачкы лексикалык маанисинен бүтүндөй алыстабаган сөздөр десек болот. Анткени жардамчы атоочтор жөндөмө, таандык, көптүк, жак мүчөлөрдү кабыл ала берет.

Жардамчы атоочтор, көбүнчө мейкиндик жана мезгилдик маанидеги сөздөр менен жалгашып келип, ошол (мезгилдик, мейкиндик) мааниде колдонулат. Жалпы түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун табиятын аныктоодо зат атоочтор менен салыштырып кароо максатка ылайыктуу, анткени жардамчы атоочтор зат атоочтун маанисинин солгундашынан улам пайда болгону белгилүү эмеспи .

2.4. Жардамчы атоочтор менен жандоочтордун жалпылыктары жана айырмачылыктары

Жардамчы атоочтор тилибизде мурдатан бери эле колдонулуп келе жаткан, сүйлөм ичинде белгилүү бир даражада кызмат аткарып, жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтүүчү сөздөрдүн тобу экенин белгилеп өттүк. Бирок жардамчы атоочтор менен жандоочтор узак убакыттан бери бири-биринен ажыратылбай бир категория катары каралып келгени түркологиянын тарыхында белгилүү.

Улуу Октябрь революциясынан мурдагы алгачкы эмгектерде окумуштуулар жардамчы атоочторду орус тилиндеги “предлогдор” менен салыштырып, атооч сөздөрдөн кийин келгендигин белгилеп “послелоги” деп аташкан. Бул ошол мезгилдин көз карашында жетишкендик болгону менен, азыркы күндүн талабында бир тилдин грамматикалык теориясы менен башка тилдин грамматикасын изилдөө жакшы жыйынтык бербей турганын, ар бир тилдин өзүнүн тилдик өзгөчөлүгүн, ички мыйзамдарын эске алуу керек экенин тастыктады. Ошондой болсо да алгачкы жарык көргөн эмгектерде жардамчы атоочторду жандоочтордон айырмалап көрсөтүү үчүн “өзгөчө касиетке ээ болгон зат атоочтор“ деп караган окумуштуулар да болду [ГАЯ,1869, 100-106; Старчевский,1878: 15].

Орхон-Енесай жазуу эстеликтерин изилдеген окумуштуулар да ошол тилдин курамында кызматчы сөздөр айтайын деген ойду так, даана жеткизүү үчүн жана сүйлөмдөгү сөздөрдү бири-бири менен байланыштырып туруу

кызматын аткаруу үчүн колдонулгандыгын белгилешет [Насилов, 1960: 105]. Ошондой болсо да алгачкы мезгилдерде жардамчы атоочтор жеке бир изилдөөнүн объектиси болгон эмес, бирок грамматикалардын ичинде изилдөөгө алынган.

Н. К. Дмитриев түркологиянын тарыхында биринчи жолу жардамчы атоочторду жандоочтордон бөлүп, бул эки категорияны бири-бири менен салыштырып, айырмачылыктары менен бирге окшоштук жактарына да токтолгон. Биринчи жолу «жардамчы атооч» терминин түркологияда колдонгон окумуштуу бул – Н. К. Дмитриев болгон. Ал өзүнүн 1937-жылы чыккан «Служебные имена в турецком языке» деген макаласында бул терминди пайдаланып, жардамчы атооч менен жандоочтун эки башка категория экендигин далилдеп берген. Автор жардамчы атоочтор мурда толук маанилүү сөз болгондугун айтып, ошол толук маанилүү сөздөр бара-бара лексикалык маанисинин солгундашынын, башкача айтканда, грамматикализациялануунун натыйжасында пайда болгондугун баса белгилейт.

Н. К. Дмитриев бул эмгегинде жардамчы атоочтор жөндөмөлөрдүн маанилерин толуктап, так көрсөтөрү айтылып, сүйлөм тизмегинде келген тартибине да көңүл бөлүнгөн. Жардамчы атоочторго таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрүнүн (барыш, жатыш, чыгыш) биринин мүчөсү жалганып өзүнүн алдындагы илик жөндөмөсүндөгү зат атооч сөздөр менен кыйышуу жолу аркылуу айкашып келери айтылат [Дмитриев, 1962: 120 -121].
Жардамчы атоочтор - кызматчы сөздөрдүн өзгөчө бир түрү. Ошондуктан жардамчы атоочтор семантикасы жагынан жандооч, бөлүкчө, байламтага караганда бир кыйла жогору турат, т. а., өзүнүн баштапкы этимонунан алыстай элек. Тарыхый жагынан алып караганда кызматчы сөздөрдүн баары толук маанилүү сөздөр болгон. Мезгил өтүү менен бирге, мурда толук мааниде колдонулган сөздөр лексикалык маанисинен алыстап, күңүрттөнүп, кызматчы милдетти аткара баштайт: карай-кара (этиш) + й, бирок–бир (сан атооч) + ок бөлүкчө [АКАТ, 2009: 306]. Ошентип жардамчы атоочтор менен жандоочтор бири-бирине грамматикалык кызматы жагынан, мааниси жагынан жакын

категория, айрыкча, жөндөмөлөрдүн маанисин толуктоо жагынан. Жалпысынан эле карап көрсөк, эки категориянын лексикалык маанилеринин басаңдашы, грамматикалык маанилеринин басымдуу болушу алардын жеке турганда сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албашын шарттайт. Ошондуктан жандооч да, жардамчы атооч да өздөрүнүн алдында турган негизги маани берүүчү сөздүн болушун талап кылып, аны менен бирдикте туруп, аларга ар түрдүү кошумча маанини киргизет.

Эми жардамчы атооч менен жандоочтордун жалпылыктарына жана айырмачылыктарына токтолобуз.

1. Жардамчы атоочтор - аз болсо да маанилик касиетин сактап, лексикалык маанилеринен толук ажырабаган сөздөр. Алар заттык маанисинен көп алыстай элек сөздөр. Ошондуктан сүйлөмдүн толук бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Башкача айтканда, бул учурда кызматчы сөз маанисинде эмес, заттык мааниде колдонулат. Мисалы*: **Ичинде** жетиштүү огу бар [Ч. А.]. Вертолет нарытан кыйып өттү, **ичиндегилер** бул үчөөнү көргөндөй деле болгон жок ... [Ч.А.] . **Жанында** бир сепейген кара абышка отурат [Т. К.]. **“Башынан** эле мыкты жигит болчусуң» - деп ичимен кубанып калдым [Ч. А.]. **Ичимде** бороон жүрүп жатканын ал кезде туйбады [Ч. А.]. **Ичинде** туздалган балык бар экен [Ч. А.]*. Бул мисалдардагы *ичинде, ичиндегилер* деген сөздөр өз алдынча бир суроого жооп берип, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарды (ичинде – кайда? орун тактооч, ичиндегилер–кимдер? ээлик милдетти аткарды ж. б.). Ушул сыяктуу эле *баш, ооз, арка* сөздөр адамдын дене бөлүгүн атоочу кадимки эле зат атооч сөздөр болсо да, экинчи бир маанисинде лексикалык мааниси солгундап, алдыдагы сөз илик жөндөмөсүндө келип жардамчы атоочтук (кызматчылык) мааниге өтүп колдонулат: *Кызыл үйдүн оозунда күмүштөгөн айбалтачан сакчылар турат [Ч. А.]. Бала үйгө жүгүрүп жеткенде машине-дүкөн тамдардын **аркасынан** жакындап келаткан [Ч. А.]. Мисирде жүргөндө бала Исустун **башынан** ушундай бир окуя өткөн болучу [Ч. А.]. Булуттар деңиз **бетинен** тарап, жээкти кыркалаган дөбөлөрдү карай*

сүрүлдү [Ч. А.]. Капталдагы куу арчанын ***башынан*** *жалгыз күкүк муңканып, чарчаңкы үн салууда [Т. К.].*

Ал эми жандоочтор жөн гана кызматчы сөз катары колдонулат. Жандоочтор чыгыш теги боюнча атооч сөздөрдөн пайда болгон жандоочтор: *менен, соң, илгери, башка, жөнүндө, аркылуу* ж. б., этиш сөздөрдөн пайда болгон жандоочтор: *сайын, чейин, дейин, жете, карай, көздөй* ж. б. деп экиге бөлүнөт: *Күн* ***мурункусунан*** *күчөнүп, шатыратып жаап турат [К. Б.] (тактооч).* ***Соңку*** *эки жыл ичинде [К. Ю.] (сын атооч). Кыштактан* ***ары*** *үч жүз метрдей барганда, ат чабарларды токтотту [К. Ж.] (жандооч).* ***Илгери*** *ушул жерде бир дөө турган экен [К. Ж.] (мезгил тактооч*).

Жандоочтордун көпчүлүгү (нака жандоочтор) өзүнүн лексикалык маанисинен алыстап, грамматикалык мааниси басымдуу болуп, өз алдынча турганда сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албай калат: *Саат тургай минут* ***сайын*** *сүйүүсү арбыйт [Н. Б.] (мезгилдик маани). Сен келгенге* ***чейин*** *биз ишти бүтүрүп койдук [Т. С.) (мезгил тактооч). Эки жеңин каруусуна* ***дейре*** *түрүп койгон [Т. С.] (мейкиндик маани).*

2. Жардамчы атоочтор көбүнчө мейкиндик, мезгилдик мааниде колдонулат. Эгер мезгилдик мааниде колдонулса, өзүнүн алдындагы сөздү (атооч сөздөрдүн маанисин да) мезгилдик мааниде болушун талап кылат*: Үч жарым жылдын* ***ичинде*** *Анархайдын тиги четине да, бу четине да чыктык [Ч. А.]. Боз тумандын* ***ичинде*** *беттери карайып көрүнөт [Ч. А.]. Бул мезгилдин* ***ичинде*** *айылга кайрылып барууга чолом тийбеди [Ч. А.].*

Жандоочтордун ичинен нака жандоочтор лексикалык маанисинен кыйла алыстаган сөздөр десек болот: *Күздөн тартып жазга* ***чейин*** *окудук [М. Э.]. Жазда эгилген эгин күзгө* ***дейин*** *орулуп, жыйналып бүтөт [К. Б.]. Кечке* ***жете*** *күтө албайм [М. Э.]. Вокзалга* <u>*карай*</u> *жол тарта барыңыз [Т. С.]. Согушка* ***чейин*** *гидротехник болчумун [Ч. А].* Демек, жардамчы атоочторго караганда жандоочтор лексикалык маанисинен алда канча алыстаган.

3. Жардамчы атооч өзүнүн алдындагы сөздүн илик жөндөмөсүндө турушун талап кылат да, таандык мүчө, андан кийин мейкиндик барыш, жатыш,

чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсүн кабыл алат. Кээде өзүнүн алдындагы илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп да айтылат: *Мына ошондо чыканак* ***астынан*** *муштумдай бир таш ылдый кулап кетти [Ч. А.]. Машине чөп* ***астынан*** *көрүнбөй калат, бет* ***алдындагы*** *айнеги гана жылтырап, тумшугу чыгып, төрт дөңгөлөгү гана калат [Ч. А.]. Үнү жар* ***башынан,*** *суу* ***үстүнөн*** *толкуп, «А–О, А–О» - деп токойдонжаңырды [Ч. А.]. Бала үймөк чөптүн* ***түбүнө*** *жатып алып, тегерете дүрбү сала кетти [Ч. А.]. Чексиз суунун* ***бетинен*** *кылтыйып чыгып турган үч аска бар [Ч. А].*

4. Жардамчы атоочтор жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрө алат: *Бир кездерде ошол дөбөнүн* ***үстүндө*** *мектеп болгон экен [Ч. А.]. Бир саамга калаксыз калган кайык чыбыр толкун* ***үстүндө*** *калтылдап кетти [Ч. А.]. Тескерисинче, биз үлпөттүн* ***үстүндө*** *отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграммасын ала чаап келди [Ч. А.]. Бирок азырынча теребел тунжурап, жер тумчугуп калың кардын* ***астында*** *жатат [Ч. А.]. Өзү жалгыз, колунда узун таяк, койдун* ***артынан*** *баратты [Ч. А.]. Моюнкумдун кең талаасынын* ***үстүнө*** *кумсарган ай чыккан [Ч. А.].*

Ал эми жандоочтор өздөрүнүн алдындагы атооч сөздөрдүн белгилүү бир жөндөмөдө турушун талап кылып, өздөрү жөндөмөлөр менен өзгөрбөйт. Алсак, 1) атооч жөндөмөдөгү сөз менен: *жөнүндө, тууралуу, боюнча, аркылуу, үчүн, сайын, менен* ж. б. жандоочтору айкашып келсе; 2) барыш жөндөмөдө: *жараша, дейре, чейин, караганда* ж. б. жандоочтору айкашса; 3) табыш жөндөмөдө: *карай, көздөй* ж. б. жандоочтору айкашат; 4) чыгыш жөндөмөдө: *ары, бери, мурун, кийин, соң, тышкары*, *көрө* ж. б. жандоочтору айкашып айтылса, ал эми илик жана жатыш жөндөмөлөрү аркылуу жандоочтор айкашып келе бербегенин байкоого болот [Мусаев, 1968:26]. Мисалы: *Айылга* ***карай*** *жол тартты (барыш жөндөмө). Бул окуядан* ***кийин*** *ал жерде жашоо мен үчүн мүмкүн эмес эле (чыгыш жөндөмө) [Ч. А.]. Качан карабагын, айылга кайсы туштан келбегин, элден* ***мурун*** *эле дөбөдө жанаша кыналышкан ушул бийик теректер көзгө учурайт (чыгыш жөндөмө) [Ч. А.].* Жандоочтор жөндөмө мүчөлөрү

менен өзгөрбөйт, жөн гана өзүнүн астындагы сөздөрдүн маанисин тактап көрсөтүп, ошол жөндөмөдөгү сөздөр менен айкашып келет.

5. Жардамчы атоочтор өзүнөн кийин жандоочторду кабыл алат. Бул учурда жардамчы атоочтун билдирген мааниси дагы да такталат, дааналанат: *Күндүзү күн, түбү тешик дүйнөнүн* ***түбүнө чейин*** *жүрө берет кармаш ... [Ч. А.]. Бостон карга боортоктоп жата калып, туңгуюктун* ***кырына чейин*** *сойлоп барды [Ч. А.]. Кай бирөө жандык мал айтат, кай бирөө өзү алган идиштин* ***ичи менен*** *бирдини дан айтат [Т. К.]. Андан ылдый коктунун* ***ичине чейин*** *эңкейиштеп жүрүп отурат [Ч. А.].*

Жандоочтор жогоркудай болуп өзүнөн кийин жардамчы атоочторду кабыл албайт. Тилде белгилүү болгондой, толук маанилүү сөздөрдөн кийин кызматчы сөздөр орун алып, маанилик жактан ыңгайлашат. Жандоочторго караганда жардамчы атоочтордо азыр-көптүр лексикалык маанинин бүгүнкү күндө да даана болуп турушу жардамчы атоочтордон кийин жандоочтордун келишине мүмкүндүк берип тургандай.

6. Жардамчы атоочторго таандык мүчө уланып, мейкиндик барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсү уланат. «Жандоочтор - өзгөрбөгөн сөз түркүмү жана орус тилиндеги предлог менен дал келет, ал эми жардамчы атоочтун табияты башка: алар зат атооч сөздөрдөн келип чыгып, жөндөмөлөр боюнча өзгөргөн сөздөр»-деп проф. Н. К. Дмитриев жандоочтор менен салыштырып көрсөткөн [Дмитриев, 1952: 90]. Ошентип, жандоочтор калыптанган, өзгөрбөгөн кызматчы сөздөрдүн катарын толуктайт. Проф. Л. Н. Харитонов бул боюнча: «сами по себе эти слова совершенно неизменяемые» - деп өтө таамай айткан. [Харитонов, 1943: 73].

7. Жардамчы атоочторго жатыш жөндөмөсүнөн кийин *-гы, -ги* мүчөсү жалганып, сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарып калат: *Баары кайтадан кайталанды, бадалдын* ***арасындагы*** *өздөрүнүн жолу менен Акбара асканын* ***түбүндөгү*** *үңкүргө шапа-шуп кирип барды [Ч. А.]. Эрте жааган кар жердин жылуу демине чыдай албай, кара жолдун* ***бетиндеги*** *кар чөгө баштады [Ч. А.]. Ошолордун* ***ичиндеги*** *Чоң сарысы айткан, кайсы бир өлкөдө деңизди суудай*

кечип өткөн улуу киши болгон экен [Ч. А.]. Көлдүн наркы ***бетиндеги*** *көгүлтүр мунарыктан тоолордун карааны көрүнөт [Ч. А.]. Ээн талаа, эрме чөлдүн* ***бетиндеги*** *жаныбарлардын баары номур коюлган квадраттарга бөлүнүп калганын баёо макулуктар кайдан билишсин [Ч. А.].*

Жандоочтор дээрлик сөз өзгөртүүчү, сөз жасоочу мүчөлөрдү кабыл албайт, жаңы сөз жасоого мүмкүнчүлүгү да жок.

8. Жардамчы атоочтор аз болсо да көптүктүн -лар мүчөсүн кабыл алат: *Чыбырдын* ***боорлорун*** *жойлоп, башка жандыктар жыл бою искеп жечү тоютту суурлар чээнге киргичекти, оттойт эмеспи [Ч. А.]. ... узатуучулар купе терезелеринин* ***түптөрүнө*** *топ-топ болуп чубалгыча мен четте турдум [Ч. А.]. Зор теректердин чайпалган* ***чокуларынын*** *күүсүн тыңшап мен көпкө дейре ушул жерде турдум [Ч. А.]. Кар бат жукарып, дөбөлөрдүн* ***чокулары*** *карайып, күңгөй беттер жашыл ыраң жамынды [Ч. А.]. Аттын* ***үстүндөгүлөр*** *түшкөн кезде үй ээси жадырап тосуп алды [Т. К.].* Жандоочтордо мындай касиет жок.

9. Жардамчы атоочтор менен жандоочтор бири-биринен морфологиялык түзүлүшү жагынан да айырмаланышат. Жардамчы атоочтор негизинен уңгу + таандык мүчө + жөндөмө мүчөлөрү (мейкиндик жөндөмөлөрүнүн бири, барыш, жатыш, чыгыш) уланып жасалат, жандоочтордо мындай касиет жок. Алар жөн гана атооч сөздөрдөн, тактоочтон, этиштен ж. б. сөз түркүмдөрүнөн калыптанып жасалат*: баш–ка, арка–луу, бой–у–н-ча* (зат атоочтон*), мурун, ары* (тактоочтон), ж. б. Изилдөөлөрдөн байкалгандай жардамчы атоочтор мааниси жагынан ылайык келген жандоочторду гана жалгай алат. Алсак, *үчүн* жандоочу жардамчы атоочтор менен айкашып келбегенин байкоого болот, анын себеби бул учурда жардамчы атоочтор мезгилдик да, мейкиндик да маанини туюндурбай калат.

Жогорудагы көрсөтүлгөн айырмачылыктар жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ар бири жеке категория боло ала турганын тастыктайт. Ошону менен бирге эле бул эки топтогу сөздөрдүн төмөнкүдөй жалпылык касиеттери бар экенин да айта кетүүбүз абзел.

1. Жөндөмө мүчөлөр жетиштүү бере албай калган маани жардамчы атоочтор жана жандоочтор аркылуу берилет. Маселен, төмөнкү жардамчы атоочсуз жана ал катышкан сүйлөмдөрдү салыштырыңыз; *Ал тоого боз үй тикти. Ал тоонун* ***этегине*** *боз үй тикти. Илгери бир заманда Ала-Дөбөттө үч бир тууган жашаптыр. Илгери бир заманда Ала-Дөбөттүн* ***этегинде*** *үч бир тууган жашаптыр [Ч. А.].* Эми жандоочсуз жана жандоочтуу сүйлөмдөрдү салыштыралы; *Адыл шаарга кетти. Адыл шаарды* ***көздөй*** *кетти. Булар буудайдан чыгып, жалгыз аяк жолго түшүп, кыштакка бастырышты. Булар буудайдан чыгып, жалгыз аяк жолго түшүп, кыштакты* ***көздөй*** *бастырышты [К. Б.].*

2. Кызматчы сөздүк мааниде келгенде жардамчы атооч да, жандооч да конкреттүү маанигe ээ эмес, ошондуктан сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткара албайт.

3. Сөз айкаштарынын тутумундагы жардамчы атооч да, жандооч да алдындагы атооч сөз менен өзүнөн кийинки этишти байланыштырат: *тамдын* ***үстүнө*** *чыгуу, короону* ***көздөй*** *басуу, үйгө* ***карай*** *кетүү, шаарга* ***карай*** *баруу, үйдүн* ***жанына*** *келүү, үйдүн* ***сыртына*** *чыгуу, шаарга* ***чейин*** *жетүү* ж. б.

4. Бул эки категория тең лексика-грамматикалык жактан атооч сөздөрдөн кийин келет. Салыштыр: *короонун* ***сыртында****, тоонун* ***этегинде****, даректын* ***башында,*** *тоонун* ***боорунда****, үңкүрдүн* ***оозунда****, айылдын* ***этегинде,*** *үйдүн* ***ичинде****, короонун* ***жанынд****а жана айылга* ***карай,*** *тоону* ***көздөй****, үйгө* ***карай,*** *мектепке* ***чейин****, түшкө* ***чейин****, жолдошум* ***аркылуу,*** *сен* ***үчүн.***

5. Жардамчы атооч да, жандооч да өзүнүн алдындагы сөз менен айкашып айтылат, бирок экөөндө тең лексикалык маани басаңдатылгандыктан сөз айкашынын багындыруучу түгөйү боло алышпайт, демек алар сөз айкашын түзө алышпайт. Маселен: *таштын* ***астында****, үйдү* ***көздөй,*** *мектепти* ***карай,*** ж. б. десек, толук маанидеги сөз айкаштары уюшулбайт. Жардамчы атоочтор да, жандоочтор да экинчи бир сөзгө багыныңкы компонент катары келгенде гана, сөз айкашы уюшулат: *таштын* ***астына*** *коюу, үйдү* ***көздөй*** *жөнөө, мектепти* ***карай*** *жөнөө.*

Жыйынтыктап айтканда, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда айрым бир айырмачылык жактары менен катар жалпылык жактары да орун алып келет.

II бап боюнча жыйынтык

Жардамчы атоочтордун алгачкы калыптануу мезгилине назар салсак, Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен башталып, бүгүнкү күнгө чейин өсүп-өнүгүп отурат. Жардамчы атоотордун лексика–грамматикалык категория катары калыптанышында эң башкысы атооч сөздөр менен жардамчы атоочтордун маанилик жагына көңүл бурулат. Анткени зат атоочтордун жардамчы атоочко өтүүсүндөгү негизги кызматы лексикалык маанисинин солгундашы болуп эсептелет. Ошондуктан, биз ишибизде жардамчы атоочтордун этимологиясына да токтолуп, факты–материалдардын негизинде ачып берүүгө аракет жасадык. Ошону менен бирге жардамчы атоочтордун муун сандары боюнча да айырмаланарын белгилеп өттүк. Берген маанилерине карай ар бир жардамчы атоочко кеңири токтолдук, тактап айтканда, мурда кыйла конкреттүү мааниде колдонулган *баш, ич, бел*, *айлана* ж. б. сыяктуу зат атоочтордун семантикасы абстракциялануу аркылуу грамматикализацияланат да, жардамчы атоочтук маниге өтүп, мейкиндик жөндөмөлөрүнүн биринде туруп гана жардамчы атоочтук милдетти аткара алат.

Жардамчы атоочтор жалпысынан бирде өзүнүн толук маанисинде колдонулса, бирде лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүн, башкача айтканда, жардамчы атоочтук мааниде колдонулуп калат. Муну белгилүү түрколог Н. К. Дмитриев: “Жардамчы атоочтор эки функцияны аткарат: биринчиси түз (тике) маанисинде, б. а., негизги материалдык мааниде, экинчиси кызматчы, б. а., абстрактуу мааниде келип, мейкиндик, мезгилдик маанилерди тундурат”-деп таамай көрсөткөн.

Кыргыз тил илиминде жардамчы атоочтор менен жандоочтор жиктелип каралган эмес. Буларды ажыратуунун критерийлерин б. а., жалпылык жана айырмачылык жактарына көңүл бурулуп, мисалдар менен далилденди. Негизинен жардамчы атоочтор кызматчы сөздөрдүн өзгөчө бир түрү болуп, семантикасы жагынан жандооч, бөлүкчө, байламтага караганда бир кыйла жогору турат, т. а., өзүнүн баштапкы этимонунан алыстай элек сөздөр.

Ошентип жардамчы атоочтор менен жандоочтор бири-бирине грамматикалык кызматы жагынан жакын категория, айрыкча жөндөмөлөрдүн маанисин толуктоо жагынан. Бул эки категориянын лексикалык маанилеринин басаңдашы, грамматикалык маанилеринин басымдуу болушу алардын жеке турганда сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албашын шарттайт.

Жыйынтыктап айтканда, жардамчы атооч менен жандоочторду эки башка категория катары кароо жөндүү экенин белгилөөгө болот.

III БАП
ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОРДУ ГРАММАТИКАЛЫК ӨҢҮТТӨ СЫПАТТООНУН ЖАҢЫ НАТЫЙЖАЛАРЫ (ЖЕКЕЧЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ)

3.1. Жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык топтору

Жардамчы атоочторду маанисине карай окумуштуулар бир нече топторго бөлүштүрүп изилдеп келишкен. Алсак, проф. Н. К. Дмитриев жардамчы атоочторду берген маанилерине карай экиге бөлүп карайт. «Жардамчы атоочтор кызматчы маанисинде келгенде, нерсенин горизонталдык же вертикалдык абалын билдирет» - деп геометриялык кендикке карай топтоштурууну жактайт. [Дмитриев, 1962: 120]. Бул окумуштуунун пикирин башкалар да колдогон. [Коклянова, 1952: 205]. Мындай пикирге келүүнүн башкы себеби, жардамчы атоочтордун бир гана мейкиндик мааниде келет деп кароосунан улам пайда болуу керек. Бирок жардамчы атоочтор мейкиндик мааниде гана колдонулбастан, мезгилдик, дагы башка маанилерде колдонулат. Ошондуктан В. А. Исенгалиева жогорудагы эки топко кошумча аралаш пландагы жардамчы атоочтор «служебные имена смешанного плана» деген топту киргизет. Бул *топко орто, ара, бас, бой, аралык* деген сыяктуу сөздөрдү кошот. [Исенгалиева, 1957: 21].

Ал эми Н. Е. Петров жардамчы атоочторду лексика-семантикалык жактан сегиз топко бөлүп көрсөтөт:

1) нерсенин үстүн, үстүңкү жагын көрсөткөн жардамчы атоочтор: *бас (кырг.баш), төбө, орой (кырг. чоку), сирэй (кырг. бет), түөс (кырг.төш)* ж. б;

2) нерсенин астын, астыңкы бөлүгүн билдирген жардамчы атоочтор: *алын (кырг.аст(ы)), төрүт (кырг.түп)* ж. б;

3) нерсенин алдын, алдыңкы бөлүгүн билдирген жардамчы атоочтор: *илин (кырг.алд(ы)), тус (кырг.туш)* ж. б;

4) нерсенин артын, арт жагын билдирген жардамчы атоочтор**:** *кэлин (кырг.арт(ы)), аргаа (кырг.арка)* ж. б;

5) нерсенин жан-жак тарабын билдирген жардамчы атоочтор: *ойогос* (*кырг.жан(ы)), өрүт* (*кырг. жан-жак), кытыы (кырг.жээк), сага (кырг.жака)*;
6) нерсенин айланасына жакын маанини билдирген жардамчы атоочтор: *атта, таһа (кырг. жан(ы)), ыксата (кырг. айлана), айах (кырг.ооз*) ж. б;
7) нерсенин бүткөн жерин жана аягын билдирген жардамчы атоочтор: *атах (кырг.аяк), урук (кырг.уч*) ж. б;
8) нерсенин ич жагын жана ортосун билдирген жардамчы атоочтор: *ис (кырг.ич), орто, быыс (кырг.ара)* ж. б. [Петров, 1962: 114-201].

Окумуштуулардын дагы бир тобу жардамчы атоочтордун ар бирине жеке-жеке токтолуп, маанилерин ачып берүүгө аракет кылышат. [Н. П. Дыренкова, Н. А. Баскаков]. Ал эми А. Ыскаков болсо, жардамчы атоочтордун синонимдик, антонимдик түгөйлөрүн кошо караган [Ыскаков, 1964:78].

70-жылдары жардамчы атоочторду атайын изилдөөгө алган казак окумуштуусу М. Оразов өз эмгегинде жардамчы атоочтордун берген маанилерине карап, аларды эки топко бөлүп кароого болот деген ойдо: «биринчиден, тек мейкиндик мааниде колдонулган жардамчы атоочтор, экинчиден, ары мейкиндик, ары мезгилдик маанилерде колдонулган жардамчы атоочтор»,-деп, биринчи топтогу жардамчы атоочторго: *маңы* (кырг. *маңдай*), *жаны, касы* (кырг. *кашы*), *шеті* (кырг. *чети*), *төбесі* (кырг. *төбөсү*) ж. б. Экинчи топтогу жардамчы атоочторго: алды, басы (башы), іші (кырг. ичи), аягы ж. б. сөздөрдү киргизген. Ошону менен бирге жардамчы атоочтордун колдонулуу өзгөчөлүгүнө карай «жие колдонылатын көмекші есімдер» (активдүү колдонулган жардамчы атоочтор) деп бөлүп алып өзүнчө токтолот. Ал эми маанилик жактан проф. А. Ыскаковдун жардамчы атоочторду антонимдик, синонимдик түгөйлөрү боюнча топтоштурганын кубаттап, ошол ыкманы колдонгон [Оразов, 1970: 157].

Жалпы эле түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде да зат атооч сөз түркүмү өз алдынча толук маанини билдирет. Ошондуктан зат атооч - негизги сөз түркүмдөрүнүн бири. Бирок аз сандагы зат атооч сөздөр ал

өзгөчөлүккө толук баш ийбейт. Булар бирде толук мааниде, бирде кызматчылык мааниде колдонула берет.

Жардамчы атоочтор өзүнүн баштапкы толук маанисинде колдонулса, өзүнчө суроого жооп берип, илик жөндөмөдөгү сөз менен байланыштуу айтылбайт да, өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат. Ал эми кызматчылык мааниде келгенде, өз алдынча бир түшүнүктү билдире албайт, б. а., лексикалык мааниси солгундайт да, өз алдынча суроого жооп бере албай, качан гана илик жөндөмөдөгү сөз менен байланышта келгенде гана бир суроого жооп берип, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Башкача айтканда, мурда конкреттүү мааниде колдонулуп келген *ич, бет, боор* ж. б. сөздөрдүн семантикасы күңүрттөнүп, натыйжада жардамчы атоочтор пайда болот.

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторго төмөнкүлөр кирет*: үст(ү), бет, төбө, баш, аст(ы), алд(ы), түп, жан, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой, ич(и), орто, ара.*

Булар маанисине карай төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүлөт:

1) заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчүлөр*: үст(ү), бет, төбө, баш, аст (ы), түп, алды;*

2) заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчүлөр*: жан, туш, каршы, арт, арка, сырт*, *айлана, тегерек, чет, жээк, бой*;

3) заттын ич-аралыгын билдирүүчүлөр: *ич, ара, орто*.

Мындай бөлүштүрүү “Кыргыз адабий тилинин грамматикасы” [КАТГ, 1980: 210] аттуу жогорку окуу жайлары үчүн арналган эмгекте берилет. Ал эми тилчи, окумуштуу А. Карымшакова жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык топторун төмөнкүдөй бөлүштүрүүнү сунуштайт:

1) мейкиндик жана орун аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтор: *аст(ы), үст(ү), алд(ы), орто, ара, айлана, тегерек, туш, арт, жан, жак, каршы, түп, сырт, тыш, чет, жээк*;

2) адамдын дене бөлүктөрүн билдирген жардамчы атоочтор: *баш, төбө, бет, чоку*, *маңдай, каш, боор, арка, ич, колтук, чат*.[Карымшакова, 2009: 54].

Жардамчы аточтордун семантикалык жактан топторго бөлүнүштөрүн кубаттап, биз төмөнкүдөй топтоштурууну сунуштайбыз.

Жардамчы атоочторду семантикасына карап, мейкиндик, мезгил-аралык маанилерди билдирген жана адамдын дене бөлүктөрүнүн аталыштарынан пайда болгон жардамчы атоочтор деп эки топко бөлүп кароону туура көрдүк:

1) мейкиндик жана мезгил-аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтор: *үст(ү), аст(ы), түп, алд(ы), арт(ы), жан, жак, ара, айлана, тегерек, сырт, тыш, чет, кыр, уч, туш, жээк, орто ж. б*;

2) адамдын дене бөлүктөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтор: *баш, ич, бет, каш, бел, желке, бой, төбө, боор, маңдай ж. б.*

3.2. Мейкиндик жана мезгил-аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтор

3. 2. 1. .Заттын үстү жагын туюнткан жардамчы атооч: үст(ү)

Үст(ү)–баштапкы лексикалык мааниси бир нерсенин жогорку жагы, үстүнкү бети, үстү жагы деген маанини туюндурат. Мунун алгачкы уңгусу *«үс»* болгондугун окумуштуулар тастыктайт, *«үс»* деген уңгуга таандык категориянын III жагынын байыркы -ын мүчөсү жалганып, «үсүн» формасына келген, ага таандыктын III жагынын азыркы -*ы* мүчөсү жалганып, натыйжада *(үс + үн + ү > үсну > үсту : үс – т – ү) үс + т* түрүнө келген. [Исхаков, 1953: 124-136].

1. ***Үст(ү)*** жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

а) кыймыл-аракет заттын үстүнкү бетине багытталат: *Таятасы өзү менен Ороскулдун үлүшүн чаап, ташып барып, бастырманын* ***үстүнө*** *эки үймөк кылып чекчейтип жыйып койгон [Ч. А.]. Байтемир кийиздин* ***үстүнө*** *төшөк салды, жаздык койду [Ч. А.]. –Желдетти айтчы... Бактын ичине келсин... Мен намазды көк чөптүн* ***үстүнө*** *окугум келип турат [Т. К.]. Эрназар ат жабуунун* ***үстүнө*** *жата кетти [Ч. А.]. Эски бостекти сүйрөп келип, мукул тыттын көлөкөсүндөгү таардын* ***үстүнө*** *жая салды [Ч. А.]. Султан Бабыр наристенин*

маңдайына колунун учун тийгизип өөп, бир үшкүрүп, анан белиндеги каухар кемерин чечип бешиктин ***үстүнө*** *арта таштайт [Т. К.]. Ыр коштоосу менен кыз-күйөө төрдөгү калы килем* ***үстүнө*** *өткөрүлдү [Т. К.].* Жогорудагы сүйлөмдөрдөн байкалгандай кыймыл-аракет түздөн түз заттын үстүнө багытталып, бир зат экинчи заттын үстүнкү бетине тийишкен абалда келип отурат. Кээ бир учурда кимдир бирөөнүн үстүндөгү буюм, нерсе маанисинде да келет: *Шералинин* ***үстүнө*** *мурда камдатып койгон кызыл кымкапты жаптырды, бутуна саймалуу көк булгары өтүк кийгиздирди [Т. К.].* ***Үстүнө*** *сүлөөсүн, илбирс ичик жабылды [К. О.]. Үйгө кирген соң Бекей шашып-бушуп эринин суу кийимин чечти, кургактап кийгизип,* ***үстүнө*** *ичик жапты, самоор апкелип, чай сунду [Ч. А.].* Мындагы сүйлөмдөрдөн байкалгандай экинчи жана үчүнчү сүйлөмдөрдө жардамчы атоочтордун алдындагы илик жөндөмөсүндөгү сөздүн өзү да түшүрүлүп айтылды. Бул учурда ал сөз көмүскөдө калды (*анын үстүнө* деп айтылган сөз болушу керек эле);

б) кыймыл-аракет заттын үстү жагындагы бош мейкиндикке багытталганын көрсөтөт*: Айласы түгөнгөн Лувр акырында сууга конуп, саңоор жүнүнөн үзүп, толкун* ***үстүнө*** *уя салган экен [Ч. А]. Түн жарымы ченде ай тоолордун* ***үстүнө*** *келди салаңдап, жарыгы муздак мунарыктап, мөңгүлүү чокунун кылда учунда турду [Ч. А]. Асел көйнүгүмдү жууп бүттү да, мештин* ***үстүнө*** *тартылган жипке жайып жатып, оор үшкүрүнүп алды [Ч. А]. Моюнкумдун кең талаасынын* ***үстүнө*** *кумсарган ай чыккан [Ч. А]. Жаздын көркү жылдагыдан башкачарактай туюлгансып, бөтөнчө биздин мектеп турган дөбөнүн* ***үстүнө*** *теребелдин чар тарабы кең ачыла берди [Ч. А].* Мындагы биринчи, экинчи сүйлөмдөр мейкиндик мааниде келсе, калган сүйлөмдөр мезгилдик мааниде келип, кыймыл-аракет заттын үстү жагындагы бош мейкиндикке багытталды да, бир зат экинчи бир заттын үстүнө түздөн түз тийишпей турган абалы байкалат;

в) кыймыл-аракет маани жагынан абстракцияланып, бир нерсенин үстүнө, экинчи бир нерсенин кабатталып келгенин билдирет: *Түн ортосу ченде анын* ***үстүнө*** *жети киши киргизилди да, атууга буюрган өкүмдөрүн угузду [А. Т.]. Анын* ***үстүнө,*** *эл менин жоругумду али унута элек окшойт, ичкериде мен*

тууралу сөз болуп жатканын түйдум [Ч. А]. Анын ***үстүнө****, күн да минтип көз ачырбай турат [Ч. А]. Анын* ***үстүнө*** *кийинки жылы кан-жел алып, мурдуна кара чүпүрөк жабыштырып жүрчү экен [Т. С.]. Жалаа* ***үстүнө*** *жалаа болуп кетпесин! Кимди аяганы турат Ырыскулбектин балдары (Т. К]. Картайган чакта дарттын* ***үстүнө*** *дарт кошулса оңойбу? [Т. С.].* Мисалдардан байкалгандай, биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү сүйлөмдөрдүн курамындагы *үст(ү)* жардамчы атоочу (атооч сөздөрдүн ордуна) шилтеме ат атоочтор менен да айкашып келе берерин көрүүгө болот;

г) кыймыл-аракет бирөөлөр отурган жерге багытталгандыгын билдирет: *Диспетчердин* ***үстүнө*** *кирдим [Ч. А]. ... кызынын* ***үстүнө*** *үйрүлүп, канаты менен калкалап, бок-жин аралашкан уятсыздыкка кошо малынган тура таятасы [Ч. А]. Кечинде* ***үстүнө*** *кирдим [Ч. А]. Каптал көптө Ормондун* ***үстүнө*** *кирди [К. О]. Бош отурган Кененсарынын* ***үстүнө*** *ар дайым жатык көрүнчү эпчил Жантай кирди [К. О]. Кыл чайнап, көк чатырдын жанында басып турган Норузбай агасынын* ***үстүнө*** *кирди [К. О]. Үчөөнүн* ***үстүнө*** *башка киши кирбеди [К. О]. Кол кеткенден экинчи күнү Качыкенин жигити Ормон* ***үстүнө*** *кирди [К. О].* Мындагы үчүнчү мисал мезгилдик маанини туюндурса, калган сүйлөмдөрдөн орун-аралык маанилер байкалат. Кээ бир учурда жардамчы атоочтун алдындагы илик жөндөмөсүндөгү сөздүн өзү да көмүскөдө калат.

2. **Үст(ү)** жардамчы атоочунун жатыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанилерди берет:

а) кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде болгондугун көрсөтөт: *Баарынын куралын жыйнап алды да, аттардын* ***үстүндөгү*** *ээрдин каштарына илди ... [Ч. А]. Ак кийиз* ***үстүндөгү*** *бараң оозун Ормон эңкейип өбөрдө аны аяп, мындай тартты: Болуптур... Тагдыр мага Укенди буюрубаганы ошол! Кантмекмин![К. О.].Тегерек жазы үстөл* ***үстүндө*** *ушинтип чай ичилип жаты [Ч. А]....бөлтүрүктөр кийиздин* ***үстүндө*** *жөрмөлөй башташты [Ч. А]. Аппак сакалы белине түшкөн кары адам, чымкый кара аттын* ***үстүндө*** *акырын чайпалып, жөнөдү [Т. К.]. Атын сылап -*

сыйпап минип дегеле, Доңкүлүктүн ***үстүндө*** *жаш жигит болуп көрүнсөм дейт [Ч. А]. Бир кездерде ошол дөбөнүн* ***үстүндө*** *мектеп болгон имиш [Ч. А]. Аскар бууранын* ***үстүндө*** *жүрүп, буудайдын ыргалган башын араң ийсе, ар бир даны бөдөнөнүн башындай [Т. С.]. Каршы жолуккан машинелердин* ***үстүндө*** *жуккан кар бар, демек, ашууга кар жааган экен [Ч. А]. Байбичеси Салкын жасалгаланган капшытта, парча төшөк* ***үстүндө****, куш жаздыкка чыканак тиреп кырынан жатат [К. О]. Тиги солдон экинчи сары ат* ***үстүндөгү*** *Алыбек экен [К. О].* Биринчи, экинчи жана акыркы сүйлөмдөрдөгү жардамчы атоочтор жатыш жөндөмөсүнөн кийин –гы, -ги мүчөлөрүн кабыл алып, сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарды. Берилген сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет конкреттүү заттын үстүндөгү ордун көрсөтүп, бири экинчисинин (бир зат экинчи заттын үстүнө) бетине түздөн түз тийишкен абалда келип отурат. Кээде бирөөнүн үстүндөгү буюм, нерсе катары да келет: *Бекей таежеси тойго барчудай жасаныптыр:* ***үстүндө*** *кызыл көйнөк, бутунда өкчөлүү крым өтүкчө, башындагы гүлдүү шалы желкесине шыпырылган [Ч. А.].* ***Үстүндөгү*** *кийими да, бутундагы өтүгү да кыюу кармалып, кооз [Ч. А.].* ***Үстүндөгү*** *бешманты мусапырдан бетер самтыраптыр деп, кийин апасы айтып жүрдү [Ч. А.]. Алымдын* ***үстүндө*** *чепкен, бутунда маасы [К. О.].* Мындагы үч сүйлөмдө жардамчы атооч менен айкашып келген (ат атооч) сөз түшүп, көмүскөдө калып айтылды. Айкашкан *анын* деген сөз көмүскөдө калса да (*анын үстүндө, анын үстүндөгү*) жардамчы атооч дайыма илик жөндөмөсүндөгү сөз менен айкашып келери байкалды;

б) кыймыл-аракет заттын үстү жагындагы бош мейкиндикте болгон ордун көрсөтөт*: Жалгыз аяк жол* ***үстүндө*** *калган ат артка салып, капчыгайга түшүп бараткан эле-аны көрдү, бирок кууп жетпестигин билди [Ч. А]. Ал эми көкөлөп учкан айры-куйруктун бийигинен улам талаа* ***үстүндө*** *көмкөрүлүп турган асмандын канчалык түптүз экенин билебиз [Ч. А]. Дарыянын* ***үстүндөгү*** *катуу кыргындан кийин кокту-колот, капчыгай-өрөөндөрүн коён жатагына чейин жакшы билген Гурам Джоходзе өргүү алды [Ч. А]. Итчилик кыла турган болсоң, жер* ***үстүндө*** *сага орун болбойт [Ч. А]. Токой* ***үстүндө***

акырындап күүгүм коюланып баратты [Ч. А]. Тээ дөбөдө өз айылы ***үстүндө*** *турнабай салып отурган Калыгул жанына тай минген тестиерди чакырды [К. О].* Мындагы мисалдардан байкалгандай жардамчы атоочтор сүйлөм тизмегинде нерсенин ордун тактап көрсөтүп, орун тактоочтун милдетин аткарып калганын белгилөөгө болот;

в) кыймыл-аракеттин кандайдыр бир окуя же иш жүрүп жаткан учурда болгон абалын, кандай шартта болгондугун билдирет: *Жалгыз гана таалайсыз Көк Турсун жек көрүндү күйөөсүнүн өлүгүнүн* ***үстүндө*** *ыйга аралаш минтип жатты… [Ч. А]. Ар ким бийлик кылгысы келет, жадегенде өзүндөй бирөөнүн* ***үстүндө*** *болгусу келет [Ч. А]. Тескерисинче, биз үлпөттүн* ***үстүндө*** *отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграмманы ала чаап келди [Ч. А]. Ташкендин бир илим-изилдөө институту наша-кара куурайды өсүп чыккан жеринде химико-биологиялык ык менен жок кылуунун* ***үстүндө*** *иштейт экен [Ч. А]. Колуна унчукпай суу куйду, сүйлөгөн жок: сөз ананыраак, чай* ***үстүндө*** *башталат [Ч. А]. Доолдай эртеден катын-балдар менен окуя* ***үстүндө*** *жүргөн [К. О]. Окуучулар чоң кубанычтын* ***үстүндө*** *олтурушту [Т. С.]. Коога* ***үстүндө*** *болбогон соң башка кишилер неге кармалат! [Т. К.].* Биринчи сүйлөмдө адамдын ички абалы, б. а., кайгыруу маанисинде келсе, үчүнчү жана жетинчи сүйлөмдөрдө кубанычтуу окуялардын абалын билдирди. Ал эми калган сүйлөмдөрдө окуя жүрүп жаткандагы жагдай шарт жана анын жүрүшү сыяктуу маанилерди туюндурду.

3. ***Үст(ү)*** жардамчы атоочунун чыгыш жөндөмөсүндө келгенде берген маанилери:

а) кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин үстүнөн башталып чыккандыгын же кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде болгон ордун көрсөтөт: *Мен бир жолу тамеки сарайдын* ***үстүнөн*** *үймөк чөпкө калтырап атып араң секиргем [Ч. А.]. Момун эмне кыларын билбей ортодо бир аз турду да, мештин* ***үстүнөн*** *чоң табак кесмени алып, небересинин алдына койду [Ч. А.]. Базарбай машиненин* ***үстүнөн*** *ыргып түшүп, аны таң кала тиктеп туруп калды [Ч. А.]. Ошол тынчтыкта рельсанын* ***үстүнөн*** *чимирилип бараткан дөңгөлөктөрдүн*

түрсүлдөгү даана угулду [Ч. А.]. Мен муну уурдап алганым жок! Өлгөн энесинин ***үстүнөн*** *алдым [Ч. А.]. "Ушул Искебул паша" деп, жазбай баамдады да, бээ* ***үстүнөн*** *асте таазим сездире салам айткан кабак көрсөтүп, тизгин жыя калды Курманжан [Т. К.] . Асанбек акырын энесинин колунун* ***үстүнөн*** *сылай тамырын асте кармап байкады [Т. К.].* Мындагы биринчи, экинчи, үчүнчү жана бешинчи сүйлөмдөрдө бир нерсе (зат) экинчи бир нерсенин үстүнөн бөлүнүп чыккандыгын билдирип калса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин үстүндө болгон ордун дааналап көрсөтүп берди;

б) кыймыл-аракет заттын жогору жагындагы бош мейкиндик аркылуу болуп өткөнүн билдирет: *Куюн алгандай калың жалбырак токой* ***үстүнө****н көтөрүлүп, ары удургуп, бери удургуп, тоо этектей кетти [Ч. А.]. Чоң бугунун дабышы суу* ***үстүнөн*** *толкуп, көпкө жаңырып калганына бала азыр өзүнчө жылмайды [Ч. А.]. Анан деңиз* ***үстүнө****н балбылдап күн чыкты [Ч. А.]. Алыста токой* ***үстүнөн*** *чаң уюлгуп, мал айдаган жөө кетип баратты [Ч. А]. Доошун мурда кулак укпаган, өзүн мурда көз көрбөгөн кандайдыр бир куш талаа* ***үстүнөн*** *кайып учуп келатыры [Ч. А.]. Кайдадыр эркин жайга, аркыраган шамал менен жарышып, үлбүрөп чубалган булуттардын* ***үстүнөн*** *сызып учуп баратты [Т. К.]. Мына ошондо Авдий мухиттин* ***үстүнөн*** *өзүнүн өксөп ыйлаган үнүн укту...[Ч. А.]. Муздай көгөргөн кош моторлуу зор самолёт шаар* ***үстүнөн*** *көрүндү [Т. С.]. Сатайдын калпагы бөдөнөнүн* ***үстүнөн*** *кайыды [Т. С.].* Жогорудагы мисалдардан байкалгандай кыймыл-аракет бош мейкиндик аркылуу, заттын (нерсенин) бир жак четинен экинчи четине карай болгондугун билдирип, бир зат экинчи заттын үстүнкү бетине тийишпеген абалда келди;

в) кээ бир учурда өзүнүн конкреттүү мейкиндик маанисинен алыстап, кыймыл-аракеттин бирөөгө багытталгандыгын же бирөө жөнүндө болгондугун көрсөтөт: *Ал баарынын* ***үстүнөн*** *тегеренип жүрөт ... [Ч. А.]. Кылмыш* ***үстүнөн*** *кармалып отурган соң, соттолоруна шек жок [Ч. А.]. Күжүлдөгөн элдин салтанаттуу тобунун* ***үстүнөн*** *каалгып учуп жүрдү [Ч. А.]. Башкаларды алардын* ***үстүнөн*** *бий коюш үчүн элдин канын суудай агызган колбашчыларды, алардын согуштарын даңкташат [Ч. А.]. От жанында ырдап жаткандардын*

үстүнөн *түңкү куштар эч дабышсыз көлөкөдөй учуп өтөт [Ч. А.]. Бекназардын көкүрөгүндө зарде бар, ал амалды бирөөлөргө кызмат кылыш үчүн эмес, бирөөлөрдүн* ***үстүнөн*** *бийлик жүргүзгөн кишилерден ала турган өч эле [Т. К.]. –Айда, тезирээк айда деп, чылбыр кармаган кишинин* ***үстүнөн*** *караган кожоюну экендигин байкатты [А. Т.]. Төрө, Токтогул, Сары уста үчөөнүн* ***үстүнөн*** *козголоңго катнашкан, деп Керимбай ыйманын ачык сатып жатты [Т. К.].* Мындагы экинчи, алтынчы, сегизинчи сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет кимдир бирөөгө каршы мааниде багытталды. Ал эми калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин багыты бир нерсенин (заттын) үстү аркылуу өтүп жатканын же конкреттүү затка карай багытталганы байкалат;

г) кыймыл-аракет заттын бир жак четинен экинчи четине карай болгондугун билдирет: *Чоң бугунун дабышы суу* ***үстүнөн*** *толкуп, көпкө жаңырып калганына бала азыр өзүнчө жылмайды [Ч. А] . Түнкү бороондон калган жел эпкини өтсө күртку* ***үстүнөн*** *удургуп тозоң учуп жатат [Ч. А]. Күн кадимкисиндей ээн талаанын* ***үстүнөн*** *чакыя тийип турат [Ч. А]. Бир маалда дене-бою жеңилденип, өңүндөбү же кыялындабы, айтор, жер* ***үстүнөн*** *каалгып учуп жөнөдү [Ч. А]. Оболу камыш токоюнун* ***үстүнөн*** *самолёттор кайып жапыс учуп, от тутанар бир суюктук чачып жүрдү [Ч. А].* Келтирилген мисалдардан байкалгандай мында бир зат экинчи заттын үстүнкү бетине тийишпеген абалда болот. Биринчи, экинчи жана төртүнчү сүйлөмдөрдөгү жардамчы атоочтордун алдындагы атооч сөзгө уланган илик жөндөмө мүчөсү түшүп да айтылат. Кээ бир учурда үст(ү) жардамчы атоочу субстандивдешкен мааниде да келет: *Аттын* ***үстүндөгүлөр*** *жапырт түшүштү [Ө. Д.]. Тамдын* ***үстүндөгүлөр*** *(оозеки кепте).* Мындай маани казак тилинен да байкалат. Мисалы, *Түйенің* ***үстіндегілер*** *түскен кезде... (Төөнүн үстүндөгүлөр түшкөн кезде...).* Бул учурда жардамчы атоочтор сүйлөм тизмегинде ээлик милдет аткарып калат.

3. 1. 2. Заттын асты жагын туюнткан жардамчы атоочтор: аст(ы), түбү.

Аст(ы) жардамчы атоочу (III жактын –ы мүчөсү менен) негизинен бир нерсенин астындагы бош орунду, төмөн жакты билдирет.

1. ***Аст(ы)*** жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанилерди берет:

а)кыймыл-аракет түздөн-түз заттын астына, төмөн жагына багытталат: *Машиненин* ***астына*** *сойлобосо болор эмес ... [Ч. А.]. Акыры жаздыгынын* ***астына*** *коюп алды [Ч. А.]. Машинем жылжып кран* ***астына*** *турду [Ч. А.]. – Машинем сынып калды!-деп бурк эттим капоттун* ***астына*** *белиме чейин сүңүлө батып ... [Ч. А.]. Итике керебеттин* ***астына*** *кирип жатты [Т. С.] . Ал макини алып жаздыктын* ***астына*** *койду [Ө. Д.] .* ***Астына*** *кирип, жонго салып башым зыңылдап ооруганча көтөрдүм [Ч. А.] . Хандардын көзүнөн, кулагынан алыс, караламанга тегиңди жашырып, канатымдын* ***астына*** *асырадым, карагым. [Т. К.].* Мындагы сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин багыты бир нерсенин ички жагын, ылдый жагын көрсөтүп калды;

б) кыймыл-аракет тигил же бул заттын алды, бет маңдай жагына багытталгандыгын көрсөтөт*: Бут* ***астына*** *тиги мастар от жага албай убара болуп жаткандары анын көңүлүнө кирбеди [Ч. А.] . ... кайсы поезд өтүп баратса, ошонун* ***астына*** *боюн урмак [Ч. А.]. Бийчи кыздардын аяк* ***астына*** *гүл ыргытып жатышты окшойт [Ч. А.]. Отурган ордун тырмышып мыкчыган Кириск эми калтырак басып, Органдын аяк* ***астына*** *бүжүрөдү [Ч. А.]. Эки жигит аттарынан түшүп, жардын* ***астына*** *барышты [Т. С.]. Колхозчулар клубдун* ***астына*** *чогулушту [Т. С.] .* Кээде жардамчы атооч менен айкашып келген илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп да айтылат (бут астына, аяк астына).

2. ***Аст(ы***) жардамчы атоочу жатыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй колдонулат:

а) кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын астында же алды жагында болгондугун билдирет: *Жылдын бу маалында майда жаныбарлар али жер* ***астындагы*** *ийиндеринде жаткан ... [Ч. А.]. Бастырманын* ***астында*** *эки киши кой союп жатат [Ч. А.] . Эми эртерээк эгин-тегинди жыйнап алыш керек, болбосо кар* ***астында*** *калат [Ч. А.]. Суу* ***астында*** *көзүн жумбайт [Ч. А.]. Жер кыртышынын* ***астында*** *көзү ачылбай калган тунук булак өңдүү, эч ким*

билбеген менин биринчи, менин наристе сүйүүм! [Ө. Д.]. Мындагы, *жер астында, суу астында, кар астында* деген айкаштарда келген сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет заттын эң асты жагында, тереңинде болгонун билдирсе, *бастырманын астында* дегендеги маани кандайдыр бир заттын алдында же ошого жакын тарабында боло турганын көрсөттү;

б) кыймыл-аракеттин заттын бет маңдай жагында болгон ордун көрсөтөт: *Түнү бою көпүрөнүн* ***астында*** *ою он, санаасы сан болуп отуруп, таң атырды эле, эми буерден чыгып кетиштин айласы жанын кашайтты [Ч. А.]. Таң атканча Авдий көпүрөнүн* ***астында*** *отурду [Ч. А.]. ... оор составдын* ***астында*** *рельстер калчылдап, күркүрөп-шаркырап басып кирип келет да, ээн талаанын тунжуроосуна тарап, сиңип кетет [Ч. А.]. Шаркыраган оор дөңгөлөктөрдүн* ***астында*** *жер солкулдап, калч - калч этип калып жатыры [Ч.А.]. Туяк* ***астында*** *жер сыйрылып, кам кайыштар жондо былжырап, улам оор тартып, аттар кыйналды [Т. К.].* Мындагы биринчи жана экинчи сүйлөмдөрдө мезгилдик аралык мааниде келип турса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын бет алдына багытталалганы байкалып турат;

в) кээ бир учурда алдындагы сөздүн лексикалык маанисине карай, мезгилдик маанини билдирип калат: *Бүт өмүрүбүз каар соту* ***астында*** *дегиң барбы? [Ч. А.]. ... деңиз түнөргөн көр караңгынын* ***астында*** *көрүнбөй көл болуп жата берди [Ч. А.]. Теребел баягысындай эле боз күүгүм туман* ***астында*** *тунжурайт [Ч. А.]. Мына ушерде, ачык асмандын* ***астынд****а тообо кылгыла… [Ч. А.]. Сагын тамактануунун астында сыртка чыгып кетти [К. О.].* Мында жардамчы атоочтордун алдындагы сөз (*караңгы, боз күүгүм)* мезгилдик маанидеги сөздөр болгондуктан мезгилдик маанини туюндуруп калды;

г) кыймыл-аракет башка бирөөнүн катышуусу астында болгондугун жана кыймыл-аракеттин маани жагынан абстракцияланып, кандай шартта болгондугун билдирет: *Базарбай айласы түгөнүп, Гүлүмкандын* ***астында*** *турду [Ч. А.]. Данияр анын* ***астында*** *бүгүлө ийилип, трап менен өйдө чыгып бара жатат [Ч. А.]. Аялынын* ***астындагы*** *күнөөсүн эстеп, өкүнүп, андан кечирим сурай баштады [Ч. А.]. Абышканын аяк* ***астында*** *кол бочкени*

кучактаган калыбында бүк түшүп Кириск жатат [Ч. А.]. Аяк ***астынд****а бүрүшкөн Кирискенин бүткөн боюн калтырак басты [Ч. А.]. Туяк* ***астында*** *жер сыйрылып, кам кайыштар жондо былжырап, улам оор тартып, аттар кыйналды [Ч. А.]. Көзүнүн* ***астындагы*** *көгала такты да бул эримдин койгон белгиси деп мактангансып, жаркылдай күлө чий көбүк алып турат [Ч. А.].* Мындагы сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет конкреттүү заттын катышуусу аркылуу болуп, анын бет маңдайында болгон түрдүү кырдаалды, абалды көрсөтүп отурат.

3. **Аст(ы)** жардамчы атоочу чыгыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанини туюнтат:

а) кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин астынан же алды жагынан чыккандыгын билдирет: *Салаңдаган аска таштардын* ***астынан*** *күркүрөп өтүп, машине алдыбызда баратты [Ч. А..]. Кийин крандын* ***астынан*** *мен кантип суурулуп качканымды эскеришип, жигиттер көпкө күлүп жүрүштү [Ч. А.]. Сандаган дөңгөлөктөр чимирилип барат, вагондордун* ***астынан*** *шамалдаган илеби урат , шакылдаган доош кулакты көзөйт [Ч. А.]. Төрдө кызара бөртүп отурган булкуйган жоон киши, казандай түлкү тебетейинин* ***астынан*** *мени жалт карады [Ч. А.]. Алымбек датка анын* ***астынан*** *утурлай басты [Т. К.]. Жарык жерге жайылып, алды-арты айра тааныла баштаганда өзү баш калкалап отурган көпүрөнүн* ***астынан*** *кара жол өтөрүн көргөн [Ч. А.]. Жер* ***астынан*** *төрт аяктап адамдар сүйрөп чыккан кендерди көрүптүр [К. О.].* Мындагы төртүнчү, бешинчи сүйлөмдөрдө бирөөнүн бет алды жагынан экинчи бирөөнүн кыймыл-аракети карама-каршы багытталгандыгын көрсөтөт.

Түб(ү)–заттын төмөнкү жагы, түп жагы, түпкү тереңдик.

1. ***Түп***-жардамчы атоочу барыш жөндөмөсү формасында келгенде төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

а) кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын эң төмөн жагына тереңдикке, багытталат: *Сен жердин* ***түбүнө*** *жиберсең да бара берем, Кадича [Ч. А]. ... бирок Айым-Балык деңиз* ***түбүнө*** *дайынсыз кетет [Ч. А]. Карышкырларды жердин* ***түбүнө*** *түшүп кеткиче кууп жөнөгүсү келди [Ч. А]. Күндүзү күн,*

түбү тешик дүйнөнүн ***түбүнө*** *чейин жүрө берер кармаш...[Ч. А]. Исхак шалдырап зындандын* ***түбүнө*** *отуруп калды [Т. К.]. Токтобай деген адамды тирилей алыштын* ***түбүнө*** *бастырып жиберген экен [Т. К.];*

б) кыймыл-аракет бир затка өтө жакын багытталгандыгын билдирет: *Мектепке отун керек экен, тезегибизди тамдын* ***түбүнө*** *төгүп кетели, ичкери киргизип алсын [Ч. А]. Күн төбөгө чыгып, аптабы кокту ичине уюган маалда бала бийик шыралжындын* ***түбүнө*** *кирип кетет [Ч. А]. Эрдиндеги канын арчынып, теңселе басып барып, маянын* ***түбүнө*** *кулады да, деми басылгыча чалкалап көпкө жатты [Ч. А]. Анан Султанмуратты чөмөлө чөптүн* ***түбүнө*** *жаткызды да, купайкесин үстүнө жапты [Ч. А]. Эң акыркы Алымкул аталыкты Ташкен дубалынын* ***түбүнө,*** *генерал Черняевдин бет алдында бүк түшүрүп жыкты [Т. К.]. Мишрабдардын коштоосунда барып, чоң чынар теректин* ***түбүнө*** *отуруп даарат алды [Т. К.].* Мында бир затка (нерсеге) экинчиси өтө тийишкен абалда келип, заттын төмөн жагына жакын жерге багытталат;

в) кээде өзүнүн конкреттүү маанисинен алыстап мезгилдик маанини билдирет: *Адам баласы жашаган жер үстүндө эмес, караңгы көр* ***түбүнө*** *түшүп кеткендей, же өлүү, же тирүү экенимди билбей отурдум [Ч. А.]. Чексиз караңгылыктын* ***түбүнө*** *ныгырып, туман көчкүдөй бүктөп басты [Ч. А.].* Кыймыл-аракет кандайдыр бир тереңдиктин эң төмөн жагына багытталды.

2. ***Түб(ү)-***жардамчы атоочу жатыш жөндөмө формасында келгенде төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

а) кыймыл-аракет заттын эң төмөн тереңдигинен орун алгандыгын билдирет: *Суунун артканын байкаса бочкенин* ***түбүндө*** *араң чукулдайт [Ч. А.]. Барары менен Исхак кароол мунаранын* ***түбүндөгү*** *эң терең, эң караңгы зынданга салынды [Т. К.]. Суу* ***түбүндөгү*** *балырга буттары илешип, такыр жете албайт [Ч. А]. Бочкенин* ***түбүндө*** *калган суу эми бир жутумга жетсе араң жетер [Ч. А.]. Ичиндеги өртүү басыш үчүн чаначтын* ***түбүндө*** *калган шараптан аптыгып, төшүнө төгүп-чачып ичип жиберди [Ч. А.]. Мына, бизде болсо, жетсе жарым айга жетер, тулуптун* ***түбүндө*** *биртике сырмак калды*

[Т. К.]. Исхак зындандын ***түбүндө*** *нары-бери басты [Т. К.].* Мында кыймыл-аракет нерсенин түп жагына багытталып отурат*;*

б) кыймыл-аракет заттын эң төмөн жагына жакын жерде болгондугун билдирет: *Тоо арасынан жаш баланын ыңалап ыйлаган үнүн угуп, бадалдын* ***түбүндө*** *турган жабылуу алтын бешикти таап алат бир адам [Т. К.]. Керегенин* ***түбүндө*** *отурган жеримден жылып койбой, башымды салаңдатып, шалдырап отурдум [Ч. А.]. Сыйпалап суу сузуп жатып, Орган кайык* ***түбүндө*** *жаткан кол бочканы Кирискеге карматты [Ч. А.]. Жалаң аяк Аселдин бутары стол* ***түбүндө*** *тыбырайт [Ч. А]. Биздин үй жолдон четте, тоо* ***түбүндө*** *эле [Ч . А.]. Тигине, карачы!-деди Дааныш көк таш* ***түбүндөгү*** *кумурска уюгун көрсөтө,-жашоо менен алек [К. О.].* Мында, бир зат экинчи бир заттын жанына, түбүнө жакын жерде болгон ордун көрсөттү.

3. ***Түб(ү)***-жардамчы атоочу чыгыш жөндөмө формасында келгенде төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

а) кыймыл-аракет заттын түп жагынан чыккандыгын көрсөтөт*: Анан калса суу эшиктин* ***түбүнөн*** *агат, ойноо бала жөн турмак беле, күндө сууга жүгүрөт [Ч. А.]. Бастырманын* ***түбүнөн*** *мүйүздүү маралдын башын көргөндө селт этип кетти, аза бою муздак дүркүрөдү [Ч. А.]. Китеп каптарын булгалап, үйлөрүнүн терезе* ***түбүнөн*** *дүбүрт сала чуркап өтүшөт [Ч. А.]. «Төө-Таштын»* ***түбүнөн*** *өткөн жалгыз аяк жолго чыгып, өтүгүн кийди да, эпилдей басып үйгө бет алды [Ч. А.]. Кудаяр леп эңкейип жыш чийдин* ***түбүнөн*** *тыштагыларды көрмөк болуп, тиктеп калды [Т. К.].* Мында кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын түбүнө жакын жерден чыгат. Кээде мезгилдик мааниде да келет. Мисалы, *Күн жылымдап, шыбак көктөп, эски бетеге* ***түбүнөн*** *жаңы көк кылтыйып, кой төлдөп, белдик аяктаган маал [К. О]. Кашекке тийген шамалдын ышкырыгы кулак* ***түбүнөн*** *ызылдайт [Ч. А.]. Керегенин* ***түбүнөн*** *эки кол сыярдай болгондо, таң ирең-бараң атып, айыл ойгонду окшойт [Ч. А.];*

б) кыймыл-аракет заттын эң төмөнкү тереңдигинен чыккандыгын көрсөтөт: *“Көрдүңбү мени, кантесиң, кантесиң”-деп келекелеп суу* ***түбүнөн*** *таенесине тилин көрсөткүсү келет [Ч. А.]. Ток бөрүлөр жолдогу бир аң* ***түбүнөн*** *көз*

ачкан булактан суусун кандырып алган [Ч. А.]. Керек болуп калсаң ал сени жердин ***түбүнөн*** *болсо да таап алат [Ч. А.]. Жердин* ***түбүнөн*** *темирдин ыйындай, шамалдын улуганындай, азанын коңгуроосундай үзүлбөгөн, басылбаган кайгылуу үн угулат [Ч. А.]. –Сүйүнчү! Кырк жылкы... –А болсун! А болсун...-деп, чөнтөгүнүн* ***түбүнөн*** *бир мири күмүш теңге таап сүйүнчүгө берди [Т. К.].* Мындагы мисалдарда кыймыл-аракет нерсенин түпкүрүнөн башталып чыкканын көрсөттү.

3. 2. 3. Заттын алды жагын туюнткан жардамчы атооч: алд(ы)

Алд(ы) жардамчы атоочу (III жактын –ы мүчөсү менен) негизинен заттын алды жагын , чукул бет маңдайын билдирет.

1. ***Алд(ы)*** жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде берген маанилери:

а) кыймыл-аракет тигил же бул заттын бет маңдай жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Орто бойлуу жупуну кийинген, ак жуумал, арык келин түрмөнүн* ***алдына*** *келди [Т. К.]. Тыштагы катындар кыз эшиктин* ***алдына*** *келгенче элтейип тиктеп турушту [Т. К.]. А тиги Уалихан карт бугудай акылдуу, аяр абышкалардын* ***алдына*** *туруп, анын жаназасын окуганы жатат [Т. К.]. Мишан менен Кепа Авдийди машиненин кузовунан сүйрөп түшүп, Обер Кандаловдун* ***алдына*** *алып барышты да, күч менен чөгөлөтүштү [Ч. А.]. Толкуган аттарды суулуктан кармай, бары анын* ***алдына*** *келип, унчукпай туруп калышты [Ч. А.]. Жарлыкты Нүзүптүн* ***алдына*** *ыргытып таштады [Т. К.].* Мында кыймыл-аракет заттын алды жагына, бет алдына жакын жерде болгонун көрсөттү*;*

б) кыймыл-аракет кимдир бирөөнүн катышуусу алдында болгонун жана маани жагынан абстракцияланып кандай шартта болгондугун туюнтат: *Мусулманкулдун* ***алдына*** *Абил бир да жолу барбады [Т. К.]. –Мына, Насирдин бек, бүтөлсө бүтөп ал ушу менен тешигиңди!-деп ат жалынан туруп, оозу буулган салмактуу баштыкты Насирдин бектин* ***алдына*** *ыргытты [Т. К.]. Эртеси жолго чыгар алдында дувананы фон Кауфмандын* ***алдына*** *кайра алып*

келишти [Т. К.]. Ушул сүйлөшүүдөн соң Султамурат бекти Исхактын ***алдына*** *түртүп киргизишти [Т. К.]. Ошол учурда Эсенбай бий жаңы кармалган туйгун куш алып хан* ***алдына*** *жүз көрсөтүп келүүгө кеткен болучу [Т. К.].* Мында кыймыл-аракет конкреттүү заттын катышуусу аркылуу болуп, анын бет маңдайында болгон түрдүү кырдаалды, абалды көрсөтүп отурат.

2. ***Алд(ы)*** жардамчы атоочунун жатыш жөндөмөсүндө келгенде берген маанилери:

а) кыймыл-аракет заттын алды жагында болгондугун билдирет: *Топ кишилердин* ***алдында*** *Абил бий менен бир чоочун адам келатты [Т. К.]. Орозкулдун эшигинин* ***алдында*** *самоордон түтүн булайт [Ч. А.]. Мына ушунда алиги микрафон кармаган киши бут* ***алдында*** *машиненин дөңгөлөгү менен кошо жарышып, карышкыр чуркап келатканын көрө калды [Ч. А.]. Дагы эле омоктуу чапчактай кара бээ минип, кылт этпеген жоргонун жол аяңы менен , дагы эле кадимкисиндей көч* ***алдында*** *жүрөт [Ч. А.]. Анын көз* ***алдында*** *Зыйнат [К. О.].* Мында кыймыл-аракет нерсенин бет алдында же ошого жакын жерде болгонунун көрсөттү;

б) кыймыл-аракеттин заттын маңдай жагында болгон ордун көрсөтөт: *Топ сарайдын* ***алдында*** *күтүп туруп калды [Ч. А.]. Алар азыр биз кирген эшиктин* ***алдында*** *эле туруптур [Ч. А.] . Сенин атаң Москванын* ***алдында*** *курман болду [Ч. А.]. Эшик* ***алдында*** *теңселип турам [Ч. А.]. Үч жесир, Күмүш –бешөөбүзгө эттин чүйгүнү тиет, төш, тил, жаак, жүрөк, куймулчак болсо дайыма байбиченин* ***алдында*** *болот [А. Т.].Темир окко учкан күнү Ташкендин* ***алдында*** *элек [Т. К.].* Ал эми мындай учурларда кыймыл-аракет нерсенин алды жагында болгонун туюндурду;

в) кыймыл-аракет кимдир бирөөнүн катышуусу астында болгондугун билдирет: *Дайыма шектенип тиктеген адамдын* ***алдында*** *Шерали-хан дирилдеп коркуп отуруп калды [Т. К.] . Самат Байтемирдин* ***алдында*** *ойдолоп эркелеп жатат [Ч. А.]. «Кечирип кой алжыган чалды, бир ачууңу бер»-деп Орозкулдун алдында турду мүңкүрөп [Ч. А.]. Координатор-Атанын күпүлдөгөн нааразылыгына араң чыдап, Авдий анын* ***алдында*** *эриндери кумсарып араң турду [Ч. А.]. Уруу*

башчылары Малахандын ***алдында*** *жикилдеп отуруп беришти [Т. К.]. Ал тээ көк бетте, топ кыздын* ***алдында,*** *чоң колтук ышкын өңөрүп, жалбырактары жоон санын жаап, жаш ышкындын баштары титиреп келатат [К. О]. Тыналиевдин* ***алдында*** *мына ушундай баатырлар турду [Ч. А.].* Мында кыймыл-аракет кимдир бирөөнүн каршысында турган зат менен биргеликте болгондугун көрсөттү;

г) кээде алдындагы сөздүн лексикалык маанисине карай, мезгилдик маанини берип калат: *Күн батар* ***алдында*** *баңги куурайдын жытына магдырап, куурайдын түбүнө суналып жатып калышкан эле [Ч. А.]. Күз мезгилинин* ***алдында*** *кышка даярдык көрүлөт [К. О.].* Жардамчы атоочторго жатыш жөндөмөсүнөн кийин -гы, -ги мүчөлөрү жалганып, сүйлөмдө аныктоочтун милдетин аткарып калат. *Таң* ***алдындагы*** *шоокумдуу түндө ач бөрү кубаңдаган караан болуп, жортуп келатты [Ч. А.]. Ар качандан бир качан жаз* ***алдында*** *бөрүлөрдүн башына оор кезең түшөт [Ч. А.];*

д) кыймыл-аракеттин кандай шартта болгондугун билдирет: *Бостондун көз* ***алдында*** *муздун жаракасына түшүп кетип өлбөдүбү… [Ч. А.]. Өлүм* ***алдында*** *тургандай катуу бийлешти, кайрадан жетөө, тегерете туруп ырларын улантты [Ч. А.]. Бу жолу Кирискенин* ***алдындагы*** *парзды аткарыш үчүн чоң деңизге сапар тартып чыгышкан учуру [Ч. А.]. Көзү бет* ***алдындагы*** *Ормонго эмес, ай талаага кетип, оту өчкөндөй телмирет [К. О.]. Ырас анын* ***алдында*** *айкын эки жол жатты [Т. К.]. Бул кабар Ибрагим Хайалга шектүү кишинин көз* ***алдында*** *бөйрөккө урулган катуу сокку болду [Т. К.].* Бул сүйлөмдөрдөн кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын жана ар кандай шартта болуп өткөнүн байкоого болот.

3. ***Алд(ы)*** жардамчы атоочунун чыгыш жөндөмө турпатында келгенде айкашкан негизги сөзү менен бирдикте төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

а) кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин алды жагынан башталып чыккандыгын билдирет*: Эшиктердин* **алдынан** *токтобой өтүп, үйдүн каалгасын шарт ачты да, босогодон энтиге кыйкырды: -Ата маралдар келди! [Ч. А.]. Эми Ажымурат экөө Чабдарга минип алып, станцияга келген*

атасынын ***алдынан*** *чаап чыгат [Ч. А.]. Келишкен кулан чаар аргымак куйругун булактатып, элдин* ***алдынан*** *нары-бери жетеленип өттү [Т. К.].Ошол учурда кербендин* ***алдынан*** *кербенбашынын кыйкырыгы чыкты [Т. К.];*

б) кыймыл-аракет бирөөнүн бет алды жагында болгондугун билдирет: *«Мырзагүлдүн* ***алдынан*** *өзүм чыгайын дегени го,»-бул ой Султанмуратка жалын ургандай тийди [Ч. А.]. Анан оту өчкөн көзүнүн* ***алдынан*** *баары тумандап каалгый баштады [Ч. А.]. Акбара мүйүз* ***алдынан*** *жыландай жалт берип буйтап кетти да, топоздун башына кайрадан секирип, жармашып калды [Ч. А.]. Найман кыштагына жакындаган кезде аскердин* ***алдынан*** *бир топ киши тосуп чыгып калды [Т. К.]. Бүркүт кабактын* ***алдынан*** *өткүр көздөр жыйынды бийиктен имерип тиктеп, сыр тартып турду [Т. К.].* Мында кыймыл-аракет бирөөнүн бет алды жагынан башталып, экинчи бирөөгө карама-каршы багытталгандыгын көрүүгө болот.

3.2.4. Заттын арка жагын туюнткан жардамчы атоочтор: арт(ы), аркасы

Арт(ы), **арка**–сөзүнүн баштапкы мааниси заттын, кандайдыр бир нерсенин арка жагы.

1. ***Арт(ы), арка*** жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын арка жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Каңшылай үргөн ит там* ***артына*** *качты [Ч. А.]. Мага төшөктү мештин* ***артына*** *бурчка салып беришти [Ч. А.]. Адырмактын* ***артына*** *батып бараткан күндүн салкын желаргысы кайра көңүл сергитет [Ч. А.]. Сары жоргону арабасынын* ***артына*** *коштоп, Жайнак станциядан алып келди [Ч. А.].Өмүрбек колундагы майда текейин оозуна салып чайнаган бойдон атасынын* ***аркасына*** *түштү [А. Т.]. Омор акем кызык адам. Жаз келсе үйүнүн* ***аркасына*** *бир жарым түп тал саят [Т. С.]. Ал каалаган адамынын* ***артына*** *түздөп, колундагы жоолукту билгизбей алыс таштайт [К. О.].* Мындагы сүйлөмдөрдөн байкалгандай, нерсенин арка жагына багытталып, үчүнчү сүйлөмдө кубулуштун б. а., күндүн батканын же түгөнгөн жери жөнүндөгү түшүнүктү берди.

2. ***Арт(ы), аркасы***-жардамчы атоочу жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын арка жагында болгон ордун билдирет*:*

Мастык менен ого бетер көгөргөн Орозкул бастырманын ***артында*** *мүйүздүү Бугу-Эненин башын жанчып жатты [Ч. А.]. Колдо калганы азыр желиндеп турган жалгыз үй, анан там* ***артында*** *оттоп жүргөн Ажымураттын карагер эшеги [Ч. А.]. Арабанын* ***артында*** *уюлгуп калып жаткан чаң, чимирилген дөңгөлөктөр бир ыргакка салгандай дүпө-дүп жер сабаган туяктар… [Ч. А.]. Алардын* ***артында*** *таяк жеген иттей болуп, башын жерге салып, момун чал келатат [Ч. А.]. Алар тамдын* ***аркасында*** *турушуптур [Т. С.].*

Кээ бир учурда кыймыл-аракеттин абалын (себебин) билдирет: *Адамды кайгы басканда ар бир айткан сөзүнүн* ***артынд****а он сөздүк айтылбаган маани калат [Ч. А.]. Ушул бейпил жашоонун* ***артында*** *канча таржымал жатат [Ч. А.]. Бул иштин Понтий Пилат Иисус Христтин* ***артында*** *турган күчтөрдүн жашыруун аракети болсо да, асман күчтөрүнүн каршылыгы көрүнүп турат деп билчү [Ч. А.]. Мал* ***артында*** *чөптүн гүлүн, суунун тунгун, абанын салкынын кууп, ээн көчүп, конуп жүргөн элетте дан багуу сейрек иш [Т. К.].*

Кээде маани жагынан абсртакцияланып, себепти билдирет*: Чекисттин аракетинин* ***аркасында*** *мындай бир кырдаал түзүлөт...[Ч. А.]. Бул ишти ичи тардыктын* ***аркасында*** *иштеди [А. Т.].*

3. ***Арт(ы), аркасы***-жардамчы атоочу чыгыш жөндөмөсүндө келгенде төмөнкүдөй маанилерди берет:

а) кыймыл-аракет бир нерсенин арт жагынан башталып чыккандыгын билдирет: *Тору атка эки куржунду кабаттай салынып, кашаңыраак тору атты опулдата желдирип, бектердин* ***артынан*** *келе жаткан Сансыз [К. Ж.]. Прицептин* ***артынан*** *эртеси автобазага мен да келдим сандалып [Ч. А.]. Тоо* ***артынан*** *ашып келген окшойт [Ч. А.]. Тыңшаса, бөрү карагаттуу бадалдын ары жагынан, үйдөй-үйдөй таштардын* ***артынан*** *күчүктүн үргөнүндөй үн даана угулду [Ч. А]. Бала үйгө жүгүрүп жеткенде машине-дүкөн тамдардын* ***аркасынан*** *жакындап келаткан [Ч. А.]. Львов шаарынын күн чыгыш жагындагы кичинекей үйдүн* ***аркасына****н төрт кишинин карааны көрүндү да, жок болду [А. Т.].* Мында кыймыл-аракет нерсенин арка тарабынан чыкканы байкалат;

б) кыймыл-аракет бирөөнүн артынан ээрчий болгондугун билдирет*: Алардын* ***артынан*** *самсып, чаба турган аттарын жетелешип түркүм-түркүм адамдар келип жатышты [К. Ж.]. Торпок качып берди, кемпир* ***артынан*** *түштү [Ч. А.]. Мени менен Дүйшөндүн мектебинде бирге окуган балдар көпкө чейин арабанын* ***артынан*** *чуркашып коштошушту [Ч. А.]. Ал узап кеткенче Аселдин апасы* ***артынан*** *карап турду [Ч. А.]. Эки винчестерди көтөрүп,* ***артынан*** *Кириск барды [Ч. А.]. Көгөн арасындагы иниси менен агасы Субанкулдун өлүгүн көргөндө буркурап, күлүк атын минип, Кененсарынын* ***артынан*** *жөнөйт [К. О.]. Иниси Жаманкаранын* ***артынан*** *чаап, узак жерге чейин кууп жетпей санын чаап токтойт [К. О.]. Канча күндөн бери ай талаада Укендин* ***аркасынан*** *салбырап ээрчип жүрдү [К. О.].* Мындагы сүйлөмдөрдөн байкалгандай кыймыл-аракет бирөөлөрдүн катышуусу аркылуу болуп өткөнүн байкоого болот;

в) кыймыл-аракет бир нерсенин (окуянын) бүтүп баратканын билдирет*: Жаз* ***артынан*** *жай келип, күнү менен түнү бирдей жыргал [Ч. А.]. Ушинтип биринин* ***артынан*** *бири жакшылык менен бүтүп, көңүлүбүз куунап келатканда бир гана жолугушуу кичине иренжитип кетти [Ч. А.]. Чоң дасторкондун тегерегинде жайнап отургандар күң-күң сөз сүйлөшүп, тосттор* ***артынан*** *тосттор айтылат [Ч. А.]. Малчынын* ***артынан*** *ээрчиген мал сыңары адамдар да күчкө сыйынып, жакшылыгына кулдук уруп, кесарларды ээрчий берер… [Ч. А.]. Кыр* ***артынан*** *кыр болуп кулак тундурар күркүрөө менен өмгөктөп, өзүнөн өзү жарылып, тоодой толкун жапырып кирип келди [Ч. А.]. Ормон алды менен сүйүнчү чаптырып,* ***аркасынан*** *олжону жиберип, колду тараткан [К. О.]. Жолой Керечтин* ***аркасынан*** *карап турду да, эмне кылуу жөнүндө терең ойго кетти... [К. Ж.].* Жогорудагы биринчи мисалда жардамчы атооч мезгилдик маанидеги сөз менен айкашып келип, мезгилдик маанини берип калса, калган сүйлөмдөрдө окуянын ар түрдүү кырдаалын билдирип калды.

3. 2. 5. Заттын жакын аралыгын туюнткан жардамчы атооч: жан(ы)

Жан-жакын жер, жакын аралык, заттын, нерсенин капшыты, затка жакын турган же жайгашкан жер.

1. ***Жан***-жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын жанына жакын багытталгандыгын көрсөтөт: *Шамырбектин ашына союлган бээлердин териси Түлкүбектин үйүнүн* ***жанына*** *тоо болуп үйүлгөн [К. Ж.] Машине совхоздун директорунун үйүнүн* ***жанына*** *апкелип таштады [Ч. А.]. Кош жарыгы коюу түндү жара тилген «газик» туутка коюлган койлор турган чоң кашардын* ***жанына*** *келип токтоду [Ч. А.]. Жоодон тийип келген олжо сыяктанып, аркайган мүйүздү Момундун* ***жанына*** *таштады [Ч. А.]. Үйдүн* ***жанына*** *кимдир бирөө келип, аркандарын чечип, кийизин сыйрый баштады [Ч. А.]*.Мында кыймыл-аракет бир затка экинчи бир зат жакын б. а., тийишкен абалда келип отурат;

2. ***Жан***-жардамчы атоочу жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир затка өтө жакын жерде болгондугун көрсөтөт: *Кабинасында шофёрдун* ***жанында*** *бала көтөргөн аял отурат [Ч. А.]. Небереси машине-дүкөндүн* ***жанында*** *турганын көрүп, бирдемеден улам томсоруп калганын биле койду Момун [Ч. А.]. Кемегенин* ***жанында*** *мас таятасы сулап жатканын көрдү [Ч. А.]. Додо эттин* ***жанында*** *жорудай күржүйгөн чоң кара киши отурат [Ч. А.]. Карасам үч уулум үчөө тең бирин-бири карманышып, трактор айдаган атасынын* ***<u>жанында</u>*** *келе жатышат [Ч. А.]*. Бул сүйлөмдөрдөн кыймыл-аракеттин болгон ордун б. а.. нерсенин капталына, капшытына өтө жакын жерде болгон абалды туюндурат.

3. ***Жан***-жардамчы атоочу чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын жакын жанынан башталып чыккандыгын билдирет: *Бир нече жолу капыстан иттерге болуп көрбөгөндөй дүрбөлөң түшүрүп, чабандар турган кашарлардын* ***жанынан*** *өтүп кетишти [Ч. А.]. Биз ошондо Мырзагүлдүн үйүнүн* ***жанынан*** *өтөбүз [Ч. А.]. Караңгыда машиненин* ***жанынан*** *кишилердин кобуру угулат [Ч. А.]. Бирок былтыркы кырмандын* ***жанынан*** *өтүп баратып, эрксизден санаага баты [Ч. А.]. Кыздын атасы Теңирберди менен кош айтышып, өгүзүн шаштырып айдап, Темирдин* ***жанынан*** *өтүп кетти [Т. К.]*.

Кыймыл-аракет заттын жакын жанында болгондугун билдирет: *Түлкү мээлегендей эки баланын дал ортосуна түздөп келди да, жакындаганда булт коюп, Султанмураттын* ***жанынан*** *мойноп өтө качты [Ч. А.]. Балдар гана Анатайдын* ***жанынан*** *карыш жылган жок [Ч. А.]. "Суу иче көрбө, каралдым, чыдагын, чыдасаң тез сакаясың"-деп жалынып, апасы Темирдин* ***жанынан*** *карыш жылган эмес анда [Ө. Д.]. Демек, өзүм билбей күн ара уулумдун* ***жанынан*** *өтүп жүргөн экем да [Ч. А.].Чал сыркоонун* ***жанынан*** *карыш жылбайт [И. К.]. Ал ар кимден сураштырып мыкты табыптан бешти таап, Алтынкөкүл Раушандыдын* ***жанынан*** *карыш кетирбей, күндөп-түндөп дарылатты [К. Ж.].* Мында бир заттын экинчи бир заттын жанына өтө эле жакын абалын көрсөтүп калды.

3.2.6. Заттын айлана-тегерегин туюнткан жардамчы атоочтор: айлана, тегерек

Айлана, ***тегерек***-бул эки сөз негизинен маанилеш болуп, заттын айлана чөйрөсүн, айлана тегерегин билдирет. *Айлана–айла+н+а;* алтай тилинде *айла-айлануу, тегеректөө* маанисинде келет; *тегерек – тегере+к;* байыркы түрк тилдеринде *тегире-айлана* деген мааниде келген.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын айлана тегерегине багытталгандыгын көрсөтөт: *Бирок көптөгөн Иерусалимдиктер шаардын ак дубал храмынын* ***тегерегине*** *чогула берди [Ч. А.]. Огороддун* ***тегерегине*** *жаш көчөттөр отургуздук [Т. С.]. Ажардын* ***айланасына*** *карышкырлар толуп кетти [К. Б.].Балдар үйдүн* ***айланасына*** *жыйналды [Ч. А.].* Кыймыл-аракет нерсенин тегерегине жакын жерде болгонун байкоого болот.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин заттын айлана-тегерегинде болгон ордун көрсөтөт: *Эми машиненин* ***тегерегинде*** *кыла турган иши деле калбады [Ч. А.]. Рулга таяна моюн созсом, очок башында, самоор* ***тегерегинде*** *карбаластап аялдар жүрүшөт [Ч. А]. Анан барып биртке акыл-эси ордуна келип, оттун* ***тегерегинде*** *кимиси октон кандай куласа, ошо боюнча сулап жаткан алтоон кыдырата карап чыкты [Ч. А]. Короонун* ***айланасында*** *калмакча байлаштырган эркектердин аттары, түрдүү жабдык салынган*

аялдардын аттары жүрдү [К. Ж]. Кайыктын ***тегерегиндеги*** *деңиз бети да сымаптай оор көлбүп, көгүш-сур тартып өлүмсүк көрүнөт [Ч. А.]. Зымкананын* ***айланасындагы*** *өкүргөн эшек, чому менен кишинеген ат, бакырган төөлөр Ажар менен Каныбек үчүн коркунуч туудурду [К. Ж.].* Мында кыймыл-аракет нерсенин айланасында, тегерегинде болуп өттү. Акыркы эки сүйлөмдөгү –гы, -ги мүчөлөрү жардамчы атоочторго жалганып келди. Муну казак окумуштуусу В. А. Исенгалиева "жардамчы атоочтор жатыш жөндөмөсүнөн кийин –гы, -ги мүчөлөрүн кабыл алат жана ал учурда аныктоочтун милдетин аткарып калат"-деген ой айткан [Исенгалиева, 1957:19].

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын айлана-чөйрөсүнөн башталып чыккандыгын билдирет*: Акыры көл* ***тегерегинен*** *бугу маарап жоголот [Ч. А.]. Кайыктын* ***тегерегинен*** *аркан бою жерден нары туюк дүйнөнүн эч жылчыгы көрүнбөйт [Ч. А.]. Мойункумдун* ***айланасынан*** *чыккан жергиликтүү Үзүкбай деген бар [Ч. А.]. Сарайдын* ***тегерегинен*** *кобур-кобур үн чыгат [Т. С.].*

Кээ бир учурда *айлана, тегерек* жардамчы атоочу субстантивдишкен мааниде келет: *Үстүндөгү кийиминен тамтык жок, бети-башынан тамтык жок, бу кебетесин* ***тегерегиндегил****ер кылчактап карай беришти [Ч. А.].* ***Айланадагылар*** *дуу-дуу күлүп жиберишти [Ч. А].* ***Айланасындагылардын*** *сүйлөшпөй ымдашкандыктары Жапарды кордоп жаткандай сезилди [А. Т.].* Бул учурда жардамчы атоочтор сүйлөм тизмегинде ээлик милдет аткарып калышат.

3.2.7. Заттын сырт жагын туюнткан жардамчы атооч: сырты

Сырт-сөзүнүн баштапкы лексикалык мааниси бир нерсенин тышы же сырт жагы.

1. ***Сырт***-сөзү барыш жөндөмөдө келип, жардамчы атоочтук мааниде колдонулганда кыймыл-аракет заттын тыш жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Аңгыча тоок балапандарын үйдөн оолак короонун* ***сыртына*** *алып барып, көнгөн күл дөбөсүн чукулап казып көнгөн чуңкуруна жатмай болуп жөнөп берди [Ч. А.]. Көчөнү аралап айылдын* ***сыртына*** *чыктым да, теректер*

турган дөбөгө бардым [Ч. А.]. Элдин бир катары шаардын ***сыртына*** *карай агылат [Т. С.].Хан өргөөсүндө дүпөйүл тынчтык өкүм сүрүп, төбөсү шуңшуйган көк чатырдын* ***сыртына*** *эл толду [И. К.].* Мында кыймыл-аракет нерсенин сыртына карай боло турганын көрсөттү.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын сырт жагында болгон ордун көрсөтөт: *Терезенин* ***сыртында*** *самоордун кернейинен жалындын тили соймоңдоп жатты [Ч. А.]. Кампанын* ***сыртында*** *паравоз эшалонду ордунан козгоп, күүлөнүп вагондорду кагыштырууда [Ч. А.]. Карасакал менен Момун шаардын* ***сыртында*** *кезек келгенче бир жума күтүп, андан соң жөө чиркешкен кишилерге илешип шаарга кириштi [Т. К.] . Шаардын* ***сыртында*** *ээн талаада чырмооктой мыктуу зым коргондун ичинде элек [А. Т.]. Токмоктун* ***сыртындагы*** *дөбөгө жыйналган топко карай бир кайырчы келе жатты [А. Т.]. Үй* ***сыртында*** *кароолчу [К. О.].Ушунун баарын Айзаада үйдүн* ***сыртында****, тушта туруп угуп, көз жашын төгүп турду [Т. К.].Босогонун* ***сыртында*** *турган жигит кирип келип колун бооруна алды [Т. К.].* Келтирилген мисалдардан кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын сырт жагындагы ордун дааналап көрсөтүп калганы байкалды.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын сырт жагынан башталып чыккандыгын билдирет*: Гүлүмкан күйөөсүнүн дабышы качан эшиктин* ***сыртына*** *н угуларын күтүп кулак салып отурду [Ч. А.]. Авдий айтып басылды, ошондогу орноп калган тынчтыкта терезе* ***сыртынан*** *шаар чиркөөсүнүн кагылып жаткан коңгуроосунун үнү угулду [Ч. А.]. Терезе* ***сыртынан*** *жолду катар бирде дүпүйгөн бак, бирде жүгөрү талаалары өтүп барат...[Ч. А.]. Келиндери, кыздары өргөөдө сөөк коюлган көшөгөнүн* ***сыртынан*** *бири орун бошотсо, бири кошула тынымсыз ый кошок айтып отурушкан [Т. К.]. Темүчүндүн шадылуу, карылуу колу төшөк* ***сыртынан*** *хандын көкүрөк тушунда [И. К.]. Өргөөнүн* ***сыртынан*** *кимдир бирөөнүн лепилдеген жеңил басыгы угулгансыды Эрке Карага [И. К.].*

Кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнөн болгондугун билдирет: *Базарбек экөөбүз ичигибиздин* ***сыртынан*** *курубузду бекем курчанып алганбыз [А. Т.] . Алар чапан* ***сыртынан*** *курчанып, калпакты баса кийинишкен [К. О.].*

Кээде маани жагынан абстракцияланып, тиешелүү кишилердин катышуусуз аткарылгандыгын билдирип калат*: Туугандары атамдын* ***сыртынан*** *бийлешип, эжем Батманы бирөөгө бермек болушуп, төө баштаган төрт тогуз, бир күлүк атка калыңын бычыша, сүйлөштү [А. Т.]. Алар кедейлердин* ***сыртынан*** *кол коюшту [Т. С.].*

3.2.8. Заттын чет жагын же нерсенин бүткөн жерин туюнткан жардамчы атооч: чет

Чет-бир нерсенин чеке жагы, чет жагы.

1. ***Чет***-жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин чет жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Бостон жараканын* ***четине*** *жетип карады-аңгыраган капкара жар...[Ч. А.]. Акбара азыр үйүрүн аймактын* ***четине*** *баштап баратты [Ч. А.]. Нефтибазага келишкенде күн шаардын* ***четине*** *ылдыйлап, дигерге жакын калды [Ч. А.]. Кечинде баары - алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту; токойдун* ***четине,*** *үңкүргө жакын жерге оттон улуу жагышты [Ч. А.]. Муунчак-түйүнчөгүн көтөрө жүгүрүп ыйлашкан Сайкал энем менен Картаңбай атам гана эмес, күйдүргү сүйлөгөн Сатымкул кераяк да айылдын* ***четине*** *узата чыгарышты [Ч. А.]. Алар кыштактын* ***четине*** *чыгышты [Т. К.]. –Хан ата, мына менин балдарым, сенин болсо неберелериң бар... –Темүчүн төшөк* ***четине*** *кыңкая олтуруп, хандын колун кармады [И. К.].*

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракеттин бир нерсенин чет жагында болгон ордун көрсөтөт: *Сол тарапка тартылган туш кийиздин* ***четинде*** *карышка жакын кармалган кундузу бар [К. Ж.]. Тиги аңыздын* ***четинде*** *Балтек чуңкурдагы уюган канды буртулдата сугунуп жатат [Ч. А.]. Короонун* ***четинде*** *боз үй турат [Т. К.]. Негедир Кириск Ала-Дөбөттүн аркы бетинде, токой* ***четинде****, дайранын жээгинде калган айылына кайткысы келип кетти [Ч. А.]. Айылдын* ***четинде*** *түрдүүчө кийинген балдар күч сынашып*

күрөшүп, күчтүүсү күчсүзүн төо басты кылып, эптүүсү эпсизинен төөмантек, укуй алып жатты [К. Ж.]. Жол ***четиндеги*** *белгилер, көпүрөлөр, каршы келаткан машинелер...баары көзгө илешпей зуу-зуу этет [Ч. А.]. Токойдун* ***четиндеги*** *карагайларда баатырдын кара ашына чалынар төрт түлүк мал тогуздап байланып турду [Т. К.]. Көк ала сакал, сөөктүү ал карыянын өтүнүчү боюнча айылдын* ***четиндеги*** *бир үйгө экөөнү түшүрөт [К. О.]. Канчалык алыс болсо да, эчкилердин маараганы короо* ***четиндеги*** *жылтыр жүн улактарына угулат [К. О.].* Мында кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын бүткөн жериндеги б. а., эң алыс жагындагы, чет жагындагы орунду көрсөтүп отурат. Ал эми кээ бир жардамчы атоочторго –гы, -ги мүчөлөрү жалганып да келди, муну биз жогоруда белгилеп өттүк.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жагынан башталып чыккандыгын көрсөтөт: *Айланасын карап отуруп, талаанын* ***четинен*** *бери көпүрөнү карай бир машине келатканын көрдү [Ч. А.]. Ушу маалда токойдун* ***четинен*** *мотордун доошу угулуп, алыстан аскер түс жүк машине көрүндү [Ч. А.]. Акбара төө таштардын арасы менен сойлоп, тээ алыскы койлордун* ***четинен*** *өңүп келаткан экен [Ч. А.]. Үйдөгүлөр Укендин ышкынын* ***четинен*** *алышып, борс сындырып, эчкилер жалбыракка киргендей шуудуратып киришти [К. О.]. Мынчалык малсаак болосуңбу?-деди Калыгул карыя, жылкы* ***четине****н жолуктурган Ормонду [К. О.].Чум капкара кийим желдеттер кыркар тартып, элдин бир* ***четинен*** *түшүп, бет келген кишиден буудайды бетине тактап сурап киришти [Т. К.].* Мындагы, биринчи, экинчи сүйлөмдөр мейкиндик аралык мааниде келсе, калган сүйлөмдөрдө конкреттүү заттар менен айкашып кыймыл-аракет нерсенин четинен башталганы байкалат.

3. 2. 9. Заттын каптал жак тушун туюнткан жардамчы атооч: тушу

Туш-сөзүнүн баштапкы зат атоочтук мааниси нерсенин каптал жагы.

1. ***Туш***-жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын каптал жак тушуна багытталгандыгын көрсөтөт: *Тааныш короонун* ***тушуна*** *токтоп, энтиккеними басып алууга папирос чектим [Ч. А.]. Айылга жетип, короосунун* ***тушуна*** *токтодум [Ч. А.]. Жогортон келе жаткан*

эки киши теректин ***тушуна*** *келип тура калышты [А. Т.]. Мен сыяктуу ырга жакын балдар дайым кошокчулардын* ***тушуна*** *келип үйрөнүп кетишет [А. Т.]. Ал тургай тигил тегирмендин* ***тушуна*** *көп катар бир үй тургузуп, анын чатырчасынан наркы кырга улап көпүрө салса эң сонун болор эле [Т. С.].* Мында, биринчи, экинчи сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин каптал жагына, тушуна багытталса, үчүнчү, төртүнчү сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин (заттын) каптал жагында б. а., карама-каршысында болгондугун билдирет.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын каптал жак тушунда болгон ордун көрсөтөт: *Биздин үйдүн* ***тушунда*** *бир чоң чынар терек бар эле [Т. С.]. Каныбек короонун* ***тушунда*** *көпкө турду [К. Ж.].* Айрым учурда кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирет*: Залим өкмөт* ***тушунда****, жабыр көрдүң ушунда [Т. С.].*

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл–аракет заттын тушунан, бет маңдай жагынан башталып чыккандыгын же заттын тушунан өткөндүгүн билдирет: *Бекет базанын* ***тушунан*** *өтүп баратканбыз [Ч. А.].Үйдүн* ***тушунан*** *өтүп кеткиче кулак мээни жеп кетет [Ч. А.]. Аман жээктеп басып, элдин* ***тушунан*** *өйдө өттү да, кулачтап дайрага кайра боюн урду [Т. К.].*

Туш-жардамчы атоочу субстантивдешкен мааниде да колдонулат: *Үйдүн* ***тушундагылар*** *бир аздан соң үйгө кире баштады [К. Ж.]. Жапар ошондо гана башын көтөрүп, терезеге бурулду, адегенде терезенин* ***тушундагыларды*** *мал деп ойлоду [А. Т.].* Бул жерде нерселерди деген сөз түшүп калып, ага уланган – лар, -ды мүчөлөрү жардамчы атоочко улануунун натыйжасында жардамчы атооч затташты.

3.2.10. Заттын ортосун же ошого жакын борборун туюнткан жардамчы атооч: орто

Орто-сөзүнүн баштапкы зат атоочтук мааниси кандайдыр бир заттын ортосу, борбор чени.

1. ***Орто***-жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүн кабыл алып, кыймыл-аракет заттын ортосуна, борборуна же бир нече заттын арасына багытталгандыгын билдирет: *Шуулдаган метро менен борбордун* ***ортосуна***

ээн-эркин жетип бардым [Ч. А.]. Залдын ***ортосуна*** *гана катар-катар орундук коюшуптур, биз ошерден орун алдык [Ч. А.]. Ырдагандардын үнү угулганда Бостон жолдун* ***ортосуна*** *чыгып, колдорун жанталаша булгалады [Ч. А.].*
Эл четин каптаган алаамат элдин ***ортосуна*** *да жетет [К. О.]. Мына Абдырахман карагым бизди туугансып, ордо менен элеттин* ***ортосуна*** *түшүп, элчилик кылып келип калыптыр [Т. К.]. Болбойт деп Көкөтөй чалды Сейдакмат экөөнүн* ***ортосуна*** *отургузду [Ч. А.]. Ленка Авдий менен Петруханын* ***ортосуна*** *корголоду, баягы окуядан кийин карышкырдан коркуп жүрөт [Ч. А.]. Энеси Нүзүптүн кебетесинен чоочуду, атасы экөөсүнүн* ***ортосуна*** *от жакпайын, жаман сөзгө өтүшүп кетпесин деп, корсунуп отурганын башкага жооткотту [Т. К.].* Жогорудагы биринчи, экинчи жана үчүнчү сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин так ортосуна багытталды. Ал эми калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет бир нече (эки же андан ашык) заттардын ортосунда, арасында болгондугун туюнтту.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде жардамчы атоочтордун маанилери:

а) кыймыл-аркет бир нече заттардын арасында, ортосунда болгондугун билдирет: *Ал учурда хан кандай аппак кийизде жан жөөкөрүнүн* ***ортосунда*** *бал кошкон кымыздан уурттап коюп, ырчылардын мактоо ырларын угуп отурган [Ч. А.]. Базарбай экөөнүн* ***ортосунда*** *болуп өткөн окуя так ушу эки карышкырдын тегерегиндеги кыжылдактан башталып отурат [Ч. А.]. Атасы кенже балдарынын* ***ортосунда*** *отурду, бир колтугунда Ажымурат бир колтугунда эки кызы [Ч. А.]. Экөө суунун* ***ортосунда*** *аттарын темине үрпөңдөшүп, кармаша кетишти [Ч. А.]. Жеңишке делөөрүгөн беркилер эки адам* ***ортосундагы*** *ымдашууну абайлабай келе берет [К. О.];* Мында кыймыл-аракет эки же андан ашык заттардын арасында болуп өттү;

б) кыймыл-аракет заттын орто жеринде, борборунда болгон ордун билдирет: *Эки жоо Чуст менен Төрө-Коргондун* ***ортосунда*** *кез келишти [Т. К.]. Темене-Суу түзүнүн* ***ортосундагы*** *топудай дөбөгө өңкөй иргелген мыктылар чогулду [Т. К.]. Каштек менен Кара-Кыштактын* ***ортосундагы*** *алкымга жетти [К.*

О.]. Ал эми мындай учурда кыймыл-аракеттин бир заттын ортосунда, борборунда болгон ордун көрсөттү.

Өзүнөн мурдагы сөз мезгилдик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтөт: *Алар теке айынын* ***ортосунда*** *“жер ортосу” деп, Көтмалдыга чоң суунун боюна кең сазга чогулушту [К. О.]. Бирок ошо көмүлүп бараткан көз ирмемдин* ***ортосунда*** *көңүлүнө балкыган ой сызылат: бу дүйнөдө ата деген болору жакшы тура [Ч. А.]. Органдын колу экенин Кириск уйку-соонун* ***ортосунда*** *жатып билди [Ч. А.]. Түн* ***ортосунда*** *гана чабандар ай талаанын бир чуңкуруна уктап,эртеси таң заардан кайра жолго чыкмай болушту [Ч. А.]*.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын орто жеринен, же бир нече заттын арасынан башталып чыккандыгын билдирет: *Суунун* ***ортосунан*** *батып бараткан кайыкты эмне болсо да сактап калуу керек эле [Ч. А.]. Биринчилик үчүн Алымбек датка экөөбүнүн* ***ортосунан*** *күрөш чыкты [Т. К.]. Бу сапар ал аңчылардын* ***ортосунан*** *бир жагын сүзө качырып жарып келе жаткан жолборс өңдүү тажаалданып келди [Т. К.]. Алардан жооп угуп, боорунан бери шөмтүрөп, тер жыттанып турган аттардын* ***ортосунан*** *кысыла өтүп, дыңда жүргөн атына минет [Ч. А.]. Томсоргон миршабдардын* ***ортосунан*** *өтүп, балахананын эскирип калган жыгач тепкичтерин басып жерге түштү [Т. К.]*. Мындагы мисалдардан байкалгандай, биринчи сүйлөмдө кыймыл-аракет заттын ортосунан, борборунан чыкса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет бир нече заттардын арасынан чыкканын көрсөттү.

Өзүнөн мурдагы сөз мезгилдик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт: *Түн* ***ортосунан*** *оп калган [Ч. А.]. Коноктор кеч тарашып, акыркылары түн* ***ортосунан*** *оогондо жүк ташыгыч машинеге олтуруп, үйлөрүнө кайтышкан [Ч. А.]*.

3.2.11. Заттын ортосундагы бош орунду жана ич аралыгын туюнткан жардамчы атооч: ара

Ара-сөзүнүн баштапкы лексикалык мааниси бир нече заттардын ортосундагы бош орун, аралык.

1. Барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир канча заттын арасына багытталгандыгын билдирет: *Бала карматпай секирип түшүп, көпчүлүктүн **арасына** кирип көрүнбөй калды [Т. К.]. Берки айылдагы Субанкул көчөдөгү козунун **арасына** бекинген [К. О.]. Бала шофёрлордун **арасына** кыпчылып, көлдөлөңгө жатты [Ч. А.]. Көк тулаңдын **арасына** тизген жумурткадай болуп боз үйлөр келип конду [Ч. А.]. Тооктор бир заматта туш келди бапырап качып, чөп-чардын **арасына** житип кетишти [Т. К.]. Ал калың өскөн чөптөрдүн **арасына** серп таштап, жаңы топурак чыккан жер болсо да, абайлап карап келатты [Т. К.]. Карагер эшек чырканактын **арасына** оттоп кетти [Ч. А.]. Керней үнү тоо **арасына** жаңырык түшүрүп, шаңдантып, хан элчиси келип отурганга чейин үн басылбады [Т. К.].* Жогорудагы биринчи, экинчи жана үчүнчү сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет бир канча конкреттүү заттардын арасына багытталса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин арасындагы бош мейкиндикке багытталганы байкалат.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракеттин бир нече заттардын арасында болгон ордун көрсөтөт*: Ээн талаада адашып жүргөнсүп эл **арасында** каңгып жүрөм [Ч. А.]. Бостон кырда, таштардын, бадалдардын **арасында** мылтыгын белен кармап, былк этпей жатты [Ч. А.]. Кардын тойгузуп алган Авдий чуваш жыттанган таңгак-таңгак жүндүн **арасында** уктап калды [Ч. А.]. Ал калың чөптүн **арасында** жазылма орундукта отуруптур, таянган таягы бар [Ч. А.]. Долубек камыш **арасында** кансырап жатканда башкалар өлтүрүп, Найза-Кызыл менен болотту алып кетишти [К. О.]. Эшим эки колун шалдайтып таштап, нымык сары чөптүн **арасында** чалкасынан түшүп жатты [Т. К.]. Алардын **арасында** Ормон бар [К. О.]. Төрөгелди сөз **арасында** баскынчылар менен кармаш канча күн болгонун, кайсы жерде өткөнүн улам сурайт [К. О.].* Келтирилген мисалдардын биринчи, жетинчи сүйлөмдөрүндө кыймыл-аракет эки же андан ашык заттардын арасындагы болгон ордун

көрсөтсө, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин арасындагы мейкиндиктин ичинде, арасында болгондугун билдирип калды.

Ара-жардамчы атоочу кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт: *Жыл маалы Акбара менен Ташчайнар Алдаш камышынын* ***арасында*** *жүрдү [Ч. А.]. Туман* ***арасында****, башын кызыл жоолук менен буулуп Найза кызылды минген Долубек далдая көрүндү [К. О.]. Уйку-соонун* ***арасында*** *жай гана каалгып ордунан туруп, кир колу менен көзүн ушалады [А. Т.]. Ошердеги кымкууттун* ***арасында*** *кимдир бирөөнүн балбалактаган ыйы угулду [Т. К.].*

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет бир канча заттардын арасынан башталып чыккандыгын билдирет: *Булуттардын* ***арасынан*** *жылдыздар жарк-журк көрүнө түштү [Ч. А.]. Жылдыздардын* ***арасынан*** *Эмраин жылдызы узак турду жаркырап [Ч. А.]. Кандайдыр тоо* ***арасынан*** *жаңырыктап мылтык атылганда ойгонду да, кайра уйкуга кетти [Ч. А.].Болот көйкөлгөн жашыл чөптүн* ***арасынан*** *көтөрмөнү сүйрөп андан нары жөнөп баратты...[Т. К.]. Мына ошондо жаман чобурлардын* ***арасынан*** *Султанмурат атасынын аттарын көрө койду [Ч. А.]. Теминип, жигиттер* ***арасынан*** *суурулган Жаркымбай Эралыга жанаша түштү [К. О.]. Аңгыча көпчүлүк* ***арасынан*** *кимдир бирөө:-Тамакка келбедик, тамаша көрөлү деп келдик. Баштай бербейсиңерби оюн-зоокту,-деп бакылдады [К. О.]. Талааны ээлеген бопбоз мүрзөлөрдүн* ***арасынан*** *арбак сыяктуу караан көрүндү да, жок болду [А. Т.]. Жергиликтүүлөр* ***арасынан*** *бирөө кыраатка салып, куран баштады [К. О.].* Мында (биринчи сүйлөмдөн төртүнчү сүйлөмгө чейин) кыймыл-аракет нерсенин мейкиндик-аралыгынын арасынан башталганын көрсөтсө, калган сүйлөмдөрдө конкреттүү заттардын арасынан башталып чыкканын көрсөттү.

3.2.12. Заттын жан-жак тарабын туюнткан жардамчы атооч: жээк

Жээк –сөзүнүн зат атоочтук баштапкы мааниси нерсенин чет жак бөлүгү.

1. Барыш жөндөмөсүндө келгенде, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кырка боюна, жээгине багытталганын көрсөтөт: *Көпүрөлөрү бетондолуп, жол* ***жээгине*** *белгилер коюлуптур [Ч. А.]. Көл* ***жээгине*** *алпарчу ээн таш жолдо*

баратып, Бостон капыстан шарт бурулду да, атын мойнунан кучактап, буркурап, өксүп ыйлап жиберди [Ч. А.]. Ал шаша –буша кыймылдап, таштаган жеринен чолок тонун алып, күшүлдөп –бышылдап, булактын ***жээгине*** *жетип келди [Ч. А.]. Мазардын тегеректерин булгабоо үчүн, казандар кырка суунун* ***жээгине*** *асылып, кан-жиндер сууга төгүлдү [К. Ж.]. Кыз-Булактын түндүк тарабындагы булактын* ***жээгине*** *эл келип, түрдүү чүпүрөктөрдү мазарга байлап жатышты [К. Ж.]. Мына ушерден ал өкүндү: далбастап жатып булактын* ***жээгине*** *үчтөн экиси ичиле элек бөтөлкөнү таштап кеткенине өкүндү [Ч. А.]. Биякка жөнөр алдында көл* ***жээгине*** *, баягы жар –кабакка бардым [Ч. А.].* Мындагы сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет заттын кырка жээгине карай багытталганын көрсөтүп калды.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракеттин заттын кырка четинде болгон ордун көрсөтөт*: Эки "сүйүнчү" деп өзүмчө чоң суунун* ***жээгинде*** *жападан жалгыз отуруп кубанам [О. С.]. Жылдыз толгонго дейре көлдүн* ***жээгинде*** *турдук [О. С.]. Дал ушул саатта тээ төмөндө, Ысык-Көлдүн* ***жээгиндеги*** *аптапта кишилер кум үстүндө күнгө күйүп жатканына ишенбей кетесиң [Ч. А.]. Жол* ***жээгиндеги*** *арыкка оодарып алган машинебизди жабылып жатып тургуза албай койдук [Ч. А.]. Поезден ыргытылгандан кийин темир жол* **жээгиндеги** *сайда жаткан Авдий эң оболу, мен кайдамын – деп ойлонду [Ч. А.] .Эски өстөндүн* ***жээгиндеги*** *жапан сары талдан кыйып, шыралжын куурай аралаштыра боолап келип, устундардын үстүнө таштадык [К. А.].*

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын жээк жагынан башталып чыккандыгын билдирет: *Кышкысын агын суунун күбүрлөнгөн муз* ***жээгинен*** *ат сугаруу, анан калса топ атты сугаруу опурталдуу иш [Ч. А.]. Көлдүн тиги нур куюлган көк* ***жээгинен*** *бери карай Ак кеме кылайып чыгып келатат [Ч. А.]. Алар Энесайдын* ***жээгинен*** *кыркаар тартып үй тигип, улуу журт курган [Ч. А.]. Улуу-Чаттын чоң жолунун* ***жээгинен*** *Түлкүбек менен Атабек жолугушмак болду [К. Ж.].*

Таблица 3.1.

Мейкиндик жана мезгил-аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтордун кыргыз жана түрк тилдериндеги аталыштары

№	кыргыз	казак	өзбек	башкыр	кара калпак	алтай	якут
1.	айлана	айнала	айнала	-	айнала		ыксата
2.	алд(ы)	алды	олд	ал	алды	алд	илин
3.	ара	ара	ора	ара	ара	ара	быыс
4.	арка	арқа	орқа	арқа	арка	-	аргаа
5.	арт(ы)	арт	орт	арт	арт	кийин	кэлин
6.	аст(ы)	аст	ост	аст	аст		алын
7.	жан(ы)	жаны	ён	ён	жан, каптал	jан	атта, таһа
8.	жээк	жиеги	-	-	-		кытыы
9.	орто	ортасы	уртасы	урте	орта	орто	орто
10.	сырт	сырты	сирт	сырт	-		тас
11.	тегерек	төңіреги	теварак, отрафы	-	дөгерек		
12.	туш	түсы	-	тыш	түс	туш, туж	тус
13.	түп	түбі	туб, таг	төп	түп	төс	төрүт
14.	үст(ү)	үсті	уст	ос(т)	үст	уст	үрүт
15.	чет	шеті	чет	-	шет	-	

3.3. Адамдын дене мүчөлөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтор

3.3.1. Заттын эң жогорку жагын туюнткан жардамчы атоочтор: баш, төбө

Баш-зат атоочтук мааниде келгенде жандуу заттардын башы, кандайдыр бир заттын кылда учу, чокусу же башталган жери. ***Төбө***-бир нерсенин эң үстүнкү бөлүгү, жогору жагы чокусу.

1. *Баш, төбө*-сөздөрү жардамчы атоочтук мааниде колдонулганда барыш жөндөмөсүндө кыймыл-аракет заттын кылда учуна, чокусуна, же башталган жерине багытталгандыгын билдирет: *Түнкү жайыттан саан бээлерди айдап келди да, желенин* ***башына*** *имерип токтотуп, кулундарды байлай баштады [Т. К.]. Эртеси жоокер көлдүн* ***башына*** *барат [Т. К.]. Маралдар жардын* ***башына*** *барып токтоду, чоң бугу мүйүзүн каңтара мойнун созуп «Ба–о, Ба–о!» деп кернейдей доош жаңыртты [Ч. А.]. Тоо* ***башына*** *электр ширеткич отуруп алып, тынбай иштеп жаткандай жарк-журк эте баштады [Ч. А]. Шүмшүк Мырзатты кармап алып, Кокондун чоң дарбазасынын* ***башына*** *астырып таштап, ордого кайра кирдим [Т. К.]. Тоонун* ***төбөсүнө*** *жакындап калдык [К. Б.]. Баарынан да Христти аптап ысыкта Кашка дөбөнүн* ***төбөсүнө*** *колу-бутун керип алып барышты [Ч. А.]*. Мында кыймыл-аракет нерсенин жогорку жагынан т. а., башынан башталып, конкреттүү мейкиндик маанини туюндуруп калды.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кылда учунда, же баш жагында болгондугун билдирет: *Ошол тарапта Ормондун тууганы Адыл баатыр үлүш жеп, көл* ***башында*** *жүргөн [Ө. Д.]. Алим хан күчтүү мамлекеттин* ***башында*** *турганын көргөн соң, эл алышка, дагы жер кеңитишке катуулап киришти [Т. К.]. Данияр адатынча тик түшкөн жардын* ***башында*** *отуруптур [Ч. А.]. Сайдын* ***башында*** *тоонун кыры мунарыктап, жылдыздар алыста көрүнөр-көрүнбөс [Ч. А.]. Фрунзенин татынакай вокзалынын* ***төбөсүндөгү*** *кызыл желек Ала-Тоонун чокусуна сайгандай асман мейкининде желбиреп турат [А. Т.]. Үйдүн* ***төбөсүндө*** *жыйылган чөп турат [А. Т.]. Бактардын* ***төбөсүндө*** *кандайдыр бир чымчык чыйт-чыйт деп сайрап, пыр-р этип шактан шакка учуп жүрөт [Т. К.]*. Ал эми бул учурда кыймыл-аракет нерсенин эң жогорку жагында болгон ордун көрсөтүп калды.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет тигил же бул заттын башынан, чокусунан экинчи бир тарапка багытталып чыккандыгын билдирет: *Капталдагы куу арчанын **башынан** жалгыз күкүк муңканып, чарчаңкы үн салууда [Т. К.]. «Биздин жерде кыргыздын сөөгү да калбасын!» - деп өлүктөрдү жар **башынан** өзөнгө кулатты [Ч. А.]. Ал алачыкка кирер менен балага жасаган төшөктүн **башынан** түйүнчөктү ала койду [А. Т.]. Жылгын **башынан** кечип, күндүз тоого бекиништi [Т. К.]. Учактар жайылып жаткан бөкөндөрдүн **төбөсүнөн** тик сайылып учуп, аларды кыра баштады [Ч. А.]. Экөөнүн **башынан** бир өткөн мурдагы таржымал турмушу бар, экөөнүн ортосунда бала бар [Ч. А.]. Атылган суу анын **башынан** ары ашып түшүп, келин нурга бөлөнүп турат [Ч. А.].* Мындагы мисалдардан байкалгандай, кыймыл-аракет бир заттан экинчи бир затка карай багытталып (жар башынан, арчанын башынан) келгени байкалды. Ал эми акыркы үч сүйлөмдө кыймыл-аракет (бир же бир нече заттардын катышуусунда) так төбөсүнөн, баш жагынан башталып экинчи тарапка багытталганын байкоого болот.

Мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашып, кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет: жыл башынан, айдын башында, кыштын башында ж. б.

3.3.2. Заттын үстүнкү бетин туюнткан жардамчы атооч: бет

Бет-зат атоочтук мааниде адамдын бети, заттын, нерсенин үстүнкү бети, сырт жаккы тарабы. Белгилүү деңгээлде үст(ү) жардамчы атоочуна синоним боло алат.

1. *Бет*-жардамчы атоочтук мааниде колдонулганда барыш жөндөмөнү кабыл алып, кыймыл-аракет бир нерсенин үстүнкү бетине багытталгандыгын билдирет: *Жер **бетине** тукум таратып кеткен Умай-Эне Айым-Балыктын урматына ыр ырдалат [Ч. А.]. Төрдө отурган кишинин **бетин**е гана айнек жактан жарык түшүп турат [Т. К.]. Жер **бетине** чоң кебез жууркан жаап салгандай али күүгүм кире элек теребеп ың-жыңы жок мемиреп жымжырт турду [Ч. А.]. Тумсак кардын **бетине** гүл чайытындай издерин калтырып, чөл талаанын оңтою менен бөрүлөр жүрүп баратты [Ч. А.]. Арамдык толгон жер **бетине** жем жешке, анан түнөккө гана түшпөсө, алар көбүнесе көк асманда*

[Ч. А.]. Чалчык-чалчык суу ***бетине*** *тоңгон муз бут астымда качырап сынат [Ч. А.].*

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин тигил же бул заттын үстүңкү бетинде болгондугун билдирет*: Эрте жааган кар жердин жылуу демине чыдай албай, кара жолдун* ***бетиндеги*** *кар чөгө баштады [Ч. А.]. Байтеректен туюк чабылган кайык деңиз бетинде сүмбөдөй сүзүп баратты [Ч. А.]. Деңиз* ***бетинде*** *ал жалгыз баратыптыр [Ч. А.]. Кайык суу* ***бетинде*** *жыбылжып жөнөдү [Ч. А.]. Шамал айдаган түтүндөй тыбыт туман деңиз* ***бетинде*** *чубалат [Ч. А.].*

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинен чыккандыгын же болгон ордун билдирет*: Булуттар деңиз* ***бетинен*** *тарап, жээкти кыркалаган дөбөлөрдү карай сүрүлдү [Ч. А.]. Чексиз суунун* ***бетинен*** *кылтыйып чыгып турган үч эмчектей үч аска бар, эли - журту жок үч арал [Ч. А.]. Ошол түнү ал айдын* ***бетинен*** *карышкырлардын Кудай - Энеси Бөрү-Ананы биринчи жолу апачык, дапдаана көрдү [Ч. А.]. Бир күндөн кийин кайтып келатып, ашуунун аркы* ***бетинен*** *Алыбекке жолуктум [Ч. А.]. Деңиз* ***бетинен*** *бизди көрө албадыңар да [Ч. А.].*

3.3.3. Заттын ички тарабын туюнткан жардамчы атооч: ич

Ич-сөзү зат атоочтук мааниде адамдын же жаныбарлардын дене бөлүгү, бир нерсенин ич жагы, ички бөлүгү, арасы.

1. *Ич* жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын ичине багытталгандыгын билдирет: *Айыл* ***ичине*** *күбүр-шыбыр тарады [К. О.]. Андан ылдый коктунун* ***ичине*** *чейин эңкейиштеп жүрүп отурат [Ч. А.]. Ташчайнар үңкүрдүн* ***ичине*** *кирип, кайра да Акбараны булактын жээгинен кууп жетти [Ч. А.]. Маралдарга токой* ***ичине*** *чөп чачып койсо жакшы болбос беле [Ч. А.]. Бектурган үстү түшкөн көрдүн* ***ичине*** *кире бергенде, ит чала бурдап кетти [А. Т.]. Үйлөрдүн* ***ичине*** *чырак жагылган [К. Ж.]. Көкө үй* ***ичине*** *алдыртан көз чаптыра, момурап отурду [Т. К.]. Эл* ***ичине*** *көптү көргөн кыраакылар үч мертебе келип кетишти [К. Ж.].* Мындагы сүйлөмдөрдөн

байкалгандай кыймыл-аракет нерсенин ич жагына, айрым учурда бирөөлөрдүн арасына багытталат.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанилерди берет:

а) кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын ичинде болгон ордун көрсөтөт: *Бирок, элет* ***ичинде*** *Абилдин кадыры даткалардан кем болгон эмес [Т. К.]. Ошондой болсо да Орган карыя кайык* ***ичинде*** *тартипти бекемдеди [Ч. А.]. Эл жүнүн жейт, айрыкча метро менен вокзалдын* ***ичинде*** *бут коёрго жер жок [Ч. А.]. Короонун* ***ичинде*** *энесин тегеректеп чыйпылдап жүргөн, балапандарды кызыга карап, имерчиктей калып, ойноп жатты [Ч. А.]. Боз үй* ***ичинде*** *күжүлдөгөн сөз, ыкшыган күлкү дана угулат [К. О.]. Үйдүн* ***ичинде*** *жалгыз стол [А. Т.].* Берилген сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин ич жагында болгон ордун көрсөтүп, жардамчы атоочтор өзүнүн алдындагы сөз менен бирдикте туруп, сүйлөм тизмегинде орун тактоочтук милдет аткарып калды;

б) алдындагы сөз көпчүлүктү туюнтса, кыймыл-аракеттин бир нече заттардын арасында болгондугун билдирет: *Белгиленген делегациянын* ***ичинде*** *мыкты жол мастери катары Кулов Байтемир бар экен [Ч. А.]. Кыжылдаган калың топтун* ***ичинде*** *не деген гана сөздөр болуп жатпады [Ч. А.]. Ошолордун* ***ичинде*** *наша чабытына жөнөгөн чалгынчылар, Авдий Калистратовдун жолулаштары [Ч. А.]. Ушул отурган жигиттердин* ***ичиндеги*** *эң күчтүүсү, эң кыйыны, эң келишимдүүсү Кулубек байкеси [Ч. А.]. Алардын* ***ичинде*** *ишке жалкоо, оюнду жакшы көргөн тентек-Сергей деген бирөө бар эле [А. Т.]. Ошондо Айзаада да эл ичинде Темирди бир жадырап тиктеп алды [Т. К.].* Мисалдардан байкалгандай, мында кыймыл-аракет бир нече заттардын арасында болуп өткөнүн көрсөттү;

в) өзүнөн мурдагы сөз мезгилдик маанидеги сөз болсо, кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет: *Кийинки үч жыл* ***ичинде*** *Карагер кабары аздап-аздап элге угулду [К. О.]. Ушул өткөн жылдардын* ***ичинде*** *Асел өзгөрүп калыптыр, көздөрү да өзгөрүптүр [Ч. А.]. Билинбей түн* ***ичинде*** *жаап салган биринчи кар баарына күтүүсүз болду [К. Ж.]. Бул мезгилдин* ***ичинде*** *айылга кайрылып барууга чалам тийбеди [Ч. А.]. Үч жарым жылдын* ***ичинде*** *Анархайдын тиги*

четине да, бу четине да чыктык [Ч. А.]. Кадырбай жакын күндөрдүн ***ичинде*** *ника кыйдырып, Алтынкөкүл Раушанды алмак болот [К. Ж.].Ушинтип айтылган миң кызыл дилде эки базар* ***ичинде*** *табылды [Т. К.].* Мында, жардамчы атоочтор мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашып, кыймыл-аракеттин мезгил жагынан чектелип келгенин (үч жыл ичинде, түн ичинде, эки базар ичинде ж. б.) билдирип, сүйлөм тизмегинде мезгил бышыктоочтун милдетин аткарып калды.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын ичинен же бир нече заттын арасынан чыккандыгын билдирет: *Чыпалак төөнүн* ***ичинен*** *чыңырып жардам сурайт [Ч. А.]. Казан вокзалындагы элдин* ***ичинен*** *алиги Үтүк атка конгон, төшүндө сексен жети сандуу белгиси бар жүкчүнү табышым керек [Ч. А.]. Дүйшөн окуткан он чакты балдар -кыздардын* ***ичинен*** *чоңураагы эле мен болчумун [Ч. А.]. Кыздардын* ***ичинен*** *чоңураагы эле мен элем [Ч. А.]. Балдардын* ***ичинен*** *эпчили да, чыдамдуусу да Кириск эле [Ч. А.]. Үч аралдын* ***ичинен*** *Ортончусу жанга жайлуу эле [Ч. А.].* Келтирилген мисалдардын биринчи жана акыркы сүйлөмдөрүндө кыймыл-аракет нерсенин ичинен башталып чыкса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет бир же андан ашык заттардын арасынан чыкканы байкалат.

Кээде *ич* жардамчы атоочу субстантивдешкен мааниде да колдонулат: *Алдыртан үйдүн* ***ичиндегилерди****н ар бирин байкап отурган Күмүш үчүн Самсахундун көрүнүшү жакпады [К. Ж.]. Үй* ***ичиндегилер*** *келген меймандар менен түгөл саламдашты [Т. Ж.].* Мындай учур казак тилинен да кездешет. Мисалы, Түйенің **үстіндегілер** түскен кезде...

3.3.4. Заттын каптал жагын туюнткан жардамчы атооч: бою(на)

Бою(на) сөзүнүн алгачкы мааниси-адамдын бою, суунун, жолдун ж. б. жээги. Бой сөзүнүн алгачкы формасы боб~бод~боj “тело, туловище, рост” (др.тюрк) [Щербак, 1987: 66]. Байыркы түрк тилдериндеги эстеликтерде бод – дене, жандык маанисинде келген, д > й; бод > бой [Аширалиев, 1963 : 6].

1. Барыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жакасына, боюна багытталгандыгын билдирет: *Андан соң кара торпок жетеленип*

келинип, булак ***боюна*** *мууздалды [К. О.]. Айлам кеткенде суунун* ***боюна*** *барып бакырып, бакырып алып, элден келген бирөөнү көрөмбү деп көксөчү элем [А. Т.]. Көчөнүн* ***боюна*** *байлап алып сабагыла [Н. Б.]. Ушинтип тегеретип ойлоп турушуп баланы жол* ***боюна*** *тагдырдын эркине таштап кетишмек болушту [Т. К.]. Алар теке айынын ортосунда "жер ортосу" деп, Көтмалдага чоң суунун* ***боюна*** *кең сазга чогулушту [К. О.]. Бадалды аралап, булак* ***боюна*** *басышты [К. О.].* Мында кыймыл-аракет нерсенин чет жагына багытталып келди.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракеттин заттын чет жакасында болгон ордун билдирет: *От* ***боюнда*** *бөз көйнөгү курсагын жаппаган, мурду булайып, үч жашар бала отурган [Т. К.]. Ала-шала тер болуп үйгө жетип келгенимде, очок* ***боюнда*** *от жагып отурган женем өйдө тура калды [Ч. А.]. Машине менен тең жарышып жол* ***боюнда*** *ойноп жүрүптүр [Ч. А.]. Азыр да ошо суу* ***боюнда*** *жүргөндөй болду Кириск [Ч. А.]. Жолдун* ***боюндагы*** *бир таштын үстүндө , мурдагы күнү мен тыгылган тушта Асел отурат [Ч. А.]. Коломто* ***боюнда*** *какчыйган жыгачтай болгон дудук кебетеленген үңүрөйгөн кара катын отуруптур [К. Ж.].* Бул учурда кыймыл-аракет нерсенин чеке жагында болгон ордун дааналап көрсөтүп, сүйлөм тизмегинде орун тактоочтун милдетин аткарып калды.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жакасынан башталып чыккандыгын көрсөтөт: *Саматты жол* ***боюнан*** *таппадым [Ч. А.]. Атайы мени издеп келген соң жол* ***боюнан*** *кайра тарткан болобу [Ч. А.]. Өзөндүн боюнан шаркырап тынбай суу агат [Т. С.]. Көл* ***боюнан*** *сыдырым жел согуп турат [Т. С.]. Өзөн* ***боюнан*** *анча алыс эмес, кол менен атайы жасап койгондой тоголок дөбөдө башка чатырлардан чоң, башка чатырлардан сүрдүү болуп бир ак чатыр тигилген [Т. К.]. Эртеси кеч күүгүмдө, колунда бир гана түйүнчөгү бар Айзада көк өзөн* ***боюнан*** *узап чыкты [Т. К.]. Ашмара суусунун* ***боюнан*** *жылып жөнөгөн хандын колу жамырап, жүз жыйырма чакырым жол басып келди [К. О.].*

3.3.5. Заттын бет маңдайын туюнткан жардамчы атоочтор: маңдай, каш

Маңдай–сөзүнүн баштапкы мааниси адамдын маңдайы, нерсенин каршысы. **Каш**–сөзүнүн баштапкы семантикасы адамдын кашы, нерсенин бет маңдайы.

1. Барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын маңдайына, каршысына жакын жерде болгонун билдирет: *Усталарды алдырып, атасынын күмбөзүнүн* ***маңдайына*** *орнотушат [Ч. А.]. Менин сенде жумушум бар,-деди да Базарбай, зөөкүрлөнө Бостондун* ***маңдайына*** *отуруп алды [Ч. А.]. Ай тентегим ай!-деп күлдү Бектемир баланын* ***маңдайына*** *жылып олтуруп [Ч. А.]. Метрийдин уулу орусча дагы бирдеме деп сүйлөдү да, Бектургандын бет* ***мандайына*** *жылып отурду [Ч. А.]. Бектурган суудан кечүүгө даярданып, этегин белине кыстарып, таягын алып, суунун* ***маңдайына*** *карады [А. Т.]. Мени өздөрүнүн* ***маңдайына*** *олтургузушту [А. Т.]. –Кыйкырба, деп Эмраин* ***кашына*** *жетип келди [Ч. А.]. Атчан турган киши ээрдин* ***кашына*** *өбөктөп, унчукпай гана жылмая берди [А. Т.].* Казак тилинде *маңдай* жардамчы атоочу *маңай, маң* формасында кездешет*: Институт* ***маңайына*** *көп студенттер жыйналысты.* Ал эми башка түрк тилдеринен ***маңда****й* жардамчы атоочун кездештире албадык.

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын маңдайына жакын жерде болгон ордун билдирет: *Обер* ***маңдайында*** *чөгөлөп отурган Авдийди жекире тиктеди [Ч. А.]. Сүйгүнчүк болсо энесинин көк көзүн мисирейе тиктеп,* ***маңдайында*** *отурат [Ч. А.]. Назик колдорун көкүрөгүнө басып жалаң көйнөкчөн Асел титиреп (анын)* ***маңдайында*** *турат [Ч. А.]. Бош убактымын баарын анын* ***кашында*** *өткөрөм [Ч. А.]. Ал Нарындын* ***кашындагы*** *базада туруучу [Ч. А.]. Жангарачтын маңдайында Ноорузбай турат [К. О.]. Координатор-Атанын маегине Авдий түш ченде чакырылды да, (анын)* ***кашында*** *чыпчаң үч саат отуруп чыкты [Ч. А.]. Кайра сенин* ***кашыңда*** *болуп, Самат менен кумардан чыга ойноп албадымбы [Ч. А.].* Жогорку айрым мисалдардан байкалгандай кээде илик жөндөмөдөгү сөз көмүскөдө калат.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын бет маңдай жагынан башталып чыккандыгын билдирет*: Булуңдун* ***маңдайынан*** *деңиздин*

кара-көк жонун ашып, баланы көздөй Ала-Дөбөт жортуп чыгып келатыптыр [Ч. А.]. Субстантивдешкен мааниде да келет: ***Кашындагылардын*** *тирүү каларына шыпаа болор деп ал оюндагысынын баарын айтып калгысы келди [Ч. А.].*

Таблица 3.2.

Адамдын дене мүчөлөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтордун кыргыз жана түрк тилдериндеги аталыштары

№	кыргыз	казак	өзбек	башкыр	кара калпак	алтай	якут
1.	баш	бас	бош	баш	бас	баш,баж	бас
2.	бет	бет	бет	бит	бет	-	сирэй
3.	бой	бой	буй	буй	бой	-	-
4.	ич(и)	иші	ич	эс	иш	ич	ис
5.	каш(ы)	касы	кош	қаш	кас	-	хаас
6.	маңдай	маңы, маңайы	-	-	-	-	-
7.	төбө	төбес	тепа	тепа	төбе	-	төбө

3.4. Жардамчы атоочтук маниге толук өтө элек сөздөр

Кыргыз тилиндеги факты-материалдарга көз чаптырсак, зат атооч сөздөрдүн катарында колдонулуп жүргөн сөздөр белгилүү бир сөз айкаштарында келип жардамчы атоочтук мааниде колдонулуп каларын байкоого болот. Сөзүбүз далилдүү болсун *үчүн: таман, ооз, коюн, колтук, бел, желке, алкым, соору* сыяктуу сөздөрдүн кыргыз тилинде да, башка түрк тилдеринде да адамдын дене мүчөсүн атаган анатомиялык сөздөр экени белгилүү. Же болбосо зат атооч маанисинде колдонулган: *этек, жака, төр, кыр* ж. б. сөздөр кээде сүйлөм контекстинде толук лексикалык мааниде колдонулуп, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарып келет: ***белим*** *ооруду,* ***таманымды*** *таш тилди, анын* ***желкеси*** *тырышты,* ***оозун*** *ачып эстеди ж. б.*

Сүйлөмдүн экинчи бир контекстинде жардамчы атоочтук мааниде кеңири колдонулуп келет: *Коктунун* ***таманындагы*** *суу гана жаагын баспай шаркырайт [Ч. А.]. Балдардын чуусу коштоп, экөө сайдын* ***таманына*** *бир түшөт [Ч. А.]. Түнкү шумдуктан эсеңгиреген абышка куудай башы салбырап, кайыктын* ***соорусунда*** *мүргүп отурду [Ч. А.]. Тиги жардын туюк* ***алкымынан*** *каткалаң кардын үстү менен улам кылчактап коюп, бир түлкү качып келатат [Ч. А.].* Акыркы сүйлөмдө илик жөндөмөдөгү сөз менен жардамчы атоочтун ортосунда кошумча (туюк сөзү) сөз кезигип келди. *Кашардын* ***желкесиндеги*** *кырга олтуруп алып, Акбара уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, өзөгү күйүп, адатынча өксүп улуп кирди [Ч. А.]. Момун бастырманын* ***ооз****уна токтоду [Ч. А.]. Мага ушул ашуунун* ***белиндеги*** *участокту беришти [Ч. А.].*

Жогорудагы мисалдардан байкагандай *таман* сөзү нерсенин эң төмөн жагы деген түшүнүктү берип, *түп* сөзүнө белгилүү бир деңгээлде синоним боло алат. Ал эми *желке* сөзү *арка* жардамчы атоочуна синоним боло алса, *орто* жардамчы атоочуна *бел* сөзү маанилештей. Ошентип мисалдардан көрүнүп тургандай, *таман, алкым, желке, ооз, бел* сыяктуу сөздөрүн бул сүйлөмдөрдө зат атоочтук маанисине караганда жардамчы атоочтук мааниси басымдуу болуп, жардамчы атоочтук кызматта келип отурат. Мындай тилдик өзгөчөлүктөр - бардык түрк тилдерине мүнөздүү көрүнүш.

Жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөр – бардык түрк тилдерине мүнөздүү көрүнүш. Түрк тилдеринде кездешкен мындай тилдик өзгөчөлүктөр тууралуу алгачкы пикирди проф. М. Н. Хыдыров белгилеген. Ал мындай «лексикалык толук маанидеги сөздөрдүн жардамчы атоочторго, жардамчы атоочтон жандоочко өтүү процесси узак тарыхый жолду басып өтүү менен ишке ашат»- деп, таамай көрсөтөт [Хыдыров, 1947: 60 – 61].

Тилдеги жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөрдү М. Оразов жардамчы атоочторго атайын иликтөө жүргүзгөн окумуштуу катары «өтпели кезеңдеги сөздер» (өткөөл мезгилдеги сөздөр) деп атап, аларды ич ара эки топко бөлүп карайт:

1) атооч сөздөр менен жардамчы атоочтордун аралыгындагы сөздөр: аяк, таман, кучак, кайын, баур (кырг. боор), карсаң, соң, бой ж. б;

2) жардамчы атоочтор менен жандоочтордун аралыгындагы сөздөр: *турасында, жайында, жөнүндө, тура* ж. б. [Оразов, 1970: 133-137]. Кыргыз тилинде *жөнүндө* сөзү жандооч катары эсептелет.

М. Оразов мындай сөздөрдүн мааниси мезгилдик мааниде эмес, мейкиндик мааниде гана болорун да белгилейт. Чындыгында мисалдардан байкалгандай бул сөздөр (*таман, ооз, желке* ж. б.) жардамчы атоочтук мааниде келгенде мейкиндик мааниси басымдуу экени байкалат: *Коктунун таманына түшүп, суудан сүйрөтүп өтүш керек [Ч. А]. Ала - Мөңгүнүн* ***белинде*** *адыр-күдүр аска–зоолордун, ак карлуу мөңгүлөрдүн ортосунда жапжалгыз турду [Ч. А].Тыналиевдин эсеби боюнча февралдын аягында жакадагы кар кетери менен кош Аксайдын* ***этегинде*** *болуш керек [Ч. А]. Ысык-Көлдүн* ***жакасынан*** *башталган араба жол капчыгай өрдөп, суу бойлоп отуруп, ушул жерге келет [Ч. А]. Тек катын-балдар Ала-Дөбөттүн* ***бооруна*** *улуу от жагып, ошону менен атасынын үмүтүн колдоп турушкандыр [Ч. А].*

Жогорудагы мисалдардан байкалгандай, жардамчы атоочтук мааниде келген зат атооч сөздөр заттык маанисинен көп алыстай элек сөздөр болгону менен жардамчы атоочтук милдетти да аткарарын көрдүк .

Алтай тилинде да мындай сөздөрдү Т. Е. Орсулова «периферийные служебные имена» (кырг. перифериялык жардамчы атоочтор) деп атап, аларга: *кыры-край, төс-төш, түп-дно, эдек-этек, колтык-колтук, оос-ооз, жака-ворот ж. б.* киргизип, бул сөздөр заттык маанилерин сактаарын жана жардамчы атоочтук маанилерде келгенде мейкиндик жөндөмөлөрүндө турарын айтып өтөт. М: *Кенетийин жолдын* ***кырында*** *уйуктап калган уулчакты көрүп ийди (кырг. Капыстан ал жолдун* ***кырында*** *уктап жаткан баланы көрдү - А. Д.). Кезикте бу кайынның* ***төзине*** *келип, кожолдошуп отуратаныс (кырг. Кээде биз ак кайыңдын* ***төшүнө*** *келип ыр ырдачубуз – А. Д.*) [Орсулова , 2001 : 97-98].

Бардык түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинде да жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн кездешери факты-материалдардын негизинде байкалды. Демек, жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөр катары: *чоку, төр, кыр, уч, жака, этек, ооз, алкым, маңдай, желке, боор, соору, бел, таман* сыяктуу сөздөрдү белгилөөгө болот.

Жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн мейкиндик жөндөмөлөрүндө берген төмөнкүдөй маанилерине токтолобуз .

3.4.1. Заттын кире беришин туюнткан жардамчы атоочтор: ооз, алкым

Ооз, алкым-баштапкы мааниси жандуу заттардын оозу, кандайдыр бир заттын кире бериши. Ооз–сөзү жардамчы атооч катары башка түрк тилдеринде кеңири колдонулат: *каз. ауыз; өзб. огиз; татар. авыз; башк. ауыз; к.калпак. ауыз; алтай. оос*. Ал эми кыргыз тилинин грамматикаларынан али орун ала элек экени аныкталды. Бирок биздин иликтөөлөрүбүздө *ооз, алкым* сөздөрүнүн заттык мааниси менен бирге, жардамчы атоочтук маанилери да бар экени таанылды.

1. *Ооз, алкым* жардамчы атоочтук мааниде колдонулганда барыш жөндөмөсүндө кыймыл-аракет заттын кылда оозуна же кире беришине багытталгандыгын көрсөтөт: *Кыштактын **оозуна** барганда дым чыкпай, кого жетишип, кароолго киши коюшту [К. О.]. Исхак унчукпай, шатыга тырмышты, тизеси уюп, мууну титиреп, зындандын **оозуна** жетти [Т. К.]. Булар кетенчиктей баскан кезде, буурул тумшук карыган кара дөбөт үстү түшкөн көрдүн **оозуна** барып комдонду [Ч. А.]. Дүйшөн эшиктин **оозуна** турган калыбында ордунан козголбоду [Ч. А.]. Кара-Коодон келген алты жүз ашуун кол Боомдун **оозуна** бугуп, жоону билинбей тосту [К. О.]. Кыштактын **оозун**а барганда дым чыкпай, коого жетишип, кароолго киши коюшту [К. О.]. Кербен те алдыда аңырайып көрүнгөн кууш сайдын **алкымына** жакындап баратты [Т. К.]*. Мындагы сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет конкреттүү нерсенин кире беришине (зындандын оозуна, көрдүн оозуна, эшиктин оозуна) багытталса, кээде бош мейкиндикке (кыштактын оозуна, сайдын оозуна) багытталганы байкалат.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кылда оозунда же кире бериш жеринде болгондугун билдирет: *Зындандын оозунда үңкүйүп турган бир кишинин сөлөкөтү көрүндү [Т. К.]. Кызыл үйдүн* ***оозунда*** *күмүштөгөн айбалтачан сакчылар турат [Ч. А.]. Мусулманкул үңкүрдүн* ***оозунда*** *турган экен [Т. К.]. Кулубек сүйөгөн жолдошун мештин* ***оозундагы*** *текчеге отургузду [Ч. А.]. Ушул кең талаанын* ***алкымында,*** *Улуу-Тоонун этегинде ээрчишкен үч кош кыбыраган коңуз сымал көрүнөт [Ч. А.]. Эки чабан ошентип муз каптаган Ала-Мөңгү ашуусунун түбүндө, капчыгайдын* ***алкымында*** *аркы-беркини сүйлөшүп жатып уктап кетишти [Ч. А.]. Арчанын* ***алкымындагы*** *чөп чабыкка барышат [Ч. А.].* Кыймыл-аракет нерсенин кире беришиндеги болгон ордун билдирип, сүйлөм тизмегинде орун тактоочтун милдетин аткарат.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө колдонулганда кыймыл-аракеттин тигил же бул заттын оозунан, тешигинен, кылда учунан чыккандыгын көрсөтөт*: Эми аргасыздан ошо коктунун* ***оозунан*** *беймаани чабуул коюп урушууга туура келди [И. К.]. Үңкүрдүн* ***оозунан*** *Ташчайнар менен кептелише түшүп, ушунун баарына ошо күнөөлүүдөй, жаалданып уруп өттү [Ч. А.]. Төмөнүрөөк, кокту* ***оозунан*** *далдайып, карааны көрүнгөндө далысын күүшөп, эки жеңин кийди [К. О.]. Азыр чаначтын* ***оозунан*** *ыйлап басылгандардын колуна суу чуурутту [К. О.]. Тиги жардын* ***алкымынан*** *каткалаң кардын үстү менен улам кылчактап коюп, бир түлкү качып келатат [Ч. А.].* Нерсенин кире беришинен кыймыл-аракет башталып чыгып, бош мейкиндик аркылуу болгонун көрсөттү.

Ооз жардамчы атоочу *алкым* жардамчы атоочуна караганда көбүрөөк кездешери факты-материалдардын негизинде байкалды. Анткени ооз жардамчы атоочу башка түрк тилдеринде да мурдатан активдүү колдонулган жардамчы атоочтордун катарын толуктап келгенин жогоруда айтып өттүк.

3.4.2. Заттын асты жагын туюнткан жардамчы атоочтор: таман, этек

Таман-баштапкы маанисинде жандуу заттардын таманы, кандайдыр бир заттын эң төмөнкү жагы, ***этек***–кийимдин, көйнөктүн ж. б. этеги, нерсенин төмөн жагы, аяккы бөлүгү.

1.Таман сөзү жардамчы атооч катары кара калпак, өзбек тилдеринде ушул турпатында кездешип, *таман* жардамчы атоочуна синоним катары *жак* жардамчы атоочу колдонулганын байкоого болот. Кээ бир түрк тилдеринде *жак* жардамчы атоочу фонетикалык жактан гана өзгөрүлүп айтылат: каз. *жак / таман* синоним катары келсе, татар., як., өзб., *өн*, уйгур. *йак*. Кыргыз тилинде да *таман* сөзүнүн жардамчы атоочтук мааниси факты-материалдардын негизинде такталды. Ал эми *этек* сөзүн алып көрсөк, бардык эле түрк тилдеринен жардамчы атоочтук мааниси кездешет: каз., уйгур., к. калпак. *етек*; татар., башк. тилдеринде *итэк*; өзб. *этек*; алтай., *эдек;* ал эми кыргыз тилинде мурдагы эмгектерден *этек* сөзүнүн жардамчы атоочтук мааниси айтылган эмес, бирок көркөм чыгармалардагы факты-материалдар тастыктагандай, заттык мааниси менен катар жардамчы атоочтук мааниси да орун алат.

1. *Таман, этек* жардамчы атоочтору барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын төмөн жагына багытталганын көрсөтөт: *Сай* ***таманына*** *жетерде мурдатан кулап келип орун алып тынч жаткан өздөрүндөй корум таштарына замбирек огундай тийип карс жарылып кептешке толгон күрткүнү көккө сапырып өттү [Ч. А.]. Кудаяр-хан тердеп, колу титиреп, ошол өлүктөй жымжырттык ичинде каттын* ***этегине*** *мөөрүн басты [Т. К.]. Коктунун* ***таманына*** *түшүп, суудан сүйрөтүп өтүш керек [Ч. А.]. Тоонун* ***этегине*** *куйруктуу кара койду курман чалып, кудай таалага жалынса тилеги кабыл болот дейт таянеси [Ч. А.]. Бекназар аксакалдардын* ***этегине*** *келип мандаш урунду [Т. К.].* Мындагы мисалдардан байкалгандай биринчи, үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет бош мейкиндиктин төмөн жагына багытталса, экинчи жана бешинчи сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет конкреттүү заттарга (бир же бир нече) багытталып келгенин билдирди.

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда кыймыл-аракет заттын төмөнкү тереңдигинде же ылдый жагына жакын жерде болгонун билдирет*: Башат капчыгайынын* ***таманындагы*** *таштак жолдо текирең таскак менен келаткан кези [Ч. А.]. Коктунун* ***таманындагы*** *суу гана жаагын баспай шаркырайт [Ч.*

А.]. Алар суйдаң чөптүү тоо ***этегинде*** *машыгып жатышат [И. К.]. Илгери бир заманда Ала-Дөбөттүн* ***этегинде*** *үч бир тууган жашаптыр [Ч. А.]. Маралдар шагылдын* ***этегинде*** *тушардан суу кечип, кызыл жалбырак бадалдын чыга беришинде турду [Ч. А.]. Хандын колу майда боз адырдын* ***этегинде*** *капкара болуп уюп жаткан эле [Т. К.].*

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда заттын эң төмөнкү тереңдигинен же ылдый жагына жакын жерден башталып чыккандыгын көрсөтөт*: Капчыгайдын* ***таманынан*** *кароол дөбөнүн белине чыккычакты жантай боордо өлүп-талат, анан токойчулардын короо жайына жеткиче эңкейиш апай бет, дикилдеп жүрүп отурат [Ч. А.].Ташкенттеги Канаат-ша он беш миң ашуун аскер баштап, сары өзөн Чүй боорунун* ***этегинен*** *түрө каптап келди [Т. К.]. Оң канат дайра бойлоп, Балыкчы аркылуу Маргалаңдын* ***этегинен*** *өтүп, андан нары түз Коконго бет алат [Т. К.]. Алда кайдан ит үрүп, тегирменден түшкөн суунун* ***этегинен*** *бака чардап жатты [Т. К.].* Мындагы келтирилген мисалдардан байкалгандай *таман* сөзү жардамчы атоочтук маанисинде келгенде кандайдыр бир деңгээлде заттын терең жагына багытталганы байкалып, *түп* жардамчы атоочуна синоним катары келерин белгилөөгө болот. Ал эми *этек* сөзү жардамчы атоочтук мааниде келгенде нерсенин төмөнкү жагына гана багытталганы байкалат

3.4.3. Заттын жогорку жагын туюнткан жардамчы атоочтор: чоку, төр

Төр, чоку-заттык маанисинде кандайдыр бир нерсенин эң жогорку жагы. Белгилүү деңгээлде *төбө* жардамчы атоочуна синоним катары келгени байкалат. 1. *Төр, чоку* жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын эң жогорку бөлүгүнө багытталгандыгын билдирет: *Абил бий элеттин кеткенинен калган билермандарын өз өргөөсүнүн* ***төрүнө*** *кайра чогултту [Т. К.]. Далистин* ***төрүнө*** *«Чагылгынды» илип коюшуптур [Ч. А.]. Ала-Тоонун аскасынан Теңир-Тоонун* ***чокусуна*** *бир аттап чыгат да, кылчайып Ысык-Көл менен коштошот [Ч. А.]. Эгер сен ушинтип израил элинин дөөлөтүнүн* ***чокусуна*** *отурам десең, мен аныңы жактырбайм, бирок түшүнөм [Ч. А.]. Буларды тиккен кишилер кийинки жаш муундар илимдин* ***чокусуна***

чыгып, турмуштун тереңине көз чаптырсын деп тилебеди беле… [Ч. А.]. Жогорудагы сүйлөмдөрдө *төр* жардамчы атоочу (*өргөөсүнүн, далистин)* конкреттүү зат атооч сөздөр менен айкашып, кандайдыр бир заттын жогору жагындагы мейкиндикке багытталса, *чоку* сөзү жардамчы атооч катары келгенде, айрым учурда абстрактуу заттар менен айкашып, кандайдыр бир заттын эң жогорку чокусундагы мейкиндикке багытталганы байкалат.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын эң жогорку жагында болгондугун билдирет: *Айзада кызыл жүздүү жигитти экинчи жолу Миң-Бугу жайлоосунун* ***төрүндө,*** *бир кыз оюнда көрдү [Т. К.]. Зайыбы Нэпман экөө жасалгалуу үйдүн* ***төрүндө*** *жай сүйлөшүп, чай ичишип олтурган эле [А. Т.]. Короонун* ***төрүндө****, ачык асман астында прицептер турат [Ч. А.]. Айзада чычаланы алып ичкери кирди, кандайдыр бирдеме тегирмендин* ***төрүндө*** *аны аңдып тургансып кайра чыга качты [Т. К.]. Түрмөнүн* ***төрүндө*** *олтурсаң да, жетер кол табылар [Ч. А.]. Кулак тоңгон аязда, көз ачырбаган бороондо көр оокатка кийик уулап, аска-зоонун* ***чокусунда*** *жүргөн оңой бекен [Ч. А.]. Баатырдын сөөгү жатар жайы, койор көрү бийик дөбөнүн* ***чокусунда*** *эле [Ч. А.].* Бул учурда кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын жогору жагында болгондугун билдирип, сүйлөм тизмегинде орун тактоочтун милдетин аткарып калат. Мындагы акыркы эки сүйлөмдө нерсенин эң жогорку бүткөн жеринде, чокусунда болгондугун көрсөттү.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын эң жогорку жагынан башталып чыккандыгын билдирет: *Арчанын* ***төрүнөн*** *эптеп түшүп, капчыгай менен чубалжып келатып, күн кечтеп калган маалда алай-дүлөй бурганакка капталышат [Ө. Д.]. Жалгыз Орган түнөргөн деңиздин* ***төрүнөн*** *көзүн албай аруу баяны Айым-Балыгын күтө берет, күтө берет [Ч. А.]. Кароол дөбөнүн* ***чокусунан*** *төгөрөктүн төрт бурчу көрүнөт [Ч. А.]. Ала-Дөбөттүн* ***чокусунан*** *белги кылып жакан улуу оттун быкшыган түтүнү көккө буралат…[Ч. А.]. Алмамбет казынанын* ***төрүнөн*** *нукура кызыл алтындан куюлган бурканды (кудайдын таштан жасалган сөөлөтү, идол) бир колу менен акырын алып чыкты [Т. К.].* Мындагы биринчи, акыркы сүйлөмдөрдө кыймыл-

аракет кандайдыр бир заттын жогору жагынан башталып чыкканын туюнтса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет ошол заттын үстү жагындагы бош мейкиндиктен чыккандыгын билдирип калды.

3.4.4. Заттын чет жагын, бүткөн жерин туюнткан жардамчы атоочтор: кыр, уч

Кыр, уч-сөзү заттык маанисинде келгенде бир нерсенин чеке жагы, кыры. *Кыр*-жардамчы атоочу да башка түрк тилдеринен кездешерин белгилөөгө болот: тува. кыраты, каз. кыры, алт. кыр ж. б. *Уч*-сөзү *учы* формасында Орхон–Енисей жазма эстеликтеринен аз санда болсо да кездешет. Муну К. Молгаждаров жалпы көөнө тексттерде *учу* сөзү *«учу, чети, башы»* сыяктуу көлөмдүк мааниде жардамчы атооч негизинде колдонулат деп белгилеп өтөт [Молгаждаров, 2012: 197]. Азыркы түрк тилдеринде фонетикалык жактан өзгөрүлүп айтылат: каз. *үшы***,** өзб. *учи*, татар. *оч*, башкыр. *ос*, түркмен. *учу* сыяктуу формаларында кездешип, жардамчы атоочтук маанисинде бир нерсенин чети, бүткөн жери деген маанилерди туюнтат. Кыргыз тилинде мурдагы эмгектерде *кыры, уч(у)* сөздөрүнүн жардамчы атоочтук мааниси айтылган эмес, бирок факты-материалдардын негизинде алардын жардамчы атоочтук мааниси да байкалды.

1. Кыры, учу-жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин чет жагына, кырына багытталганын билдирет: *Каныбек терең ойлонуу менен барып, аттардын далдасындагы акырдын* ***кырына*** *отурду [К. Ж.]. Андан жогору бийик жол менен жардын* ***кырына*** *чыгышты [Ч. А.]. Аңгыча тепкичтен кимдир бирөө чуркап коргондун* ***кырына*** *чыкты [Т. К.]. Ожоонун* ***кырына*** *тиштери шакылдап тийип, кылт-кылт суу жуткан чакта гана тамагы жибиди [Ч. А.]. Исхак да кашаттын* ***кырына*** *келди [Т. К.]. Машине кайсы бир өрдүн* ***кырына*** *ыйлап отуруп араң чыкты да тик ылдый зуулдаган бойдон кетти [Ч. А.]. Экөбү бузулган дубалдарды аралап, ар жерден өлүккө чалынып, темтеңдеп отурушуп, сепилдин* ***кырына*** *чыкчу тепкичтин түбүнө жетишти [Т. К.]. Тызылдаган сарала чымчыктар чырпык* ***учуна*** *коно сайрайт [К. О.]*. Бул сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын чет жагына же бүткөн жерине багытталганын туюнтту.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин чет, кыр жагында болгон ордун көрсөтөт: *Дүрүлдөп толкуган эл ошол замат тиги коргондун* ***кырында*** *жамырап аваз кылып тургандардын четинде турган тестиер баланы көрүштү [Т. К.]. Бир аздан кийин Алмамбет эч кимге айтпай өзү жалгыз Ойнок-Таштын* ***кырында*** *болду [Т. К.]. Кайыктын* ***кырында*** *суналып ээсиз жаткан атасы менен Мылгун акесинин калактарын карап отуруп, баланын зээни кейиди [Ч. А.]. Анатайдын үйү көчөнүн* ***учунда*** *эле, алар жалгыз аяк жол менен ээрчишип баратты [Ч. А.]. Ошончонун ичинен жиптин* ***учундагы*** *алкым кылтак короздун өзүнө тийиптир [Т. К.].* Мындагы сүйлөмдөрдөн байкалгандай кыймыл-аракет кандайдыр бир конкреттүү заттын чет жагындагы ордун билдирип, орун тактоочтун милдетинде келгени байкалат.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын четинен, кырынан башталып чыккандыгын көрсөтөт: *Кененсары тараптан мылтык атылганда чеп* ***кырынан*** *чаң учуп чеңгелдей чалмалар чачырады [К. О.]. Арт жактагы тоолордун* ***кырынан*** *ары батып бараткан күндү кылчактап карап койот… [Ч. А.]. Аны кайыктын түбүнөн оонатып алып, кайыктын* ***кырынан*** *алыс оодарып жибериш керек эле [Ч. А.]. Дал ошол учурда Мылгун кайыктын* ***кырынан*** *оонай кулап түштү [Ч. А.]. Кемпирдин сөзү кулагынын* ***учунан*** *кетет, анын үстүнө көп кеби түшүнүксүз [Ч. А.]. Жалындын* ***учунан*** *учкун көкөлөп бөлүнүп чыгып, капкара асманга сиңип кетип жаты [И. К.]. Сепилдин* ***кырынан*** *урматына замбирек менен күрс дедире асманды карай кур дүрмөт атылды [Т. К.].* Кандайдыр бир заттын чеке жагынан, уч жагынан кыймыл-аракет башталганы байкалат.

3.4.5. Заттын ортосун же ошого жакын борборун туюнткан жардамчы атооч: бел

Бел-баштапкы заттык маанисинде кандайдыр бир заттын (адамдын, айбандын) орто жери. Белгилүү дегээлде *орто* жардамчы атоочуна синоним боло алат.

1. *Бел*-жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын орто жерине багытталгандыгын билдирет*: Ашуунун **белине** чыккан соң андан ылдый машине өзү кетти [Ч. А.]. Долондун **белине** чыктым [Ч. А.]. Мүйүздүү Бугу-Эне машинени ашуунун **белине** түртүп барат [Ч. А.]. Эртеси түштө Бостон баштаган алты киши биринин артынан бири чубай түшүп, Ала -Мөңгүнүн **белине** чыгып баратышты [Ч. А.]*. Берилген сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет нерсенин так ортосуна, башкача айтканда, эки заттын аралыгындагы мейкиндикке багытталганы байкалат.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын орто жеринде болгон ордун көрсөтөт*: Бирок Бостон мындан анча чочуган жок-ашуунун **белинде** бороон болубатса да капчыгайдын төмөн тарабында кар жаабайт, аны билет [Ч. А.]. Тоо арасында, ашуунун **белинде** ээн жашаган жолчуга аял, үй-бүлө деген өзүнчө улуу журт, өмүргө шерик деп ошону айтса болот [Ч. А.]. Ашуунун **белиндеги** күндүн кыялы куду кирген бууранын кыялындай… [Ч. А.]*. Бул учурда кыймыл-аракет бир заттын орто жеринде, борборунда болгондугун билдирет.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын орто жеринен башталып чыккандыгын билдирет: *Ашуунун **белинен** ылдый суу агат [Ч. А.]. Бостон менен Эрназардын жүздөрүндө кубаныч, көңүлдөрү ыраазы, ашуунун **белинен** ылдый тиктеп, өздөрү басып келген жолду карап турушту [Ч. А.]*. Мында кыймыл-аракет нерсенин ортосунан, борборунан башталганын туюнтту.

3.4.6. Заттын арка тарабын туюнткан жардамчы атооч: желке

Желке-баштапкы заттык мааниси жандуу заттардын дене мүчөсү, кандайдыр бир заттын арка тарабы, *арт(ы), арка* жардамчы атоочторуна синоним боло алат.

1. *Желке*-жардамчы атоочу барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын арка жагына, желкесине багытталгандыгын көрсөтөт*: Койлор кашардын **желкесине** түшүп, жуушап жатып калышты [Ч. А.].*

Ташчайнардан айрылгандан кийин Акбаранын эч жерден дайны чыкпай калды, атүгүл Бостондун кашарынын ***желкесине*** *отуруп улуганын да койду [Ч. А.].*

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын арка жагында, желкесинде болгон ордун көрсөтөт*: Эки карышкыр таң аткыча жарыша уулуп, короонун* ***желкесинд****е жүрдү [Ч. А.]. Ошондон көп өтпөй бул эки карышкыр кашардын* ***желкесинде*** *жайылып жүргөн бооз койлорго качырып тийип, анык кызыл жайранды ошерге салат [Ч. А.]. Кашардын* ***желкесиндеги*** *кырга олтуруп алып, Акбара уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, өзөгү күйүп, адатынча өксүп улуп кирди [Ч. А.].* Бул учурда кыймыл-аракет конкреттүү заттын аркасында болгондугун көрсөттү.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин арт жагынан, желкесинен башталып чыккандыгын билдирет: *Тоонун* ***желкесинен*** *эки караан көрүндү [Ч. А.]. Львов шаарынын күн чыгыш жагындагы кичинекей жондун* ***желкесинен*** *төрт кишинин карааны көрүндү да, жок болду [А. Т.].*

3.4.7. Заттын жан жак тарабын, каптал жагын туюнткан жардамчы атоочтор: жака, боор, соору

Жака-баштапкы заттык мааниси көйнөктүн жакасы, кандайдыр бир заттын каптал жагы. *Жака* жардамчы атоочу кээ бир түрк тилдеринен кездешет, алсак, каз. *жагасы,* алт. *жака,* тува. *кыдыг*, хакас. *озаринда*, ойрот. *дъаказында.* Ал эми кыргыз тилинде мурдагы эмгектерде кездешпейт, бирок көркөм чыгармалардан жыйналган факты-материалдар тастыктагандай, заттык мааниси менен катар жардамчы атоочтук мааниси байкалат. *Боор, соору*–жандуу заттардын дене мүчөсү, заттын капталы. *Боор*-жардамчы атоочу да башка түрк тилдеринен кезигет: к. калп., каз. *бауыр,* тат. *бавыр*, уйгур. *бегир*, кыргыз тилинде *боор* формасында кездешет. Аталган жардамчы атоочтор *бою(на)* жардамчы атоочуна синоним катары келет.

1. *Жака, боор, соору* жардамчы атоочтору барыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын бооруна, жакасына, капталына багытталгандыгын билдирет: *Аксайдын* ***жакасына*** *кош түшкөнгө үч күн болду [Ч. А.]. Ала–Дөбөттүн* ***жакасына*** *жайлаган Айым-Балыктын журту*

Кирискинин алгач деңизге сапар тартып баратканын анча таназар албагандай болду [Ч. А.]. Эчтеме менен иши жок, ордонун короосун чаңытып коргондун ***бооруна*** *килем илдирип, жаа менен аткылап ойноп жүрөт [Т. К.]. Султанмурат дөбөнүн* ***бооруна*** *токтоп калган балдарды карады да, топ ичинен кызды таанып, жүрөгү алып учту [Ч. А.]. Анан дубал* ***бооруна*** *жармаштырып койгон сүрөттү көрсөтүп, - мына бул киши –Ленин!– деди [Ч. А.]. Эптеп тырмышып кайыктын* ***соорусуна*** *чыгып отурду да, башы айланганы басылганча көзүн ачпады [Ч. А.]. Кириск ордунан туруп, кайыктын* ***соорусуна*** *жөнөдү [Ч. А.].* Бул сүйлөмдөрдөн байкалгандай, кыймыл-аракет биринчи, экинчи жана төртүнчү сүйлөмдөрдө бош мейкиндиктин эки тарабына же жакасына багытталса, калган сүйлөмдөрдө кыймыл-аракет конкреттүү заттын капталына багытталганы көрүндү.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин заттын жээгинде, жакасында болгон ордун көрсөтөт: *Өзү Псковдун* ***жакасында*** *турган бир дьякондун баласы экен, атасынын көзү өткөн соң чиркөө кишисинин тири карак уулу катары бааланып, диний окууга кирген экен [Ч. А.]. Түш ообой шаардын* ***жакасындагы*** *бак–дарак көрүндү [Ч. А.]. Жылганын* ***боорундагы*** *тартайган сөксөөлгө Авдийди жабыла сүйрөп барышты [Ч. А.]. Тоо* ***боорундагы*** *таштардын арасынан капыстан булак атылып чыкканын көрүштү [Ч. А]. Элден, жолдон оолак турган капчыгайдын* ***боорундагы*** *кичинекей кыргыз айылы үчүн бу өзүнчө бир чоң окуя болду [Ч. А].* Мында кыймыл-аракет нерсенин бош мейкиндиктеги ордун көрсөтүп калды. Жардамчы атооч сөздөргө –гы, -ги мүчөсү уланып келген учурда, аныктоочтун милдетин аткарып калганын башында белгилеп өттүк.

3. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын жакасынан, жээк жагынан башталып чыккандыгын билдирет: *Ысык-Көлдүн* ***жакасынан*** *башталган араба жол капчыгай өрдөп, суу бойлоп отуруп, ушул жерге келет [Ч. А]. Башы айланса Ала-Дөбөттүн* ***боорунан*** *көп балдар болуп устунга томолонуп ылдый кулаган оюндарын эстейт [Ч. А]. Ала-Дөбөттүн* ***боорунан***

бери ушунчалык суу кечип келип, нерпанын жатагын өңүп баратканын ал кыз көрсө кана [Ч. А].

Таблица 3. 3.

Жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөрдүн кыргыз жана түрк тилдериндеги аталыштары

№	кыргыз	казак	өзбек	башкыр	кара калпак	алтай	якут
1.	алкым	-	-	-	-	-	
2.	бел	-	-	-	-	-	
3.	боор	баур	-	-	баур	-	
4.	жака	жағасы	-	-	-	jака	сага
5.	желке						
6.	кыры	кыры	-	-	-	кыры	
7.	ооз	ауызы	оғиз	ауыз	ауыз	оос	айах
8.	таман	табаны	ёк, томан	-	-	-	
9.	төр	-	-	-	-	-	
10.	соору	-	-	-	-	-	
11.	уч	.ұшы	уч	ос	уш	уч	урук
12.	чоку	-	-	-	-	-	орой,төбө
13.	этек	Этегі	-	итэк	етек	эдек	

III бап боюнча жыйынтык

III бапта жардамчы атоочторду семантикалык жактан топтоштурууда окумуштуулардын бир нече топторго бөлүштүрүп изилдөөлөрүнө көңүл бурулду. Алсак, Н. К. Дмитриев, А. А. Коклянова (горизонталдык, вертикалдык), В. А. Исенгалиева (горизонталдык, вертикалдык, аралаш пландагы), А. Ыскаков (синонимдик, антонимдик түгөйлөрү боюнча), М. Оразов (тек мейкиндик мааниде колдонулган жардамчы атоочтор, ары мейкиндик, ары мезгилдик маанилерде колдонулган жардамчы атоочтор), Н. Е. Петров (маанисине карай 8 топко бөлөт). Ал эми кыргыз адабий тилинин грамматикасында заттын асты-үстүн, алды жагын; заттын айлана-тегерегин; заттын ич-аралыгын билдирүүчү жардамчы атоочтор деп берген маанилерине карай бөлүштүрүлөт. Биз, жардамчы атоочтордун семантикасына карап, мейкиндик жана мезгил, орун аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтор; адамдын дене бөлүктөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтор деп бөлүп кароону сунуштадык. Ар бир жардамчы атоочтун баштапкы лексикалык маанисин белгилөө менен бирге, алардын жардамчы атоочтук маанилерин ачып берүүдө көркөм чыгармалардан жыйналган факты-материалдар менен далилдеп бердик.

Мезгил өтүү менен бирге жардамчы атоочтордун саны артып баратканы байкалды. Мурдагы эмгектерге [КТГ, 1964: 109-119] салыштырмалуу азыркы күндө биздин иликтөөлөрүбүздүн негизинде жардамчы атоочтордун саны 40ка чамалап калганын факты-материалдар тастыктады. Тилде мурдатан колдонулуп келе жаткан б. а., активдүү колдонулган жардамчы атоочтор үст(ү), аст(ы), алд(ы), жан(ы), ара, баш ж. б. менен катар кийинки мезгилде б. а., жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөрдүн тобу (таман, желке, этек ж. б.) бар экенин белгиледик. Азыркы күндөгү, кыргыз тилиндеги, айрым жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөр башка түрк тилдеринде мурдатан эле колдонулуп келгени байкалды.

Ошону менен катар жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн тобун да ушул бөлүмдө карадык. Бул сөздөрдүн тобуна: ооз, алкым, бел, таман,

этек ж. б. у. с. кирет. Булар заттык маанилеринен көп алыстай элек болгону менен жардамчы атоочтук милдетти да аткарып каларын факты-материалдар тастыктады.

КОРУТУНДУ

Биз, бул илимий ишибизде “Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жана алардын лингвистикалык парадигмасы“ деген теманын тегерегинде иш алып бардык.

1. Биринчи бапта изилдөөнүн теориялык багыттары боюнча карап, илимий эмгектерди негиз кылып алдык. Ошону менен бирге жардамчы атоочтордун түрк тилдеринде жана кыргыз тилинде изилдениш тарыхына кеңири токтолдук. Өткөн кылымда жардамчы атоочтор жеке бир изилдөөнүн обьектиси болгон эмес, жөн гана грамматиканын тутумундагы бир кичине бөлүмчөсү катары каралганы байкалат. Муну эң алгачкы грамматикалардан билсек болот. Алсак, И. Гиганов (1776), А.Троянский (1824), А. Казем –Бек (1839), О. Сенковский (1854), А. Старчевский, (1878), П. М. Мелиоранский (1897) ж. б.

2. Бул доордо түрк тилин изилдеген окумуштуулардын бардыгы практикалык максатты көздөп, орус тилиндеги сөздөрдүн грамматикалык түзүлүштөрүнө карап, түрк тилдериндеги сөздөрдүн грамматикалык түзүлүштөрүн ошол тилдин өзгөчөлүктөрүнө карап аныктоого аракет жасашкан. Ошону менен бирге жандоочтордон жардамчы атоочторду ажырата баштаган окумуштуулар да чыга баштаган. Жардамчы атооч термини колдонулбаганы менен, “особые имена существительные“ (өзгөчө зат атоочтор) деген термин колдонулган.

3. XI кылымдын экинчи жарымында түрк тилдерин мыкты билген “Алтай тилинин грамматикасынын“ (1869) авторлору, түрк тилинин ички өзгөчөлүгүн ача баштады. Ошентип, алар орус тилинин грамматикасынын схемасы түрк тилдери үчүн жеткиликсиз экендигин, башка жол издөө керектигин түшүнө баштаган.

4. Совет мезгилиндеги түрколог окумуштуулар да жардамчы атоочтордун табиятын ачып берүүгө аракет кылышкан. Советтик түркологияда биринчи жолу проф. В. А. Гордлевский жардамчы атоочторду “послелоги – имена“ (жандооч–атоочтор) деп атаса, Н. К. Дмитриев биринчи жолу түркологияда “жардамчы атооч“ терминин өз маанисинде колдонгон окумуштуу болду (1937). Андан ары карай С. В. Ястремский (1938), Н. А.

Баскаков (1939), И. А. Батманов (1940), Н. П. Дыренкова (1941), М. Балакаев (1941), М. Н. Хыдыров (1947), Л. Н. Хоритонов (1947), А. Ыскаков (1948), А. Н. Кононов (1951), Х. Бердияров (1949), Т. М. Тощакова (1950), Е. И. Убрятова, (1950), А. А. Коклянова (1954), В. А. Исенгалиева (1957), Ж. Мураталиева (1958), Н. Е. Петров (1962), Ф. Р. Зейналов (1964), М. Оразов (1970) ж. б. окумуштуулардын эмгектерин белгилөөгө болот.

5. Ал эми кыргыз тил илиминде мурда жарык көргөн эмгектерде жардамчы атоочторду накта өз маанисинде эмес тактоочтун курамынан же жардамчы сөз деген бөлүмдөн кезиктирүүгө болот, кээ бирлеринен жардамчы атоочторду кезиктирүүгө да болбойт. (К. Тыныстанов (1929), И. Арабаев (1928), Ү. Бактыбаев (1939), К. Бакеев, Ү. Бактыбаев (1941). Улам кийинки чыккан Кыргыз тилинин грамматикасы (1964), Кыргыз адабий тилинин грамматикасы (1980), Азыркы кыргыз тили (1980), Грамматика киргизского литературного языка (1987), Азыркы кыргыз адабий тили (2009) аттуу эмгектерден гана жолуктурууга болот. Окумуштуу А. Т. Карымшакова жардамчы атоочторду илимий негиздеги бир макаланын чегинде изилдөө менен бирге жаңы кошумча маалыматтарды бергендигин айтууга болот (2009).

6. Экинчи бапта жардамчы атоочтордун өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары калыптанышына токтолуп, кээ бир жардамчы атоочтордун этимологиясына кайрылдык. Жардамчы атоочтор байыркы Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен башталып бүгүнкү күнгө чейин тилде кеңири колдонулганын баса белгилеп кетсек болот.

7. Жардамчы атоочтор белгилүү бир заттын же заттык кубулуштун, мезгил–мейкиндиктин, окуянын, нерсенин аралыгын, сыртын, төбөсүн, башын, ичин, айланасын ж. б. билдирип негизги сөздөр менен айкашып гана сүйлөмдүн татаал мүчөсүнүн милдетин аткара алат. Негизинен алар алгачкы лексикалык маанисинен бүтүндөй алыстабаган сөздөр десек болот. Ошондой эле жардамчы атоочтор менен жандоочтордун жалпылык, айырмачылык жактарына да токтолдук.

8. Үчүнчү бапта жардамчы атоочтордун семантикалык жактан топторго бөлүнүштөрү каралды. Жардамчы атоочтордун семантикалык жактан топторго бөлүнүштөрүн колдоп, (заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчүлөр*: үст(ү), бет, төбө, баш, аст(ы), алд(ы), түп*; заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчүлөр: *жан, туш, арт, арка, айлана*; заттын ич-аралыгын көрсөтүүчүлөр: *ич, ара, орто*) биз жардамчы атоочтордун төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүнү сунуштадык: 1) мейкиндик жана мезгил, орун аралык маанилерди билдирген жардамчы атоочтор: *аст(ы), арт(ы), үст(ү), орто, алд(ы), айлана ж. б*; 2) адамдын дене бөлүктөрүн атоо аркылуу пайда болгон жардамчы атоочтор: *баш, ич, бой, төбө ж. б.* Ушул эле бөлүмдө жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн тобун да бердик: *ооз, алкым, бел, желке, боор, соору, маңдай, таман, чоку, уч, кыр, төр, жака, этек*.

9. Түркологияда жардамчы атоочтор тууралуу көптөгөн ой – пикирлер айтылып келет. Жардамчы атоочтор – тилибизде активдүү колдонулгандыгы менен окумуштуулардын көңүлүн бурган. Диссертациялык ишибиз ушул категориянын өзгөчөлүгүн факты-материалдардын негизинде аныктап, тактап ачып берүү болуп эсептелет. Ошондуктан, жардамчы атоочторду кыскача мындай көрсөтүүгө болот:

1) жардамчы атоочтор айтайын деген ойду так, даана жеткирүү үчүн тилде кезигет жана бардык түрк тилдеринде активдүү колдонулат;

2) кызматчы сөздөр сыяктуу эле жардамчы атоочтор да - лексикалык маанилери басаңдаган сөздөр. Жардамчы атоочтор белгилүү бир суроого жооп бере албайт , качан гана алдындагы илик жөндөмөдөгү сөз менен айкашып келгенде сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарып бир суроого жооп берет;

3) жардамчы атоочтор да жандоочтор сыяктуу түрдүү грамматикалык маанилерди билдирет. Бирок бул эки категориянын бири–биринен айырмачылык жактары да бар. Алардын айырмачылыктары булар: а) жардамчы атоочтор бирде баштапкы лексикалык маанисинде зат атооч катары келсе, бирде жардамчы атооч маанисинде келет, жандоочтордо мындай касиет жок; б) жардамчы атоочтор жөндөмө мүчөлөрүн толук кабыл алып, өзгөрсө,

жандоочтор белгилүү бир жөндөмөдө туруп, өзгөрбөгөн даражага жеткен; в) жардамчы атоочтор өздөрүнөн кийин жандоочторду кабыл алат, (ээрчитет) жандоочтордо бул касиет жок;

4) жардамчы атоочтор, дегеле кызматчы сөздөрдүн бардыгы этимологиялык жактан толук лексикалык маениге ээ болгон негизги сөздөр болгондугу байкалат. Толук лексикалык маанидеги сөздөр мезгил өтүү менен өзүнүн лексикалык маанисин солгундатып, акырындап жардамчы атоочтук маениге өтө баштайт;

5) жардамчы атоочтор семантикалык жактан ич ара бир нече топко бөлүнөт. Кээ бир жардамчы атоочтор мейкиндик да мезгилдик да мааниде колдонулса, кээ бирлери бир гана мейкиндик мааниде келет;

6) жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн тобун зат атооч менен жардамчы атоочтордун аралыгындагы сөздөр деп кароого болот. Аларга: *ооз, желке, алкым, бел, таман, этек*, ж. б. сөздөр кирет;

7) жардамчы атоочтор морфологиялык жактан зат атоочтор сыяктуу көптүк, таандык мүчөлөрдү кабыл алат;

8) жардамчы атоочтор таандык мүчөнү кабыл алып, өзүнүн алдындагы зат атооч сөздүн илик жөндөмөсүндө келишин талап кылып, кээде илик жөндөмөдөгү сөздүн мүчөсү түшүп калып да колдонулат;

9) түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун көпчүлүгү бардык түрк тилдерине орток болсо, кээ бир сөздөр экинчи бир түрк тилдеринде колдонулбаганы, колдонулса да жардамчы атоочтук мааниде келбей калышы мүмкүн. Бул сыяктуу өзгөчөлүктөр ошол тилдин ички мыйзамдарына баш ийип, жеке касиети деп билсек болот;

10) жардамчы атоочтор зат атоочтордун маанисинин солгундашынан улам пайда болуп отурат, ошондуктан семантикасы жагынан кызматчы сөздөрдөн бир кыйла ачык, даана экендигин белгилөөгө болот.

Пайдаланылган адабияттар

1. Абдувалиев, И. Азыркы кыргыз тили. Морфология [Текст] / И. Абдувалиев; ред. С. Ж. Мусаев. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 323 б.

2. Абдувалиев, И. Азыркы кыргыз тили. Морфология [Текст] / И. Абдувалиев, Т. Садыков. – Бишкек: Айбек, 1997. – 296 б.

3. Абдувалиев, И. Кыргыз тили [Текст]: морфология боюнча лекция курсу / И. Абдувалиев. – Бишкек: [б-сыз], 2003. – 214 б.

4. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст]: жог. окуу жайралынын студ. үчүн окуу китеби / И. Абдувалиев. – Бишкек: [б-сыз], 2008. – 284 б.

5. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин практикалык курсу боюнча көнүгүүлөр [Текст]: жог. окуу жайларынын студ. үчүн окуу куралы / И. Абдувалиев, С. Тенимишева, К. Берманова. – Бишкек: [б-сыз], 1999. – 76 б.

6. Абдурахманов, Г. А. Исследование по старотюркскому синтаксису (XI в) [Текст] / Г. А. Абдурахманов. – М.: Наука, 1967. – 210 с.

7. Абдыкахаров, А. Т. Языковая номинация знаменательных и служебных слов [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / А. Т. Абдыкахаров. – Бишкек, 2007. – 175с.

8. Абрамов, Н. М. Алиппе [Текст] / Н. М. Абрамов, Т. Актанов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1944. – 100 б.

9. Азыркы кыргыз адабий тили. Фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингпоэтика [Текст]. – Бишкек: [б-сыз], 2009. – 928 б.

10. Азыркы кыргыз тили [Текст]: жог. окуу жайлары үчүн кыргыз тилинин окуу китеби. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1956. – 1 бөлүк: Фонетика, лексика, диалектология. – 111 б.

11. Айдаров, Г. Служебные части речи в языке надписей Орхонских памятников [Текст] / Г. Айдаров. – Алматы: Наука, 1969. – 296 с.

12. Айдыралиева, Г. М. Семантика - валентностное сопоставление кыргызских служебных имен и их функциональных соответствий в английском языке

[Текст] : дис. ... канд. филол. наук / Г. М. Айдыралиева. – Бишкек, 2011. – 213 с.
13. Актанов, Т. Кыргыз тилинин окуу китеби [Текст] / Т. Актанов, И. Батманов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1938. – 138 б.
14. Актанов, Т. Кыргыз тилинин окуу китеби [Текст] / Т. Актанов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940. – 112 б.
15. Акунова, А. Р. Азыркы кыргыз тили: Морфология [Текст]: жог. окуу жайдын студ. үчүн / А. Р. Акунова, Б. Чокошева, Г. Эшимбекова. – Бишкек: [б-сыз], 2009. – 150 б.
16. Алекберли, Г. Учебник турецкого языка [Текст] / Г. Алекберли, Г. Р. Мирза – заде; под ред. Дж. Джаббарова. – Баку: Азернешр, 1941. – 660 с.
17. Алымова, А. Т. Кыргыз тили: окуу куралы [Текст] / А. Т. Алымова, Н. Т. Төлөбекова. – Бишкек: [б-сыз], 2014. – 235 б.
18. Арабаев, Э. Алгачкы эмгектер [Текст] / Э. Арабаев. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 214 б.
19. Асаналиев, Ч. Тунгус – манжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык паралелдери [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / Ч. Асаналиев. – Бишкек, 2004. – 319 б.
20. Ахматов, Т. К. Кыргыз тили: оңдолуп, толукталып басылышы [Текст] / Т. К. Ахматов, С. А. Давлетов, Ш. Жапаров. – Бишкек: [б-сыз], 2007. – 306 б.
21. Аширалиев, К. Орхон – Енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр [Текст] / К. Аширалиев. – Фрунзе: КиргССР ИА., 1963. – 120 б.
22. Аширбаев, Т. Жалпы тил илими [Текст]: жог. окуу жайларынын студ. үчүн окуу-усулдук колдонмо / Т. Аширбаев, М. Шарипова. – Бишкек: Бийиктик, 2003. – 84 б.
23. Бакеев, К. Кыргыз тилинин грамматикасы I бөлүк [Текст] / К. Бакеев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1950. – 167 б.
24. Бакеев, К. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / К. Бакеев, Y. Бактыбаев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1939. – 112 б.

25. Бакеев, К. Морфология I бөлүк [Текст] / К. Бакеев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943. – 138 б.

26. Бакеев, К. Морфология I бөлүк [Текст] / К. Бакеев, Y. Бактыбаев. – Фрунзе.: Кыргызмамбас, 1941. – 136 б.

27. Балакаев, М. Б. Казахский литературный язык [Текст] / М. Б. Балакаев. – Алма-Ата: Наука КазССР, 1987. – 688 с.

28. Балакаев, М. Казак тилинин кээ бир маселелери [Текст] / М. Балакаев. – Алматы: Наука, 1941. – 128 б.

29. Бархударов, Л. С. Служебные слова и их функции [Текст] / Л. С. Бархударов //Тр. военного ин-та иностр. яз. – М., 1952. – № 1. – С. 26-31.

30. Баскаков, Н. А. Алтайский язык [Текст] / Н. А. Баскаков. – М.: Изд. АН СССР, 1958. – 115 с.

31. Баскаков, Н. А. Введение в изучение тюркских языков [Текст]: учеб. для ин-тов / Н. А. Баскаков. – М.: Высш. шк., 1962. – 332 с.

32. Баскаков, Н. А. Грамматика ногойского языка [Текст] / Н. А. Баскаков. – Черкесск:Ставроп. кн. изд-во. Карачаево-Черкес. отд-ние, 1973. – 320 с.

33. Баскаков, Н. А. Грамматика хакасского языка [Текст]. – М.: Наука, 1975. – 420 с.

34. Баскаков, Н. А. Каракалпакский язык [Текст] / Н. А. Баскаков. – М.: Изд. АН СССР, 1952. – 543 с.

35. Баскаков, Н. А. Ногойский язык и его диалекты [Текст]:грамматика, тексты и словарь / Н. А. Баскаков. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1940. – 272 с.

36. Баскаков, Н. А. Очерки истории функционального развития тюркских языков и их классификация [Текст] / Н. А. Баскаков. – Ашхабад: Ылым, 1988. – 138 с.

37. Баскаков, Н. А. Тюркские языки [Текст] / Н. А. Баскаков. – М.: Изд. вост. лит., 1960. – 242 с.

38. Батманов, И. А. Грамматика киргизского языка [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: Киргосиздат, 1940. – Вып. 2. – 67 с.

39. Батманов, И. А. Краткое введение в изучение киргизского языка [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: Киргосиздат, 1941. – 115 с.
40. Батманов, И. А. Современная и древняя енисейка [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: Изд. АН КиргССР, 1962. – 249 с.
41. Батманов, И. А. Современный киргизской язык [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: АН КиргССР, 1963. – 166 с.
42. Батманов, И. А. Употребление падежей в киргизском языке [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе; Казань: Киргосиздат, 1938. – 45 с.
43. Батманов, И. А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: АН КиргССР, 1959. – 219 с.
44. Бердияров, Х. Послелоги в современном узбекском литературном языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Х. Бердияров. – Самарканд, 1949. – 28 с.
45. Биялиев, К. А. Кыргыз тили[Текст]: жог. окуу жайларынын башка улуттун студ. үчүн окуу китеби [Текст] / К. А. Биялиев. – Бишкек: КРСУ, 2002. – 272 б.
46. Боровков, А. К. О частях речи в языках тюркской системы [Текст] / А. К. Боровков // Революция и письменность. – 1936. – № 2. – С. 90-97.
47. Вопросы тюркологии [Текст] / отв. ред. М. З. Закиев. – Казань: КГПИ, 1970. – 283 с. – (Учен. Зап. Казан. гос. пед. ин-та; Вып. 74).
48. Вопросы тюркского языкознания [Текст]: материалы первой межресп. Конф. молодых лингвистов-тюркологов / под ред. А. Т. Кайдаров. – Алма-Ата: Наука, 1958. – 184 с.
49. Гиганов, И. Грамматика татарского языка [Текст]: коренные слова, нужнейшие к сведению для обучения татар. яз. / И. Гиганов. – СПб.: Изд. Имп. АН, 1801. – 275 с.
50. Гордлевский, В. А. Грамматика турецкого языка. Морфология и синтаксис [Текст] / В. А. Гордлевский. – М.: Изд. ин-та востоковедения им. Н. Нариманова при ЦИК СССР, 1928. – 159 с.
51. Грамматика алтайского языка. Составлена членами Алтайской миссии [Текст]. – Казань: Казан. ун-т, 1869. – 290 с.

52. Грамматика алтайского языка [Текст] / сост. Б. Я. Бедюров. – Горно-Алтайск: Ак-Чечек, 2005. – 364 с.

53. Грамматика киргизского литературного языка. Фонетика и морфология [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1987. – 400 с.

54. Грамматика ногайского языка [Текст] / под ред. Н. А. Баскакова. – Черкесск: Карачаево-Черкес. н.-и. ин-т экономики, истории яз. и лит., 1973. – Ч. 1: Фонетика и морфология. – 320 с.

55. Грамматика современного якутского литературного языка [Текст] / под ред. Е. И. Убрятова. – М.: Наука, 1982. – Т. 1: Фонетика и морфология. – 496 с.

56. Грамматика туркменского языка [Текст] / под ред. Н. А. Баскакова, М. Я. Хамзаев, Б. Чарыярова. – Ашхабад: Ылым, 1970. – Ч. 1: Фонетика и морфология. – 504 с.

57. Грунина, Е. А. Историческая грамматика турецкого языка [Текст] / Е. А. Грунина. – М.: Изд. МГУ, 1991. – 223 с.

58. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили: морфология [Текст] /С. Давлетов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 236 б.

59. Давлетов, С. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / С. Давлетов, К. Мукамбаев, С. Турусбеков. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964. – 268 б.

60. Дмитриев, Н. К. Грамматика башкирского языка [Текст] / Н. К. Дмитриев. – М.; Л.: Изд. АН СССР, 1948. – 276 с.

61. Дмитриев, Н. К. Грамматика кумыкского языка [Текст] / Н. К. Дмитриев. – М.; Л.: Изд. АН СССР, 1940. – 205 с.

62. Дмитриев, Н. К. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков [Текст] / Н. К. Дмитриев. – М.: Изд. АН СССР, 1956. – Ч. 2: Морфология. – 335 с.

63. Дмитриев, Н. К. Строй турецкого языка [Текст] / Н. К. Дмитриев. – Л.: Ленингр. гос. ун-т, 1939. – 60 с. – (Сер.: Строй языков / под общ. ред. А. П. Рифтина. Вып. 11).

64. Дмитриев, Н. К. Строй тюркских языков [Текст] / Н. К. Дмитриев. – М.: Изд. вост. лит, 1962. – 605 с.

65. Дмитриев, Н. К. Турецкий язык [Текст] / Н. К. Дмитриев. – М.: Изд. вост. лит, 1960. – 96 с.

66. Древние тюркские диалекты и их отражение в современных языках [Текст]: : глоссарии: указ. аффиксов / под ред. И. А. Батманова. – Фрунзе: Илим, 1971. – 196 с.

67. Дудина, Л. Н. Турецкий язык [Текст]: учеб. пособие / Л. Н. Дудина. – Баку: Азербайджан, 1993. – 390 с.

68. Дыйканов, К. Имя существительное в киргизском языке [Текст] / К. Дыйканов. – Фрунзе: АН КиргССР, 1955. – 104 с.

69. Дыйканов, К. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / К. Дыйканов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Кол жазма укугунда, 1957. – 219 б.

70. Дыренкова, Н. П. Грамматика ойротского языка [Текст] / Н. П. Дыренкова. – М.: Изд. АН СССР, 1940. – 302 с.

71. Дыренкова, Н. П. Грамматика хакасского языка. Фонетика и морфология [Текст] / Н. П. Дыренкова. – Абакан: Хакоблнациздат, 1948. – 124 с.

72. Дыренкова, Н. П. Грамматика шорского языка [Текст] / Н. П. Дыренкова. – М.: Изд. АН СССР, 1941. – 308 с.

73. Жакыпов, Ы. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / Ы. Жакыпов. – Фрунзе: Кыргокуупедмамбас, 1962. – 148 б.

74. Жакыпов, Ы. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / Ы. Жакыпов, С. Турусбеков, Д. Майрыков. – Фрунзе: Кыргокуупедмамбас, 1954. – 230 б.

75. Жапаров, Ш. Азыркы кыргыз тилинин лексикологиясы жана лексикографиясы [Текст] / Ш. Жапаров, Т. Сыдыкова. – Бишкек: [б-сыз], 2012. – 207 б.

76. Жигжанова, Л. Г. Пространственные падежи в современном казахском литературном языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Л. Г. Жигжанова. – М., 1956. – 23 с.

77. Жумалиев, С. С. Байыркы түрк тилдери [Текст]: окуу куралы / С. С. Жумалиев. – Бишкек: [б-сыз], 2012. – 114 б.

78. Закиев, М. З. Татарская грамматика: морфология [Текст]: в 3 т. / М. З. Закиев. – Казань: Тат. Кн. изд-во, 1993. – Т. 2: Морфология. – 396 с.

79. Зейналов, Ф. Р. Служебные части речи в современных тюркских языках (на материале казахского, узбекского, тюркменского языков) [Текст]: дис. ... д-ра филол. наук / Ф. Р. Зейналов. – Баку, 1966. – 67 с.

80. Ибрагимов, С. Тил илиминин негиздери [Текст]: жог. окуу жайларынын студ. үчүн / С. Ибрагимов. – Бишкек: Раритет Инфо, 2000. – 202 б.

81. Иманалиев, С. Тил илимине киришүү [Текст] / С. Иманалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1977. – 115 б.

82. Исаев, Д. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / Д. Исаев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1954. – 192 б.

83. Исенгалиева, В. А. Служебные имена и послелоги в казахском языке [Текст] / В. А. Исенгалиева. – Алма-Ата: Изд. АН КазССР, 1957. – 148 с.

84. Исенгалиева, В. А. Употребление падежей в казахском и русском языках [Текст] / В. А. Исенгалиева. – Алма -Ата: Изд АН КазССР, 1961. – 165 с.

85. Искаков, А. И. Классификации частей речи в казахском языке [Текст] / А. И. Искаков // Вопросы изучения языков народов Средней Азии и Казахстана в свете учения И. В. Сталина о языке. – Ташкент, 1952. – С. 118-140.

86. Исследования по грамматике и лексике тюркских языков [Текст]. – Ташкент: Наука, 1965. – 207 с.

87. Исследования по грамматике и лексике тюркских языков [текст]. – Ташкент: Фан, 1980. – 148 с.

88. Исследования по киргизскому языкознанию [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1987. – 118 с.

89. Исхаков, Ф. Г. Грамматика тувинского языка [Текст] / Ф. Г. Исхаков, А. А. Пальмбах. – М.: Изд. вост. лит, 1961. – 470 с.

90. Исхаков, Ф. Г. Грамматика тувинского языка. Фонетика и морфология [Текст] / Ф. Г. Исхаков. – М.: Изд. Вост. лит, 1961. – 472 с.

91. Исхаков, Ф. Г. Некоторые предположения о происхождении конечных Т и Д в словах аст, уст, алд, арт и. т. п. [Текст] / Ф. Г. Исхаков // Академику В. А. Гордлевскому к его семидесятилетию. – М., 1953. – С. 124-136.
92. Казем-Бек Мирза, А. Общая грамматика турецко – татарского языка [Текст] / А. Казем-Бек Мирза. – Казань: В университетской тип., 1846. – 466 с.
93. Калмуратова, А. О. Функционирование служебных слов в дискурсе [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / А. О. Калмуратова. – Бишкек, 2009. – 172 с.
94. Карымшакова, А. Т. “Древнетюркский словардагы” кызматчы сөздөр: сыпатталып берилиши, колдонулушундагы өзгөчөлүктөр [Текст] / А. Т. Карымшакова // Известия ВУЗов Кыргызстана.-2015.-№7.- Б. 232-236.
95. Карымшакова, А. Т. Жандоочтордун сүйлөм курулушунда тилдик зарыл элемент катары колдонулушу [Текст] / А. Т. Карымшакова // БГУ жарчысы.- 2017.- №4(42).-Б. 3-6.
96. Карымшакова, А. Т. Кызматчы сөздөр текст түзүүчү тилдик каражаттар катары [Электронный ресурс] / А. Т. Карымшакова. – Режим доступа: arch.kyrlibnet.kg/?&npage=download&nadd=21549. – Загл. с экрана.
97. Карымшакова, А. Т. Кызматчы сөз түркүмдөр маселесине карата [Текст] / А. Т. Карымшакова // Высшая школа Казазстана.- 2015.- №.1.- С. 57-64.
98. Карымшакова, А. Т. Кыргыз тилинин морфологиясынын жана лексикологиясынын маселелери [Текст]: макалалар жыйнагы / А. Т. Карымшакова. – Бишкек: [б-сыз], 2009. – 158 б.
99. Карымшакова, А. Т. Семантика грамматические функции частиц в кыргызском языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / А. Т. Карымшакова. – Алма-Ата, 1992. – 26 с.
100. Карымшакова, А. Т. Кыргыз тилиндеги бөлүкчөлөрдүн структурасы, семантикасы жана функциясы [Текст] / А. Т. Карымшакова. – Бишкек, 2019. – 260 б.
101. Карымшакова, А. Т. Кызматчы сөз түркүмдөр маселелери: изилдениши, колдонулуш өзгөчөлүктөрү [Текст] / А. Т. Карымшакова. – Бишкек, 2019. – 235 б.

102. Кенжебаева, Ф. Послелоги и частицы в современном казахском языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Ф. Кенжебаева. – Алматы, 1964. – 24 с.
103. Киргизско русский словарь [Текст]: около 40 000 слов / сост. К. К. Юдахин. – М.: Сов. энцикл., 1965. – 976 с.
104. Коклянова, А. А. Послелоги и служебные имена в узбекском языке [Текст] / А. А. Коклянова // Тр. Ин-т языкознания АН СССР. – 1952. – Т. 1. – С. 211.
105. Кондратьев, В. Г. Очерк грамматики древнетюркского языка [Текст] / В. Г. Кондратьев. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1970. – 65 с.
106. Кононов, А. Н. Грамматика современного турецкого литературного языка [Текст] / А. Н. Кононов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1956. – 569 с.
107. Кононов, А. Н. Грамматика современного узбекского литературного языка [Текст] / А. Н. Кононо. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1960. – 446 с.
108. Кононов, А. Н. Грамматика турецкого языка [Текст] / А. Н. Кононов. – М,.; Л.: Изд-во АН СССР, 1941. – 312 с.
109. Кононов, А. Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников VII-IX веков [Текст] / А. Н. Кононов. – Л.: Наука, 1980. – 255 с.
110. Кононов, А. Н. История изучения тюркских языков в России. Дооктябрский период [Текст] / А. Н. Кононов. – Л.: Наука, 1972. – 272 с.
111. Кононов, А. Н. Очерк истории изучения турецкого языка [Текст] / А. Н. Кононов. – Л.: Наука, 1976. – 119 с.
112. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы (сан жакталыш, жөндөлүш жана таандык категориясы) [Текст] / С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1957. – 120 б.
113. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилиндеги таандык категориясы [Текст]: тарыхый грамматиканын материалдарынан / С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Кыргыз ССР ИА бас., 1961. – 75 б.

114. Куралай, М. Служебные имена – языковые единицы, образующие аналитические формы падежей [Текст] / М. Куралай // Науч. татарстан. – 2010. – № 2. – С. 248 -253.
115. Курманалиева, В. Азыркы кыргыз тилинин лексикасынын өсүшүнүн кээ бир маселелери [Текст] / В. Курманалиева. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 75 б.
116. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1980. – 1 бөлүм: Фонетика жана морфология. – 539 б.
117. Кыргыз тилинин грамматикасы: лексика, фонетика жана морфология [Текст]. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1954. – 240 б.
118. Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология [Текст]. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1964. – 379 б.
119. Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери [Текст] / С. Кудайбергенов, Э. Абдулдаев, Г. Бакинова, А. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1965. – 115 б.
120. Кыргыз тилинин жазма грамматикасы. Азыркы кыргыз адабий тили [Текст] / ред. А. Акматалиев, С. Байгазиев, А. Жайнакова ж. б. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 704 б.
121. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / ред. Э. Абдулдаев, Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 775 б.
122. Кыргыз тили. Фонетика. Морфология [Текст]. – Фрунзе: Мектеп, 1986. – 349 б.
123. Малов, С. Е. Памятники древнетюркской письменности [Текст]: тексты и исслед. / С. Е. Малов. – М.; Л.: АН СССР, 1951. – 451с
124. Мелиоранский, П. М. Краткая грамматика казак – киргизского языка [Текст] / П. М. Мелиоранский. – СПб.: Тип. Имп. АН, 1894. – Ч. 1: Фонетика и этимология. – 80 с.
125. Молгаждаров, К. К. Түрк тилдериндеги көмөкчү сөздөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү (байыркы, орто, азыркы түрк тилдеринин материалдарынын негизинде) [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / К. К. Молгаждаров. – Бишкек, 2012. – 42 б.

126. Молгаждаров, К. К. Түрк тилдериндеги көмөкчү сөздөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү (байыркы, орто, азыркы түрк тилдеринин материалдарынын негизинде) [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / К. К. Молгаждаров. – Бишкек., 2012. – 354 б.
127. Мукамбаев, Ж. Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү [Текст] / Ж. Мукамбаев, А. Осмонкулов. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 380 б.
128. Мураталиева, Дж. Послелоги в киргизком языке [Текст] / Дж. Мураталиева. – Фрунзе: Киргизпедгиз, 1958. – 78 с.
129. Мураталиев, М. Азыркы кыргыз тилиндеги байламталар [Текст] / М. Мураталиев. – Фрунзе: Кыргыз окуу педмамбас, 1959. – 58 б.
130. Мусаев, Д. Кызматчы сөздөрдү окутуу [Текст] / Д. Мусаев. – Ф.: Мектеп, 1968. – 118 б.
131. Мусаев, К. М. Грамматика караимского языка. Фонетика и морфология [Текст] / К. М. Мусаев. – М.: Наука, 1964. – 344 с.
132. Мусаев, С. Ж. Жалпы тил илими [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 1998. – 211 б.
133. Мусаев, С. М. Кыргыз тил илиминин айрым маселелери [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз] , 2017. – 227 б.
134. Муталлибов, С. М. Морфология ва лексика тарихидан кискача очерк [Текст] / С. М. Муталлибов. – Тошкент: Фан, 1959. – 240 б.
135. Наврузов, М. Д. оглы. Формирование и развитие категории падежа в тюркских языках (на материале тюркских языков огузской группы) [Текст]: дис. ... канд. филол. наук. / М. Д. оглы. Наврузов. – Баку, 1989. – 184 с.
136. Насилов, В. М. Язык Орхоно – Енисейских памятников [Текст] / В. М. Насилов. – М.: Изд. вост. лит., 1960. – 87 с.
137. Орозов, М. Служебные имена в тюркских языках (на основе материале современного казахского, узбекского и туркменского языков) [Текст] : дис. ... канд. филол. наук / М. Орозов. – Ташкент, 1970. – 248 с.
138. Орсулова, Т. Е . Послелоги и служебные имена в алтайском языке [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Т. Е. Орсулова. – Горно-Алтайск, 2001. – 132 с.

139. Орузбаева, Б. О. Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү [Текст] / Б. О. Орузбаева. – Фрунзе: Мектеп, 1981. – 103 б.
140. Орузбаева, Б. О. Кыргыз тил илими: макалалар жыйнагы [Текст] / Б. О. Орузбаева; жооп. ред. С. М. Мусаев. – Бишкек: Илим, 2004. – Т. 2. – 286 б.
141. Орузбаева, Б. О. Кыргыз тил илиминин маанилүү маселелери [Текст]: макалалар жыйнагы Деловой проект “Мурас” при “Манас 1000” / Б. О. Орузбаева. – Бишкек: Илим, 1995. – 398 б.
142. Орузбаева, Б. О. Лингвистикалык терминдердин орусча – кыргызча сөздүгү [Текст] / Б. О. Орузбаева. – Фрунзе: Илим, 1972. – 425 б.
143. Орузбаева, Б. О. Сөз курамы [Текст] / Б. О. Орузбаева. – Бишкек: Мектеп, 2000. – 356 б.
144. Петров, Н. Е. Модальные слова в якутском языке [Текст] / Н. Е. Петров. – Новосибирск: Наука, 1984. – 207 с.
145. Петров Н. Е. Модольные сочетания в якутском языке [Текст] / Н. Е. Петров; отв. ред. Е. И. Коркина. – М.: Наука, 1988. – 279 с.
146. Петров, Н. Е. Служебные имена и послелоги в якутском языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Н. Е. Петров. – Якутск., 1962. – 26 с.
147. Петров, Н. Е. Служебные имена и послелоги в якутском языке [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Н. Е. Петров. – Якутск., 1962. – 270 с.
148. Петров, Н. Е. Якутский язык [Текст]: указ. лит. / Н. Е. Петров. – Якутск: Якут. кн. изд-во, 1958. – 385 с.
149. Покровская, Л. А. Грамматика гагауского языка: фонетика и морфология [Текст] / Л. А. Покровская. – М.: Наука, 1964. – 298 с.
150. Поливанов, Е. Д. Краткая грамматика узбекского языка [Текст] / Е. Д. Поливанов. – Ташкент; М.: Турпечать, 1962. – 132 с.
151. Прик, О. Я. Очерк грамматики караимского языка [Текст] / О. Я. Прик. – Махачкала: Дагузпедгиз, 1976. – 185 с.
152. Радлов, В. В. Опыт словаря тюркских наречий [Текст] / В. В. Радлов. – М.: Изд. Вост. лит, 1963. – 968 с.

153. Рассадин, В. И. Морфология тофаларского языка в сравнительном освещении [Текст] / В. И. Рассадин. – М.: Наука, 1978. – 288 с.
154. Рыскулова, Ч. Ш. Сопоставительное исследование кыргызских послелогов и их функциональных соответсвий в английском языке [Текст] : дис. ... канд. филол. наук. / Ч. Ш. Рыскулова. – Бишкек., 2008. – 169 с.
155. Сагынбаева, Б. Азыркы түрк тилдериндеги морфологиялык парадигматика: түрк жана кыргыз тилдери [Текст] / Б. Сагынбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2006. – 265 б.
156. Садыков, Т. Кыргыз, түрк салыштырма грамматикасынын негиздери [Текст] / Т. Садыков. – Бишкек: Авразия бас.,2010. – 478 б.
157. Саманчин, Т. Чоңдор үчүн алиппе [Текст] / Т. Саманчин. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1937. – 80 б.
158. Самойлович, А. Н. Краткая учебная грамматика османско-турецкого языка [Текст] / А. Н. Самойлович. – Москва.: Вост. лит. РАН, 1925. – 158 с.
159. Сартбаев, К. К. Азыркы кыргыз тили. [Текст] / К . К . Сартбаев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. – 132 б.
160. Сартбаев, К. К. Классификации частей речи в киргизком языке [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Илим, 1975. – 49 с.
161. Сартбаев, К. К. Кыргыз тилинин изилдениши [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1981. – 106 б.
162. Сартбаев, К. К. Тил илими: айрым материалдар [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1975. – 196 б.
163. Сартбаев, К. К. Тил илиминин маселелери: илимий макалалар жыйнагы [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 243 б.
164. Сартбаев, К. К. Түркологияга киришүү [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1987.– 268 б.
165. Сартбаев, К. К. Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Илим, 1962. – 111 б.
166. Сартбаев, К. К. Языковедение в Киргизии [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Илим, 1985. – 154 б.

167. Саяргалиев, Б. С. Служебные слова в башкирском языке [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Б. С. Саяргалиев. – Уфа, 1955. – 19 с.
168. Севортян, Э. В. Этимологический словарь тюркских языков [Текст]: в 7 т. /Э. В. Севортян, Л. С. Левитская. – М.: Наука, 1989. – Т. 4: Общетюркские и межтюркские основы на буквы «Ҹ», «Ж», «Й». – 291 с.
169. Сейдакматов, К. Кыргыз тилиндеги сөз маанисинин жана варианттарынын өнүгүшү [Текст] / К. Сейдакматов. – Фрунзе: Илим, 1982. – 187 б.
170. Сенковский, О. И. Карманная книга для русских воинов в турецких походах [Текст]: в 2 ч. / О. И. Сенковский. – СПб.: Департамент народ. просвещения, 1828. – Ч. 1. – 114 с.
171. Серебренников, Б. А. Сравнительно – историческое грамматика тюркских языков [Текст] / Б. А. Серебренников, Н. З. Гаджиева. – Баку: Маариф, 1979. – 304 с.
172. Слепцов, П. А. Якутский литературный язык [Текст] / П. А. Слепцов. – Новосибирск: Наука, 1990. – 273 с.
173. Смирницкий, А. И. Лексикология английского языка [Текст] / А. И. Смирницкий. – М.: Изд. Иност.лит., 1956. – 269 с.
174. Старчевский, А. В. Спутник русского человека Средней Азии [Текст] / А. В. Старчевский. – СПб.: тип. А. Траншеля, 1878. – 64 с.
175. Современного татарского литературного языка [Текст]. – М.: Наука, 1969. – 321 с.
176. Современный казахской язык: фонетика и морфология [Текст]. – Алма – Ата: Изд. АН КазССР, 1962. – 340 с.
177. Сыдыков, Ж. К. Валентносно-ономасиологический анализ служебных имен современного кыргызского языка [Текст] / Ж. К. Сыдыков, Н. Кыдыршаев // Б. М. Юнусалиев - көрүнүктүү илимпоз, даанышман педогог жана коомдук ишмер 80 ж. – Бишкек, 1993. – 14-20 б.
178. Сыдыков, С. Байыркы түрк жазуусу (VII-X к) [Текст] / С. Сыдыков, К. Конкобаев. – Бишкек: КТМУ, 2001. – 337 б.

179. Сыдыков, С. Енисей жана Таластагы рун жазуулары [Текст] / С. Сыдыков. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 341 б.
180. Тенишев, Э. Р. Сравнительно – историческая грамматика тюркских языков: морфология [Текст] / Э. Р. Тенишев, Н. З. Гаджиева, Б. А. Серебренников. – М.: Наука, 1988. – 557 с.
181. Тенишев, Э. Р. Строй саларского языка [Текст] / Э. Р. Тенишев. – М.: Наука, 1976. – 575 с.
182. Терентьев, М. Хрестоматия: турецкая, персидская, киргизская узбекская [Текст] / М. Терентьев. – СПб.: Тип. Импер. АН, 1876. – Кн. 2. – 108 с.
183. Токтоналиев, К. Т. Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексика, морфология, синтаксис [Текст] / К. Т. Токтоналиев. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 515 б.
184. Тощакова, Т. М. Служебные слова в алтайском языке [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Т. М. Тощакова. – М., 1950. – 13 с.
185. Троянский, А. А. Краткая татарская грамматика в пользу учащегося юношества, сочиненная Казанской Академии Учителем Татарского языка [Текст] / А. А. Троянский. – СПб.: В университетской тип., 1824. – 195 с.
186. Турсункулова, К. Некоторые русские предлоги дательного и винительного падежей и способы их передачи на тюрские языки [Текст] / К. Турсункулава //Исследования по грамматике и лексике тюркских языков. – Ташкент, 1965. – С. 207.
187. Тыныстанов, К. Эне тилибиз [Текст] / К. Тыныстанов. – Ф.: Кыргызстан Мам. бас, – 1929.- 56 б.
188. Түркчө - Кыргызча лугат (сөздүк) [Текст]. – Бишкек: Имак офсет, 2016. – 268 б.
189. Убрятова, Е. И. Исследования по синтаксису якутского языка [Текст] / Е. И. Убрятова. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1950. – Ч. 1: Простое предложение. – 304 с.
190. Харитонов, Л. Н. Современный якутский язык. Фонетика и морфология [Текст] / Л. Н. Харитонов. – Якутск: ЯкГиз, 1947. – 313 с.

191. Хертек, А. Б. Значение локальных падежей в тувинском и хакасском языках [Текст] : дис. ... канд. филол. наук / А. Б. Хертек. – Новосибирск, 2008. – 246 с.

192. Хочавова, Ю. У. Выражение пространственных отношений в кумыкском языке [Текст] : дис. ... канд. филол. наук / Ю. У. Хочавова. – Махачкала., 2011. – 163 с.

193. Ысқақов, А. Ы. Қазіргі қазақ тілі [Текст] / А. Ысқақов. – Алматы: Мектеп, 1964. – 400 б.

194. Ысқақов, А. Ы. Казак тилинин грамматикасы: морфология [Текст] / А. Ы. Ысқақов. – Алматы: Мектеп, 1964. – 400 б.

195. Шоабдрахманов, Ш. Ш. Узбек тилидаги ердамчи сузлар [Текст] / Ш. Ш. Шоабдрахманов. – Тошкент: Фан, 1953. – 97 б.

196. Щербак, А. М. Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков (Имя) [Текст] / А. М. Щербак. – Л.: Наука, 1977. – 191 с.

197. Щербак, А. М. Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков (Наречие, служебные части речи, изобразительные слова) [Текст] / А. М. Щербак. – Л .: Наука, 1987. – 151 с.

198. Щербак, А. М. Грамматика староузбекского языка [Текст] / А. М. Щербак. – М.; Л.: АН СССР, 1962. – 274 с.

199. Элчиев, Ж. Азыркы кыргыз тили: лексикология [Текст] / Ж. Элчиев. – Бишкек: Имак Офсет, 2015. – 303 б.

200. Юлдашев, А. А. Грамматика современного башкирского литературного языка [Текст] / А. А. Юлдашев. – М.: Наука, 1981. – 495 с.

201. Юнусалиев, Б. М. К вопросу о формиравании общенародного киргизкого языка [Текст] / Б. М. Юнусалиев // Тр. Ин-та яз. и лит. АН КиргССР. – 1956. – Вып 6. – С. 19-45.

201. Юнусалиев, Б. М. Киргизская лексикология [Текст] / Б. М. Юнусалиев. – Фрунзе: Киргизучпедгиз, 1959. – 248 с.

203. Языки мира [Текст]: тюрк. яз. / отв. ред. Э. Р. Тенишев. – Бишкек: Кыргызстан, 1997. – 532 с.

204. Языки народов СССР [Текст]: в 5 т. / ред. В. В. Виноградов. – М.: АН СССР, 1966. – Т. 2: Тюрские языки. – 532 с.

205. Ястремский, С. В. Грамматика якутского языка [Текст] / С. В. Ястремский. – М.: Учпедгиз, 1938. – 228 с.

Көркөм адабияттар

Айтматов, Ч. Чыгармалар жыйнагы [Текст] / Ч. Айтматов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 1 т. – 448 б.

Айтматов, Ч. Чыгармалар жыйнагы [Текст] / Ч. Айтматов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 2 т. – 509 б.

Айтматов, Ч. Чыгармалар жыйнагы [Текст] / Ч. Айтматов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 3 т. – 422 б.

Айтматов, Ч. Кыямат [Текст]: роман / Ч. Айтматов. – Фрунзе: Адабият, 1988. – 352 б.

Касымбеков, Т. Келкел [Текст]: тарыхый роман / Т. Касымбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1966. – 302 б.

Сыдыкбеков, Т. Чыгармалар жыйнагы [Текст] / Т. Сыдыкбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 1 т. – 571 б.

Сыдыкбеков, Т. Чыгармалар жыйнагы [Текст] / Т. Сыдыкбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 2 т. – 503 б.

Осмоналиев, К. Көчмөндөр кагылышы [Текст]: роман / К. Осмоналиев. – Бишкек: Кыргызстан, 1982. – 328 б.

Повесттер. [Текст] / түзгөн: К. Асаналиев. – Фрунзе: Мектеп, 1982. – 348 б.

Шарттуу кыскартуулар

А. Т. – Аалы Токомбаев

К. Б. – Касымалы Баялинов

И. К. – Исай Калашников

Т. С. – Түгөлбай Сыдыкбеков

Т. К. - Төлөгөн Касымбеков

Ч. А. – Чынгыз Айтматов

Ө. Д. - Өскөн Даникеев

АКАТ – Азыркы кыргыз адабий тили

КАТГ – Кыргыз адабий тилинин грамматикасы

ГКЛЯ - Грамматика киргизского литературного языка

КТГ – Кыргыз тилинин грамматикасы

КТС – Кыргыз тилинин сөздүгү

ТИК – Тил илимине киришүү

ГАЯ – Грамматика алтайского языка

ГТЯ – Грамматика татарского языка

ГСЯЛЯ – Грамматика современного якутского литературного языка

СИГТЯ – Сравнительно историческое грамматика тюркских языках

ЯН СССР- Языки народов СССР

Кырг. – кыргыз тили

Каз . – казак тили

Башк . – башкыр тили

Татар . – татар тили

К . калпак . – кара калпак тили

Өзб . - өзбек тили

Түрк . – түркиялык түрк тили

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун кыскача түшүндүрмө сөздүгү

А

Айлана. Нерсенин айлана чөйрөсү, айлана тегереги, тегерек чети, тегереги. Айлана, тегерек – бул эки сөз негизинен маанилеш. Бай. түрк. тилинде тегире формасында келип, айлана деген маанини туюндурган. **Айлана** жардамчы атоочу *барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын айланасына багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Бирок көптөгөн иерусалимдиктер шаардын ак дубал храмынын **айланасына** чогула берди [Ч. А]. Мектептин **айланасына** алманын, өрүктүн жаш көчөттөрүн отургуздук [“С.К.”]. Ажардын **айланасына** карышкырлар толуп кетти [К. Б]. Ал эми *жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин заттын айланасында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Боз үйдүн **айланасында** бирин-серин гана кишилер жүрөт [К. Б]. Анын **айланасында** жылаажын дабыштанган таандардан башка эчтеке көрүнгөн жок [А. Т]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын айланасынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Моюнкумдун **айланасынан** чыккан добуш кулак тундурат [Ч. А].

Алд(ы). Нерсенин алды жагы, чукул бет маңдайы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын алды жагына, бет маңдай жагына багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Ошол учурда Эсенбай бий жаңы кармалган туйгун куш алып хан **алдына** жүз көрсөтүп келүүгө кеткен болучу [Т. К]. Эшим элирген каракашка аргымакты **алдына** тарта берди [Т. К]. Жарлыкты Нүзүптүн **алдына** ыргытып таштады [Т. К]. Өкүмдардын **алдына** таазим кылып келели дешип шаардын бай атанган, акылдуу атанган адамдары ордого агып келе башташты [Т.К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын алды жагында, маңдай жагында болгондугун билдирет. Мисалы: Уруу башчылары Малахандын **алдында** жикилдеп отуруп беришти [Т. К]. Дайыма шектенип тиктеген адамдын **алдында** Шерали-хан дирилдеп коркуп отуруп калды [Т. К]. Топ кишилердин **алдында** Абил бий менен бир чоочун адам келатты [Т. К]. Темир окко учкан күнү Ташкендин **алдында** элек [Т. К].

Карабек селт деп карап, бет **алдында** кумсарып турган Нүзүптү көрдү [Т. К]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет нерсенин алды жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Шыңгыр... Шыңгыр... Көч **алдынан** төө боздоп, үн алыстап баратты [Т. К]. Эртең аттанабыз деген күнү зайыбы экөөбү Теңирбердинин **алдынан** өттү [Т. К]. Келишкен кулан чаар аргымак куйругун булактатып, элдин **алдынан** нары-бери жетеленип өттү [Т. К]. Ошол учурда кербендин **алдынан** кербенбашынын кыйкырыгы чыкты [Т. К]. Найман кыштагына жакындаган кезде аскердин алдынан бир топ киши тосуп чыгып калды [Т. К].

Алкым. Заттык маанисинде жандуу заттардын дене бөлүгү б. а., ээктин алды, тамак, кекиртек, кулкун. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде келгенде кандайдыр бир заттын кире бериши. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын кылда оозуна же кире беришине багытталат. Мисалы: Салкын-Төрдүн **алкымына** быйыл жаз эрте келген [“С.К”]. Козу-улактар жардын **алкымына** барып тыгылышты [Т. С]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кире бериш жеринде болгондугун билдирет. Мисалы: Ушул кең талаанын **алкымында** ээрчишкен үч караан коңуз сымал көрүнөт [Ч. А]. Эки чабан ошентип муз каптаган Ала-Мөңгү ашуусунун түбүндө, капчыгайдын **алкымында** аркы-беркини сүйлөшүп жатып уктап кетишти [Ч. А]. Арчанын **алкымындагы** чөп чабыкка барышат [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын алкымынан же оозунан чыккандыгын көрсөтөт. Мисалы: Тиги кырдын **алкымынан** каткалаң кардын үстү менен улам кылчактап коюп, бир түлкү качып келатат [Ч. А].

Ара. Лексикалык мааниси эки чектин ортосундагы аралык, бош жери, боштук. Жардамчы атоочтук маанисинде келгенде заттын ортосундагы бош жерге жана ич аралыгына багытталган маанини туюндурат. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир канча заттын арасына багытталгандыгын көрсөтөт. Мисалы: Тооктор бир заматта туш келди бапырап качып, чөп-чардын **арасына** житип кетишти [Т. К]. Бала карматпай секирип түшүп, көпчүлүктүн **арасына** кирип көрүнбөй калды [Т. К]. Тоонун **арасына**

алпарып, бир өзүнөн башка эч кимиси жок бечара жесир кемпирдин алачыгына таштап койгула [Т. К]. Айзада калың кара-бүргөндүн **арасына** отура калды [Т. К]. Берки айылдагы Субанкул көгөндөгү козу **арасына** бекинген [К. О]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нече заттардын арасында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Долубек камыш **арасында** кансырап жатканда башкалар өлтүрүп, Найза-Кызыл менен болотту алып кетишти [К. О]. Ушинтип эл **арасында** көч карасында кыбырап жан баккан болуп жүрөбүз, Теңирберди аке [Т. К]. Эшим эки колун шалдайтып таштап, нымык сары чөптүн **арасында** чалкасынан түшүп жатты [Т. К]. Бата этилген соң оор үшкүрүп алган Бопукан тоо **арасындагы** Ормон айылынын жолун сурады [К. О]. Бийик тоо **арасында** караңгы бат эле кирди, караңгы түшөр замат бир паста кыш кирип келгендей ызгаарлуу шамал жүрүп баштады [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир канча заттардын арасынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Жергиликтүүлөр **арасынан** бирөө кыраатка салып, куран баштады [К. О]. Айзаада нары барып, ойноп жаткан балдардын **арасынан** Болотту чакырып алды [Т. К]. Дүүлдөп тоскон, тапырап ээрчиген көпчүлүктүн **арасынан** Нүзүптүн азезилдей сак кулагы бул сөздөрдү илип алып баратты [Т. К]. Булуттардын **арасынан** ай көрүнгөндөн баштап деңиз бети бирде жалтылдап, кайра өчүп, жыбырап жан кирди [Ч. А]. Эки сары барпы чымчык шаатыттын шактарынын **арасынан** кубалашып, кужурап сайрашып учуп жүрүшкөн [Т. К].

Арка. Заттык маанисинде жандуу заттардын дене мүчөсү т. а., дененин моюндан тартып куймулчакка чейинки омурткалардан турган бөлүгү. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир заттын, нерсенин арка жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын арка жагына багытталгандыгын көрсөтөт. Мисалы: Өмүрбек колундагы майда текейин оозуна салып чайнаган бойдон атасынын **аркасына** түштү [А. Т]. Бектурган таягын **аркасына** алып эки каруусуна илди да, жаңырган айдай кабырылып баланын алдында баратты [А. Т]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын арка жагында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы:

Алар тамдын **аркасында** турушуптур [Т. С]. Боз үйдүн **аркасында** турган кишилердин дабышы үзүл-кезил угулат [Т. К]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин арка жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Бала үйгө жүгүрүп жеткенде машине-дүкөн тамдардын **аркасынан** жакындап келаткан [Ч. А]. Алар Жапардын аркасынан жете келип, баш ийкешип сүйлөшө түштү [А. Т]. Кичинекей үйдүн **аркасынан** төрт кишинин карааны көрүндү да, жок болду [А. Т].

Арт(ы). Заттын же кандайдыр бир нерсенин арка, арт жагы, бет алды жактын карама-каршы жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын арт жагына багытталганын билдирет. Мисалы: Ал каалаган адамынын **артына** түздөп, колундагы жоолукту билгизбей алыс таштайт [К. О]. Каңшылай үргөн ит там **артына** качты [Ч. А]. Адырмактын **артына** батып бараткан күн көңүл сергитет [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын арт жагында болгон ордун билдирет. Мисалы: Туунун **артында** Нүзүп, көздөрү кыпкызыл болуп кеткен, ирени бир кубарып, бир кан толкуп баратты [Т. К]. Көкө балдардын **артында** жалгыздап бараткан балага мактанып баятан бери кармалап отурган нерсесин көрсөттү [Т. К]. Мал **артында** чөптүн гүлүн, суунун тунугун, абанын салкынын кууп, ээн көчүп, конуп жүргөн элетте малчы бар [Т. К]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин арт жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Бою сөлөк бир жаш бала Тултемирдин **артынан** келип, чокудан нары камчы менен тартып-тартып жиберди [Т. К]. Сатыкулдун жүзү ушунчалык жадырады, бир болсо өткүндөн кийин ак булуттун **артынан** нур төгө албырып көрүнгөн жай күнү гана теңдеш болор [Т. К]. Ок **артынан** тийиптир го... [Т. К]. *Кээде кыймыл-аракет бирөөнүн артынан ээрчий болгондугун билдирет*. Мисалы: Иниси Жаманкаранын **артынан** чаап, узак жерге чейин кууп жетпей санын чаап калат [К. О]. Домбунун **артынан** доочу келгенден бери элдин кысылганын, чалдардын кейишин көрүп, Мадылдан тынчтык кетти [Т. К]. Сендей азаматтын **артынан** ээрчиген күнүмө о дүйнө, бу дүйнө кейибейм, өкүнбөйм [Т. К]. Ташчайнар адатынча Акбаранын **артынан** баратты [Ч. А].

Авдий эптеп эңкейип балдагын алды да чымырканып ордунан туруп, чабандардын **артынан** аксаңдап жөнөдү [Ч. А].

Аст(ы). Заттык маанисинде бир нерсенин төмөн жак бети, жерди же ылдый жакты караган тарабы. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде келгенде бир нерсенин астындагы бош орунду, төмөнкү тарабын билдирет. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын астына, төмөн жагына багытталат. Мисалы: Хандардын көзүнөн алыс, кулагынан алыс, караламанга тегиңди жашырып, канатымдын **астына** асырадым, жарыгым [Т. К]. Машинем сынып калды!-деп бурк эттим капоттун **астына** белиме чейин сүңүлө батып [Ч. А]. Бут **астына** тиги мастар от жага албай убара болуп жаткандары анын көңүлүнө кирбеди [Ч. А]. Кайсы поезд өтүп баратса, ошонун **астына** боюн урмак [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын астында же алды жагында болгондугун билдирет. Мисалы: Бирок азырынча теребел тунжурап, жер тумчугуп калың кардын **астында** жатат [Ч. А]. Үч буттуу темир тулганын **астында** чала күйгөн көң сасыйт [Т. К]. Бастырманын **астында** эки киши кой союп жатат [Ч. А]. Тянь-Шандын кан жолу машинелердин **астында** кадимкисиндей гүүлдөп жаткан экен [Ч. А]. Ал кардын **астында** муздун калың катмары жатканын түшүндү [Ч. А]. Саал эле кокус болсо дөңгөлөктүн **астында** калгыдайсың [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин астынан чыккандыгын билдирет. Мисалы: Кулкиши сары атын чоң жолдун **астынан** тапты [Т. К]. Капкагынын **астынан** буу ышкырып жатканы дүрбүдөн көрүнүп турду [Ч. А]. Мына ошондо чыканак **астынан** муштумдай бир таш ылдый кулап кетти [Ч. А]. Жер **астынан** төрт аяктап адамдар сүйрөп чыккан кендерди көрүптүр [К. О]. Ошондо мен ашыгып машиненин **астынан** сойлоп чыктым [Ч. А]. Талаадагы кара жол түгөндү, дөңгөлөк **астынан** шыркыраган асфальтка чыктык [Ч. А]. Машинем контейнердин дал **астынан** ыргып чыкты [Ч. А].

Б

Баш. Заттык мааниде келгенде жандуу заттардын т. а., адамдын, жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ жайгашкан дене мүчөсү. Ал эми

жардамчы атоочтук маанисинде бир нерсенин жогорку, үстүңкү бөлүгү же жогору жагы, башталган жери. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын башталган жерине багытталат. Мисалы: Чагалдак уруусунан Акбел аттуу адам жылкы уурдаганы көл **башына** барат [К. О]. Шүмшүк Мырзатты кармап алып, Кокондун чоң дарбазасынын **башына** астырып таштап, ордого кайра кирдим [Т. К]. Бүркүтүңдү үксөйтүп тыттын **башына** кондуруп койсоң болду, ошондо эле чымчык атпай бу чөлкөмгө жолобой калат [Т. К]. Түнкү жайыттан саан бээлерди айдап келди да, желенин **башына** имерип токтотуп, кулундарды байлай баштады [Т. К]. Эртеси жоокер көлдүн **башына** барат [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын баш жагында болгондугун билдирет.Мисалы: Сендей балдар эл **башында** жүрөт [Т. К]. Ошол тарапта Ормондун тууганы Адыл баатыр үлүш жеп көл башында жүргөн [К. О]. Ал керегенин **башында** турган комузун алды [Т. К]. Бир жааттын **башында** жаш хан, бир жааттын **башында** өзүнүн уулу Абдырахман мырза [Т. К]. Бактардын **башында** кандайдыр бир чымчык чыйт-чыйт деп сайрап, пыр-р этип шактан шакка учуп жүрөт [Т. К]. Алим хан күчтүү мамлекеттин **башында** турганын көргөн соң, эл алышка, дагы жер кеңитишке катуулап киришти [Т. К]. Ал түркүн кыялдарга батып, тыштагы дарактын **башында** тынымсыз сайраган сүтактын үнүн тыңшап, көп түндөрдү кирпик какпай да өткөрчү [Т. К]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет тигил же бул заттын башынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Жылгын **башынан** кечип, күндүз тоого бекиништи [К. О]. Бийик чынардын **башынан** булбул үн салат [Т. К]. Ага-иниси таштап кеткен, деңиздин ээн жээгинде каңгырап жалгыз калган аксактын **башынан** ушундай окуя өтөт [Ч. А]. Ал алачыкка кирери менен балага жасаган төшөктүн **башынан** түйүнчөктү ала койду [А. Т].

Бел. Заттык маанисинде адамдын дене мүчөсү т. а., дененин жамбашка жакын ичкерээк тартып кеткен арка жак бөлүгү, арканын жамбашка жакын бөлүгү. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде бир нерсенин орто чени, орто бөлүгү. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын орто ченине

багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Эртеси түштө Бостон баштаган алты киши биринин артынан бири чубай түшүп, Ала-Мөңгүнүн **белине** чыгып баратышты [Ч. А]. Ашуунун **белине** чыга бериште биздин автобусту колунда кызыл желекчеси бар жумушчу токтотуп калды [Ч. А]. Долондун **белине** чыктым [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын орто жеринде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Тоо арасында, ашуунун **белинде** ээн жашаган жолчуга аял, үй-бүлө деген өзүнчө улуу журт, өмүргө шерик деп ошону айтса болот [Ч. А]. Ала-Мөңгүнүн **белинде** адыр-күдүр аска-зоолордун, ак карлуу мөңгүлөрдүн ортосунда жалгыз турду [Ч. А]. Мага ушу ашуунун **белиндеги** участокту беришти [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын орто жеринен башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Бостон менен Эрназардын жүздөрүндө кубаныч, көңүлдөрү ыраазы, ашуунун **белинен** ылдый тиктеп, өздөрү басып келген жолду карап турушту [Ч. А]. Ашуунун **белинен** ылдый машине өзү кетти [Ч. А].

Бет. Заттык маанисинде адамдын дене мүчөсү т. а., баштын ооз, мурун, көз жайгашкан маңдайкы бөлүгү, адамдын бети, жүзү. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде келгенде заттын, нерсенин үстүнкү бети (мейкиндиктин үстү), сырт жаккы тарабы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин үстүнкү бетине багытталат. Мисалы: Чалчык-чалчык суу **бетине** тоңгон муз бут астымда качырап сынат [Ч. А]. Анда Кириск деңиз **бетине** кыймылсыз орноп калган кара-бозомук караан көргөн [Ч. А]. Жер **бетине** чоң кебез жууркан жаап салгандай али күүгүм кире элек теребел ың-жыңы жок мемиреп жымжырт турду [Ч. А]. Тумсак кардын **бетине** гүл чайытындай издерин калтырып, чөл талаанын оңтою менен бөрүлөр жүрүп баратты [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет тигил же бул заттын үстүнкү бетинде болгондугун билдирет. Мисалы: Кырмандын такыр **бетинде** калган былтыркы чар эми көк сойо болуп чыгып, калың ыраң басыптыр [Ч. А]. Көлдүн **бетиндеги** көгүлтүр мунарыктан тоолордун карааны көрүнөт [Ч. А]. Анын ай **бетиндеги** ошол одоно сөлөкөтү Акбаранын өзүнө окшошуп турду [Ч. А]. Биздин Сан-Таштагы токойдой токой жер **бетинде** аз эле калды дешет [Ч. А].

Мейкин талаа **бетинде** куугун салып учуп баратканы кызык [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинен башталып чыккандыгын же бир нерсенин үстүнкү бетинде болгон ордун билдирет. Мисалы: Булуттар деңиз **бетинен** тарап, жээкти кыркалаган дөбөлөрдү карай сүрүлдү [Ч. А]. Алгачкы жааган кар жер **бетинен** бат эле эрип кетер [Ч. А]. Деңиз **бетинен** бизди көрө албадыңар да [Ч. А]. Ошол түнү ал айдын **бетинен** карышкырлардын кудай энеси – Бөрү-Ананы биринчи жолу апачык, дапдаана көрдү [Ч. А]. Бир күндөн кийин кайтып келатып, ашуунун **белинен** Алыбекке жолуктум [Ч. А]. Чексиз суунун **бетинен** кылтыйып чыгып турган үч эмчектей үч аска бар, эли-журту жок үч арал [Ч. А].

Бой. Заттык маанисинде жандуу заттардын (адамдын, айбандардын) денесинин тике турган абалдагы бийиктиги. Алгачкы формасы боб~бод~боj “тело, туловище, рост” (байыр. түрк. тили). Жардамчы атоочтук мааниде келгенде суунун, жолдун, көлдүн ж. б. жээги, жаны. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жакасына, боюна багытталат. Мисалы: Ушинтип тегеретип ойлоп турушуп баланы жол **боюна** тагдырдын эркине таштап кетишмек болушат [Т. К]. Ал суунун **боюна** кантип барганын өзү да билбей калды [А. Т]. Бадалды аралап, булак **боюна** басышты [К. О]. Андан соң кара торпок жетеленип келинип, суу **боюна** мууздалды [К. О]. Талаа түгөнүп, машина тосоор кара жол **боюна** келгенде жаш уландын ашыктыгынан күмөн санабаган селки “Болотбекке” деген жазуусу бар саймалуу ак бетарчы белекке берген [К. Ж]. *Жатыш* жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жакасында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Жол **боюндагы** кара алачыктан өзүнчө шашып бир улгайган зайып чыга калды [Т. К]. Көкө жетим өзү жалгыз жол **боюндагы** чоң теректин түбүндө отурат [Т. К]. Суу **боюндагы** түзөңчөлөрдү ээлешип, ыңгайлуу жерлеринен арык кайрышып, биртикеден дыйканчылык баштап алышкан жарым көчмөндөр [Т. К]. От **боюнда** боз көйнөгү кызылала чыт болгон курсагын жаппаган, мурду булайып, үч жашар бала отурган [Т. К]. Айлыбыз өзүңүз көрүп жүргөн көк өзөндүн **боюнда**!-деди да артын карабай жүрүп кетти [Т. К]. Болотбек деген жаш улан дарыянын

боюндагы Сегизбай деген тегирменчинин Гулсайра деген кызына ашык болуп калат [К. Ж]. *Чыгыш* жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жакасынан башталып чыккандыгын көрсөтөт. Мисалы: Меркинин башы Ашмара суусунун **боюнан** жылып жөнөгөн хандын колу жамырап, жүз жыйырма чакырым жол басып келди [К. О]. Эртеси кеч күүгүмдө, колунда бир гана түйүнчөгү бар Айзаада көк өзөн **боюнан** узап чыкты [Т. К]. Атайы мени издеп келген соң жол **боюнан** кайра тарткан болобу [Ч. А]. Көл боюнан сыдырым жел согуп турат [Т. С]. Өзөндүн боюнан жалгыз атчан көзгө чалынды [Т. К].

Боор. Заттык маанисинде жандуу заттардын т. а., адамдын, айбандардын дене мүчөсү. Өттү жана тамак сиңирүүгө керек болгон заттарды иштеп чыгаруучу адамдын жана айбандардын ички органы. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде тоонун, жардын, дубалдын ж. б. капталы, бети. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын капталына, бооруна багытталат. Мисалы: Эчтеке менен иши жок, ордонун короосун чаңытып коргондун **бооруна** килем илдирип, жаа менен аткылап ойноп жүрөт [Т. К]. Андайда жээкте калган катын-балдар үмүт үзбөй Ала-Дөбөттүн **бооруна** көп күн, көп түн бою улуу от жагып, күтө беришчү [Ч. А]. Анан дубал **бооруна** жармаштырып койгон сүрөттү көрсөтүп,-мына бул киши-Ленин!-деди [Ч. А]. Султанмурат Анатайды басып өтүп баратып, көз кыйыгы менен жогору дөбөнүн **бооруна** токтоп калган балдарды карады [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын боорунда, капталында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Жылганын **боорундагы** тартайган сөксөөлгө Авдийди жабыла сүйрөп барышты [Ч. А]. Бул суу Ала-Дөбөттүн наркы **боорундагы** булактан алган муздак, мөлтүр суу эле [Ч. А]. Тоо **боорундагы** таштардын арасынан капыстан булак атылып чыкканын эстеди [Ч. А]. Тамдын боорундагы “Токойлорду өрттөн сактагыла” деген кооз сүрөттүү кагазга көзү түштү [К. Ж]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын капталынан, боорунан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Ала-Дөбөттүн тулаңдуу **боорунан** көп балдар болуп устунга томолонуп ылдый

кулаган оюндарын эстейт [Ч. А]. Асканын **боорунан** бери суу кечип келип, араң дегенде кыштоого келди [К. Ж].

Ж

Жан(ы). Заттык маанисинде келгенде: 1. Тирүүлүктүн белгиси, материалдуу (эт) дененин биологиялык, физиологиялык, психологиялык активдеги ишмердиги. 2. Дененин ийинден жамбашка чейинки оң же сол тарабы [КТС]. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир нерсенин жакын аралыгы, капшыты. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын жанына жакын багытталат. Мисалы: Чоң торунун **жанына** барып, Алтын тиш менен Кадыркул экөөнө жалт-жалт карадым [А. Т]. Ысман атасын колтугунан жөлөп чыгарып, Жолдубай акенин **жанына** олтургузду [А. Т]. Машине совхоздун директорунун үйүнүн **жанына** апкелип таштады [Ч. А]. Кош жарыгы коюу түндү жара тилген “газик” туутка коюлган койлор турган чоң кашардын **жанына** келип токтоду [Ч. А]. Качыке Ормон айылына кайра келгенде аны коштогондор жаңы көтөрүлгөн аппак үйдүн **жанына** топтолушуп, колтуктап түшүрүштү [К. О]. Домбу аттын **жанына** эч кимди бардырбай койду [Т. К]. Алмамбет сарала, көгала болгон кашкары чапандардын **жанына** барып токтоду, көпкө тиктеди, ар кимисин бир кармалады [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир затка өтө жакын жерде болгондугун көрсөтөт. Мисалы: Таш кемегенин **жанында** кыңкайып, шак чыланган арча челек жуулбастан жатат [Т. К]. Ак кийиздин **жанында** өңкөй ак сакалдуу кишилер бар болучу [Т. К]. Теңирберди Кулкиши экөбү Сарыбайдын **жанында** калып калышты [Т. К]. Өргөө **жанында** оподой сары дөбөт жатат [К. О]. Сыртта кобурашкандардын **жанында** Алыбек ыгын таап, шарт кирди [К. О]. Мен Акыштын **жанында** туруп, аны менен кошо: “Ураа, ураа!”-деп кыйкырдым [А. Т]. Кабинесинде шофёрдун **жанында** бала көтөргөн аял отурат [Ч. А]. Атасынын **жанында** өзүн да мартабалуу эр-азамат көрдү [Ч. А]. Жээкте кайыктын **жанында** Орган күтүп турган, кубанып калды [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир затка өтө жакын жерден же жакын жанынан башталып чыккандыгын билдирет.

Мисалы: Кыздын атасы Теңирберди менен кош айтышып, өгүзүн шаштырып айдап, Темирдин **жанынан** өтүп кетти [Т. К]. Караңгыда машиненин **жанынан** кишилердин кобуру угулат [Ч. А]. Балдар гана Анатайдын **жанынан** карыш жылган жок [Ч. А]. Пашковдун үйүнүн **жанынан** өттүм да, Волхонкага чыгып, Пушкин музейине бет алдым [Ч. А].

Жака. Заттык маанисинде кийимдин адамдын моюну туура келген жерине ылайыкталып тигилген бөлүгү [КТС]. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир заттын т. а., тоонун, суунун, көлдүн ж. б. капталы, чети, жээги. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын жакасына, капталына багытталат. Мисалы: Аксайдын **жакасына** кош түшкөнүнө үч күн болду [Ч. А]. Ала-Дөбөттүн **жакасына** жайлаган Айым-Балыктын журту Кирискенин алгач деңизге сапар тартып баратканын анча таназар албагандай болду [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын жакасында, жээгинде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Өзү Псковдун **жакасында** турган бир дьякондун баласы экен, атасынын көзү өткөн соң чиркөө кишисинин тири карак уулу катары бааланып, диний окууга кирген экен [Ч. А]. Түш ообой шаардын чет **жакасындагы** шаар көрүндү [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын жакасынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Ысык-Көлдүн **жакасынан** башталган араба жол капчыгай өрдөп, суу бойлоп отуруп, ушерге келет [Ч. А].

Желке. Заттык маанисинде адамдын дене бөлүгү т. а., моюндун арт жаккы бөлүгү, шили, кежиге. Жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир нерсенин, заттын арка жагы, арка тарабы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын арка жагына, желкесине багытталат. Мисалы: Ташчайнардан айрылгандан кийин Акбаранын эч жерден дайны чыкпай калды, атүгүл Бостондун кашарынын **желкесине** отуруп улуганын да койду [Ч. А]. Койлор кашардын **желкесине** түшүп, жуушап жатып калышты [Ч. А]. Бул таштын **желкесине** салган короо [К. М]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын арка жагында, желкесинде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Эки карышкыр таң аткыча жарыша уулуп, короонун

желкесинде жүрдү [Ч. А]. Кашардын **желкесиндеги** кырга олтуруп алып, Акбара уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, өзөгү күйүп, адатынча өксүп улуп кирди [Ч. А]. Ошондон көп өтпөй бул эки карышкыр сарайдын **желкесинде** жайылып жүргөн бооз койлорго качырып тийип, анык кызыл-жайранды салат [Ч. А]. Копер мунарасы дөбөнүн **желкесинде** болучу [С. С]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин арт жагынан, желкесинен башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Львов шаарынын күн чыгыш жагындагы кичинекей жондун **желкесинен** төрт кишинин карааны көрүндү да жок болду [Ч. А]. Тоонун **желкесинен** башталган узун жол айылга алып барат [К. М].

Жээк. Заттык маанисинде үй буюмдарынын, кийим-кеченин четине, кошулган жерине басылуучу кошо тигилүүчү ар кыл түстөгү жип-шуу, тери ж. б. [КТС]. Жардамчы атоочтук маанисинде нерсенин т. а., көлдүн, суунун, арыктын, жолдун ж. б. узата кеткен чети, бою, ага жакын жери, четки кыры, чет жак бөлүгү. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын кырка боюна, жээгине багытталат. Мисалы: Балхаштын **жээгине** кеттик [Ч. А]. Бул жакка жөнөөр алдында көл **жээгине**, баягы жар кабакка бардым [Ч. А]. Энесайдын **жээгине** кыркаар тартып үй тигип, улуу журт курган [Ч. А]. Ал шаша-буша кыймылдап, таштаган жеринен чолок тонун алып, булактын **жээгине** жетип келди [Ч. А]. Айзаада унчуккан жок, арыктын **жээгине** тапталган сары чөпкө отурду [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын кырка четинде, жээгинде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Кең өзөндүн **жээгинде** бырыксыган күл калды, каңырсыган жыт калды [Ч. А]. Өйүздө дал суунун **жээгинде** үч марал турат [Ч. А]. Жол **жээгиндеги** арыкка оодарып алган машинебизди жабылып жатып тургуза албай койдук [Ч. А]. Поезден ыргытылгандан кийин темир жол **жээгиндеги** сайда жаткан Авдий эң оболу, мен кайдамын-деп ойлонду [Ч. А]. Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын жээгинен башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Кышкысын агын суунун күбүрлөнгөн муз жээгинен ат сугаруу, анан калса топ

атты чогуу сугаруу опурталдуу иш [Ч. А]. Көлдүн тиги нур куюлган көкмөк жээгинен бери карай Ак кеме кылайып чыгып келатат [Ч. А].

И

Ич. Заттык маанисинде жандуу заттардын т. а., адамдын, айбандардын дене бөлүгү (ичек-карын жайгашкан бөлүгү, курсагы). Жардамчы атоочтук маанисинде бир нерсенин ич жагы, ички бөлүгү. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын ич тарабына багытталат. Мисалы: Кичинекей парктын **ичине** жайгашкан станциянын ооруканасында жаткан Авдий жакшы врачтын колуна түшкөнүнө кубанып жатты [Ч. А]. Айыл **ичине** күбүр-шыбыр тарады [К. О]. Аттан түшүп үңкүрдүн **ичине** кирди [Т. К]. Көкө үй **ичине** алдыртан көз чаптыра, момурап отурду [Т. К]. Машинаны бадалдын **ичине** айдап кирдим да токтотуп, жарыгын өчүрдүм [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын ичинде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Боз үй **ичинде** күжүлдөгөн сөз, ыкшыган күлкү даана угулат [К. О]. Күн кечтеп, кокту **ичинде** оңторулган боз туман [К. О]. Бирок, элет **ичинде** Абилдин кадыры даткалардан кем болгон эмес [Т. К]. Чийиндин **ичиндеги** чүкөлөр бириндеп калган эле [Т. К]. *Кээде алдындагы сөз көпчүлүктү туюнтса, кыймыл-аракеттин бир нече заттардын арасында болгондугун билдирет*. Мисалы: Ошолордун **ичиндеги** Чоң сарысы айткан, кайсы бир өлкөдө деңизди суудай кечип өткөн улуу киши болгон экен [Ч. А]. Алардын **ичинде** ишке жалкоо, оюнду жакшы көргөн тентек-Сергей деген бирөө бар эле [А. Т]. Ушул отурган жигиттердин **ичиндеги** эң күчтүүсү, эң кыйыны, эң келишимдүүсү Кулубек байкеси [Ч. А]. Ошолордун **ичинде** наша чабытына жөнөгөн чалгынчылар, Авдий Калистратовдун жолулаштары [Ч. А]. *Өзүнөн мурдагы сөз мезгилдик маанидеги сөз болсо, кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет*. М: Кийинки үч жыл **ичинде** Карагер кабары аздап-аздап элге угулду [К. О]. Ушинтип айтылган миң кызыл дилде эки базар **ичинде** табылды [Т.К]. Бек, бир аптанын **ичинде** болор ишти мен ырамсыз (төлгөсүз) билем [Т. К]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын ичинен же бир нече заттын арасынан чыккандыгын билдиркт. Мисалы: Алачыктын **ичинен**

кыңкыстаган үн чыкты [Т. К]. Тиги азоо аттарын шамалдай аркыратып, кыйкырык, чуу көтөрүп келаткандардын **ичинен** эки караан алга созду [Т. К]. Үлпүнчөктүн ичинен азаптуу үшкүрүк жооп болду [Т. К]. Нүзүп алардын **ичинен** Жар-Мазар аскер тургунунун бир жүзбашысын тааныды [Т. К]. Чогулгандардын **ичинен** катарга кошпосо деле чер жазган Укен [К. О]. Казан вокзалындагы элдин **ичинен** алиги Үтүк атка конгон, төшүндө сексен жети сандуу белгиси бар жүкчүнү табышым керек [Ч. А].

К

Каптал. Заттык маанисинде дененин оң жана сол жак бөлүгү, тарабы. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде нерсенин оң жана сол жаккы капшыты, тарабы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын капталына багытталат. Мисалы: Кечүүнүн четине жакындай бергенде аттын **капталына** кысып турган терең суу бөксөрө түштү [А. Т]. Чуңкурдун **капталына** калаган кирпичке маңдайымды бастым [Ч. А]. Каналдар казылып, жолдор салынып, Моюнкумдун **капталына** дүйнөдөгү ири газ түтүгү курулуп, аябай өнүгөт [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын каптал четинде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Мекеменин **капталында** эл толо, сыягы чогулуш болот го [Т. С]. Тоонун **капталында** өскөн кызгалдактар көз жоосун алат [Т. С]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын капталынан же капшытынан чыккандыгын билдирет. Мисалы: Суу кунандардын **капталынан** чыга түштү [А. Т]. Пароходдун **капталынан** тартып, так мачтасына чейин агарып муз тоңуптур [К. Б].

Каш. Заттык маанисинде келгенде адамдын дене бөлүгү т. а., көз чанагынын үстү жагына кыйгачтана өскөн кыска кылдуу тилке. Мисалы: керме каш, кыйгач каш ж. б. Жардамчы атоочтук маанисинде нерсенин жаны, жакын жери, бет алды жагы, маңдайы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын бет алды жагына жакын жерде болгонун билдирет. Мисалы: Атчан турган киши ээрдин **кашына** өбөктөп, унчукпай гана жылмая берди [Ч. А]. – Кыйкырба,-деп Эмрайындын **кашына** жетип келди [Ч. А]. Эр Төштүктүн **кашына** дароо келип калганы [КТС]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде

кыймыл-аракет заттын бет алды же маңдайына жакын жерде болгон ордун билдирет. Мисалы: Бош убактымын баарын анын кашында өткөрөм [Ч. А]. Ал Нарындын кашындагы базада туруучу [Ч. А]. Координатор-Атанын маегине Авдий түш ченде чакырылды да (анын) **кашында** чыпчаң үч саат отуруп чыкты [Ч. А]. Бир жагында бөкөндүн этинен бышырылган шишкебектин күйүгү жыттанып, кичине от күйүп жатат, (анын) **кашында** үрпөйүшүп Гамлет-Галкин менен Абориген, Үзүкбай турат [Ч. А]. Кыздын **кашында** жайбаракат сүйлөшүп турду [Ч. А]. Жогорку айрым мисалдардан байкалгандай кээде илик жөндөмөдөгү сөз көмүскөдө калат. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын бет алды тараптан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы:

Кыры. Заттык маанисинде тоонун кырка тартып, жондонуп чыгып турган бөлүгү, тоонун көтөрүлүп чыгып турган жону көтөрүлүп чыгып турган жону [КТС]. Жардамчы атоочтук маанисинде келгенде бир нерсенин чети, чеке жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин чет жагына, кырына багытталганын билдирет. Мисалы: Андан жогору кийик жол менен жардын **кырына** чыгышты [Ч. А]. Тизелеп араң туруп, кайыктын **кырына** араң артылды [Ч. А]. Машине кайсы бир өрдүн **кырына** ыйлап отуруп араң чыкты да тик ылдый зуулдаган бойдон кетти [Ч. А]. Экөбү бузулган дубалдарды аралап, ар жерден өлүккө чалынып, темтеңдеп отурушуп, сепилдин **кырына** чыкчу тепкичтин түбүнө жетишти [Т. К]. Исхак да кашаттын **кырына** келди [Т. К]. Аңгыча тепкичтен кимдир бирөө чуркап коргондун **кырына** чыкты [Т. К]. Ибрагим Хайал унчукпастан аттан түштү да, нөкөрлөрүнүн артынан өзү бат-бат басып, чептин **кырына** чыгып кетти [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин чет жагында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Бир аздан кийин Алмамбет эч кимге айтпай өзү жалгыз Ойнок-Таштын **кырында** болду [Т. К]. Бир күнү Аксы шаарынын касабасынын **кырында** отуруп, аккептерлерине жем чачып отуруп, кептеркана кокустан урап кетип, Өмөршайх учуп өлүптүр [Т. К]. Дүрүлдөп толкуган эл ошол замат тиги коргондун **кырында** жамырап аваз кылып тургандардын четинде турган тестиер баланы көрүштү [Т. К]. Ошо тоонун **кырында** не карагай эмес, не тал эмес бир нерсе

жападан жалгыз турганы турган [Ч. А]. А биз төртөөбүз тамдын **кырында** күнөстөп отурат элек [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын четинен, кырынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Сепилдин **кырынан** урматына замбирек менен күрс дедире асманды карай кур дүрмөт атылды [Т. К]. Кененсары тараптан мылтык атылганда чеп **кырынан** чаң учуп чеңгелдей чалмалар чачырады [К. О]. Мылгун кайыктын **кырынан** арта салынып, деңиздин суусунан сузуп ичип жатыптыр [Ч. А]. Арт жактагы тоолордун **кырынан** ары батып бараткан күндү кылчактап карап коёт...[Ч. А]. –Кой утурлап басалычы,-деп а дегенде Нурмат анан баарыбыз тең кол таяна там кырынан далп-далп секирип түштүк [К. А].

М

Маңдай. Заттык маанисинде адамдын дене бөлүгү б. а. баш сөөктүн каштан жогорку чачка чейинки бөлүгү, чеке [КТС]. Жардамчы атоочтук маанисинде бет алды тарап, бет жак, өзү турган жерден алганда каршы жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын маңдайына жакын жерде болгонун билдирет. Мисалы: Жалдуу карала бээсин желдирип, Жангарачтын **маңдайына** жетти [К. О]. Суран бетин басып уңулдап ыйлап, балдырап сүйлөп, атасынын **маңдайына** көмкөрөсүнөн жыгылды [К. О]. Мени өздөрүнүн **маңдайына** отургузушту [А. Т]. Метрийдин уулу орусча дагы бирдеме деп сүйлөдү да, Бектургандын бет **маңдайына** келип, сөөмөйү менен анын төмпөйгөн койнун көрсөтүп тура калды [А. Т]. Усталарды алдырып, атасынын күмбөзүнүн **маңдайына** орнотушат [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын маңдайына жакын жерде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Жангарачтын **маңдайында** Ноорузбай турат [К. О]. Обер **маңдайында** чөгөлөп отурган Авдийди жекире тиктеди [Ч. А]. Сүйгүнчүк болсо энесинин көк көзүн мисирейе тиктеп, (анын) **маңдайында** отурат [Ч. А]. Кээде илик жөндөмөдөгү сөз көмүскөдө калат. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын бет маңдай жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Булуңдун **маңдайынан** деңиздин кара-көк жонун ашып, баланы көздөй Ала-Дөбөт жортуп чыгып калыптыр [Ч. А].

О

Ооз. Заттык мааниси жандуу заттардын дене мүчөсү т. а., адамдын жана айбанаттардын тамактануучу органы. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде келгенде кандайдыр бир заттын кире бериши. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын кылда оозунда же кире бериш жагына багытталат. Мисалы: Ошол бойдон унчугушкан жок, үчөбү үңкүрдүн **оозуна** барышты [Т. К]. Исхак унчукпай, шатыга тырмышты, тизеси уюп, мууну титиреп, зындандын **оозуна** жетти [Т. К]. Кербен те алдыда аңырайып көрүнгөн кууш сайдын **оозуна** жакындап баратты [Т. К]. Кара-Коодон келген алты жүз ашуун кол Боомдун **оозуна** бугуп, жоону билинбей тосту [К. О]. Кыштактын **оозуна** барганда дым чыкпай, коого жетишип, кароолго киши коюшту [К. О]. Бөрүлөр изден адашкан жок-улам алдыга. улам алдыга, капчыгайдын **оозуна** андан өтүп адамдар жашаган тарапка баратты [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын кылда оозуна же кире бериш жеринде болгондугун билдирет. Мисалы: Кызыл үйдүн **оозунда** күмүштөнгөн айбалтачан сакчылар турат [Ч. А]. Момун чал кемегенин **оозунда** тизелеп, от ичкериштирип отурат [Ч. А]. Кулубек сүйөгөн жолдошун мештин **оозундагы** текчеге отургузду [Ч. А]. Биз анын ордун да көрбөй калдык, бирок кош теректүү дөбөнүн аталышы элдин **оозунда** мурунку бойдон калды [Ч. А]. Сүйүмкан ашкананын **оозунда** күйпөңдөп тулубунан талкан алып жатып: -Аштык да бүтүп баратат,-деди [Т. К]. Эрте шашкеде жеңдей колоттун **оозундагы** жер тамдан чыккан топ эркек капчыгайдын өйүз-бүйүзүн карашып, серейип турушту [К. Ж]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын оозунан, кылда учунан чыккандыгын билдирет. Мисалы: Үңкүрдүн **оозунан** созолонуп чыгып турган көк түтүндү көрүштү [Т. К]. Азыр чаначтын кайрылган оозунан ыйлап басылгандардын колуна суу чуурутту [К. О]. Көр **оозунан** кайтыптыр дейтко Сарыбай байкуш [Т. К]. Үңкүрдүн **оозунан** чыга калганда көздөрү жазгана түштү...[Ч. А].

Орто. Заттык маанисинде эки четинен алганда борборго жакын турган тең аралык же заттын ортосу. Жардамчы атоочтук маанисинде эки нерсенин

арасы, ортосу. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын ортосуна же бир нече заттардын арасына багытталат. Мисалы: Мына Абдырахман карагым бизди туугансып, ордо менен элеттин **ортосуна** түшүп, элчилик кылып келип калыптыр [Т. К]. Энеси Нүзүптүн кебетесинен чоочуду, атасы экөөсүнүн **ортосуна** от жакпайын деп, тайсалдап, корсунуп отурганын башкага жооткотту [Т. К]. Ырдагандардын үнү угулганда Бостон жолдун **ортосуна** чыгып, колдорун жанталаша булгалады [Ч. А]. Болбойт,-деп Көкөтай чалды Сейдакмат экөөнүн **ортосуна** отургузду [Ч. А]. –Ой, эмне?! Жалдырама тийгенби силерге! Ким?-деди карагайчылардын **ортосуна** кирген Сыды [К. Ж]. Эл четин каптаган алаамат элдин **ортосуна** да жетет [К. О]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын орто жеринде, борборунда болгон ордун, же бир нече заттардын арасында, ортосунда болгондугун билдирет. Мисалы: Тигине... апасы менен чоң энесинин **ортосунда** чыкчыйып кыйынсынып Расул отурат [Т. К]. Карабек калың топтун **ортосунда** турган экен [Т. К]. Эки жоо Чуст менен Төрө-Коргондун **ортосунда** кез келишти [Т. К]. Ушул учурда Исхак жүз сыпайдын **ортосунда** кайдадыр айдалып кетип баратты [Т. К]. Темене-Суу түзүнүн **ортосундагы** топудай дөбөгө өңкөй иргелген мыктылар чогулду [Т. К]. Ал курдаштарынын **ортосунда** эң эле шайыр болучу [А. Т]. Экөө суунун **ортосунда** аттарын темине үрпөңдөшүп, кармаша кетишти [Ч. А]. Шаңкайган ачык асманда, жылдыздардын **ортосунда** айрыкча бадырайып бөлүнүп турган ай ушунчалык жакын [Ч. А]. *Кээде өзүнөн мурдагы сөз мезгилдик мааниде болсо кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтөт*. Мисалы: Түн **ортосунда** гана чабагандар айталаанын бир чуңкуруна уктап, эртеси таң заардан кайра жолго чыкмай болушту [Ч. А]. Алар теке айынын **ортосунда** “жер ортосу” деп, Көтмалдыга чоң суунун боюна кең сазга чогулушту [К. О]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын орто жеринен, же бир нече заттын арасынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы:Алардан жооп угуп, боорунан бери шөмтүрөп, тер жыттанып турган аттардын **ортосунан** кысыла өтүп, дыңда жүргөн атына минет [Ч. А]. Биринчилик үчүн Алымбек датка экөбүнүн **ортосунан** күрөш чыкты [Т. К]. Бу

сапар ал аңчылардын **ортосунан** бир жагын сүзө качырып жарып келе жаткан жолборс өңдүү тажаалданып келди [Т. К]. Томсоргон миршабдардын **ортосунан** өтүп, балахананын эскирип калган жыгач тепкичтерин басып жерге түштү [Т. К].

Соору. Заттык маанисинде жандуу заттардын дене мүчөсү т. а., куймулчак менен эки жамбаштын үстү жак бөлүгү; малдын жамбаш менен куймулчак арасындагы териси жана андан жасалган кайыш. Мисалы: Чоң кисе жанда шалпылдап, Соору өтүк сууга чалпылдап [КТС]. Жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир заттын каптал жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын каптал жагына багытталат. Мисалы: Эптеп тырмышып кайыктын **соорусуна** чыгып отурду да, башы айланганы басылганча көзүн ачпады [Ч. А]. Кириск ордунан туруп. Кайыктын **соорусуна** жөнөдү [Ч. А]. Болотбектин арта салган чаначы торунун **соорусуна** чала илинип, тору баягыдан бетер үркүп жөнөдү [К. Ж]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин заттын каптал жагында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Биротоло сасып калган суунун саркындысын жутуп алды да, бала бош бочкенин жанына, кайыктын **соорусундагы** Орган чоң атасынын ордуна жатып алды [Ч. А]. Түнкү шумдуктан эсеңгиреген абышка куудай башы салбырап, кайыктын **соорусунда** мүргүп отурду [Ч. А]. Кайыктын **соорусунда** катып калгандай тегерегинде эмне болуп жатканы менен таптакыр иши жок [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын каптал жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Ала-Белдин **соорусунан** машина арең чыкты.

Сырт. Заттык маанисинде бир нерсенин тышы, тышкы бети, нерсенин эң сырткы бети. Ички тарапка, ички бөлүккө карама-каршы жак, тышкары жак [КТС]. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын тыш жагына багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Аңгыча тоок балапандарын үйдөн оолак, короонун **сыртына** алпарып, көнгөн күл дөбөсүн чукулап казып, чукуган чуңкуруна жатмай болуп, жөнөп берди [Ч. А]. Көчөнү аралап айылдын **сыртына** чыктым да, теректер турган дөбөгө бардым [Ч. А]. *Жатыш*

жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын сырт жагында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Ушунун баарын Айзаада үйдүн **сыртында**, тушта туруп угуп, көз жашын төгүп турду [Т. К]. Босогонун **сыртында** турган жигит кирип келип колун бооруна алды [Т. К]. Үй **сыртында** кароолчу турган [Т. К]. Шаардын **сыртында** ээн талаада, чырмооктой мыктуу зым коргондун ичинде элек [А. Т]. Терезенин **сыртында** самоордун кернейинен жалындын тили соймоңдоп жатты [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын сырт жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Терезе **сыртынан** жолду катар бирде дүпүйгөн бак, бирде буржуктанган жүзүмдүктөр, бирде кочкул жашыл түстөнүп күдүрөйө өскөн жүгөрү талаалары өтүп барат [Ч. А]. Авдий айтып басылды, ошондогу орноп калган тынчтыкта терезе **сыртынан** шаар чиркөөсүнүн кагылып жаткан коңгуроосунун үнү угулду [Ч. А]. Гүлүмкан күйөөсүнүн дабышы качан эшиктин **сыртынан** угуларын күтүп кулак салып отурду [Ч. А]. Келиндери, кыздары өргөөдө сөөк коюлган көшөгөнүн **сыртынан** бири орун бошотсо, бири кошула тынымсыз ый кошок айтып отурушту [Т. К]. Темүчүндүн шадылуу колу төшөк **сыртынан** хандын көкүрөк тушунда [И. К]. *Кээде маани жагынан абстракцияланып, тиешелүү кишилердин катышуусуз аткарылгандыгын билдирип калат*. Мисалы: Туугандары атамдын **сыртынан** бийлешип, эжем Батманы бирөөгө бермек болушуп, төө баштаган төрт тогуз, бир күлүк атка калыңын бычыша, сүйлөштү [А. Т]. Алар кедейлердин **сыртынан** кол коюшту [А. Т].

Т

Таман. Жандуу заттардын дене мүчөсү т. а., буттун жер баса турган жалпак жагы, бети. Жардамчы атоочтук маанисинде арыктын, кокту-колоттун, жылганын ж. б. түбү же кандайдыр бир заттын эң төмөнкү жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын төмөн жагына багытталганын көрсөтөт. Мисалы: Сай **таманына** жетерде мурдатан кулап келип орун алып тынч жаткан өздөрүндөй корум таштарына замбирек огундай тийип карс жарылып кептешке толгон күрткүнү көккө сапырып өттү [Ч. А]. Балдардын чуусу коштоп, экөө сайдын **таманына** бир түшөт...[Ч. А]. Коктунун

таманына түшүп, суудан сүйрөтүп өтүш керек [Ч. А]. Иш кызып, түш оой коктунун **таманына** карагайлар үстү-үстүнө түшүп, додо болду [К. Ж]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын ылдый жагына жакын жерде болгонун билдирет. Мисалы: Коктунун **таманындагы** суу гана жаагын баспай шаркырайт [Ч. А]. Башат капчыгайынын **таманындагы** таштак жолдо текирең-таскак менен келаткан кези [Ч. А]. Бир маалда будуң-чаң таркады, коктунун **таманында** карагай карга сойлоп калыптыр [К. Ж]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын эң төмөнкү тереңдигинен чыккандыгын көрсөтөт. Мисалы: Капчыгайдын **таманынан** кароол дөбөнүн белине чыккычакты жантай боордо өлүп-талат, анан токойчулардын короо жайына жеткиче эңкейиш апай бет, дикилдеп жүрүп отурат [Ч. А].

Тегерек. Заттык маанисинде шакек, алкак сыяктуу форма. Ал эми жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир нерсенин айланасы, тегерек чети. *Барыш* жөндөмөсүндө келип, кыймыл-аракет заттын тегерегине багытталгандыгын көрсөтөт. Мисалы: Бирок көптөгөн иерусалимдиктер шаардын ак дубал храмынын **тегерегине** чогула берди...[Ч. А]. Огороддун **тегерегине** жаш көчөттөрдү отургуздук [Т. С]. Ою биргелери Шады ынактын **тегерегине** чогула калышты [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин заттын тегерегинде болгон ордун көрсөтөт. Мисалы:Эми машиненин **тегерегинде** кыла турган иш деле калбады [Ч. А]. Анан барып биртке акыл-эси ордуна келип, оттун **тегерегинде** кимиси октон кандай куласа, ошо боюнча сулап жаткан алтоон кыдырата карап чыкты [Ч. А]. Рулга таяна моюн созсом, очок башында, самоор **тегерегинде** карбаластап аялдар жүрөт [Ч. А]. Күлүктүн **тегерегинде** чогулуп жаткан элди көрүп, акырын бастырып келди [Т. К]. Көкөнүн **тегерегинде** өткөн бүгүнкү окуяларды төкпөй-чачпай ортого айтып салды [Т. К]. Кеңсенин **тегерегиндеги** топ жаңгактын жаңгагы болор-болбос жел тийген сайын мөндүрдөй дабырап төгүлүп туруптур [Т. К]. Үч үйдүн **тегерегинде** текчеге жыйылган отундардан өтүп, суналган карагайлардын үстүнөн бастырып, Болотбек тизгинди четки чоң чатырлуу үйгө тартты [К. Ж]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын айлана-

тегерегинен башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Кайыктын **тегерегинен** аркан бою жерден нары туюк дүйнөнүн эч жылчыгы көрүнбөйт [Ч. А]. Акыры көл **тегерегинен** бугу-марал жоголот [Ч. А].

Төбө. Заттык маанисинде адамдын дене мүчөсү б. а. баштын үстүңкү бөлүгү, чоку. Жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир бийиктиктин эң үстүңкү бөлүгү, жогору жагы, чокусу. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын кылда учуна, чокусуна багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Баарынан да Христти аптап ысыкта Кашка дөбөнүн **төбөсүнө** буту-колун керип, крест мамыга мык менен чегелеп кадап салышканын билгенде Авдий үчүн бүт аалам быркырап кетпеди беле [Ч. А]. Тоонун **төбөсүнө** жакындап калдык [К. Б]. Метрей менен молдонун колундагы камчылар көз ирмегенче Эшимдин **төбөсүнө** ойноду [А. Т]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кылда учунда же баш жагында болгондугун билдирет. Мисалы: Фрунзенин татынакай вокзалынын **төбөсүндөгү** кызыл желек Ала-Тоонун чокусуна сайгандай асман мейкининде желбиреп турат [А. Т]. Үйдүн **төбөсүндө** жыйылган чөп турат. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет тигил же бул заттын төбөсүнөн башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Ал күңүрттөнгөн көз айнегинин **төбөсүнөн** олуттуу карап, бизге салам айтты [Ч. А]. Учактар жайылып жаткан бөкөндөрдүн **төбөсүнөн** тик сайылып учуп, аларды кыра баштады [Ч. А].

Төр. Заттык маанисинде боз үйдүн босогосуна карама-каршы бөлүгү, үйдүн түп жагы, жогорку жагы, сыйлуу орун [КТС]. Жардамчы атоочтук маанисинде кандайдыр бир нерсенин эң жогорку жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын эң жогорку бөлүгүнө багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Далистин **төрүнө** “Чагылганды” илип коюшуптур [Ч. А]. Абил бий элеттин кеткенинен калган билермандарын өз өргөөсүнүн **төрүнө** кайра чогултту [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын эң жогорку жагында болгондугун билдирет. Мисалы: Короонун **төрүндө**, ачык асман астында прицептер турат [Ч. А]. Зайыбы Нэпман экөө жасалгалуу үйдүн **төрүндө** жай сүйлөшүп, чай ичишип олтурган эле [А. Т]. Хан середеги чатыр

төрүндө, эшигин кең кайрытып салып, кол караанын көз менен узатып, көпкө отурду [К. О]. Айзаада кызыл жүздүү жигитти экинчи жолу Миң-Бугу жайлоосунун **төрүндө**, бир кыз оюнда көрдү [Т. К]. Алмамбет казынанын **төрүндөгү** нукура кызыл алтындан куюлган бою бир карыштай көрүнгөн бурканды бир колу менен акырын өйдө алып, кайра койду [Т. К]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын эң жогорку жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Жалгыз Орган деңиздин түнөргөн **төрүнөн** көзүн албай аруу баяны Айым-Балыгын күтө берет, күтө берет [Ч. А]. Арчанын **төрүнөн** эптеп түшүп, капчыгай менен чубалжып келатып, дал капчыгайдан чыга бererде алай-дүлөй бурганакка капталышат [Ч. А].

Туш. Заттык мааниси бир нерсенин оң же сол жагы, тарабы, каптал жагы. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын каптал жак тушуна багытталгандыгын көрсөтөт. Мисалы: Тааныш короонун **тушуна** токтоп, энтиккеними басып алууга папирос чектим [Ч. А]. Айылга жетип короосунун **тушуна** токтодум [Ч. А]. Жогортон келе жаткан эки киши теректин **тушуна** келип тура калышты [А. Т]. Мен сыяктуу ырга жакын балдар дайым кошокчулардын **тушуна** келип кошок үйрөнүп кетет [А. Т]. Ал тургай тиги тегирмендин **тушуна** көп катар бир үй тургузуп, анын чатырчасынан наркы кырга улап көпүрө салса эң сонун болор эле [Т. С]. *Жатыш* жөндөмөдө келгенде кыймыл-аракет заттын каптал жак тушунда болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Биздин үйдүн **тушунда** бир чоң чынар терек бар эле [Т. С]. Айрым учурда кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирет. Мисалы: Залим өкмөт **тушунда**, жабыр көрдүң ушунда [Т. С]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын тушунан башталып чыккандыгын же заттын тушунан өткөндүгүн билдирет. Мисалы: Бекет базанын **тушунан** өтүп баратканбыз [Ч. А]. Үйдүн **тушунан** өтүп кеткиче кулак мээни жеп кетет [Ч. А]. Айталаада адашып калган разъездин **тушунан** темир жолду кесип өтүп, биз нары жөнөдүк [Ч. А]. Булактын **тушунан**, коштун **тушунан** өттүм [Ч. А]. Аман жээктеп басып, элдин **тушунан** өйдө өттү да, кулачтап дайрага кайра боюн урду [Т. К].

Түп. Заттык маанисинде кандайдыр бир тереңдик абалындагы нерсенин төмөн жагы, асты жагы, төмөнкү бөлүгү [КТС]. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын эң төмөн жагына, тереңдигине же бир затка өтө жакын багытталгандыгын билдирет. Мисалы: Айым-Балык деңиз **түбүнө** дайынсыз кетет [Ч. А]. Ашуунун **түбүнө** кичине эс алып алам [Ч. А]. Авдийди колдон алып, тордун **түбүнө** жетелеп барды [Ч. А]. Ар бир көпүрөнүн, ар бир бурулуштун **түбүнө**, жар башына токтоп жүрүп отурдук [Ч. А]. Исхак шалдырап зындандын **түбүнө** отуруп калды [Т. К]. Ибрагим Хайал шамдын **түбүнө** жетип үлбүрөп турган билигин карап туруп калды [Т. К]. Нарытан шаатыттын **түбүнө** аттуу киши келди [Т. К]. Мишрабдар зындандан жүзгө жакын туткундарды айдап келип, Мусулманкул турган секинин **түбүнө** алып өтүштү [Т. К]. Эң акыры Алымкул аталыкты Ташкен дубалынын **түбүнө**, генерал Черняевдин бет алдында бүк түшүрүп жыкты...[Т. К]. Эки колун артына байлап, дубалдын **түбүнө** жалгыз коюп коюшту [Т. К]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын эң төмөн жагына же заттын эң төмөн жагына жакын жерде болгондугун билдирет. Мисалы: Суунун артканын байкаса бочкенин **түбүндө** араң чукулдайт [Ч. А]. Суу **түбүндөгү** балырга буттары илешип, такыр жете албайт [Ч. А]. Мына, бизде болсо, жетсе жарым айга жетер, тулуптун **түбүндө** биртике сырмак калды [Т. К]. Кулкиши тайын жетелеп оттотуп, кыштоонун үстү жагындагы адыр **түбүндө** кара жолго жакын жерде жүргөн эле ошол күнү [Т. К]. Барары менен Исхак кароол мунаранын **түбүндөгү** эң терең, караңгы зынданга салынды [Т. К]. Илгери бир оронун **түбүндө** жаткан курбака менен бир бүркүт ашына болуп калган экен [Т. К]. Тигине, карачы!-деди Дааныш көк таш **түбүндөгү** кумурска уюгун көрсөтө,-жашоо менен алек [К. О]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын түп жагынан же эң төмөнкү тереңдигинен чыккандыгын билдирет. Мисалы: Жердин **түбүнөн** учуна созулган темир жолдун бир тоомунда, кыйырсыз чөлдүн четинде турган Жалпак-Саз станциясына жетип бардык [Ч. А]. Терезенин **түбүнөн** өкчөлүү бут кийим тыкылдай өттү да, аялдын үнү анын атын айтып, дежур сестрадан сурады [Ч. А]. Керегенин

түбүнөн эки кол сыярдай болгондо, таң ирең-барań атып, айыл ойгонду окшойт [Ч. А]. Төө-Таштын **түбүнөн** өткөн жалгыз аяк жолго чыгып, өтүгүн кийди да, эпилдей басып үйгө бет алды [Ч. А]. Кароол дөбөнүн **түбүнөн** жогору өрдөгөн коктунун ичи алакандагыдай көрүнөт [Ч. А]. Ток бөрүлөр жолдогу бир аң **түбүнөн** көз ачкан булактан суусун кандырып алган [Ч. А].

У

Уч. Заттык маанисинде кандайдыр бир нерсенин бүткөн жери, жогору жагы, кылда башы, чети. **Уч** сөзү **учы** формасында Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен аз санда болсо да кездешет. Ал эми кыргыз тилинде мурдагы эмгектерде **уч**(**у**) сөзүнүн жардамчы атоочтук мааниси айтылган эмес, бирок факты-материалдардын негизинде анын жардамчы атоочтук мааниси да байкалды. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир нерсенин чет жагына багытталганын билдирет. Мисалы: Тызылдаган сарала чымчыктар чырпык **учуна** коно сайрайт [К. О]. Күндүн чарасы улам кызарып, ыйлаган көз өңдүү улам жашылданып, теректердин **учуна** тытылып, чөгүп баратты [Т. К]. Күн нурлары аппак тоолордун кылда учуна жармашканда карагайчылар балта, арааларын ташташып, ылдый көздөй сойголоктоп жарыша түшүштү [К. Ж]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин уч жагында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Анатайдын үйү көчөнүн **учунда** эле, алар жалгыз аяк жол менен ээрчишип баратты [Ч. А]. Кириск дале толук баса албай, кайыктын **учунда** жетимсиреп жалгыз отурат [Ч. А].Ошончонун ичинен жиптин **учундагы** алкым кылтак короздун өзүнө тийиптир [Т. К]. Түн жарымы ченде ай мөңгүлүү чокунун кылда **учунда** турду [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын четинен, учунан чыккандыгын көрсөтөт. Мисалы: Кемпирдин сөзү кулагынын **учунан** кетет, анын үстүнө көп кеби түшүнүксүз [Ч. А]. Бир карагайдын **учунан** карлар күбүлдү да, бейкапар турган Айылчиевди көздөй шуулдап жыгылып келатты [К. Ж].

Ү

Үст(ү). Заттык мааниси бир нерсенин жогорку жагы, үстүңкү бети, үстү жагы. Үст(ү) сөзү активдүү колдонулган жардамчы атоочтордун катарын толуктайт. *Барыш* жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанилерди туюнтат: *а*) *Кыймыл-аракет заттын үстүңкү бетине багытталат*. Мисалы: Эски бостекти сүйрөп келип, мукул тыттын көлөкөсүндөгү таардын **үстүнө** жая салды [Т. К]. Исхак улагага отургузбай колтуктап алып төргө килемдин үстүнө өткөрдү [Т. К]. –Желдетке айтчы... Бактын ичине келсин... Мен намазды көк чөптүн **үстүнө** окугум келип турат...[Т. К]. Султан Бабыр наристенин маңдайына колунун учун тийгизип өөп, бир үшкүрүп, анан белиндеги каухар кемерин чечип бешиктин **үстүнө** арта таштайт [Т. К]. Ырайымжан унчуккан жок, калем сабын кагаздын **үстүнө** коё коюп, ордунан турду да, калпагын кийип, жөнөмөкчү болду [Т. К]. *б*) *Кыймыл-аракет үстү жагындагы бош мейкиндикке багытталгандыгын көрсөтөт*. Мисалы: Айласы түгөнгөн Лувр акырында сууга конуп, саңоор жүнүнөн үзүп, толкун **үстүнө** уя салган экен [Ч. А]. Түн жарымы ченде ай тоолордун **үстүнө** келди салаңдап, жарыгы муздак мунарыктап, мөңгүлүү чокунун кылда учунда турду [Ч. А]. Айткандай эле сууну даңгыр жолдун **үстүнө** шаркырата коё беришти [Ч. А]. Асел көйнөгүмдү жууп бүттү да, мештин **үстүнө** тартылган жипке жайып жатып, оор үшкүрүнүп алды [Ч. А]. Моюнкумдун кең талаасынын **үстүнө** кумсарган ай чыккан [Ч. А]. *в*) *Кыймыл-аракет маани жагынан абстракцияланып, бир нерсенин үстүнө, экинчи бир нерсенин кошулгандыгын же күчөтүү маанисин билдирет*. Мисалы: Анын **үстүнө** кийинки азаптуу күндөрү бала эттен түшүп, алсырап калган [Ч. А]. Анын **үстүнө**, эл менин жоругумду али унута элек окшойт, ичкериде мен тууралу сөз болуп жатканын туйдум [Ч. А]. Жалаа **үстүнө** жалаа болуп кетпесин! Кимди аяганы турат Ырыскулбектин балдары [Т. К]. *г*) *Кыймыл-аракет бирөөлөр отурган жерге багытталгандыгын билдирет*. Мисалы: Үчөөнүн **үстүнө** башка киши кирбеди [К. О]. Бош отурган Кененсарынын **үстүнө** ар дайым жатык көрүнчү эпчил Жантай кирди [К. О]. Каптал көптө Ормондун үстүнө кирди [К. О]. Кыл чайнап, көк чатырдын жанында басып

турган Нооруздбай агасынын **үстүнө** кирди [К. О]. Түн ортосу ченде анын **үстүнө** жети киши киргизилди да, атууга буюрган өкүмдөрүн угузду [А. Т]. Диспетчердин **үстүнө** кирдим [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде төмөнкүдөй маанилерди туюнтат: *а*) *Кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүңкү бетинде болгондугун билдирет*. Мисалы: Байбичеси Салкын жасалгаланган капшытта, парча төшөк **үстүндө**, куш жаздыкка чыканак тиреп кырынан жатат [К. О]. Ак кийиз **үстүндөгү** бараң оозун Ормон эңкейип өбөрдө аны аяп, мындай тартты: Болуптур... Тагдыр мага Укенди буюрбаганы ошол! Кантмекмин! [К. О]. Тиги солдон экинчи сары ат **үстүндөгү** Алыбек экен [К. О]. Көк таш үстүндөгү Ормон элең эте үтүрөйдү [К. О]. Ал көп кишилердин ортосунда көрпөчөнүн **үстүндө** чыканактап жаткан кишинин алдына жеткирилди [Т. К]. Казандай кара таштын **үстүндө**, күзөтчүдөй акмалап, күндүн чыгышын күттү [А. Т]. Бир кездерде ошол дөбөнүн **үстүндө** мектеп болгон имиш [Ч. А]. *б*) *Кыймыл-аракет заттын үстү жагындагы бош мейкиндикте болгон ордун көрсөтөт*. Мисалы: Бир саамга калаксыз калган кайык чыбыр толкун **үстүндө** калтылдап кетти [Ч. А]. Кээде суу **үстүндө** тамашалап алыша кетишет [Ч. А]. Токой **үстүндө** акырындап күүгүм коюланып баратты [Ч. А]. Жол **үстүндөгү** караңгылык чайпалып алдыман буйтай качып баратты [Ч. А]. Кар **үстүндө** жыбылжып чуркаганы жеңил [Ч. А]. Эң бийик, көк жашыл тоолордун **үстүндө** жүргөн экемин... [Т. К]. *в*) *Кыймыл-аракеттин кандайдыр бир окуя же иш жүрүп жаткан учурда болгон абалын, кандай шартта болгондугун билдирет*. Мисалы: Жалгыз гана таалайсыз Көк Турсун жек көрүндү күйөөсүнүн өлүгүнүн **үстүндө** ыйга аралаш минтип жатты...[Ч. А]. Ар ким бийлик кылгысы келет, жадегенде өзүндөй бирөөнүн **үстүндө** болгусу келет [Ч. А]. Тескерисинче, биз үлпөттүн **үстүндө** отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграмманы ала чаап келди [Ч. А]. Ташкендин бир илим-изилдөө институту наша-кара куурайды өсүп чыккан жеринде химико-биологиялык ык менен жок кылуунун **үстүндө** иштейт экен [Ч. А]. Колуна унчукпай суу куйду, сүйлөгөн жок: сөз ананыраак, чай **үстүндө** башталат [Ч. А]. Доолдай эртеден катын-балдар менен окуя **үстүндө** жүргөн [К.

О].Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде берген маанилери: *а*) *Кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин үстүнөн башталып чыккандыгын же кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде болгон ордун көрсөтөт*. Мисалы: Момун эмне кыларын билбей ортодо бир аз турду да, мештин **үстүнөн** чоң табак кесмени алып, небересинин алдына койду [Ч. А]. Мен бир жолу тамеки сарайдын **үстүнөн** үймөк чөпкө калтырап атып араң секиргем [Ч. А]. Базарбай машиненин **үстүнөн** ыргып түшүп, аны таң кала тиктеп туруп калды [Ч. А]. Ошол тынчтыкта рельсанын **үстүнөн** чимирилип бараткан дөңгөлөктөрдүн түрсүлдөгү даана угулду [Ч. А]. –Каерге көмүштү экен...-деп кыңылдап койду бала өгүздүн **үстүнөн** арык мойнун созуп эки жакты карап [Т. К]. Бир убакта канга жошулуп, Сарыбай бүркүттүн калдайып жатып калган денесинин **үстүнөн** акырын өйдө болду [Т. К]. *б*) *Кыймыл-аракет заттын жогору жагындагы бош мейкиндик аркылуу болуп өткөнүн билдирет*. Мисалы: Доошун мурда кулак укпаган, өзүн мурда көз көрбөгөн кандайдыр бир куш талаа **үстүнөн** кайып учуп келатыры [Ч. А]. Ай төө өркөч тоолордун **үстүнөн** жаркырап тийип, жылдыздар да бири калбай асман толо өзгөчө бадырайып нур чачыратып турган экен [Ч. А]. Чоң бугунун дабышы суу **үстүнөн** толкуп, көпкө жаңырып калганына бала азыр өзүнчө жылмайды [Ч. А]. Бир маалда дене бою жеңилденип, өңүндөбү же кыялындабы, айтор жер **үстүнөн** каалгып учуп жөнөдү [Ч. А]. Күн кадимкисиндей ээн талаанын **үстүнөн** чакыя тийип турат [Ч. А]. Ар бир айланып келген сайын чоң бактын **үстүнөн** өтөт [Ч. А]. Күүгүм мунарыкта күчтүү канаты абаны шуулдата жарып, кайык **үстүнөн** куш учуп өткөндөй болду [Ч. А]. Кырдагы чиркөөдөн жаңырган коңгуроонун коңур доошу заңылдап шаарыбыздын **үстүнөн** каалгып учат [Ч. А]. *в*) *Кээ бир учурда өзүнүн конкреттүү мейкиндик маанисинен алыстап, кыймыл-аракеттин бирөөгө багытталгандыгын же бирөө жөнүндө болгондугун көрсөтөт*. Мисалы: От жанында ырдап жаткандардын **үстүнөн** түңкү куштар эч дабышсыз, көлөкөдөй учуп өтөт [Ч. А]. Башкаларды алардын **үстүнөн** бий коюш үчүн элдин канын суудай агызган колбашчыларды, алардын согуштарын даңкташат [Ч. А]. Кылмыш **үстүнөн** кармалып отурган соң, соттолоруна шек жок [Ч. А].

Күжүлдөгөн элдин салтанаттуу тобунун **үстүнөн** каалгып учуп жүрдү [Ч. А]. Бекназардын көкүрөгүндө зарде бар, ал амалды бирөөлөргө кызмат кылыш үчүн эмес, бирөөлөрдүн **үстүнөн** бийлик жүргүзгөн кишилерден ала турган эле [Ч. А]. –Айда, тезирээк айда деп, чылбыр кармаган кишинин **үстүнөн** караган кожоюну экендигин байкатты [А. Т].

Ч

Чет. Бир нерсенин чеке жагы, жээк жагы, түгөнгөн жери, уч жагы [КТС]. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет бир нерсенин чет жагына багытталат. Мисалы: Кечинде баары-алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту; токойдун **четине**, үңкүргө жакын жерге оттон улуу жагышты [Ч. А]. Муунчак-түйүнчөгүн көтөрө жүгүрүп ыйлашкан Сайкал энем менен Картаңбай атам гана эмес, күйдүргү сүйлөгөн Сатымкул кераяк да, айылдын **четине** узата чыгарышты [Ч. А]. Акбара азыр үйүрүн аймактын ошол **четине** баштап баратты [Ч. А]. Жанында Кулкиши, бир убакта топ **четине** Бекназар келди [Т. К]. Айыл **четине** барып, дүйнөнүн бардык лаззатине кол шилтеп, шалдырап, күздүн боз кыроо баскан муздак чөбүнө отурду [Т. К]. Алымкул аталыкты согуш майданынын **четине** бүк түшүрүп өлтүргөн ордодогу жашырын жаат эми ачыкка чыкты [Т. К]. Алар кыштактын **четине** чыгышты [Т. К]. Топ карагайдын четине элден мурун жеткен Асанкул өчөйүп отуруп, ылдыйтадан жан талашып чыгып келаткандарды кар тоголоктоп уруп ого бетер жүдөтүп жатты [К. Ж]. Бөжөңдөп жолдун четине качышат [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракеттин бир нерсенин чет жагында болгон ордун көрсөтөт. Мисалы: Токойдун **четинде** күн кайнайт [Ч. А]. Тиги аңыздын четинде Балтек чуңкурдагы уюган канды буртулдата сугунуп жатат [Ч. А]. Короонун четинде боз үй турат [Т. К]. Кыштак **четинде** коончунун сересинин түбүндө үстүн камыш менен жаап койгон коондорун майкандап кемирип бир эшек турат [Т. К]. Этегирек килемдин **четинде** иреңи жездей, мурду чоң сары киши отурду [Т. К]. Көк ала сакал, сөөктүү ал карыянын өтүнүчү боюнча айылдын **четиндеги** бир үйгө экөөнү түшүрөт [К. О]. Канчалык алыс болсо да, эчкилердин маараганы короо **четиндеги** жылтыр жүн улактарына угулат [К. О].

Чыгыш жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын чет жагынан башталып чыккандыгын көрсөтөт. Мисалы: Ушу маалда талаанын бир **четинен** мотордун доошу угулду, алыстан аскер түс жүк машине көрүндү [Ч. А]. Акбара төө таштардын арасы менен сойлоп, тээ алыскы койлордун **четинен** өңүп келаткан экен [Ч. А]. Чум капкара кийим кийген желдеттер кыркар тартып, элдин бир **четинен** түшүп, бет келген кишиден буудайды бетине такап сурап киришти [Т. К]. Мынчалык малсаак болорсуңбу?-деди Калыгул карыя, жылкы **четинен** жолуктурган Ормонду [К. О]. Үйдөгүлөр Укендин ышкынын **четинен** алышып, борс сындырып, эчкилер жалбыракка киргендей шуудуратып киришти [К. О].

Чоку. Заттык мааниси баштын төбөсү. Жардамчы атоочтук маанисинде бир нерсенин эң бийик башы, кылда учу. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын эң жогорку бөлүгүнө багытталат. Мисалы: Ала-Тоонун аскасынан Теңир-Тоонун **чокусуна** бир аттап чыгат да, кылчайып Ысык-Көл менен коштошот [Ч. А]. Эгер сен ушинтип израил элинин дөөлөтүнүн **чокусуна** отурам десең, мен аныңы жактырбайм, бирок түшүнөм [Ч. А]. Буларды тиккен кишилер кийинки жаш муундар илимдин **чокусуна** чыгып, турмуштун тереңине көз чаптырсын деп тилебеди беле...[Ч. А]. Ошентип дөбөнүн **чокусуна** дейре чууруп жүрүп отурду [Ч. А]. Күн нуру өрмөк жиби сымал тоо **чокусуна** ширеле сайылып, бара-бара жоодурап көйкөлүп, өзү көтөрүлдү [К. О]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын эң жогорку жагында болгондугун билдирет. Мисалы: Кулак тоңгон аязда, көз ачырбаган бороондо көр оокатка кийик уулап, аска-зоонун **чокусунда** жүргөн оңой бекен [Ч. А]. Баатырдын сөөгү жатар жайы, көрү бийик дөбөнүн **чокусунда** эле [Ч. А]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын эң жогорку жагынан башталып чыккандыгын билдирет. Мисалы: Кароол дөбөнүн **чокусунан** төгөрөктүн төрт бурчу көрүнөт [Ч. А]. Ала-Дөбөттүн **чокусунан** белги кылып жаккан улуу оттун быкшыган түтүнү көккө буралат [Ч. А].

Э

Этек. Заттык маанисинде кийимдин, үзүктүн ж.б. нерселердин төмөн жагы, аяккы бөлүгү [КТС]. **Этек** сөзүнүн жардамчы атоочтук мааниси кыргыз тилиндеги мурдагы эмгектерде белгиленген эмес, бирок факты-материалдар тастыктагандай заттык мааниси менен бирге жардамчы атоочтук мааниси да орун алат. *Барыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын төмөн жагына багытталганын көрсөтөт. Мисалы: Кечинде, жатайын деп чечинип, төшөгүнүн **этегине** эми отурганда, сырткы үйдөн кобур үн угулду [Т. К]. Кудаяр хан тердеп, колу титиреп, ошол өлүктөй жымжырттык ичинде каттын **этегине** мөөрүн басты [Т. К]. Бекназар аксакалдардын **этегине** келип мандаш урунду [Т. К]. Мазардын **этегине** куйруктуу кара кой курман чалып, кудай талаага жалынса тилеги кабыл болот дейт таенеси [Ч. А]. Загондун **этегине** жетип, кайра кайрылдым [Ч. А]. *Жатыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын ылдый жагына жакын жерде болгонун билдирет. Мисалы: Илгери бир заманда Ала-Дөбөттүн **этегинде** үч бир тууган жашаптыр [Ч. А]. Тоо **этегинде** кыштаган бир чабан каникулга келген студент уулун үйлөндүрүп, той берген эле [Ч. А]. Чалкыган Ысык-Көлүмө, алгачкы жана акыркы сүйүүмү тапкан адыр **этегиндеги** талаага тартылып туруп алдым [Ч. А]. Манастын Улуу-Тоосунун **этегиндеги** кең жайыктын жымжырты кылымдап бузулбай келген [Ч. А]. Трактор береги карарган кең айдоо жердин **этегинде** турат [Ч. А]. Койчулардын алды кыштоодон түшүп, жашыл адырдын **этегиндеги** чоң арыктын үстүнө конушту [Ч. А]. Хандын колу майда боз адырдын **этегинде** капкара болуп уюп жаткан эле [Т. К]. Кочкор **этегиндеги** Орто-Токойдон жолборс чыгат [К. О]. *Чыгыш* жөндөмөсүндө келгенде кыймыл-аракет заттын төмөнкү этегинен чыккандыгын көрсөтөт. Мисалы: Оң канат дайра бойлоп, Балыкчы аркылуу Маргалаңдын **этегинен** өтүп, андан нары түз Коконго бет алат [Т. К]. Алда кайдан ит үрүп, тегирменден түшкөн суунун **этегинен** бака чардап жатты [Т. К]. Суук түшкүчө дөбөнүн **этегинен** аккан таштак сууну кол кармашып кечип жүрдүк [Ч. А].